Жаңы Ала-Тоо

2010, №2 (10)

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ

Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия) Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, АКМАТБЕКОВА Сагын, ДАУТОВ Кадыркул, ЖАКШЫЛЫКОВ Асан, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, КУЛТЕГИН Кожогелди, ПАЗЫЛОВ Абибилла, РЫСКУЛОВ Акбар, САРМАНБЕТОВ Айдарбек** – төраганын орун басары, **СУСЛОВА Светлана, ШАПОВАЛОВ Вячеслав**

## Бул санда:

**Эрнис ТУРСУНОВ**
Хан Теңир........................................................3

**Байтемир АСАНААЛЫ УУЛУ**
Суу шары болуп укканым..........................41

**Жапаркул ТОКТОНАЛИЕВ**
Абийир өлүмдөн бийик...............................49

**Абдымомун КАЛБАЕВ**
Өлүм алдындагы чечим............................76

**Элмира АЖЫКАНОВА**
Бир коога дайым жүрөктө турат...............85

**Сымбат МАКСҮТОВА**
Армандуу махабат...................................91

**Асанбек ИМАНБАЕВ**
Окурманыма............................................102

**Александр СУПРУН**
Кодекс для обезъяны............................109

**Адил ХИКМЕТ БЕЙ**
Азияда беш түрк.....................................146

**В.Ф.ОДОЕВСКИЙ**
Бетховендин акыркы квартети...............156

**Саида ЗУННУНОВА**
Бала жыты.............................................162

**Мамбет МАМАКЕЕВ**
Эсимде Батый энекем............................168

**Талантаалы БАКЧИЕВ**
«Манастын» мекени Кыргызстан........190

**Шайымбек АПЫЛОВ**
Кыргыз тарыхынын кара барактары...201

**Жамила БОКОЕВА**
Омор Султановдун
котормо чеберчилиги..............................218

---

Редакция:

**Жылкычы ЖАПИЕВ –**
редактор
**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** –
жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** –
корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Редакциянын дареги:

720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466
Тел: 34-55-86

Терүүгө 10.01.2010. берилди
Басууга 17.02.2010. кол коюлду.
Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 14 б.т.
Заказ № 429
Нускасы 2000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 34-49-90;
Факс: 34-45-04
Электрондук дареги:
turar@infotel.kg

Күбөлүк: № 1510

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!
«Жаңы Ала-Тоо» журналына 2010-жылдын
I жарым жылдыгынын 3 айына «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.
Жазылуу индекси – 77324
3 айга – 240 сом (редакциялык баа)
«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакциядан алышса болот.

*Кыргыз Эл акыны*
*Эрнис Турсунов*
*75 жашта*



# ХАН ТЕҢИР

## (Романдан)

Император Александр IIнин бийликке турган салтанаттуу коронациясына катышып, Санкт-Петербургдан кайтып келген Батыш-Сибирь генерал-губернатору Гасфорд Сибирдеги аскер чептерин чыңдоого, түштүк тараптагы чек араларын кеңейтүүгө киришти. Жаңы император Александр II Россиянын чек ара аймактары боюнча, жаңы жерлерди өздөштүрүү боюнча реформа жүргүзүп, жаңы буйруктарды бериши мүмкүн, – деп ойлоду ал. Анткени Россиянын борбордук губернияларында гана эмес, чет-жакаларында да бోштондук кыймыл, эл толкундары күчөп, Сибирь тайгаларында алтын издеген каракчылар адамдарды өлтүрүп, казак талааларында козголоңчулар Жибек жолдон өткөн кербендерди тоноп, Кашкарда капырларга каршы казават көтөргөн кожолордун козголоңу от алып, Кытайдан көкнар, нашаа, апийим жүктөгөн аткезчилер Жети-Сууга жылып келаткан. Кокондук сыпайлар Россиянын түштүк чек арасындагы чептерге коркунуч туудуруп, жибек менен кан чыгарбай кылкындырчу Кытай экспанциясы чек аранын ары жагынан башпагып, ырсая күлүп турган.

---

*Акын, жазуучу, драматург, котормочу* **ТУРСУНОВ Эрнис** *1935-жылы Фрунзе шаарында туулган. Кесиби боюнча филолог. Алгачкы «Гүл» аттуу ырлар жыйнагы 1956-жылы жарык көргөн. Анын поэтикалык жана прозалык жыйырмадан ашык китептери чыккан. Жыйырмага жакын драмалардын автору жана көптөгөн китептерди которгон. Ал мусулмандардын ыйык китеби «Куранды» жана христиандардын «Библиясын» биринчилерден болуп кыргызчалаган. Кыргыз Эл акыны. Бишкек шаарында жашайт.*

Эң күчтүү Европа мамлекеттери XVI кылымдан жаңы жерлерди басып алып, улам жаңы стратегиялык экспедицияларды жөнөтүп, жергиликтүү элдерди курал менен, күч менен өзүнө каратып жаткан. Англия, Франция, Германия, Голландия, Испания, Белгия сыяктуу ири флоттору бар мамлекеттер Африкага, Австралияга, Америкага, Аравияга, Индияга, Кытайга, Индонезияга, Филиппин аралдарына көз артып, алардын бейишке бергис жерлерин эбак эле басып алган. Ал эми Борбордук Азия, Казакстан, Сибирь, Алтай, Тянь-Шань, Памир, Алай, Фергана өрөөнү Россияга аба менен суудай керек эле. Бул аймактарда адам буту баса элек, кол тие элек жерлер, чети оюла элек кендер, чийки сырьёлордун булактары жаткан.

Жаңы жерлерди изилдөөнүн жаңы толкуну бардык державаларда күч алып, Россия империясынын стратегиялык экспедициялары Азияга келип калган. Жаңы уюшулган география коому башка материктерге эшик ачып, орус флоту дүйнөлүк мухитке чыккан. Мурда таанышемес жерлерди каратып алып, күчтүү мамлекеттер дүйнөнү кайрадан бөлүштүрө баштаган. Бирок орустар кыргыз жерлерине тереңдеп кире элек болчу. Али колониялык саясаты кандуу тумшугун эл жүрөгүнө мала элек болчу. Россия миллиондогон башы байлануу мужуктарын «боштондукка» чыгарып, Казакстанга, Сибирге, Орто Азияга көчүрө элек болчу. Орус генералдары алыстан серп салып, Орто Азияны дүрбүнүн тереңинен карап турган. Деген менен орустардын суудай жайпаган жер котоpуусу жакындап калган.

Орто Азиянын чок ортосунда жашаган көчмөн элдердин өз ара ынтымаксыздыгы, биримсиздиги, уруу чабыштары колония максатын көздөгөн империя саясатына ыңгайлуу шарт түздү. Кызыл кыргын, кара сүргүндөн айласы кеткен кыргыздар Россиянын карамагына өтүү үчүн бармактарын басып, каттарын жазып, бир нече жолу элчилерин жөнөттү. Кашкардагы кожолор Александр Гумбольдттун, Адольф Шлангитвейттин баштарын алып салганына карабастан, Азияны изилдөө токтогон жок. Бара-бара жергиликтүү элдердин Ата Мекенине орус куралы, орус аскери, орус чептери түштү. Каршылык көрсөткөндөрдү согуш генералдары курал менен, күч менен басып, империянын чек араларын кеңейтишти, күч-кубатын арттырышты.

Мына, ушундай тарыхый шартта Батыш-Сибирь генерал-губернатору Гасфорд өзүнө караштуу жерлерди кыдырып жүрүп, Түркстанга чыга турган соода жолдоруна айрыкча көңүл бөлдү. Жети шаарга токтоп, Иле дарыясынан сүзүп, Балкаш көлүнө бара турган кемелерди куруу зарылдыгын байкады. Кытайдын чек арасына чейин сүзө турган кеме жолу Иртыштан кийин эле Иле дарыясында жаткан. Балкаштын талааларында өскөн жер жайнаган сөксөөлдөр, Иленин жээктеринде ачык жаткан таш көмүрлөр дарыя кемелерин дүкүлдөтө

жүргүзүүгө отун болуп бермек. Анын бул оюн бирге жүргөн адъютанты Чокон Валиханов да, тоо инженери-геолог Ковригин да жактырды.

Германиянын Мюньхен, Йен, Дерп университеттеринен билим алган, төш чөнтөгүнөн германштат фабрикасы чыгарган кара калем түшпөгөн губернатор инженердик чийүү-сызуу иштерин мыкты өздөштүргөн, кеме куруу, имарат куруу, жол куруу, көпүрө куруу, чеп куруу жумуштарын жакшы билген көзү канык адис эле. Россиянын өнөр жайларын өнүктүрүш үчүн чет мамлекеттерден келген адистер англоман, германоман, галломан аталып, биротоло орусташып бүтө элек болуучу. Аялдары чымкый ак көйнөк, ак мээлей кийип, ак тармал күчүк жетелеп, баштарына ак шляпа кондуруп, моюндарына үлбүрөк ак боа салынып жүргөндүктөн, француз же немец экени айырмаланып турчу. Германияда таалим алып, жаштыгы Рейн боюнда өткөн Гасфорд готика стилиндеги имараттарды, барокко, рококо стилиндеги буюмдарды, кооз кийимдерди, кооз үй жасалгаларын жакшы көрчү. Ал Омбуга биринчи жолу Европа үлгүсүндө ипподром салдырып, чабыла турган асыл тукум күлүктөрдү Франциядан, кош дөңгөлөк көлүккө чегилип жарышка түшчү таскактуу тобурчактарды Англиядан, чымкый ак боз аргымактарды Аравиядан, күчтүү жылкыларды Голландиядан алдырып, аларды англисче курулган атканаларга бактырды. Карамагында Германиядан келген ат үйрөтчү, ат чапчу, ат бакчу берейтор, форейтор, жокей, грумдары, саяпкер, чабендестери бар эле.

Батыш-Сибирь аймагын Гасфорд башкаргандан тартып, Капалдын тушуна «тоо чынжыры» аталган Куралдуу күчтөрдүн коргону, Омбуга аскер сепили, чалдыбары чыккан Арбактар үйүнүн ордуна жалаң таштан эки кабат түрмө салынды. Өзүнүн үй-бүлөсү жашай турган бийик дубалдуу, мунаралуу, бай мөмөлүү, гүлбакчалуу, көлмөлүү Ак сарай курдурду. Азап тарткан Кудай эне чиркөөсүнөн көп алыс эмес, шпицрутен менен солдаттарды жазалачу аянт, күпбак, Кадет корпусунун жаңы имараты тургузулду. Темир чыбыктын уусун жеген солдаттардын кыңкыстаган-онтогон үндөрү калың коргонду жарып, губернатордун заңгыраган ак тамына угулуп турчу...

Генерал-губернатордун кабинетинде орус география коомунун мүчөсү Семёнов, Ала-Тау округунун командачасы полковник Хоментовский, Улуу Жүздүн приставы полковник Перемышельский, жаш окумуштуу поручик Валиханов, Россиянын Чыгыш Түркстандагы консулу Захаров, Капалдын шаар башчысы полковник Абакумов, Семейдин шаар башчысы көпөс Самсонов, Верныйдагы батарея начальниги капитан Обух, капитан Гутковский, сүрөтчү-баталист Кошаров, геолог Ковригин, тилмеч Файзулла Ногаев, топограф Янковский, ориенталист Ростовцев, тоо инженери Фрейзе жана атайы чакыртылган станицалык атаман, есаул, хорунжий, сотниктер отурушту. Мына, ушундай адамдардын курчоосунда

генерал-губернатор жилет чөнтөгүнөн алтын чынжырлуу саатын чыгарып, чык эттире капкагын ачты да циферблатын карап, сөз жолун салды:

– Төрөлөр! – деди ал көнүмүш адаты менен жакшы маанайда. – Россия империясы мурдагы доорлоруна салыштырып караганда, 1812-жылдан бүгүнкү күнгө дейре алга карай умтулуштун укмуштай алп кадамын таштады. Он экинчи жылдагы согуш Россияны бул бурчунан тигил бурчуна силкип алды!

Гасфорд креслосунан чыгып, көрсөткүч таякты колуна алып, дубалга илинген Россия империясынын картасына барды.

– Бул согуш улуу державалардын уктап жаткан сезимин ойготту. Буга дейре белгисиз болгон жаңы күчтөрдүн каканагын жарды. Бүткүл Россия өзүнүн жеңишчил армиясы менен Европага бетме-бет кездешип, салтанаттуу жеңиш жолунда менменсиген өлкөлөрдү басып өттү.

Гасфорд чоң терезелер жарык кылып турган картанын астында аркы-терки жай басып, көрсөткүч таягын эки учунан кармап, ынтаа коюп отургандарды көңүлдүү карап, сөзүн улады:

– Мына, ушундан тартып, улуу державалар дүйнөнү кайра бөлүштүрүүнүн, күч колдонуунун жаңы багытына, жаңы ыкмасына өттү. Европа адамзатка али белгисиз болгон, ачыла элек жаңы жерлерге бет алды. Биздин кубаттуу флот Күн чыгышта Тынч мухитке (таягы менен көрсөттү), Күн батышта Балтык деңизи аркылуу Атлантикага чыкты. Кара деңизде түрк флотун талкалап, Крымды, дээрлик бүт Кавказды каратты.

– Төрөлөр! Биз Сибирдин борборунда, Азиянын чордонунда турабыз. Россиянын каарман уулдары ак чекит бойдон жаткан Такла-Макан, Кунлунь, Гоби чөлдөрүн, Лобнор, Тарим суу бассейндерин, Тянь-Шань, Памир, Алай, Гималай тоо кыркаларын изилдөөгө киришти. Эгерде тоолуу аймактардын жашоо шартын, аба ырайын, жер кыртышын, өзөн-сууларын изилдеген илимий-стратегиялык экспедиция ишин ийгиликтүү аяктаса... – деп Санкт-Петербургдан келген окумуштуу Семёновго таазим кылды. – Анда ал жерлерди өздөштүрүү иштери башталат. Биздин милдет азырети императордун ырайымы менен урматтуу Пётр Петрович баштап келген экспедициянын мындан аркы сапарын, коопсуздугун камсыз кылуу! Буга кандай ойдосуздар?

– Бул биз үчүн сыймык!

– Браво! Браво! – Алакан чаап жибериште узун үстөлдүн эки тарабында маңдай-тескей отургандар. – Биз даярбыз коштоп барууга!

– Сөз сизде, Пётр Петрович! – Гасфорд узун үстөлдүн оң тарабында биринчи отурган Семёновго кылчайды. – Сүйлөңүз, урматтуум!

Санкт-Петербургдан келгенине үч күн болгон жумшак мүнөз, ак сөөк окумуштуу Семёнов ордунан илбериңки туруп, отургандарга сыпаа ийилип, көрсөткүч таякты колуна алып, картанын алдына келди.

– Ооба, мырзалар! – деди ал шашпай салмактуу. – Густав Христианович айткан Россиянын каарман уулдары тарыхый улуу миссиянын алдында турат. Империя алдында да, Ата Мекен алдында да, биз билбеген жаш муундар алдында да, улуу ачылыштардын, улуу жүрүштөрдүн жоопкерчилиги биздин тагдырга туш келди. Россиянын келечегин көрө билген Михаил Васильевич Ломоносовдун айтканы жүзөгө аша турган учур келди.

Семёнов көрсөткүч таяктын учун картадагы Казакстанга, Сибирге, Борбордук Азияга алып барды.

– Россиянын сузуп түгөткүс кенчи, чети оюлгус байлыгы Сибирде, Казакстанда, Борбордук Азияда жатат. Бул жерлерди эзелтен бери эле Кытай саякатчылары, венециялык саякатчы Марко Поло, англис, немец окумуштуулары изилдеп келишкен.

Мен немец окумуштуусу Карл Риттерден табышмактуу Ысык-Көл жөнүндө, жанар тоолуу Тянь-Шань жөнүндө, Чүй дарыясынын Көлгө куйбай ийрилип кеткен агымы жөнүндө талаш пикирлерин уккам. Албетте, мени Ысык-Көл менен Тянь-Шандын ландшафты кызыктыргандыктан, ал талаштарга активдүү катышкам. Ысык-Көл Кара деңиз менен Сары деңизден канчалык аралыкта жатса, Бенгал булуңу менен Обь куймасынан ошончолук аралыкта жатат деген тыянакка келгем.

Мына ушундай илимий маалыматтарды берип жаткан окумуштуу Пётр Петрович Семёнов Азия жерлерин изилдөө иштерине өмүрүн арнаган Карл Риттер менен жакындан таанышып, пикир алышып, талаш-тартыш маселелерге катышып келген. Карл Риттер 1817-жылы эле Азия тереңиндеги «жалындап турган жанар тоолор» жөнүндө чогулткан материалдарын жарыялап чыгарган. Ал Кытай жазмаларында кезиккен «буруттар» деген эл Тянь-Шанда тураарын туюндурган.

– Демек, урматтуу мырзалар! – деди Семёнов отургандарды олуттуу карап, – алдыда улуу максаттар турган соң, Ысык-Көлдө жана Тянь-Шанда менден мурда болгондордун ой-пикирин уксак деймин. Жергиликтүү элдердин жашоо-тиричилигин, салт-санаасын жакшы билген адамдын пикири мен үчүн кымбат. Сизди угууга чын ыкласым менен куштармын, Чокон Чынгысович! Эгер мүмкүн болсо, оюңузду ортого салсаңыз! – Семёнов төмөнүрөөк отурган шыңгыттай ничке, жыпыйган жаш поручик Валихановго кайрылып, жайдары караганда баары жактырып, кол чаап жиберишти.

– Сүйлөңүз! Сүйлөңүз, Чокон Чынгысович!

– Эң сонун жаңылыктарды, жаңы ачылыштарды угабыз!

– Валиханов мырза жакында гана жооптуу миссиясын орундап келди, – деп ордунан элпек турган Чоконго бурулду Гасфорд. – Сиз бара турган Тянь-Шань тоолорун, Хан-Теңирди, Ысык-Көл акваториясын жакшы билет. Ал жердин жаратылышын: өзөн-сууларын, өсүмдүктөр,

жаныбарлар дүйнөсүн изилдеп, коллекция түзүп келди. Биз жакында отчётун уктук. Эң сонун табылгалары, жаңы ачылыштары бар. Бул жигит сизге жан-жолдош, кеңешчи, жол көрсөткүч болуп барат. Чокон Чынгысовичти жергиликтүү эл билет. Россия менен дос мамиледеги султандардын тукуму!..

Гасфорддун таалимин алган адъютанттары Чокон Валиханов да, Перемышельский да өз бетинче багыт ала баштагандан тартып, эң сонун ийгиликтерге жетишишкен. Москва университетинде Лермонтов менен бирге окуган Перемышельский полковник ченин алып, Улуу Жүздүн приставы, андан соң Ала-Тау округунун начальниги болду. Чокон Валиханов болсо, Россиянын география коомуна мүчө болуп шайланды. Генерал-губернатор Гасфорд саякатчы Семёновдун астында мына, бул өзү тарбиялап, таалим берген, адъютанттык кызмат өтөгөн зээндүү шакирттери – жаш офицерлери менен сыймыктана турган жөнү бар болчу...

Чокон көрсөткүч таякты колуна алып, картанын астына келди.

– Урматтуу мырзалар! – деп баштады сөзүн ал. – Борбордук Азияга Пётр Петровичтин келиши жана жаңы экспедициянын башталышы дүйнөгө жаңы ачылыштарды, жаңы табылгаларды алып келээрине терең ишенем. Анткени али илим дүйнөсүнө белгисиз болгон Тянь-Шань тоолорунун сырлары, көгүлтүр Ысык-Көлдүн – тоо көлүнүн жаралышы, Хан-Теңирдин пайда болушу, Лобнор, Тарим, Иле суу бассейндеринин башаты жөнүндөгү так маалыматтар алынат. Тянь-Шанга, Хан-Теңирге, Ысык-Көлгө саякаттап барып, алар тууралуу Европага биринчи маалымат берүү менин тагдырыма туура келди. Ысык-Көл эч кандай Соң-Көл, Арал, Балкаш көлү менен байланышы жок, тектоникалык кубулуштардан пайда болгон. Анын жер кыртышы, алкагы, сууларынын касиети башка көлдөрдө кезикпеген бөтөнчө заттардан турат.

Ысык-Көлгө куйган Түп суусунун, Жыргалаңдын, Байсоорундун, Кызыл-Суунун куймаларынан табылган урандылар, кирпичтер, үй буюмдары, казандар, тулгалар, карапалар, жоо-жарактар байыркы замандарда гүлдөгөн шаарлар турганын айгинелейт. Анын бири Түп суусунун куймасындагы уйсун доорунда кытайлар негиздеген Чигучэн – Кызыл өрөөн шаары. Ошондой эле көчмөн жигилдер негиздеген Барскоон шаары Түрк сөздүгүн түзгөн окумуштуу Махмуд Кашкаринин мекени. Ысык-Көлдүн жээгинде Жаз-Ордо, Даркан, Байсоорун шаарларынын калдыктары табылган. А калмак жоокерлеринин чептеринин урандылары бүгүнкү күндө да турат.

Биздин экспедиция жайдын толуп турган кезинде барды. Ошондо көл бетинде жана кылаасында чардап жаткан канаттуу куштардын көптүгүнө жана ар түрдүүлүүгүнө таң калдык. Балыктары күнгө атылып, балырлуу ак суу, кара суунун саздарына чыгып, ак боор-ак боор

болуп, батпай жатты. Тоо аралап баратып, өрүүн болгонубузда баулаган элик-телкилер, гүүлдөгөн бабырган-үкүлөр, удургуган тоо эчкилер, Марко Полонун жапайы койлору так жаныбыздан эле өтүп жатты. Алар ушунчалык көп, айтып түгөтүүгө мүмкүн эмес. Карагайчерлүү тоолор бугу-маралдын, пантокриндин мекени. Өсүмдүк-чөптөр гүлдөп, чайыт ачып, сото болуп уруктап, гүлүн кагып турганы ал жерлерге адам буту баса электигин, жер жайнаган гүлдөрүнө адам колу тие электигин айгинелеп турат.

Тоо тектери кенге бай, сууга бай. Уй терисин сууга тосуп, алтын күкүмдөрүн чайкап алышат. Таш көмүр, темир, калай, туз кендери ачык эле жатат. Каркырадан өгүзгө, төөгө, атка жүктөп бараткан кыргыздарды көрдүк. Алар көмүрдү, тузду, коргошунду казып убара болбой, сузуп алышат. Ысык-Көлгө жүз сексен өзөн куят. Дегеле кыргыз тоолору шар суулардын мекени. Казакстанды жана Орто Азияны суу менен камсыз кылган Тянь-Шандын аска-зоолорунда атам замандан бери кабатталып жаткан мөңгүлөр бар! Ал мөңгүлөрдүн кору миң жылдарга барат! – деп тоо инженерлери Ковригин менен Фрейзени маанилүү карады. – Мына, гляциологдор, геологдор күбө, Орто Азиянын байлыгы мөңгүлөрдө!

Чокон «сөзүмдүн чындыгын адистер бекемдейт» дегенсип, токтой калганда тоо суулары боюнча адис Ковригин ордунан туруп, эки ооз гана далилдүү сөз таштады:

– Легенда боюнча, кыргыз жерлерин кырк миң булактардын, отуз миң өзөндөрдүн мекени дешет. Анын чындыгын Чокон Чынгысович айткан Тянь-Шань тоолорундагы мөңгүлөр далилдейт. Ал мөңгүлөр Памир, Алай, Тянь-Шандын бардык аска-зоолорунда кабатталып жатат. Антарктика менен Арктикадагыдай болбосо да Тянь-Шань тоолорундагы мөңгүлөрдүн калыңдыгы кээ бир жерлерде бир чакырым, миң метр тереңдикте, узундугу кээ бир жерлерде кырк чакырымга созулуп жатат. Аларды эритиш үчүн он миң жыл аздык кылат. Тянь-Шань тоолору Копет-Даг менен Небит-Дагдай жылаңач тоолор эмес. Мөңгүлөрдүн таасиринен Тянь-Шань тоолору ар дайым жапжашыл. Анда жашаган кыргыздар айга, күнгө, жылдызга жакын, жаратылышты жанынан артык көргөн, жерди-сууну ыйык сактаган эл. Алар карагай кыйып, там салган эмес, камыш кыйып, чатырын жапкан эмес, гүл үзүп жакасына таккан эмес. Алар суунун курту деп балыкты жебейт, тоокту шектикке ооз тиет, сасык мурун деп уй да союшпайт. Алар тезек калап, боз үйдө жашашат. Ошондуктан, жаратылыш кол тие элек калыбында сакталып калган. Рахмат, экологиялык элге, салават кыргыз жерине! – деп Ковригин сөзүн салтанаттуу бүтүрдү.

Отургандар кыймылга кирип, жандана түштү. Семёнов ууртунан жылмайып, какайып турган поручик Чокон Валихановду: «Буга эмне дейсиз?» – дегенсип суроолуу карады.

– Ырас, кыргыздар аккан суу, чыккан чөптөн башкага зыяны жок, момун эл. Алар өздөрүн «кой оозуна чөп албаган байыркы мүйүздүү эненин тукумдарыбыз» дешет. Демек, мүйүздүү бугудан тараган соң чөптөн башкага залал келтирбей жерден жем алып, абадан дем алып, жаратылыш менен жаны бирге жашаган эл. Ысык-Көлдүн боюна коюлган Тору-Айгыр, Жети-Өгүз, Чолпон-Ата, Тулпар-Таш, Кара-Нар, Каркыра, Чычкан, Чырпыкты, Өрүктү, Чок-Тал деген жер аттары бугулар тотемди ыйык туткан байыркы эл экенин айгинелеп турат. Боронбай чыккан теги баатыр жигилдердин Барсбектин урпагы экенин, Барскоон, Жаз-Ордо, Даркан деген шаарлары болгонун сыймыктануу менен айтты.

Дүйнөдө көчмөн элдердин үч классикалык өкүлү болсо, анын эң чыйрагы, турмушка туруктуусу, жашоого байымдуусу кыргыздар. Анткени Гоби чөлү менен көчкөн моңголдорго, Сары-Арка, Сары-Өзөк, Бетбак-Талаа менен көчкөн казактарга караганда кыргыздар ашуусу бийик кыяларды ашып, агыны катуу сууларды кечип, эң татаал ак кардуу, көк муздуу тоолорго көчөт. Алар курт-кумурскасы, бөйөн-чаяны, чымын-чиркейи жок муздакта жашашат.

Мына, ошон үчүн мен ал элди бөтөнчө баалайм, бийик тоолордо кыргыздардан бөлөк эл жашай албайт.

Биз Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейин кыдырып келип, Хан-Теңирдин жакасындагы, Жыргалаң суусунун чыккан жериндеги Боронбайдын үйүнө кондук. Ал деңиз деңгээлинен төрт миң метр бийикте турат. Боронбай жашап калган, орто бойлуу, чарбалуу, малдуу, жандуу, элге алымдуу, кадырлуу адам.

Бизди Балбай, Чоң Карач, Тилекмат, Качыбек, Муратаалы, Солтонкул деген абройлуу кеңешчилери тосуп алды. Үч күн Каркырада жатып, кыргыз манасчысынын оозунан «Манас» дастанынан үзүндүлөрдү жазып алдык. Кыргыздардын күмбөздөргө койгон эстеликтери менен тааныштык. Элдик ырлардын, каада-салттардын, санжыралардын үлгүлөрүн жазып алдык. «Манас» – элдин аңыздарын, бардык көөнө баяндарын сактап калган эң байыркы дастан, ал өз элинин жан-дилинен жаралган. Мындай улуу эпосту жараткан кыргыздар бактылуу эл!

– Браво! Браво!..

– Урматтуу Чокон Чынгысович, сиздин саякатыңызда эч кандай тоскоолдуктар, каршылыктар, опурталдуу окуялар болгон жокпу? – деп сурады Семёнов. – Эч кандай капсаланга учураган жоксузбу? Бардыгы бир калыпта кынтыксыз, кырсыксыз өттүбү?

– Болбой койчу беле, Пётр Петрович? – деп күлүмсүрөдү Чокон. – Кантип болбосун, болду! Бирок бизди коргоп, экспедиция сакчылары жүрдү. Биз куралдуу солдаттар менен бардык!

Чокон: «Жоопту сиз бересиз го?» – дегенчелик полковник Хоментовскийге бурулду. Полковник кылычынын жез туткасын кармап, шарт ордунан турду.

– Ал жерде «моголстандын жапайы жолборстору» өрүп жүрөт! – деди ал коңур үнү менен. – Таш доорундагы адамдарды «айт» деп айдактаса, өлөр-тирилерине карабай мөндүрдөй жааган октун астына жыланач чабат. Өлүмгө тике барган «баатырларды» ошол жерден көрөсүз! Алар ийри кылычтарын ичинен асынып, өңүттөрдө жашынып жатышат. Жөөлөмө камандары катуураак эле мамиле кылсаңыз, кылычын койнунан сууруп, чабышууга белен. Агер башкара турган султаны болбогондо ээн жердин бөрүлөрү эч кимге баш бербей тытып кетишет. Келгиндерге, кербендерге кол салып турушат. Көрдүк. Көрдүк. Дайыма камдуу, куралдуу жүрүү керек, Пётр Петрович!

– Кыргыздар арасында меймандос уруулар да жашайт. Бирок терeңдеп киргенде кылычы кандуу жоокер уруулар да кездешет, – деди Чокон.

– Көчмөндөрдү башкара турган башчылары жокпу? – деп сурады Гасфорд. – Султаны ким? Бизге жөнөткөн каттарында Боронбай Бекмуратовдун ысымы жүрбөйбү?

Суроо кабыргасынан коюлгандыктан сөзгө аралашкандар тунжурап калышты. Чокон ордунда туруп, тунжурагандарды сыдыра карап калган генерал-губернаторго бурулду.

– Боронбай Бекмуратовго Россия империясы подполковник чинин ыйгарганын билесиз, урматтуу Густав Христианович. Цинь империясы да Боронбай султан деп таанып, ташмөөрүн таккан. Ысык-Көлгө жөнөткөн Кокон ханынын беги да аны султан деп тааныган. Бирок өздөрүнүн ыркы келишпеген уруулары анын султандыгын таанығбай жер талашып, жайыт талашып, бийлик талашып, кармаштардан башы чыкпай келет.

– Чокон Чынгысович, андай көрүнүш казак жүздөрүндө да болсо керек эле, – Гасфорд сөз тамырын Кенесарыга кыйытып, Чоконду сынай карады. – Ал бизге караганда, сизге белгилүүрөөк го дейм?

– Ал көрүнүш эзелтен бери эле көчмөн элдерге мүнөздүү, – деп сөзүн жалгаштырды Чокон. – Көчмөндөр уруу-уруу болуп, тоо-талааларда чачкын жашагандыктан, ар бир урууну баатыры же таасирлүү калыс кишиси башкарып келген. Кыргыздарда азыркы тапта бугу уруусуна Боронбай, солто уруусуна Жангарач, кушчу уруусуна Кубатбек, черик уруусуна Ажыбек, сарбагыш уруусуна Жантай, Ысык-Көлдөгү саяк уруусуна Садыр аке башчылык кылат. Бири бий, бири датка, бири султан, бири хан аталып, жазылбаган мыйзам менен бийлик жүргүзүшөт. Ооздон сөз чыкканы – жан чыкканы. Оозеки буйрукту,

чыбык кырккан бүтүмдү, баталашкан ант-шертти эки кылбай аткарышат. Башына кызыл тебетей кийип, кыргызга хан болгусу келген өкүмдарды түбү ата туугандары өлтүрүп коюшкан. Сарбагыштардан үч миң жоокер катышкан чоң кыргын жакында эле Ысык-Көлдө болуп өткөн. Андай кагылышуулар кайталанып турат. Биздин экспедиция ит-куш жүргөн өлүктөрдүн үстүнөн чыкты, кандуу майдан өткөн жерлерди өз көздөрүбүз менен көрүп келдик...

– Алар оңойлук менен эпке да келбейт, сөзгө да көнбөйт, – деп сөзгө аралашты кыргыздар арасында бир нече жолу болгон тилмеч Файзулла Ногаев.

– Айрыкча, сарбагыш манаптары бийликти өлө сүйгөн өкүм, өжөр манап тукумунан этият болгон дурус.

– Азыркы шарт айрыкча опурталдуу, – деп эскертти Ала-Тау округунун начальниги, жаш полковник Перемышельский. – Тоо-таштагы уруулар өз ара кармашып жатышат. Эч кимди аяй турган түрү жок.

– Пётр Петровичти жайдак жибербейбиз. Экспедиция батарея менен коштолот. Эки сотня аскер барат. Сиз даярсызбы, Василий Иванович? – Генерал-губернатор карт артиллерист Обухка кайрылды. – Василий Ивановичтин карамагында Демидовдордун колунан чыккан замбиректер бар. Демидов замбиректери адмирал Нахимовдун флотунда кызмат кылган.

– Бар, Густав Христианович, бар! Бизде Тула заводунан чыккан жаңы куралдар да бар! – деп калың мурутун сылап койду Обух.

– Эмесе, төрөлөр, азыр бизге эң бир ыңгайлуу шарт түзүлүп турат. Кыйла жылдардан бери кыргыздар да, казактар да Россия империясынын карамагына өтүүнү сурап, кат жүзүндө кайрылып жатышат. Мен сиздерге айрым бир документтерди окуп берейин. 1825-жылы 7-декабрдан бери № 243 каттоодо турган Батыш-Сибирь генерал-губернатору Капцевичтин Чыгыш-Сибирь генерал-губернаторуна жазган, кыргыз элчилери жөнүндө билдирүүсү бар.

Ал катта мындай дейт. – Гасфорд адъютант сунган кагазды колуна алды.

«Сибирге келип, Ысык-Көлдүн кылаасында көчүп жүргөн кээ бир бөлүгү Кытайда, Кашкарда, Кокондун аралыгында жашап турган кыргыздардын жөнөткөн депутациясынын катын таптым. Тектүү уруулардын үч бийи жана төрт аксакалы өкүл болуп келген депутация өз элинин атынан Россиянын калкасында турууну каалаганын билдиришет жана жергесинен өтчү кербендерди коштоп жүрүүнү, уруу чабыштардан куткарууну суранышат. Кыргыздардын мындай өтүнүчү Азиядагы соода иштерине пайда келтирерин ойлоп жана Боронбай султандын элин ар кандай чапкындардан куткаруунун камын көрүп, мен эки замбирек, атчан козакорус аскерлерин жөнөтүүгө буйрук бердим» – деп жазыптыр.

Андан бери отуз жылдан ашуун убакыт өттү. Кыргыздар 1845-жылы да Россиянын букаралыгына өтүүнү каалап, кат жөнөтүшкөн. Мүмкүн ал кезде Россия карамагына алууга шарты келбегендир, төрөлөр!..

Гасфорддун бул айтканынын жөнү бар эле. Россия менен кыргыздардын мамилеси XVIII кылымдын акырынан башталат, 1786-жылы Атаке Тынай уулу айымпаша Екатеринага өкүлдөрүн жөнөткөн. 1812-жылы бугу уруусунун өкүлдөрү Батыш-Сибирь губернаторуна барган. Элчилер Тоболдо губернатор Глазенаптын кабыл алуусунда болуп, кыргыздарды Россиянын карамагына кабыл алуусун көптөн-көп суранышкан. 1824-жылы бугу уруусунун өкүлдөрү экинчи ирет барышкан. Алардын кайрылуусунда коңшулаш мамлекеттердин кол салуусунан тышкары да кыргыздар уруу чабыштардан, кандуу кагылыштардан, баскынчылыктардан кутула албай жатканы айтылган. Кокон хандыгынын эзүүсү, Цинь империясынын басып алуу коркунучу, кыргыздардын өз ичинен чыккан уурулар жылкыларына тийип, айылдарын чаап, үй-бүлөлөрүн кулдукка айдап кетип жаткандыктан, элчилерин Омбуга, Семейге жөнөтүп, куралдуу жардам сурап, Россиянын букарасы болууну ачык туюндурушкан: «Биз, кыргыздар, Орусия мамлекетинин карамагына кирүү менен анын түздөн-түз колдоосуна ээ болобуз, тынч жашообузга ишенебиз, андыктан, Орусиянын карамагына кирүүнү ак дилден каалайбыз» – деп жазышкан катта.

Катка жооп кылып, Россия империясы кыргыз жерлерин, жаратылышын, жашоо шартын изилдеп келүүгө хорунжий Тимофей Нюхаловдун аскердик отрядын жөнөткөн. Аларды арык тукумунун бийи Олжобай Түлөберди уулу, белек тукумунун бийи Боронбай Меңмурат уулу тосуп алышкан. Бул түндүк Кыргызстанга келген орустардын биринчи экспедициясы эле.

Кокон хандыгынан жана Кытай феодалдарынан кысым көргөн, башка уруулардын соккусуна дуушар болгон он миң бугулар 1844-жылы Россиянын карамагына өтүүгө дагы кайрылышкан. Санкт-Петербургга атайын депутация жиберүүгө Боронбай Батыш-Сибирь генерал-губернаторуна өтүнүч кат жөнөткөн. Батыш-Сибирь генерал-губернатору тышкы иштер министрине 1844-жылы 13-ноябрда мындай деп жазган:

«Урматтуум! Кара кыргыздардын бийи Боронбай Бекмуратовдон ал бийлеген элди Россиянын калкасына алып, бийик даражалуу Ак сарайга өзгөчө депутация жиберүүгө мунаажат берүү жөнүндө өтүнүчүн Сизге жөнөтүүгө ырайым кылгайсыз... Албетте, эгер кыргыздар биздин чек арадан алыс болбосо, каалоо-тилегин канагаттандыруу кыйынчылыкка турбас эле. Алар өтө эле муктаж болсо, көчүп келишсе,

жортуулчул уруулардан кутулат. Бирок биздин чек арадан миң чакырым алыс тургандыктан, Сибирдин козак аскерлерин аймагына киргизүүгө, Россиянын калкасына алып, кандайдыр бир көмөк көрсөтүүгө, муктаждыгын камсыз кылууга ылаажы жок болуп жатат».

Тышкы иштер министри: «Аларды Россия бийлигине каратып алуу сөзсүз Кытайдан коркунуч туудурат, ошондуктан, кутулуунун оңой жолу Боронбай бийдин, ага караган элдин өтүнүчүн канагаттандыруудан баш тартуу керек» – деп билдирген.

1848-жылы Кокон хандыгы менен кыргыздардын мамилеси бошоңдоп, аңдышуу, касташуу курчуп, эми Боронбай гана эмес, Чүйдөгү кыргыздар, Таластагы, Ат-Башыдагы, Нарындагы кыргыздар Россиянын карамагына өтүүнү каалап турушту. Буга айрыкча черик, солто, кушчу, сарбагыш манаптары Жангарач, Сатыбек, Ажыбек, Жантай кийлигишти. 1848-жылдан баштап, Россия менен кыргыздардын ортосундагы саясий жана экономикалык мамиле жакшыра баштады. Кокон хандыгынан кыргыздардын байланышы үзүлгөнүн байкаган падыша бийлиги ушул абалдан пайдаланды. Бирок 1840-жылдардын аягында Кокондогу бийликти колуна алган Мусулманкул хандыктын абалын кыйла бекемдеп жиберди.

1850-жылдын жай айында Чыгыш Түркстандагы Цинь бийлиги бугу, черик, саяк, багыш сыяктуу уруулардын манаптарына чен тапшырып, баалуу белектер жөнөткөн. Боронбайга жыл сайын берилип туруучу он жамбы өлчөмүндө маяна чектелип, таажысына жогорку даражадагы ташмөөр таккан. Россиянын карамагына өтүүгө суранган Боронбай эми кыжаалат кыйын абалда турган. Кытай черүүлөрү менен келген кытай өкүлү кыргыздарды чыгым төлөп турууга аргасыз кылган.

1853-жылы полковник Перемышельскийдин данакерлиги менен Боронбай Меңмурат уулу, Балбай Эшкожо уулу, Солтонкул Алыбай уулу, Мураталы Бирназар уулу, Олжобай Түлөбөрди уулу, Качыбек Шераалы уулу жана башкалар Россиянын букарасы болууга бармактарын басып, мөөр менен бекиткен өтүнүч катты Батыш-Сибирь губернаторуна дагы жөнөтүшкөн. Гасфорд 1853-жылы 31-декабрда Азия департаментине кайрылып, Кокон хандыгы кыргыздарга катуу кысым көрсөтүп, Россияга каршы тукуруп жатканын, аларды колдоо зарылдыгын, алык-салыкты көтөрө албай калганын билдирген бугулардын Санкт-Петербургга жөнөткөн кайрылуусу акыры колдоо таап, Россиянын карамагына өтүү үчүн ант берүүгө өкүлдөрүн жиберүү керектигин көрсөткөн жооп кат келген.

1854-жылы Качыбек Шераалы уулу башында турган депутация Омбуга жөнөгөндө алардын колунда төмөнкү мазмундагы кат болгон: «Бийик даражалуу Сиздин наамыңызды урматтап, 1853-жылы аяк оона айында чексиз ырайымдуу ак падыша калкасына алар бекен де-

ген ак тилек, асыл үмүт менен кайрылган элек. Ушул ниетте Мухаммеддин мыйзамына ылайык Кудуреттүү Кудайдын ысымын атап, Курандын алдында ант берели. Биздин өтүнүчүбүзгө артык жаралган Сизден жооп алып, Улуу Жүз ордосунун приставы Перемышельский аркылуу азырети падыша калкасына алууга ырайым кылганын билдик. Биз, бардыгыбыз кичинебиз, чоңубуз да, чын ыкыласыбыздан кубанычка бөлөнүп, Ак падышанын узак өмүр жашашын тилеп, берилгендиктин белгиси катары Кудайга сыйынып, намазга жыгылдык. Улуу урматтуум, бизге болгон ченемсиз мээримиңиздин аркасында Куран алдында Кудуреттүү Кудайдын атын атап, ант кармаш үчүн ишенимге ээ болгон, капитан наамын алган Качыбек Шераалы уулун Омбуга жөнөттүк, катыбызга мөөрүбүздү, тамгабызды басып бердик».

Генерал-губернатор 1854-жылы 13-октябрда кыргыздардын келгендигин айгинелеп, бул өтүнүчтү канагаттандыруу максатка ылайык экенин билдирген. Ак падышанын жактыруусу менен кыргыздарды Россиянын карамагына кабыл алуу жөнүндө чечим болгон. Тышкы иштер министрлигинин 1854-жыл 26-ноябрдагы Батыш-Сибирь генерал-губернаторуна кайрылган катында: «Тышкы иштер министрлиги кыргыздарды Россиянын курамына алуу тууралуу бул жолку өтүнүчүн четке кагууга болбойт... Ишеним катты алып келчү өкүл Качыбек Шералин кыргыз элинин атынан азырети императорго берилгендиктин антын берүүгө Омбуга генерал-губернаторго чакыртылууга тийиш...» – деп жазылган.

1855-жылы 15-январда кыргыздардан келген депутация мусулмандардын адат-салтында ант кармашты. Ушуга байланыштуу жазылган материалдарда: «Манап Качыбек Шералинди Батыш-Сибирь губернаторлугуна генералдардын, чиновниктердин жана казак султандарынын катышуусунда кабыл алып, Омбуга келген өкүлдөр бугу уруусунун Россия букаралыгына өткөндүгү жөнүндө Куран алдында салтанаттуу ант беришти», – деп билдирген. Бугулардын анты орус жана чагатай тилдеринде жазылып, Боронбайга Россия империясы подполковник наамын ыйгарган.

Гасфорд кыргыздар боюнча документтерди отургандардын баарына тааныштырды, кайсы бирин колуна алып, көз айнек тартынып окуп да берди. Отургандар документтерди үңүлө карап, маселенин маанилүү экенин терең туюнушту. Гасфорд сөздүн ток этерине өттү:

– Демек, урматтуу төрөлөр, эгер ачыгын айта турган болсок, бир убакта цивилизациядан артта калган калкты Россия империясы карамагына алууга шарты келбегендир же зарылдыгы жок деп эсептегендир. 1855-жылы 17-январда Кара кыргыздардын элчиси Качыбек Шералин баштаган депутация ант-шертин Россия империясынын өкүлдөрүнүн алдында бергендиктен, эми бул маанилүү маселеге көңүл

бурбай койсок, анда кыргыздар Кытайга же Кокон хандыгына өтүп кетиши ыктымал. Алар өз бетинче күн кечирүүгө чамасы чак, бирин бири кырып, жок болушат. Баарынан маанилүүсү, Борбордук Азиядагы чети оюлгус байлык башка жакка агып кетиши мүмкүн.

– Толук мүмкүн! Андыктан шашуу керек! – деп Семёнов ордунан турду. – Султандын мөөрү басылган катын негиз кылып, кыргыздарды Россиянын карамагына алуу керек, төрөлөр!

– Болсун! Болсун! – деп отургандар орундарынан жарыша турду. – Россиянын эки баштуу бүркүтү сермеген жерине жетет!

– Бирок бизге каршы чыккандар, Россиянын карамагына өтүүнү каалабагандар да бар. Аны биз казак талаасында өзүн «хан» жарыялаган, Кенесары Касымовдун көтөрүлүшүнөн көрдүк! – деп Чокон Валихановду кыйыта карады Гасфорд. – Россия империясына каршы чыккандар башка жеринен эмес, башынан ажырайт! Ооба, империянын эки баштуу бүркүтү сермеген жерине жетет!

Ушуну менен сөз бүттү. Россиянын саясатына каршы чыккандардын башында Аблай хандын бир тукуму хан Кене турганы генерал-губернатордун жүрөгүнүн тереңинде эле...

## 8

Батыш Сибирь генерал-губернатору Густав Христианович Гасфорд орустарга каршы барган, акыры көчмөн кыргыздар менен кагылышып, майданда кыргыздардын колунан опот болгон хан Кененин жортуулдарын жакшы билчү. Ошол себептүү империянын карамагына өтүүнү каалаган бугу кыргыздарына барганда Ормонду өлтүргөн кыргыз урууларынын сырын тартып, түпкү ниетин билип келүүгө Боронбай менен ынак мамиледеги Чоконго да, Тезек төрөгө да жашыруун тапшырма берген: «Казак ханынын башын алдырган кыргыз ханын жайлаган бугулар орустар тарапка өткөн соң, Россиянын букаралыгына мурдараак кирген талаа казактары менен кандай мамиледе болот жана казак жеринен, Иле дарыясынын жээгинен сүрүлүп чыккан жортуулчул сарбагыштар бугуларга кандай мамиле кылат. Эгер Россиянын карамагына кирген бугуларга сарбагыштар дагы да кол сала турган болсо, анда алардын бизге да кол салганы. Жортуулдун мизин кайтарыш үчүн орус куралын, орус аскерин киргизүүгө туура келет».

Демек, губернатор орус география коомунун Орто Азияны урушсуз, чыр-чатаксыз, кансыз каратуу керек деген мүдөөсүнө карабастан, тоо-таштагы түркөй элди курал менен ооздуктарын эскерткен.

Тезек төрө Иле дарыясынын боюндагы албан, субан, дуулат, кызылбөрүк коңурбөрүк, керей казактарын эч жакка көчүрбөй, жайдыр-

кыштыр жайытында, кыштоосунда калтырып, Таушелек, Нарынкөл, Чонжу, Кеген, Чарындагы казактарды кыргыз жайыттарына жакын, Боронбайдын ээк алдына кондуруп, ыкмалалуу мамилеге өттү. Ал Аблай хандын шак-бутагынан өнүп чыккандыктан, Кененин канга малынган кейиштүү тагдырын эсинен чыгарган эмес, бирок кусаматын ичине сактап, кекти амал менен алууну көздөгөн. Андыктан, ага жамаатташ жаткан бугу кыргыздары менен, алардын башчылары, элчилери, сынчылары, ойчулдары, баатырлары, бөтөнчө эл билги Боронбай менен карым-катнашта, алыш-бериш алакада, ынак мамиледе болгон...

Казактардын Аблай хан тукумунун дагы бир бутагынан чыккан Касымдан туулган кыялы кырс, мүнөзү чарс, өктөм, өжөр, чыйрак баланын аты – чакса этке жабышып чыкпай калган кыпчуур курттун атынан Кене коюлган. Ал Алаш хандын Кара-Кеңгир коргонунда үч миң казак катышкан топто өзүн хан жарыялап, тарыхта хан Кене деген атка конгон. Оренбург архивиндеги маалыматтарга караганда, Кенесары Касым уулу казактардан кол курап, ошол кезде Кавказды, Эдилди, Сибирди багынтып, казактарды колония кылуу максаты менен келаткан орус империясына каршы козголгон. Орустар Оренбург, Орск, Омск, Тобол, Томск, Кемер, Кызыл-Жар, Эдил, Жайык чептерин орнотуп, кыйырсыз казак талааларынын жүрөгүнө жылып кирген. Хан Кене орус аскерлери менен бир нече жолу кагылышып, 1839-жылы Жалган Куранда – март айында Оренбург талаасында катуу салгылашкан. Андан мурда эле Оренбургдагы аскер казармасынын старшинасы Лебедев Торгой талаасында кыштаган казактарга күч колдонуп, ок атып, Кенесарынын туугандарынын жылкыларын, төөлөрүн, саан уйларын суроо-жоопсуз тартып алып, айдап кетип турган. Ошондо атасы Касым, баласы кеңеш куруп, топ жыйып, соккуга сокку урабыз, жортуулга жортуул кылабыз деп, Оренбургдагы аскерлик казармага кол салган.

Бул кагылышууда айымпаша Екатеринадан бери сакталган замбиректер тилге кирип, батареялар дүңгүрөп, Кенесары тарабынан элүү казак жигит навыт болгон. Бекем курулган чепке кире албай он үч казак жоокери колбашчы-бийи менен колго түшкөн. Артына качкан талаа казактарын сая кууган Оренбургдагы казарма офицерлери, аскерлери, станицалардагы козак-орустар менен бирге кыштоолорду кыйратып, өрттөп, талаа казактарын ууру жарларга киргизе кууган. Казак балдары «орус келатат» дегенде киреерге ийин таппай баштары менен арык-чөнөктөргө сайылган, катындары кыздарын жүккө жыя салган.

Мына ушул кордукту өз көзү менен көрүп, ыза болуп туталанган хан Кене кайрадан күч топтоп, үч миң жигити менен Чыгыш Оренбург айма-

гына кол салып, козак-орустардын замбиректүү, куралдуу аскерине каршы ачык талаада беттешкен. Бул беттешүүдө козак-орустар алты жүз аргымагынан ажырап, үч жүз солдаты өлүп, калганы жарадар болуп, колго түшкөн. Хан Кене туткундарды суракка алып, кармап турган эмес, кармай турган каталашкасы да жок эле: «Өлсө өлсүн, тарпын карга-кузгун жесин, өлбөсө тентип-тербип кетсин жерине» – деп ээн талаа, эрме чөлгө сүйрөтүп таштаган. Казак талааларынын төрүнө кирип келген солдаттар чучук какшаткан кара суукка чыдай албай, ачык талаада күрткүгө малтыгып, суукка тоңуп, казармасына кайтып баралбай кайыгып өлгөн. 1840-жылы тогуздун айында – октябрда хан Кене мурда тарттырып ийген мал-мүлктөрүн кайрып алып, Жайык талааларына кайтып келген.

Оренбург окуясын укканда император төбө чачы тик туруп: «Талаа казактарынан жаңы Пугачёв чыктыбы?» – деп каарданып, казактарга каршы азуусуна чейин куралданган жазалоочу аскер жөнөттү. Каршылык кылгандарды кары-жашына карабай кырып салууга буйрук берди. Ошондо Сибирь жортуулуна катышкан, кандуу кыргынды өз көзү менен көрүп, өз колу менен кылган Көкшөтау станицасынын козак-орусунун айткандары «Восточное обозрение» журналынын 1886-жылдагы № 36 санына жарыяланган: «Бизге ак падышабыз аябай кыжыры келип, каарданды. Кез келген талаа казагын кары-жашына, катын-эркегине карабай камчыга алып, кылычтын сырты менен уруп-согуп, кыйнап өлтүрүүгө буйрук болду. Бир жолу биз Кривоносов атамандын башчылыгында жортуулга чыктык. Казактын байтак талаасында койлор жайылып, жылкылар азынап, букалар өкүрөңдөп, төөлөр логлоктоп, мойну койкоюп, чоң айыл турган экен. Эки жүздөн ашуун боз үйлөр тигилип, желелерге кулундуу бээлер байланган. Эркектери талаада, мал четинде. Биз боз үйлөрүн өрттөп, катын-балдарын четинен кырып кирдик. Чыга калганын кылычтап, кирип барып найзалап, курсакка сайып, балдарын ташка чаап өлтүрдүк. Бир гана кун алыш үчүн хан Кененин зайыбы Кунымжанды, анын эки кызын тирүү калтырдык.

Аңгыча хан Кененин жигиттери кокту-колоттон, адыр-чыбырдан чыга калып, туш-туштан курчоого алды. Бизде 120 козак-орус, 50 туткун аскер, 3 замбирек бар эле. Замбирекке ядро дүрмөттөп, дүңгүрөтө атканыбызда топ жарылып, жол ачылды. Дагы аттык. Жарылган ядролорго туруштук бере албай кайсактар туш-тушка чачырады. Биз качкан кайсактарды кууп барып, курчоодон чыгып кеттик. Жамаатташ жашаган кайсактарды үч жыл катары менен мойсодук. Бирок хан Кене багынып бербеди. Ал жолуккан жерден козак-орустарды өлтүрүп, каршылык кыла берди. Акыры анын жырткычтыгына чыдабай алатоолук кара кыргыздар колго түшүрүп, өлтүрүп, башын губернаторго тартуу кылып жиберди. Хан Кене башын орус өкмөтү алты миң рублга баалады».

1841-жылы январда хан Кененин бир тууганы Күздай кечирим кылуусун өтүнүп, орус бийликтерине кат менен кайрылды. 7-июнда хан Кене өзү ырайым кылуусун өтүнүп, колго түшкөн тууган-уруктарын бошотууну суранды. 1841-жылы мартта (катта жазгандай), Кара-Тауга жортуулдап барып, кокондуктар атасын жана агасын жайлаганда колго түшүп кеткен алты миң алты жүз алтымыш алты түтүн тынаалы, темиш, алтай, түкө, буруш, каракесек, сарыкесек, тараклы, курама урууларын бошотуп келип, орустардан кек алыш үчүн чоң кошуун курады.

Сибирдеги станицалардын козак-орустары каршы болгонуна карабастан, Оренбургдун аскер губернатору Перовский хан Кененин өтүнүчүн канааттандырып, урук-туугандарына туткундан бошотууга макул болду. Бирок козак-орус станицаларын талаган жоруктарын ашкерелеп, Сибирь администрациясына түшкөн даттануулардын айынан губернатор макулдугунан айныды. Хан Кенени Оренбургдун чек арасына жакын жолотпой, ээн талаа, эрме чөлдөргө Сары-Өзөк, Сары-Арка, Бетбак-Талаага кууп салууга буйрук берди. Хан Кене Оренбургдун талааларына көчүп жүргөн, орустарга баш ийген башкыр, татар, ногой, калмак аулдарына кол салып, жылкыларын, уйларын, төөлөрүн айдап кетти. Алардын арызын уккан Оренбургдун аскер башчысы хан Кенеге каршы 1843-жылы 10-июлда 1500 атчан, куралчан козак-орус солдатын Орскиден жөнөттү.

Августтун акырында хан Кенеге каршы дагы Оренбургдан эки, Сибирден бир аскер кошууну жөнөтүлдү. Сибирь кошууну хан Кененин артынан кууп, жетпей калды.1844-жылы Оренбург кошуунун башкарган Лебедев хан Кененин оң колу болгон Байкадам бийдин аулдарын чаап, мал-мүлкүн талап алды. Ошол эле учурда качып бараткан хан Кене да Россия империясына караган Оренбург, Орск, Омбу талааларындагы көчмөн элдерди жана отурукташкан козак-орустарды чаап, мал-мүлкүн айдап кетип жатты. Казак талааларындагы орустарга берилген бийлер менен султандарга күтүлбөгөн жерден кол салып, 20-июлда аулдарын өрттөп, өздөрүн өлтүрүп, андан соң 14-августта Оренбургдун чек арасына чыгып, Екатерина жана Елизавета станицаларын кыйратып, кырк тургунун туткундап кетти.

Ушундан соң хан Кене Оренбург губернаторуна: «Биз жогорку бийликтин эркине баш ийип, эч кимге тийишпей Орунбоор талааларында эркин көчүп-конуп жүргөнүбүздө, бизге оболу майор Лебедев куралдуу аскери менен кол салды... Андан соң биздин урук-туугандарыбызга Шибер кошуундары кол салды. Аулдарыбызды кызыл уук кылып кыйратып, өрттөп, бала-чакабызды, катындарыбызды туткундады. Элибиздин көбү мал-мүлкүнөн ажырап, ач-жылаңач калды. Биз буга чыдабадык. Акырында Шибердеги атамандар биздин аялдарыбызды

олжо кылып, Аблай султандын тукумунан эки жүз урук-тууганын айдап кетти. Ушундан улам силердин азырети ак падышадан ырайым болбосуна чындап көзүбүз жетти. Биз куралданып, өзүбүздү коргоп калууга силерге каршы чыктык. Силер биздин аулдарды чаптыңар, өрттөдүңөр. Силер баскынчысыңар! Демек, биз да силердин отурукташкан бекеттерди чаптык, өрттөдүк, козак-орустарды туткундадык. Эгер силер ар кандай кезде туткундап кеткен биздин тууганадарды кайрып берсеңер, биз да колго түшүп, туткунда жаткан орустарды кайтарып беребиз!» – деген мааниде кат жөнөттү.

Н.А.Середанын жазганы боюнча: «Бул жолку хан Кененин койгон дооматы ишенимдүү, актоого, жактоого татыктуу болчу. Чындыгында, эч кандай себеби жок туруп, өздөрүнө караштуу Оренбург талааларында ээн-жайкын көчүп-конуп, көчмөн турмуш менен күн кечирген казактарга Сибирдеги орус аскерлери биринчи болуп кол салган. Мына ошого жооп кылып, хан Кене өз казактарын коргоп, баскынчыларга сокку урган. Хан Кене орус төрөдөн: «Силер кармап турган орус туткундарды бошотkondo гана күнөөңөр кечирилет» деген жооп кылган. 1843-жылдын акырында хан Кене орустардын талабын аткарган, анткени туткундарды алмашып же кун төлөп куткарып алгандыктан, атайы каталашка жасатып, мурдагыдай ач талаага таштабай, кармап турчу болгон. Орустарга карата андан аркы ой-максатын иликтеш үчүн соопкерлик вазийфасын аткарып барат деген шылтоо менен орустар Долговду жана поручик Гернди тыңчы кылып жөнөттү. Алар хан Кененин туткундагы зайыбы Кунымжанды коштоп барып, Ыргызбай менен Торгойдо аскер чептерин курууга ылайык жерлерди тандоого киришти. 1847-жылы апрель-май айларында алар хан Кенени Жыланша жана Кара-Суу өзөндөрүнүн ортосунан табышты, бирок жолугууга мунаажат болгон жок.

Алардын колунда: «Мусулман казактар башка диндеги мамлекеттин букарасы боло албайт» деген буйрук бар эле. Куранда да «мусулмандар кайсы бир өлкөнүн калкы болуш үчүн анын падышасы мусулман болуш керек» деген жери бар. Кала берсе ак падышанын өзү Аблай ханга: «Ар ким элине ээ болсун, ар ким өз иши, өз өнөрү менен алек болсун, бирөөнүн ишине кийлигишпесин. Орустар менен казактар соода кылып, кербендер менен гана өтсө болот» – деген катнаамага жооп жөнөткөн.

Аблай хандын ишин улаган Вали хандын тушунда казак калкы кыйла жылдар беймарал, тынч жашады. Мына, ошол беймарал жылдарда казак талааларында кой үстүнө торгой жумурткалады, ирегеден май акты, ак төөнүн карды жарылды. «Ал эми биздин заманда маркум Аблай хандан мураска калган Есил-Нура, Ак-Тау, Ур-Таг, Каркыралы, Казалы, Жусалы, Казаглык, Жар-Кайың, Убаган, Төбөл, Кушму-

рун, Оролго чейинки, Эдилге чейинки, Жайыкка чейинки жерлерибизге силердин сепилдер түшүп, аймагыбыз коргон-чептер менен курчалды. Алар биздин мал жайыттар болчу. Ал жайыттарды ченеш үчүн мурдагы падышалардын аркан-жиптери жетишсиз беле? Же сепил-чеп салууга карагайлары жок беле? А балким, алар кетирген катаны оңоп жатканыңар үчүн силер даража-чен алып, мактангыңар келээр?

Мен ак падышаңарга каршы барууга батына албай жана да силер ченеп, чеп куруп алган жерлерди кайра сурабайм. Алар силерге буюрсун. Бирок силер ата-бабабыздан укум-тукумга мураска калган Торгой, Улы-Тау, Сар-Суу, Есил-Нуранын берки бетин алып бергиле – деп дагы да государыңарга жалына турган болсоңор, анда башбалдак уруп, анын этегине жыгыла бергиле. Биз ал жерлерди бербейбиз. Жер үчүн кашык каныбыз калгыча кармашабыз», – деген катты императордун тыңчылары Долгов менен поручик Герндин колуна карматты.

Ушундан соң хандыгын кабыл албай койгон Оренбург талааларындагы Россиянын карамагында турган элдерге кол салып, станицалардагы козак-орустарга ителги таанга тийгендей тийди. Андан соң Арал боюндагы сарттарды, казактарды, түркмөндөрдү өзүнө каратты. Ал жакка да чептерин салган Сибирь аскерлерин талкалап, христиан дининдегилерди түп көтөрө түрө кууду. Ошондо орус империясы Орол усталарынын колунан чыккан замбиректерине буйрук берип, жалаң куралдын күчү менен, машыккан аскер күчү менен хан Кененин кошуундарын талкалап, аман калгандарын чыгышка карай сүрдү. Хан Кене жайыттарын, өзөн-сууларын, турак жайларын, конуштарын алдырып, жоокерлери алсырап, аттары ташыркап, Көкчө-Тоого жылды. Сары-Аркада өрүүн болуп, андан Жети-Сууну беттеди. Жыйырма миң колу бар хан Кене Кытайга, Коконго, Кашкарга чектеш аймактарда жашаган көчмөн урууларга бет алды. Адегенде Кокуй-Белдеги кыргыздарды кошуп алып, анан Ала-Тоо аймагындагы кыргыздарды басып кирди. Максаты: Ормон менен биригип, Кокон хандыгын талкалап, казак-кыргызга жеке бийлик жүргүзүү болду.

Кыргыздар казактардан өткөн жоокер болгондуктан жана душман бара албаган тар ашуу, тайгак кечүү, бийик төрлөрдө жашагандыктан, аларды багындыруу оңойго турган жок. Кармаштын катаалдыгы, майдандын татаалдыгы хан Кененин каарын шакардай кайнатты. Оренбург, Кызыл-Ордо, Торгой талааларындагы казактарды өз тагдырын өзү чечүүгө калтырып, кыжаалат абалдагы хан Кене бар күчүн кыргыздарды каратып алууга жумшады. Ээн калган казак жерлерине орус хуторлору жамгырдан кийинки тепектердей жайнап кетти. Орустар казактардын өзөн-суулуу, чыктуу, кыртыштуу жерлерин ээлеген бойдон калды.

Хан Кене Чүй суусунун төмөнкү агымын бойлоп келип, Талас багытта жай оокат кылып жаткан кушчу, кытай, саруу кыргыздарын капыстан басып, айылдарын чаап, малдарын айдап кеткен соң, жыйырма миң аскерин Чүй өзөнүнүн агылдарына жайгаштырды. Ага-туугандары Наурызбай, Ержан төрө, Агыбай, Абулмейиз, Үрүстөм төрөлөр менен адегенде кыргыздарга жамаатташ Мерке аймагында жашаган Утеген менен Супатайдын жайыттарында өргүдү. Андан соң из жашырып, Иле дарыясы куйган Балкаш көлүнүн жака-белине токтоду. Бул жерде Улуу Жүз, Орто Жүз, Кичи Жүз жана кыргыз урууларын бириктирип, Кокон хандыгына каршы күч топтоп капылеттен сокку урууну ойлоду. Бирок тынчтык жол менен орус букаралыгына кирүүнү каалап турган казактар менен кыргыздар анын бул мүдөөсүн колдогон жок...

* * *

Ормонду хан көтөргөндөгү той кагылыш менен, кан менен бүткөн. Кыз-күйөө өлтүрүлгөн. Эр сайышта найзакер навыт болгон. Ат чабышта чыр чыккан. Чыгып келаткан күлүктү башка чаап жыгып, аңдып турган сарбагыш жигиттери өз күлүгүн жолдон кошуп жиберип, үстүнө челектеп суу куюп: «Кара терге түшүп келди» – деп, ураан чакырып, марага сүйрөп келишкен. Байгеге сайылган миң жылкы сарбагыштарга калган. Саяктар жаңжал чыгарышкан. Эл кызыл жаян болуп тараган. «Тойдогу кеп бокко жарабайт» – деп, Ормон чатакты күч менен баскан. Бирок ыза, өктө, сөөк өчтүү кек ар кимдин ичинде кала берген. Мындайдын далайын көргөн түндүк-түштүктүн датка, бий, бектери буга таң калган эмес, кабатыр да болгон эмес. «Бул боло берчү көрүнүш» – деп, аттанып кетишкен. Ормондон опуза көргөн Алыбек баатыр да, Балбай баатыр да, толуп жаткан андан башкалар да анын хандыгын таанытбай да, кабыл албай да койгон. Мына, ошол Ормон эми казактын «келет-келет» деген хан Кенесин: «Жөн келеби же сокку береби» – деп күтүп жатты. Хан Кене Аблай хандын жортуулунда мерт болгон казак баатырлары Берди-Кожо, көк жал Бporактын кунун кууп, кегин аламын деп, кун төлөбөсө «Жайыл кыргынын» саламын деп, Чүй суусунун аягынан, Олуя-Атанын үстүндөгү Жалпак-Дөбөдөн кыргыздарга кол салды. Андан ары, беймарал жаткан кушчу, саруу урууларына Акыр-Төбөдөн басып кирип, кара таандай каптады. Коргонуп жаткан саруударга кушчу баатыры Бүргө бий жардамга келип, казак дөлөңгүттөрүнүн бир нече чабуулунун мизин кайтарды. Бүргө баатырдын жигиттери жанды оозго тиштеп, өжөрлүк менен, көктүк менен салгылашты. Дөлөңгүттөрдүн удургуган чабуулу кан буугандай токтоп,

жеңиш колдон колго өтүп турду. Ошондо хан Кене кошуундарын артка тартып, казак талаасында өргүп, тыныгып алууну чечти.

Ал кыргыздарга кол салганда мындай каршылыкка дуушар болорун билген эмес. Жоон көкүрөк неме: «Аблай! Аблай! Алаш! Алаш! Казак! Казак!» – деп ураан чакырып, каптап киргенде кыргыздар бүктүшүп, жатып берет, аттарынын туяктарынын астында калат деп ойлосо керек. Кыргыздар башы кыйылып, жан берип жатса да душманга багынып эки колун көтөрүп көргөн эмес. Бөйрөгүн сууруп алганда да солк этпеген Жаманкара баатырдын тагдыры аргасыздан хан Кененин оюна түштү. О, кайран Жаманкара, баатырдын баатыры эле!

Жайылып аккан Чүй өзөнүнүн түндүк тарабындагы казак аулдарынын бирине солто баатыры Жаманкара жок издеп келип, Шаурык дегендикине туш болгон. Кыргыз тоолорунан шаркырап аккан Шамшы, Кегети, Ысык-Ата, Нооруз, Аламүдүн, Ала-Арча, Жыламыш, Ак-Суу, Кара-Балта, Чалдыбар, Чөңөр суулары кыргыз жерлерин аралап барып, Чүйгө куят. Сары Өзөндүн Чүй жак бети жылкы кирсе көрүнгүс калың камыш, жалдуу жекен. Жер ээн болгондуктан, солто элинин жылкылары жайыттан камышка кирсе, адашып жүрүп, бир ай дегенде өздөрү табылып, жайытта өздөрү келчү. Бирок көптөн бери солто ичиндеги бөлөкбай, талкан, чаа элинин үч миң жылкысы жер соруп кеткенсип, бир туягы табылбай калгандыктан, Жаманкара жок издеп чыккан.

Амалдуу Шаурык мал сойдуруп, Жаманкараны коноктоп, тыңчы жигитин чакырып: «Кыргыздар жогалган жылкыларын бизден көрип жатыр. Жер шалып, Жаманкара баатыры жигиттеримен келипти, не кыламыз, не буйрыгы бар, жаубын алып кел» – деп хан Кенеге кабар айттырып, Жаманкараны алаксытып, үйүнө кармап турду. Кабарды уккан хан Кене өзү атланды, анткени ал казак жоокерлери үчүн жайылып жүргөн кыргыздардын жылкыларын айдатып кеткен. Айыбын жабыш үчүн ал бет тырмарлык кылып, зулумдукка барды. Хан Кене чаап жетип, Шаурыктын төрүндө конок болуп, кымызга тамылжып отурган Жаманкараны көрүп, тырышпаган жери тырышып, кыжыры келе түштү .

– Уай, сакоо кыргыз, саңырсып казактын төринде конак болуп отырсыңба? – деди келекелеп. – Жытың жаман жыттанып туры, биттепкустап келгенсиң гой? Сендер кашан моншага түсши едиңдер? Шеш сымыңды, кумурсканын уюгуна жай! Битиң көзиңнен куйылып, тагы жылкы даулап келесиң! Кане, жигиттер, шалбарын шешиңдер, жылаңаштаңдар! Битинен арылтыңдар!

Шымаланып турган жигиттер Жаманкараны капылеттен баса калып, колун байлап, сыртка сүйрөп чыгарышты. Бир жигит ычкырына

кол салганда Жаманкара жыга тепти. Ал чалкасынан кетти. Экөөнү көтөрүп жерге урду. Дагы беш-алтоо жабылды. Үстүнөн үчөөнү алып ыргытты. Бирок көптүн иши көп, баарылап колу-бутун бурап, толгоп, туткун кылды.

– Эй, маңка казак! Эмне деп келжиреп атасың? – деди жалтанбай Жаманкара Кенесарыга тике карап. – Бит менен казактын жүрбөгөн жери барбы? Бит сенден калган! Чеч колумду! Жекеге чык, эр болсоң! Чеч! Азыр өлгөн акеңди көзүңө көрсөтөйүн!

– Мынау бит баскан шөөнин жүрегин караңдар! – деп каяша угуп көрбөгөн хан Кене күмүш кемериндеги кындан шарт канжарын суурул алды. – Жүрегин көрейикши «баатырдын!..»

Кенесары кош миздүү канжар менен Жаманкаранын капталын тартып жиберди. Кан жая берди.

– Енди калайсың, кыргыздын жаман карасы?

– Дагы эле энеңди минүүгө жарайм! – дегенде Кенесары ызасы ташып, каары жүзүнө чимириле түштү.

– Жүрегин саурып алыңдар!

Шаурык колун Жаманкаранын капталына бир уруп, бөйрөгүн суурул алды. Жаманкара кың дебей көзү аңтарылып барып жан берди. Ошондо ал жыйырма төрткө жаңы толгон алыбеттүү, москоол жигит эле...

Айлана алаканга салгандай көрүнгөн казактын байтак талаасында жылып аккан Чүй өзөнүнүн боюна көтөрүлгөн он эки канат хан ордосунда отуруп, Кенесары ошол опурталдуу окуяны эстеди.

Кыргыздарга жөнөткөн элчилери, казактын ботбай уруусунун бийи Супатай менен Утеген баатыр көңүлгө жагарлык оңдуу кабар алып келбеди. Кыргыздар казак ханынын келишин «күтүп» жатканын, ар бир үйдө түпөктүү найза сайылып, суутулган аттар байланып, жарактуу жигиттер камдуу турганын, булуң-буйткаларда кайгуулдар, кокту-колоттордо жасактар жүргөнүн айтып келишти. Бул кабар хан Кенеге жаккан жок. Кабарды угар менен аскербашылары Ержан төрөнү, Үрүстөм султанды, иниси Наурызбайды, Сүйик, Шаурык, Абулмейиз, Кудайменди, Агыбай баатырларды чакырды. Жоо-жаракчан баатырлар келер менен хан Кене эки тарабынан орун берип, мындай деди:

– Мынау сакау кыргыздарга ирегелис отырган Супатаймен Утегеннин айтуына караганда, олар бизге бас ийгиси келмейди. Билмеймин, Супатай жек-жааттарына тартып жатырмы же шынын айтып жатырмы, камдуу дейди. Исенүге болама? Басы бирикмеген кыргыз Аблай хандын туысын көтерген казактын жауңгериге түте алама? Рессейдики сяк зимбиреги болмаса, ыкшам атар мынтактары болмаса, же кокандыкындай кылышшан мыкты сыпайлари болмаса, кесесимен согасамы? Биз енди, кыргызды шауп бас ийдире алмасак, ка-

зак деген атымыз кайсы? Аблай тукымы болган касиетимиз кайсы? Айтыңдаршы...

– Камын урамызмы? Каптап кирис хажет!

– Ченимизге келмейди, несине карсылык кылады?

– Жайикмен Шуңу салыстырып болама?

– Жайикмен Ыртыс, Илемен Балхаш тасыса, Шумен Көл таскаsuccessfully нында калады. Соны ойламаймы Орман?

– Жаманкаранын бөйрегин осы колыммен саургамын!

– Жау-жарак колымызда, сан казак артымызда, жагаңгир Кенекең астымызда туы болып туры, неге карап турмыз?

– Барамыз! Шабамыз! Косып аламыз казакка! Аблай бабамызнын арбагы колдасын! Амийин, аллау хакбар!..

Казак баатырлары дароо чабуул баштамай болуп, Кенесарыны колдоп кетишти. Хан Кене Супатай менен Утегенге каардуу карады.

– Сендер кыргызга жан тартканды койып, жаукерлериңни таярдаңдар! Супатай үш мың, Утеген үш мың, Сүйик эки мың кол косасыңдар. Ендигеш кыргызды аяп, баатырларынан корксаңдар, мага эмес, тагдырыңдарга таарыныңдар! Аблай тукымын таутпаган, менин ордыма хан болыны аңсаган кеудек кыргызга шын оюнды саламын! Жайыл кыргынын басынан өткеземин! Жау аяган жаралы, аёу жок!

Беш миңден төрткө бөлүнгөн казак дөлөңгүттөрүнүн бир канатын Ержан менен Кудайменди, бир канатын Үрүстөм менен Абулмейиз, дагы бир канатын Наурызбай, дагы бир канатын Агыбай менен Шаурык башкарып, Супатай менен Утегенди алдына салып, хан Кене жыйырма миң аскери менен жортуулга чыкты. Алдыга кеткен Супатай, эки миң, Сүйик бир жарым миң, Утеген бир жарым миң кол сурап, алты миң казак аскери буларды Чүйдүн төмөнкү агымынан күтүп алды.

Агыбай, Шаурыктын кошууну кушчуларга, саруударга кол салды. Аларды Үрүстөм менен Абулмейиздин кошууну колдоду. Ержан төрө менен Кудайменди солтолорго бет алды, аны Наурызбай менен Кененин кошууну колдоду. Агыбай менен Шаурыктын дөлөңгүттөрү буктурмада жатты. «Аблай! Аблай! Хан Кене! Хан Кене!» – деп, ураан тартып, ач кыйкырык салып кирген казак дөлөңгүттөрү бейкапар жаткан айылдарды чаап, өрттөп, кыйратып, кызыл уук кылып, каптап кирди. Керегелер жыгылып, ууктар бачырап сынып, кийиздер быкшып түтөдү. Желелерди кыркып, кулундарды агытып, бээлерди кишенетип, бет-бетте жайылган жылкыларды удургута, төөлөрдү логлоктото, өгүздөрдү өкүрөңдөтө айдап, алдына салышты. Каршылык кылган найзага илинди, айбат кылган кылыч мизине урунду. Былч-былч чокмор тийген баштар шылк-шылк кулады. Кыз-кыркын чыркырап, катындар какшап, кемпир-чал каргап-шилеп бүктүштү. Түтүн каңырсып, чаң ызгып, боз түшүп, теребел кыйсыпыр болду.

Жардамга келаткан Бүргө баатырдын уулу Калча жети жүз жигити менен Чөңөр ашуусунда жаткан дөлөңгүттөрдүн колуна түшүп калды. Аларды куткарууга, кун төлөөгө барган кыргыз өкүлдөрүн хан Кене «элчи менен ырчыга жаза жок» деген шартка карабай мууздатып салды. Колго түшкөн Тынаалынын өзүн жол баштатып, хан Кене эми солтолорго бет алды. Аларга жетиш үчүн оболу Мерке чебин каратып, жолду тазалаш керек эле.

Мерке чебинин эки мунарасына орнотулган кытайча кош замбиректи түтөтүп, «дүңк» эттире аттырып, сарбаздар сүр көрсөтүмүш болду. Бирок тоголок ядролор алыска түшпөй, жакын эле жерге түшүп, чаңды бурт эттире, доошу бас-бас болуп жатты. А казак жебелеринин учуна майланган «куулар» дароо тутанып, жабыла жаа тартканда кээси дүрт от алып, чепке коркунуч туудурду. Чептин ичинде сыпайлардын аттарына үйүлгөн чөптөр, самандар, шакелдер бар эле. Дал ошол кургак чөптөргө түшкөн оттуу жебелер тутанып, ар кай туштан өрт чыгып кетти. Дубалдардын көзөнөктөрүнөн аткылап жаткан Кокон сарбаздарына жебе сайылып коргон түбүнө кулап жатты.

Мерке чебине ыкыс берип, жыйырма миң аскерине дуулдата от жактырып, курчоого алган хан Кененин кысымына чыдай албай чеп башы Абдулхамид ишенимдүү паңсаты Хабдулазизди чакырып, багындык деп ак байрак көтөрүп, дарбазадан чыгартып салды да өзү жигиттерин алып, жашыруун жол менен чептен качып чыкты. Каршылыксыз чептин казынасын басып алган хан Кене дөлөңгүттөрүн дуулатып, хайлатып, өргүтүп алып, андан соң Чалдыбар, Жайыл, Сокулукту беттеп жөнөдү.

Бир кезде солтолор Буранадан Олуя-Атага чейинки кенен аймакты мекендечү. Казактын ботбай уругунан чыккан Супатай бий кыргыздарга жайытташ, өзөндөш, суулаш конуп, солто бийи Жангарач менен достошуп, барып-келишип, сыйлашып турушчу. «Хан Кене солтолорго Аблай хандын Жайыл кыргынын салган жатат» деген кабарды укканда Жангарач:

– Менин казак деген жоом жок. Казактар менен чабышып көргөн жан эмесмин. Айт, Супатай, ханыңа! Керек десе, Мерке тартып, Олуя-Атага чейинки созулуп жаткан кара топурактуу жерди алсын. Сары-Аркадан келген хан Кене азыраак туруп кетип калат. Анан, ээн жерлер экөөбүздүн энчигибизде болот. Касташпай, кагылышпай, кырылышпай, кыркылышпай ынтымакта жашайлы. Кудайдын жери баарыбызга жетет. Кең жайыкты бирге жайлайлы. Айт, ханыңа! Солтолордун жарым жерин алсын да, көксөөсүн бассын. Тынч жашайлы, тынчтык сура ханыңан! – деп айттырды.

Муну уккан хан Кене:

– Мен жарты жер алышу жарты хан емесмин гой! Мен бүтин ханмын! Бүтиндей шабам! Ал жерлер онсыз да Аблай бабамыздын тусын-

да казакка караган. Немене, казак жерлерин казакка берер мекен? Бу не деген калжыр кеп? Бар, айтып бар! Жеримизни шауп алды деп, сени сойсы кыргыздар! – деп каарданып, Супатайды кайра жөнөткөн.

Эки ортодо кыжаалат болгон Супатай: «Кенесары кетип калса, Аблай хан өлгенден кейин кыргыздар мени Берди-Ходжаны сойгандай кылмасын?» – деп кооптонуп, кыргыздарга болушкусу келбей, казактарга да кошулгусу келбей өз бетинче калган. Мына ошол олку-солкулук, жанбактылык, коркоктук кыргыз баатырларынын да, казак баатырларынын да башын жутту.

Хан Кененин беш топко бөлүнгөн кошуундары Меркеден Бишкекке бет алганын укканда кулак түрүп турган Жангарач найза сунуп, наркескен чаба турган, каскак копшоп, чокмор ура турган жоокер жигиттерин күлүк аттарга шаймандап, жанына алып калды да карыкартаң, жаш аялмет үй-бүлөлөрдү тоого көчүрдү. Катын-калач башкарган көч торпу-торпу тоолорду ашып, ак кар, көк муздун жакасындагы бөксөлөргө барды да ошол тоолордун арасындагы жылга-жыбыт, кокту-колотторго бекинди. Жангарач канаттуу чабармандарын Орто-Токойдогу Ормонго, бир даарын Кеминдеги Жантайга, бир даарын Суусамырдагы саяктарга, дагы бир даарын көлдөгү бугуларга жөнөттү. Анан, өзү солто жоокерлерин баштап, Бишкек менен Токмоктун аралыгындагы жылгындуу сазда, ал жер ыңгайсыз болсо, Токмоктон төмөнкү Оро-Башыда күтүп жатмай болду.

Топ-топко бөлүнүп, кара таандай кара күч батыштан чыгышка жылып келе жатты. Таластагы кыргыздарды кырып-жоюп, андан соң Меркенин алдындагы бейкүнөө элди союп, анан Чалдыбар, Жайыл, Сокулук жакка бет алган хан Кене Жыламышка жеткиче, бир айыл жолуктурбай бөкөн жүрүш менен беймарал келгенине таң калды. Сары Өзөн Чүй ээнсиреп, жерден жем издеп, көктө калдактап учкан бөктөргөдөн бөлөк көзүнө эчтеме урунбады. Казактарга жол көрсөтүп келаткан туткун Тынаалынын айласы кетти. Жолдо айыл түгүл адашкан мал, үрүп чыккан жолбун ит жолукпады.

– Эй, сакау кыргыз, бизди адастырып баратысыңба? Ыкшамыраак кыргыз аулдарына кабылдырсаңшы. Басыңан ажырап калма? – деди Наурызбай демите. – Каякта жер жайнаган мал, түтүнү шубаган аулдар?

– Каптап келаткан казактардан кабар алган кыргыз айылдары тоого көчкөн көрүнөт. Бара түшсөңөр кабыласыңар. Бишкек чеби жакын калды.

– Анау нелер? – деди хан Кене тоо жакасындагы көрүстөндөргө камчы нускай. – Жорулар конып отырма?

– Коргон.

– Гумбезми?

– Бул жерде айыл болгон. Канай баатырдын күмбөзү!

– Кыргыз баатырлары казак баатырларынын басын сорган. Аулдары болмаса, коргандарын шапкыла! Бейиттерин ашыңдар, сүйөктерин шашыңдар! Күлдерин асманга сапырыңдар! Жорыларга той түссин, көр шышкандар жесин!

Көрүстөнгө уялаган жапайы эки мышык «бырр» этип, коргондон атылып чыкты. Дөлөңгүттөрдүн аттары үркүп, ээлери ээрден учуп кете жаздады. Аттарынан секирип түшкөн дөлөңгүттөр мазарларга кетмен чабышты, күмбөздөрдү найзалап уратып, күрөктөп казышты. Ачылган казанактардан сөөктөрдү сыртка чыгарышты.

– Өрттөңдөр! – деди хан Кене ат жалында бөйрөгүн таянып чакчырыла. – Кыргыз дегендин сүйөги эмес, изи калмасын!

Кургак алтыгана, чогойно, кууралларды көтөрүп келип, көрдөн чыгарылган өлүктөрдүн үстүнө ташташты да өрт коюшту. От дүрт тутанып заматта алоолонгон жалын асманга көтөрүлдү. Аба саңырсып, эт жыттанып, май жыттанып кетти. Дайым жатакта калып, тегирмен жүгүрткөн абышка ыргай таягына өбөктөп, аңтаңдап жанбоорго чыга келди.

– Эй, көркоолор! Эмне кылып атасыңар?

– Көр ашып атырмыз, кыргыздын сүйөктерин шашып атырмыз, көрмей турсыңба?

– Сен кимсиң ыя, пенде кылбаган жорукту кылган? Кишисиңби, көр ачарсыңбы? Сен казаксың го? Биз бири-бирибизге топурак салган эл эмес белек? Бул эмне жоругуң? Кармашсаң тирүүлөр менен кармаш! Арбактарга эмне жазык? – Абышка кышылдап, таягын жаңсап, араңараң сүйлөдү. – Сен шүмшүк кайдан чыккан элбезер элең? Козгобо арбактарды! Тарт, колуңду! Жер сорот сени!.. Арбак сорот!..

– Не деп галжырап туры мынау шал? Алгыла, басын!

Хан Кененин буйругун орундачу башкесер кылычын кыңгырата сууруп:

– Я, алла! – деп шилтеди эле шилисинен кыйылган баш томолонуп барып, чаңга оонай түштү. Моюндан кан сийип, башсыз дене бүктөлүп жерге жыгылды.

Көрүстөндөн чаң ызгып, ураган коргондор, ачылган мүрзөлөр каңырсып, шамал учурган өрттүн күлү алда кайда уюлгуп жөнөдү. Тирүү кыргыздарды таппай өлүктөрдөн өч алган хан Кене аттарын бөрү желишке салып, Бишкек чебине келди. Чептин дубалдарында сороюп турган сарттар керней, сурнайларын балпылдатып, добулбастарын дапылдатып салтанат менен тосту. Тогуз байсалуу Бишкек чебинин башкы дарбазасы ачылып, Рахматулла жасалгалуу аргымакты өзү жетелеп чыкты. Бектин жан-жөкөрлөрүнүн колунда күмүш табактарга салынган каухар, маржан, акак, жакут таштар, алтын жалаткан

кылыч, канжар, кемерлер хан Кенеге, Наурызбайга, Ержан төрөгө, Үрүстөм султанга, Агыбай, Абулмейиз, Кудайменди, Шаурык баатырларга тартууланды. Жана да алтын жип менен саймаланып, берметтер чөгөрүлгөн бейкасам чапандар жабылды, каухар шөкөттөлгөн төбөсү чачылуу макмал тышталган суусар тебетейлер кийгизилди да чептин ичине атайы арналып тигилген ак боз үйлөргө киргизилди.

Мына, хан Кене кайда барбасын, ким менен мамиле кылбасын, кайсы элге келбесин, ушундай урмат-сый менен, шаан-шөкөт менен тосуп алууну күттү. Эч качан кандуу каршылыкты күткөн эмес. Бирок кыргыздар минтип тосуп албай, караанын көрсөтпөй койгону жанын кашайтты. Тосмок тургай алар калкагар тоосуна чыга качты. Хан Кене жеткенин кылыч мизине алды, кош бойлуу катындардын кардын жарды, балдарын отко салды, керегелерге асты. Ушундай ырайымсыздыкты кылып келаткан хан Кене кол куушуруп тосуп алуу, кымбат белектер менен кабыл алуу кокондуктардын колунан келди. Ошондуктан, Бишкек чеби чабылбай аман калды.

## 9

Бишкек чебинде беш күн өргүп, хан Кене андан ары жүрдү. Наурызбай баштаган беш миң кол Чүй суусун жээктей, Ержан баштаган беш миң кол тоо жакалай, Агыбай баштаган беш миң кол жол бойлоп, Үрүстөм баштаган беш миң кол ортодо, Абулмейиз баштаган, Супатай баштаган, Утеген баштаган, Шаурык баштаган кошуундар аларды колдоп артында келет. Туу көтөргөн дөлөңгүттөр менен хан Кенени кайтарган жигиттер улам алмашып, хандын караанын жашырып, көрсөтпөй келет.

Душман деген кыргыздар – душман деген казак кошуундарын күтүп, Оро-Башынын оозунда жатты. Айлана тегиз көрүнгөн Оро-Башынын секисинде Жангарач, Түлөгабыл, Төрөкелди, Субанбек, Ормонбек, Калпак баатырлар казак кошуундарына кантип, каяктан, кандайча сокку уруу жөнүндө кеңешип, багытты тактаган соң жоокер жигиттерин бешке бөлүп, жер уусун жакшы билген жергиликтүү элге жол баштатып, өңүттөргө кетишти. Калпак, Субанбек, Ормонбектер тоого көчө элек айылдарын шашылыш көчүрүүгө жөнөштү. Ошол тушта Тынаалыны жол баштатып келаткан Наурызбай көчө албай калган Калпактын айылынын үстүнөн түштү.

Жесекте жүргөн Субанбек менен Ормонбек жетип келишти. Көчүүгө үлгүрбөй калган элди жар-жарга камап, камыш, жылгын, чийлерге катып, өздөрү боз үйлөрдө керегe көздөрүнөн мылтык сунуп жатышты. Жоо-жаракчан душманды эки тараптан качырып согууга камдап,

мерген жигиттерди буктурмага коюшту. Ар үйдө тирилик жүрүп жаткандай, от жагып, коломтодон түтүн чыгарып коюп, он беш мерген сыртта таш жамынып жатышты.

Казактар: «Аблай! Аблай! Хан Кене! Хан Кене!» – деп ат коюп кирип келгенде Калпактын мергендери удаа-удаа ок жаадырды. Тарс!.. Тарс!.. Тарс!.. Тарс!.. Төрт дөлөңгүт окко учуп, каптап келаткан кара чабуул буйдалып, токтой калды.

– Не болды? Не көрдүңдер? – деп айкырды Наурызбай. – Токтомаңдар! Каптаңдар!..

Капталдагы өңүттөргө жаткан Субанбек менен Ормонбектин жигиттери удургуп чыкты да: «Бөлөкбай! Талкан! Жангарач!» деген ураан таштап, дөлөңгүттөрдү мойсоп, жомсоп, жиреп кирди. Казактар бурулууга буйдамы келбей ээрден борт учуп, аттары ээсин сүйрөй качып, топтон чыгып жатты. Жигиттер кылычташууга өттү. Чак-чук!.. Чак-чук!.. Былч-булч!.. Баскынчылар көптүк кылып, баш-аягын жыйгыча Ормонбек менен Субанбектин жигиттери өңүттөргө кирип кетти. Кайрадан мылтык үндөрү жаңырып, баскынчылардын алдыңкы тобу от чыккан үйлөргө жетип-жетпей аттан учту. Баң! Баң! Баң! Баң!.. Мылтык үндөрү басыла калганда өңүттөгү Ормонбек менен Субанбектин жигиттери кайрадан чыга калып, ит урушту салды.

Жан аябай кырчылдашкан кызыл кыргын... Уруштагы ийгилик улам бир тарапка өтүп турду. Эки тарап тең жан аяган жок. Бирок бир маалда Наурызбай аскеринин эки канатын чойду да, кыргыз жоокерлерин курчоого алды. Курчоону кысыш үчүн бетме-бет кылычташып жаткан жоокерлерине артка чегинүүгө буйрук берди. Аларды чегиндирүүгө алаксып калган кыргыз жоокерлерин эки капталдан казак жоокерлери кысып кирди. Алар улам ыкыс берип, улам жаңы күч менен каптады. Кылычташууга кирген кыргыз жоокерлеринин саны барган сайын азайып, анда бир, мында бир чабышып жатты. Уруш таң аткыча уланды. Кыргыздар амал колдонуп, артына кача берип, кайра жиреп кирип, чапкынчылардын көбүн жайлады. Өздөрү да ойрон болду. Ар бир жигитке үчтөн өлүк туура келди. Таң атканда Калпактын айылынан, Субанбектин айылынан, Ормонбектин айылынан эчтеме калбай, муруттары сербейген өлүктөр томпоюп-томпоюп жатты.

Ок жетпес аралыкта турган душман кайрадан чабуулга чыкты. Калпактын беш жигити, Ормонбектин төрт жигити, Субанбектин үч жигити калган. Мына, ушул он чакты жигит каптап кирген казактар менен өлөрчө кармашты. Ок түгөндү. Найза сунган казактарды калкан менен тосушту, кылыч шилтегендерге кылыч шилтешти, чокмор ургандарга чокмор урушту. Качырган дөлөңгүттөрдү бир шилтөө менен жайлап:

– Артымды калкала! Алдымды өзүм жайлайм! Артымды калкала! – деп турду Калпак. – Як, алла, сок!..

Казактар таң калды. Хан Кененин кыжыры келди. Тогуз баатыр арстандарча кармашты. Дөлөңгүттөр туш-туштан жабылды. Үч баатырды калкалап чабышкан жигиттердин алтоо опот болду. Беш казакка бет келген Калпак экөөнү кылычтап мойсоп, экөөнү чокмор менен жайлап, аркасынан соккон бешинчисинен жан берди. Үч дөлөңгүттү ала жатып, Ормонбек жыгылды. Эки дөлөңгүткө бет келген Субанбек катар чаап, кылычы сынып, калканы менен кагышып, айкырык салды. Чокморун сууруп, ары шилтеп, бери шилтеп, эки казакты аттан учура чаап, өзү жебе жеп кулады. Наурызбайдын жигиттери өлүктөрүн алдырып, Шор-Дөбөдө турган хан Кененин ордосуна келди.

Оро-Башыдагы салгылашта кыргыздардын беш жүз жигити, Калпак, Ормонбек, Субанбек баатырлар опот болду. Казактар жеңишке жетип, желелерди кыркып, жылкыларды айдап, айылдагы калган-каткан эмерек-буюмдарды талады. Казактардан бир жарым миң киши өлгөн. Алар өлүктөрүн жыйдырып келип, Оро-Башыдагы чоң аңга жаткызып, үстүнө топурак таштап көөмп салышты. Мына, жоокер шордуунун тагдыры, эр жигит үйдө туулуп, жоодо өлөт.

Сарбагыштарга бет алган Ержан төрөнүн, Агыбайдын, Үрүстөм султандын кошуундары чабуул коюп, тоо жакасындагы айылдарга кирип келишти. Аларга каршы Төрөкелдинин, Түлөгабылдын, Жангарачтын кошуундары кармашты. Таң заарынан башталган салгылаш каш карайганча созулду. Эки тараптан жоокерлер көп өлдү. Айрыкча жазыксыз карапайым эл кырылды. Шамшыдагы, Кегетидеги, Ноорυздагы эл тоо таянып көчпөй калган, ошолор кызыл уук, кызыл жаян болду. Жангарач, Төрөкелди жигиттерин капчыгайларга тартып кеткендиктен, хан Кене жоокерлерин эс алдырыш үчүн, колун толуктап жаңы чабуулга камданыш үчүн урушту токтотууга Ержан менен Агыбайга буйрук берди. Казактар өлүктөрүн аттарына өңөрүп келип, жерге жашырышты.

Теке-Сеңирдеги кызыл асаба желбиреген ордого Жангарач, Төрөкелди, Түлөкабыл, Байсерке, Адыл, Саза, Дуулат бий келишти. Ошол жерде төөлөргө азык-түлүк, курал-жарак артып, жаңы күч менен келген Ормон күтүп жаткан. Ормон алсырап калган кыргыз жоокерлерине сеп берип, эс алдырып, тамактандырып, уйкусун кандырып, өзүнүн он миң колу менен Оро-Башыдан Кең-Булуңга чейин камыш, тал, четин, ыргай, чычырканак, долоно, шилби кыйдырып, ар короодон тезек жыйдырып, ар коктудан дуулдата от жагууга буйрук берди. Капчыгайларда карагай сүйрөтүп, чаң чыгарып туруууга, көмүр өчүрүп, отторду балбылдатып турууга кайраттуу карыларды, жоо кийимин кийген катындарды койду. Майдан жалпы элдик каракелтекке айланды. Кыргыз арасында өскөн чала казактар Ормондун кошуундарына кошулуп кетти. Орозбак, Тайкожо, Суран сыяктуу сурнайчы, керней-

чилерди, Жоонтаяк, Саптаяк, Туткабай сыяктуу добулбасчыларды коктулардын башына коюп, тынымсыз сурнай тарттырып, карнай бапылдатып, добулбас дапылдатып турууга буюрду.

Караңгы киргенден тартып, тоо жалындап, ар коктудан чыккан оттор казактардын сесин алды. Он миң кол, эки миң көзгө атар мерген менен келген Ормон, дагы ошончо мерген менен Боом капчыгайынан чыккан саяктар, Сары Өзөн Чүйдүн суу тарабында Кара-Коңузга өтө каччу жолду бууп жаткан Жантай, тоо тараптагы капчыгайларды кармап турган Төрөкелди, Адыл, Саза, Байсеркелер буйрук болоор менен козголду. Кырка тоо беттеринен балбылдап, жылып келаткан отторду көргөндө хан Кене селт этип ордунан тура калды:

– Ой, пырым-ау! Анаулар не? Не боп кетти? Өрт шыкканма?

– Өрт шыкса бир жерден шыгады. Булар хар тарапта келе жаткан кыргыз косындары! Колдарына шышала, шамана кармап, колтыгына ажал бөктөрүп келатыр! – деди Супатай аяр. – Алдаяр ханым, сиз кыргыздын шабактарымен шабысып жаттыңыз. Жаяны энди келди гой! Анау капчыгайларда алоуланган оттар Орманнын колы гой!

– Букаша өкиргени, сыйырма маурегени нелер?

– Олар косындарынын карнайшы, сурнайшылары, дабылшылары!

– Су жок! Су жок! Суны буып тастасты! Су таскындап баска нуска түсти. Аттар шөлдөп жатыр!

Муну уккан хан Кене кооптонуп, урушту убактылуу токтотту. Жарашуунун белгиси кылып, Ормонго кат жаздырып, элчисин жөнөттү. «Менин мында келген себебим, сендермен кастасып, кан төгис емес. Казакмен кыргыздын басын косып, Кокандан бөлип, рустарды шенимизге жолатмай, биргелесип соккы урыс. Ортамызда көңилге жакмаган истер болып өтти. Енди, өткенди естемей, бири-биримизге кеширим кылып, салават жарыялайм. Кек сактамастын белгиси ретинде Калша баатырыңдарды, Тынали элшиңдерди жети жүз жигитимен босаттым. Ал, тосып алыңдар! Катты аларыңдармен кусамат, кекти тастап, жарасынын,таазым кылыстын жаксы салтын жолдап, алдымызга келиңдер! Өйткени, мен хан болам, Аблай хандын тукымы болам! Ханды хурматтаган калк катары карсылыксыз алдыма келиңдер! Баримизни бахыт жылаулаасын! Агер бул суныс көңилиңдерге жакмаса, кастыктан кайтмай турган болсаңдар, өз убалыңдар өзиңдерге болсын!»

Кыргыздарды баш ийдирип, эки элге хан болууну көздөгөн Кенесары өз мүдөөсүн кокондуктарга жана орустарга каршы бирге күрөшүү урааны менен далдалаган. Ал эми өзүн хан жарыялап алган Ормон Кененин: «Мен хан болом» деген өкүм сөзүн жактырбай: «Кеч болуп калды. Жан айласы үчүн жаздырган. Бул маңка казак кыргызга хан болгусу келген экен. Сен казактын ханысың, а кыргыздын ханы мен-

мин! Сен эки элге хан боло албайсың. Жан керек болсо, аскериң менен менин алдыма кел. Сан колду мен башкарам! Сен башкара албайсың. Сары-Аркадан сүрүлүп келген сен байкуш эми менин кол астымда болосуң» деген ойдо болуп, кыргыз бийлерин алдына чакыртып, кеңеш курду. Алар эч кимге баш ийбесин, казакка көз каранды болбосун хан Кененин талабын аткара албасын туюндуруп, кашык кан калганча кармашабыз деген бүтүмгө келип, хандын элчисин кайра жөнөттү. Хан Кене эми күчүн топтоп, кыргыздарды кыйрысынургандай кылып кыйратып, өзүнүн ким экенин Ормондун көзүнө көрсөтүп, туткун кылып, суракка алып, башын алдырып, мамыга сайдырып, анан орустарга аттанмай болду.

Жер өңүттөрүн мыкты билген солтолор Жыламыш суусунан Буранага чейин, сарбагыштар Чүй суусунун боюнан Теке-Сеңир тоосуна чейин, бугулар Боом капчыгайынын оозундагы Желаргыдан Кара-Кастек, Каскеленге чейин, саяктар Суусамырды, Жантай Кара-Коңузду тосуп жатты. Шамшы капчыгайынан, Кегети капчыгайынан, Чоң-Далыдан, Үч-Эмчектен, Ысык-Атадан, Он-Бир-Жылгадан, Кайырмадан, Алмалуудан, Аламүдүндөн алоолонуп жылып келаткан отторду көрүп казактар жүрөкзаада болуп турушту. Кыргыздардын айбаты менен кайратын жакшы билген Супатай:

– Алдаяр ханым! Тоонун ичи кыргызга толуп кетти! Аларча, Аламүдүн, Жыламыш капчыгайларында атайы коюлган буктурмалар жатат. Ал тараптан өтө албай калдык. Чүй суусунда калай жалаңкышы жатканын кайдан билдик. Жалындаган оттарымен, аскерин алдына салып, таудан Орман түсип келатыр!

Хан Кене кумсарып, жүрөгү опколжуду.Түнү бою жалындап келаткан оттор таңында быкшып, түтөп, жылгалар чаңдап, уюлгуп, түтүн асманга көтөрүлүп, айлананы боз каптады. Ага удаа добулбастар дапылдап, кернейлер бапылдап, сурнайлар тартылды. Мына, ошондо Ормон берген белгиден козголгон сарбагыштар да, саяктар да, керней-сурнай добушун уккан солтолор да, балбылдаган отторду көргөн чериктер да ар тараптан качырып, чабуулга өттү. Тоо силкинип, жер дүңгүрөдү. Мындай чабуулду көрө элек казактар калтаарып, тоо бетин бербеген оттор, чаңдаган колоттор сүр болуп, бир жактан соройгон карагайлар кол болуп көрүнүп, туш-туштан сороңдогон баштар, жаркылдаган айбалта, найза, кылычтар, кишенеген аттар үрөйдү учуруп, жүрөктү түшүрдү. Бап! Бап! Дап! Дап!.. Фийү! Фийү!. Дүң Дүң! Даң! Даң!.. Таңга маал жоокерлер таттуу уйкуда жатканда башталган чабуул казактарды чалды-куйду кылды, будуң-чаң түшүрдү. Казактар ыштанын таппай кайсалады. Алды аттарына араң илинди. «Ормон! Ормон! Жантай! Жантай! Жангарач! Жангарач!» – деп, ураан тарткан кыргыз жоокерлери туш-туштан качырып сала берди. Жетке-

нин жыга чаап, жетпегенин жебе менен атып, багынып бергенин туткундап, ителги таанга тийгендей чачыратты. Казак кошуундары Токмоктун үстүндөгү жылгын башына сүрүлдү.

Муз жарылгандай чарт экиге ажыраган казак кошуундарынын бир даары Наурызбай менен Ержан төрө баштаган жоокерлер Мыкандын кара сазына барып маталды. Кудайменди, Шаурык баштаган кошуундар Кастек, Каскелеңге качты. Дал ошол жерде күтүп жаткан Жангарачтын кошууну алардын так бет алдынан чыкты. Жангарач бүт жигиттерин каптатты. «Жангарач! Жангарач!» – деп ураан чакырган жигиттер жиреп, мойсоп, жомсоп кирди. Айласы кеткен Кудайменди менен Шаурык аттарынын башын чукул буруп, жалга өбөктөй жапырыла качты. Жете келген Солтонай айгырынын оң капталына жата калып, кыска найзасын мелжеп туруп ыргытты эле, ал Кудаймендинин кыр аркасына сайылды. Сороңдогон найза жерге түшпөй Кудайменди жалга эңкейип барып атынан кулады. Казактар эки оттун ортосунда калды. Кол башчылары опот болгон соң, жоокерлери аттарынан ыргып, колго түшүп беришти.

Ормон качып бараткан Наурызбай менен Ержан төрөнү Мыкандын созмо сазына матырды. Адегенде Ержан төрө колго түштү. Ал хан Кененин жээни болгон. Аргымагы аргый-аргый секирип, Мыкандын сазынан Наурызбай качып чыкты. Артынан сая түшкөн тынай уругунун Дайырбек, Калчабек деген жигиттери Наурызбайды аттан жыга сайып колго түшүрдү. Хан Кенени Теке-Сеңирге жакын, Кара-Кунуста жашаган Кармыштын жоокер уулдары кармады. Амалы күчтүү Агыбай баатыр, Үрүстөм-султан жигиттерин буктурмага коюп, чабуул өтүп кеткенден кийин калың камышта жашынып жатып, Мистенин белин ашып кетишти. Абулмейиз Чүй боюндагы калың камышты аралай качты. Кара-Коңуз багытын тороп жаткан Жантай ага жетпей калды. Алар таптырбай кетти.

Туткун казак жигиттерин: «Буларда эмне жазык, хан буйругунан жазганып, зордук менен келишкен да» – деп, коё беришти. Көпчүлүгү кыргыз арасына эл болуп, Кара-Коңуз, Кастек, Каскелең, Кордайда калышты. Колго түшкөн Ержан төрөнү Жаманкаранын иниси сөзгө-кепке келбей чаап салды. Наурызбайды Калпактын иниси жайлады. Өчтүн өтөөсү, кандын көксөөсү – деп, хан Кенеге Калпактын жесири жулунуп, бычак менен малып аларда кармап калышты.

Хан Кене:

– Уай, түркей кыргыз! Мага кылыш шабуга еркегиңдер жок меди? – деп айкырып жиберди. – Мен ханмын! Хан басым мен саз кешип, сүмирейип астыңдарда турмын! Ханды хан сурайды! Ханыңдарга жеткизиңдер!

– Жеткизебиз! – деди Кубаттын уулу Калыгул колун чырмап. – Бирок өзүңдү эмес, башыңды жеткиребиз!

– Ханды көргөн баш аман калат! Күндү көргөн көз суукка тоңбойт! А сенин башың аман калбоо керек! (Ормон алдыма алып келбегиле, башын алып келгиле деп буйрук берген). Кылганыңа жараша жазаң болот!

– Тулкынын басы болады. Басыңдар бармы? Көрсетиңдер! Басыңдар жок болса, ала бериңдер басымды!

– Башың барда айтып кал, эмне арманың бар? Жамандыкты көп кылдың? Дагы арманың калгандыр?

– Арманым, казак, кыргызды бастап, Едилмен Жайыкты басып алган орыстарды конысымдан сүрип шыгара алмай калдым. Оны түркөй кыргыз түсинмейди. Шошкасы түегенгенде орыстар сендерди жейди. Экинши арманым, казактын көз жеткис байтак даласында, кыргыздын аспан тиреген таусында туым желбиреп, хан болып, казнам толып, сан байлыкты аша алмадым, елиме шаша алмай калдым. Үшинши арманым, үшинши арманым... Бел шешмей елим деп жау бетинде жүрген ер улынын убайын көрмеди шешем. Күйеден жас калды еде бешара шешемни күйеүге бере алмай калдым!

– Башка арманың жок болсо, башың орус төрөгө тартуу!

Кылычы колунда турган Калыгул хан Кененин башын кыя чапты. Баш дүп этип, Калча баатырдын алдына түштү. Башы жок тулку кан сийип, жерге кулады. «Хандын башын хан жутту».

– Көр ачып арбакты кордогон, көрүстөндөрдү өрттөгөндүн тагдыры ушундай болот, – деди Тынаалы башты таягы менен түртүп. – Кудайды караса боло, көркоо!

Кубаттын уулу Калыгул элчиликке барган кезде хан Кене кордоп, мазактап, атка тетири мингизип узатканы эсинде экен. Дегеле, Кенесары Касымовдун кылбаганы жок. Ал кары-жаш, кемпир-чал, катын-калач дебей аёосуз кырган. Солтолордун айылдарын өрттөп, таластыктардын мал-мүлкүн тоноп, меркеликтердин келин-кыздарын зордуктап, сарбагыштардын жигиттерин кул кылып, байгеге сайган. Кыжыры кайнаган эл хан Кенеге каршы түп көтөрө турду. Мындай шартта өз ара таарынышкан, чабышкан уруулар да бириге калып, жалпы намыс үчүн, Ата Журт үчүн каракелтек топтоп, чет душманга бириккен күч менен сокку урду.

Хан Кененин колу жыйырма миңден ашык машыккан жоокерлер болчу. Айбалта, найза, кылыч, калкан, чокмордон тышкары да эки миң беш жүз винчестр менен куралданган мергендери бар эле. Ошого карабастан, бул майдан түпкүрдөгү ызаны ташыткан, улуттук-боштондук мүнөздөгү элдик көтөрүлүшкө айланды. Хан Кене мекенди коргоо согушуна урунду. Ал ыза болгон, кыжыры келген элден, ошончолук катуу сокку алаарын, ушунча күч топтолорун билген эмес.

Мына, ошол себептүү хан Кененин башы алынып, тулкусу дардайып көмүлбөй жатты. Денеси ит-кушка жем болду. Ошондон улам «Кенесарынын өлүмүндөй ит өлүм болбо, көмүлбөй талаада калба» деген сөз калды элде. Бул окуянын чындыгын он жыл өткөндөн кийин кыргыздарга келген орус окумуштуусу М.Венюков ырастаган: «Кенесары Касымовдун жырткычтыгы элге ушунчалык өткөн экен, алар анын башын кесип, Карагул Кубатовдун куржунуна салып берип, Батыш Сибирь генерал-губернатору П.Д.Горчаковго жөнөтүшкөн» – деп, жазган.

* * *

Санкт-Петербургдан жөнөтүлгөн окумуштуу Пётр Петрович Семёнов Тянь-Шанды изилдеш үчүн 1857-жылы 27-апрелде Семей шаарынан чыкты. Экспедициянын составында тоо инженери, жол инженери, мөңгү, муз, суу изилдөөчү, жер кыртышын изилдөөчү, ориенталист, сүрөтчү-баталист, тилмеч жана аларды кайтарып жүргөн куралдуу аскер бар эле. Саякатчылар кызыл-тазыл жоогазын, мандалак, чымындык, байчечекей тоо-талаада чачырап турганда сапар тартышты. Семёнов кезиккен эле жерден карагайдын жумшак өзөгүн жеген токой коңузуна жолугуп, илимий олжо кылып, гербарий жыйнаган сандыкчасына салды. Эми казак талаасында кара коңуздун, курт-кумурсканын, чымын-чиркейдин түрлөрү, кескелдирик, таш бака, аспид, удав, гюрза, эйфе, кобра сыяктуу жыландын түрлөрү жайнап, жай алдында кыштай жаткан чээнинен чыгып, ар кайсы коко тикен, терскен, төө куйрук түбүндө оролушуп, күнгө кактанып жатты. Сүрөтчү Павел Кошаров таңкы-кечки талаа көрүнүшүн, казак-кыргыз күмбөздөрүн, жайылган малдарды, суу алган казак аялдарын, Аркат тоолорунун жазгы көрүнүшүн альбомуна тартып алды.

Пётр Семёнов 1857-жылы 29-майда Верныйдан чыгып, Түргөн суусун карай бет алды. Албан, дуулат, кызай казактары топ куруп, жыйын өткөрүп жатканда Тезек төрөгө жолукту. Жыйын бүтөөр менен Тезек төрө орус саякатчыларын Сейрек-Таш жайлоосуна алып барып коноктоду. Андан соң жоокер жигиттерин алып, сапарга кошо чыкты. Чарын менен Жалаңаштын бөксө тоолоруна келгенде өрүүн болушту. Сүрөтчү Чарындагы кайталангыс тоо көрүнүшүн альбомуна тартып алды. Жалаңашты жайлаган Тезек төрөнүн баатыры Атамкул орус кошуундарына сегиз козунун этин, сегиз серке чанач кымыз жеткирди. Атамкулдун артынан куралчан, атчан казак жигиттери келип, орус аскерине кошулду. Эми Боронбай жайлачу Каркыра жайлоосуна кол сунса эле жеткидей жер калды.

Боронбай соңку мезгилдеги кандуу окуялардан кийин мындан аркы элинин тагдырын ойлоп, орус империясына кирип берүүдөн башка арга таппай калган. Бугулардын ичинде да нааразылык чыгып, Тоң өрөөнүндөгү элди дүрбөтүп, Самсаалы Боронбайдан бөлүнүп, Барскоон, Жууку капчыгайлары аркылуу Эки-Нарындагы тынымсейиттерге үч миң кыдыкты көчүргөн. Борсон баштаган каракчылар Самсаалы баштаган кыдыктарды капчыгайдын башынан тосуп туруп, эки беттен качырып, курчоого алып бырчылдаткан. Көчтүн аягындагы аман калган кыдыктар акылдан адаштык болуп, кайрадан Боронбайдын элине келип кошулган.

Боронбай Туюк-Төрдө кыштап, экинчи жылы жаз чыгаары менен Сары-Жазга журт которду. Борсондун каракчылары бир жагынан, Үмөтаалынын желдеттери бир жагынан, Төрөкелдинин жигиттери дагы бир жагынан каптап, кыдыктардын жан сактаткан жылкысын жылкыдай, төөсүн төөдөй, коюн койдой, жук-жумурун калтырбай айдап кеткен. Журт жылан сыйпагандай жылас болгон. Эгер орустар келип калбаганда сарбагыштар Сан-Ташка келип түшкөн Боронбайды каалаган күнү чапмак. Боронбайлар күндүз от жагып, түнкүсүн караңгыда отурушкан.

Аңгыча күтүлбөгөн иш болду! Көл кылаасындагы кыргыздарга «орустар келатат» деген кабар тарады. Кастек, Каскеленден полковник Хоментовскийдин атчан аскерлери, Обухтун замбирек батареясы Үмөтаалынын кошуунун талкалап, Желаргы, Окторкой, Боом аркылуу качкан Адылдын артынан түшкөн. Көтмалды, Кызыл-Омпол, Орто-Токой аркылуу Кытайга өтүп кетем деген Үмөтаалынын үмүтү таш капты.

Ошол учурда Тау-Шелек, Жалаңаш, Чарын, Кегенди ашып келген Семёновдун экспедициясы Каркырага, андан Сары-Жазга келип жетти. Төрөкелди Ортоктун тоосунан жылбай буйткада жатты. Үмөтаалы азгын-бозгун адамдары менен Ат-Башыга, Куланакка, Жер-Көчкүгө чачырады. Деңиз деңгээлинен эки миң метр бийиктикте турган Боронбайдын конушуна жеткенде Семёновдун экспедициясы аттарын отко коюп, ак даам үстүндө жол багытын белгилеп, кеңешке отурушту. Саякатчылар куралдуу аскердин коштоосунда, бугу жигиттери жол көрсөтүп, Ысык-Көлдүн тескейи менен Сары-Жазды, Түргөндү, Зынданды, Жергезди, Алтын Арашанды, Караколду, Жети-Өгүздү, Чоң-Кызыл-Сууну басып, Жууку капчыгайы аркылуу Тянь-Шанга, Эки-Нарындын башына бара турган болду. Тезек төрө казак жигиттери менен Боронбайды саксактап Каркырада калды. 1857-жылы 9-июнда Пётр Семёнов менен Павел Кошаров Боронбайдын конушунан аттанып жолго чыкты. Артынан экспедиция мүчөлөрү, куралдуу бир сотня солдаттар чубады. Алар Ак-Суу капчыгайын өрдөп, Алма-

луу арашанды, кызыл таштар арасынан атылып турган Кайнар-Булакты көрүүгө барышты. Ак-Суунун белине чыкканда алыстан көгөрүп жаткан Ысык-Көл көрүндү. Не деген керемет! Ак карлуу тоолор тиреген жапжашыл алкакта көз мончоктой көл жатат! Саякатчылар ураган шагыл-таштардан өтүп, чайыр жыттанган, боркулдап кайнап жаткан арашанга келишти. Тегерегин гранит таштар курчаган, чөйчөккө окшогон жерден атылып турган Кайнар-Булак көргөндүн көз жоосун алат. Арашанга кире бериште тибет тамгасы менен жазылган жазууну окушту.

Семёнов тоо тектерин кылдат изилдеп, бул жанар тоодон пайда болгон булак эмес экенин, тоо түбүнөн, жер түпкүрүнөн, магмадан кайнап чыккан дары суу экенин далилдеди. Геологиялык балкасы менен тоо тектерин кертип алып, булгаары сомкесине салды. Бул породалар Санкт-Петербургдагы географиялык музейдин экспонаттарынын катарына коюлат. Павел Кошаров альбомун ачып, кыл калемин алып, боёк аралаштыра Алмалуу арашандагы кооз көрүнүштү сүрөткө тартты.

Орус экспедициясы бараткан жолдо жолуккан жатакчы кыргыздардын сураганы нан, талкан, курут, бир жилик эт. Боронбай камдатып берген күлазыктарын экспедиция мүчөлөрү ач-жылаңач кыргыздарга таратып отуруп, Жууку капчыгайынын таманына келишти. Ушул жерден алар Адылдын артынан сая түшкөн полковник Хоментовскийдин отрядына туш болушту. Жеңиш менен келаткан куралдуу орус аскерине экспедициянын жолугушу майрамга айланды. Алдына дозор салдырып, артына майдан ашканасын сүйрөтүп келген полковник Хоментовский окумуштуу Семёнов менен кучакташып көрүштү да, көрүшүүнүн белгиси кылып, тост көтөрдү.

– Жеңишчил орус куралы үчүн! – деди полковник көбүгү шуулдаган кружкасын көтөрүп. – Борбордук Азияга келишиңиз үчүн, Тянь-Шандын тоо-ташын басканыңыз үчүн, Пётр Петрович!

– Жергиликтүү элге ишеним менен мамиле кылалы, – деди Семёнов. – Биздин миссия майдан эмес, илим! Тянь-Шандын тектерин, суу бассейндерин, жер кыртышын, жаратылышын, өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөө!

– Мына ошол миссияга каршылык кылып жаткан каракчылардан жолуңузду тазалоо биздин милдет! Биз ошого чакырылганбыз! Азиядабы, Америкадабы, цивилизацияга тоскоол болгон каскактар бар. Кайсы бир туземдер европалык ак кишилерди жек көрүшөт. Ошол себептүү да өз ара касташып келет.

– Андайлар бар, – деп сөзгө аралашты тилмеч Файзулла Ногаев. – Жергиликтүү бугулар орустарга каршылык кылбаган, тынч уруулар, а орустардын келишин сүйбөгөн, ар кандай прогресске бөгөт болгон уруулар, сөзсүз, ок атпай койбойт.

– Аны биз кечээки эле беттешүүлөрдөн көрдүк!

– Тигине, алар! – деди хорунжий Лутшев кыр-кырдан түшүп келаткан кыргыздарды көрсөтүп. – Ууру жок десең жер алдында, бөрү жок десең жар алдында!

– Куралга! – деди полковник. – Катарга!..

Солдаттар ийинден мылтыктарын ала коюп, катарга тура калып мээлеп калышты. Адыл баштаган жигиттер куралдарын таштап, кыр-кырдан түшүп келишти. Кача албай калган кыргыздар колго түшүп берүүгө келатканын көрүп Семёнов:

– Буйругуңузду алыңыз! – деди. – Булар багынганы келаткандар!

Бетме-бет кагылышуу болбогон соң солдаттар затворлорун тартып, чабуулдан токтоп калышты. Эки оттун ортосунда калган Адыл колго түшүп берди. Полковник Хоментовский Адылды жан-жөкөрлөрү менен Алматыга айдатып кетти. Орус аскерлери кам-чомун жыйып Верныйга узады. Жигиттерди Семёнов жай-жайына коё берип, илимий иштерин, саякатын улады.

Жууку капчыгайын өрдөп, Семёнов куму эшилген Кызыл-Жар деген жерге келди. Бул жерден биздин замандын VII кылымында будда кечили, саякатчы Сю Ань Цзань өткөн. Ал Чуңкурчак, Сары-Жаз, Эңилчектен чыгып, Жууку ашуусун ашып, Ысык-Көлдүн тескейине түшүп, андан Кой-Сарынын тушундагы байыркы шаардын калдыктарын көргөн. Анын жазганы боюнча, Кой-Сары менен Кызыл-Суунун аралыгындагы аймакты байыркы жигилдердин урпактары мекендеген. Семёнов кытай саякатчысынын жазып кеткенин салыштырып, байыркы кыргыз каганы бир кезде ушул жерде турганын Боронбайдан укту. Бул жерлердеги ыйык эстеликтерди, балбал таштарды, байыркы күмбөздөрдү Боронбайдын эли көздүн карегиндей сактап келгенин байкады.

Пётр Семёнов менен Павел Кошаров тар жол, тайгак кыялардан өтүп, Борбордук Тянь-Шандын чордону Барскоондун башына келишти. Үч айрык суулар кошулган тоо көлүн, анда сүзүп жүргөн алтын түстүү канаттууларды көрүштү. Кара күрөң зоолор көгүлтүр көлдүн күзгүсүнө чагылышып, керемет көрүнүштү жаратып турат. Сүрөтчүгө табылгыс дүйнө! Павел Кошаров альбомун ачып, көл үстүндөгү көрүнүштү тартып кирди. Андан ары дагы көл жатат. Ошол көлгө куйган суунун жайыгынан муштумдай алтын табышты. Семёнов тоо тектерин чагып көрүп, бул жерде алтын кени жатканын аныктады. Экспедиция андан ары жүрүп, Эки-Нарындын башына келди.

Жардан учкан төөлөрдүн, өлгөн жылкылардын, жебе сайылган, кылыч жеген адамдардын омуртка, жиликтерин, каркайган кабыргаларын көрүштү. Көч түшкөн жерде тулга, казан, сынган уук-керегe,

түндүк, кийиздердин үзүк-жулуктары жатат. Ушул жерде кызыл кыргын болгонун жаземдебей байкады Семёнов. Алиги тоңдук кыдыктар Үмөтаалынын колунан ушул жерде кырылган. Адамдар менен жаныбарлардын өлүгү чиригенде карамай чыгат, карагай-черлер чиригенде таш көмүргө айланат, өлүктөр себилген жер семирип, өсүмдүк дүркүрөп өскөн.

Ак, кызыл, сары, көк гүлдөргө бөлөнгөн улуу тоонун Сырт жайлоосу кол тие элек кыздай толукшуп, көк чөбү толкундай ыргалып жатты. Сырт жайлоолорунан аккан булактардан, мөңгүлөрдөн куюлган Нарын суусунун башы ушул жер. Аягы барып, Ала-Бука, Тар-Суу, Көкөмерен, Чычкан, Кара дарыялар кошулган чоң Нарынга, андан Сыр-Дарыяга айланат. Сыр-Дарыянын башталышын, Нарын суусунун чыккан жерин Пётр Семёнов Европа дүйнөсүнө, география илимине биринчи болуп ачты.

**(Уландысы бар)**

# Акын Байтемир Асаналы уулу 70 жашта



* * *

*Суу шары болуп укканым,*
*Жээгинде келет уктагым.*
*Көр оокат жайын ойлонбой,*
*Көпкө уктар элем ойгонбой.*

*Тоо суусу тынбай шарылдап,*
*Кападан көңүл арылмак.*
*Жандүйнөм кирден тазармак,*
*Арчадай өмүр жашармак.*

*Тууган жер, сени сагынып,*
*Барууга жүрөм камынып.*

---

**АСАНАЛЫ уулу Байтемир** – *1940-жылы Нарын районунун Чет-Нура айылында төрөлгөн. 1963-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүрүп, эки жылдай Нарын шаарынын мектептеринде мугалим болуп иштеген. Кийин республикалык Басма сөз комитетинде, узак жылдар бою «Мектеп» басмасында, «Кыргызфильм» киностудиясында ж.б. мекемелерде эмгектенген. Соңку жыйырма жылдан бери балдардын «Байчечекей» журналында жооптуу катчылык кызматты аркалап келүүдө.*

*Кыргыз жана орус тилдеринде бир нече оригиналдуу жана котормо китептери жарык көргөн. Айрым ырлары чет тилдерге которулган. Өзү да бир катар чет элдик авторлордун чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Б. Асаналы уулу балдар үчүн да жазат.*

*1975-жылдан Кыргызстан Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

*Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыктын ээси, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмери. Бишкек шаарында жашайт.*

*Ажайып кызык түш көрүп,*
*Алмактын кыйла күчтөнүп.*

*Жаандан коркпой түнүндө,*
*Жатмактын арча түбүндө.*
*Уукпай ушак-айыңдан,*
*Укмактын көп сыр кайыңдан.*

*Миң түркүн гүлү ачылып,*
*Жылдыздар көктө чачылып...*
*Бадалдан элик бакырып,*
*Жаткандыр мени чакырып...*

## Жамгыр ыры

*Жамгыр жаады, жамгыр жаады дыбырап,*
*Жатканыбы сүйүү сырын шыбырап?*
*Жандүйнөгө жагып турду ошондо,*
*Жакшынакай уккулуктуу бир ыргак.*

*Жамгыр жаады, жамгыр жаады дыбырап,*
*Жаткан сымал жаратылыш ыр ырдап.*
*Боз үйдө эжем куймак куят бу кезде,*
*Казандагы кайнаган май чырылдап.*

*Жамгыр жаады, жамгыр жаады дыбырап,*
*Жайлоо көркүн ого бетер сулуулап.*
*Асмандагы сур булуттар удургуп,*
*Аздан-аздан агарууда чыгыш жак.*

*Алдындагы камчыланып кара атты,*
*Ак калпакчан атам малга баратты.*
*Ажарына чыга түшкөн теребел,*
*Адамдарды суктандырып каратты.*

*Түрүп салып боз үйлөрдүн эшигин,*
*Жаанда сыртка чыккысы жок эч кимдин.*
*Жапжаш эне өзүн сезет бактылуу,*
*Жай терметип чүрпөсүнүн бешигин.*

*Акырындап жамгыр ыры басылды,*
*Айнекке окшоп асман чайыттай ачылды.*
*Айдарым жел аккан жашын кургатып,*
*Ар түркүн гүл чачты абага атырды.*

*Жааган жамгыр дыбыр... дыбыр... дыбырап,*
*Жайлап барып басылды анан бир убак.*
*Жээрде бээ өзү келип саадырбай,*
*Жеңем жүрөт кыруу... кыруу... кыруулап...*

* * *

*Торгой ырын эшитип,*
*Тоо суусуна чайындым.*
*Карагайлуу кайкыдан*
*Жыты келет чайырдын.*

*Чыгам бийик чокуга,*
*Чарчаганга кайылмын.*
*Мейли деймин күйүксөм,*
*Карайм жерди бийиктен...*

## Коргондой болдум Ак Моорду

*Маржанбы сулуу мойнунда?*
*Магдырайт тоонун койнунда!*
*Көңүлдүн толуп бөксөсү*
*Көркүнө көлдүн тойдум да!*

*Тоолордон кемер курчанып,*
*Толукшуйт күн-түн нур чалып.*
*Күзгүдөй баарын чагылтып,*
*Кулуңдөп жатты тынч алып.*

*Койгондой күмүш жалатып,*
*Койнуна тоонун жарашып,*
*Ажары артат түнкүсүн*
*Ай, жылдыз жүзүн карашып.*

*Байырлап элим ал жерди,*
*Башынан көптү өткөрдү.*
*Сонуркап карап канчалар,*
*Соң-Көл! – деп сонун ат берди.*
*Көп эңсеп барып ал жерден,*
*Көлдү,*
*анан Соң-Көл периси –*
*Көргөндөй болдум Ак Мөөрдү!*

## Портрет

(А. А.)

*Жаратылыш берген өңдү… акылды…*
*Жарашпайбы жакут десем затыңды.*
*Элесиң – Ай жарык чачкан асманда,*
*Эске салды качанкы өткөн жазымды.*

*Кирпиктериң күн нурундай чачырап,*
*Ким болбосун жылынууга ашыгат.*
*Көктө жанган жылдыз сымал эки көз,*
*Көп сырларды тереңине жашырат.*

*Астыртадан көз жиберип тиктедим,*
*Апапакай тизген күрүч тиштериң.*
*Айып таппай ажарыңдан айпери,*
*Арбаламын келбетиңе бүт сенин.*

*Кырдач мурун куп жарашып бетиңе,*
*Кыйшайбай бир бөлүп турат экиге.*
*Маңдайыңда тургум келет түбөлүк,*
*Мадоннадай көрүнөсүң көзүмө.*

*Аруу жансың бир жаралган керемет,*
*Айткым келет күндөн түшкөн желе – деп.*
*Сезилесиң бүткөн өңдүү кайыптан,*
*Сендей сулуу сейрек эле төрөлөт.*

*Байкап турсам баратасың койкоюп,*
*Башкалардай бой көтөрбөй оштонуп.*
*Сени көрүп, сездим жашоо лаззатын,*
*Сезимимди алоолонттуң от коюп…*

*Капысынан өзүң менен кез келем,*
*Карап эле тургум келет кечке мен.*
*Бардык жерде сенин сүйкүм элесиң,*
*Балбылдаган күн сыяктуу өчпөгөн!*

*Мына ушундай – портретиң, элесиң,*
*Миң кубулуп көз алдыма келесиң.*
*Аялсыңбы, перисиңби айталбайм,*
*Айтор, укмуш жаралгансың сен өзүң!*

## Өтүнүч

*Каректе жарык нурун өчүрбөгөн,*
*Карайсың терең сырдуу көзүң менен.*
*Какпастан, бир жылмайып карап койчу,*
*Карындаш, таанышайын өзүң менен.*

*Сүйүүдөн үшүдүңбү, ысыдыңбы?*
*Кээ бирде шарап ичпей кызыдыңбы?*
*Ар дайым сактайм сезим тереңинде,*
*Акырын айтып койчу ысымыңды?*

*Көргөндө, көңүлүмдө жанып учкун,*
*Көкөлөп кыялымда алыс учтум.*
*Ал учкун өрткө айланып кетелекте,*
*Айласын бир табалы, жаным, уккун!*

*Алдың да, бир заматта арбап, жаным!*
*Айтууга сөз табалбай алдастадым.*
*Өмүрдү жарык кылган ак шамым бол*
*Өзүңдү аздектейин, ардактайын.*

# Сыйлык, наам жөнүндө

*Сөз болгондо сыйлык, наам жөнүндө,*
*Капысынан келет бул ой көңүлгө.*
*Бул дүйнөдөн өттү не бир таланттар,*
*Сыйлык, наамдан эчтеме жок көбүндө.*

*Айрымдар бар сыйлык, наамга тойбогон,*
*Кайырчыдай суранганын койбогон.*
*Эң бир калыс эл пикирин эске албай,*
*Эптеп орден алуу жагын ойлогон.*

*Тирүүсүндө «гениймин» деп көбүргөн,*
*Кээ бирөөлөр сыйлык, наамга көмүлгөн.*
*Өзү өлгөндө унутулуп сыйлык, наам,*
*Ысымдары дароо чыгат көңүлдөн.*

*Анык талант дат баспаган алтын да!*
*Эл-журт билет алардын баа, баркын да!*
*Эмгектери унутулбай, эскирбей,*
*Жашап жатат бүгүн дагы калкында!*

*Эч ким муну чыгарбастыр төгүнгө,*
*Сыйлык, наамы болбосо да көбүндө,*
*Алар дайым өчпөй жанган жылдыздар,*
*Ала-Тоонун ай-жылдыздуу көгүндө!*

* * *

*Суудай чачып далай мезгилди,*
*Акыл айтса, укпай эч кимди,*
*Өкүнүчтүү «ай, ка-ап...» дедиртип,*
*Өмүргө да минтип кеч кирди.*

*Чама жетпей терең ойлоого,*
*Калбай барып үлпөт, тойлорго.*
*Убакыттын билбей кымбатын,*
*Убайым жейм түнгө оогонго...*

*Каркырадай кайткан чубашып,*
*Кайрылбайт ээ, кайран убакыт...*
*Өчүң бардай иште, иштеп кал,*
*Өмүрүңө ошол куралызык.*

*Жолум, билбейм, жакын, алыспы?*
*Жолоочумун чыккан түн катып.*
*Убакыттын сезем кадырын –*
*Уучумдагы олжом уялтып...*

## Акын

*Билесиңби, акын деген – ал кандай?*
*Акын өзү күн кечирет ар кандай!*
*Ыр чыкпаса, сезет өзүн бечара,*
*Бул турмушта жашаганы жалгандай.*

*Билесиңби, чыныгы акын – ал кандай?*
*Бир карасаң, чалагайым балдардай...*
*Жакшы ыр жазса, кубанчынын чеги жок,*
*Өтөт күнү өзгөчө бир майрамдай!*

*Билесиңби, акын деген – ал кандай?*
*Туура сүйлөйт хандан, бектен жалтанбай!*
*Кээде көрсөң өтө жумшак, өтүмсүз,*
*Эч бирөөгө сен деп катуу айталбай.*

*Ооба, акын жашап келет ар кандай,*
*Китеп болсо, киши жоктой андан бай...*
*Таң каларлык чынында акын мүнөзү –*
*Тагдырына так ошону жазгандай.*

* * *

*Булактын бою. Жалгызмын,*
*Буруксуйт жыты жалбыздын.*
*Санаалуу ойдон арылам –*
*Сайрашын тыңшап ар куштун.*

*Жалбыздын жытын искедим,*
*Жалбырак, гүлүн үзбөдүм.*
*Кете албай турдум ал жерден,*
*Келчүдөн бетер сүйгөнүм.*

*Жайлоо го көркү дүйнөнүн,*
*Жай өтүп, шаарда үйдөмүн.*
*Азыр да мага сезилет,*
*Андагы жыты жийденин.*

## Тоолукмун деп мактанам

*Уктаганда түшүмө тоолор кирет –*
*Учуп жүрөт бүркүтү асман жиреп.*
*Тойбой келем көркүнө тоолорумдун,*
*Карасам да кайталап бир канча ирээт.*

*Тоону кудай берген тура кыргызга,*
*Тоолук кыргыз жакын жашайт жылдызга!*
*«Тобо!» дейли, тоолор бизге таяныч,*
*Тоо бар үчүн токпейилбиз турмушта.*

*Тоолор турат Ай, Күн менен сырдашып,*
*Тоонун көркү көргөндөрдү кылды ашык!*
*Өмүр жолум аягына чыккыча,*
*Өткүм келет тоолорум деп ыр жазып.*

*Тоо кыргызды кырылуудан сактаган,*
*Тоосун кыргыз коргоп келген, сатпаган!*
*Мекенибиз, Мекебиз да Ала-Тоо,*
*Мен дүйнөгө тоолукмун деп мактанам!*

*Тарыхый романдан*



Жапаркул
ТОКТОНАЛИЕВ

# АБИЙИР ӨЛҮМДӨН БИЙИК

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

## Акыркы айкаш

Түндүк тарабы тоо таяна бийиктеп, түштүгү көз кайкыта созулуп, эрме чөлгө жалгашкан дөңсөө адырлар жаңы ык салган таң алдында үрүл-бүрүл мелмилдейт. Жергесин каптап кирген калмак баскынчыларын Жети-Төр, Чеменден өткөрө сүргөн нойгут жоокерлери таң ык сала ойгонуп, жарак-жабдыктарын шайлап, оорук чатырларынын алдындагы түзөңдө кыркаар тарта тизилип демдүү турушат. Кечөөкү айкашта арбын жоготууга учурап качкан жоонун артынан түшүп, кыргыз жергесинен биротоло сүрүп чыгарууга аттанышкан. Кол башыдан буйрук сөз күтүүдө.

Зээри бийик, соорусу жайык, суйдаң жалдуу, ойноктоп, ооздук кемирген кара аргымакчан, башында чоктуу туулга, соот, чопкут ийиндүү бакубат тулкусуна жарашкан кол башы жоокерлерге кайрылып:

– Баатырлар, кандай, беймарал эс алдыңарбы? Курал-жарагыңар шайбы? – деп үн салды. Кол башынын коңур кайраттуу үнүнөн, агедил камкордук, көңүлгө дем берген адамдык мээр туюлуп турду.

Катардан алдыга чыккан биринчи жүз башы Орозой:

– Дурус эс алдык, баатыр кол башы. Жүрүшкө даярбыз. Курал-жарагыбыз шай. Жарадар болгон беш жоокерди өзүңүз көрдүңүз, айылга узатууга даярдап койдук, демдүүбүз. Сизден сөз күтөбүз, – деди.

– Даярбыз.

– Калмакты кууйлу!

– Жерине жеткире кууйбуз, – деген үндөр таң үрүлүнө жаңырыктоодо.

– Ыракмат баатырлар, Кудай жар болсун, ишибиз оңунан чыкса, бүгүн калмакты жергебизден сүрүп таштайбыз. Менин баамымда алар Жети-Төрдүн берки жыбытында суу бойлоп бугуп жатышат. Кечээки жеңилиш аларды алсыратты, бирок үмүтүн үзгөн жок. Мендеги кабарларда алар өч алуу үчүн чабуулга чыгып, бизди артка сүрүп, жерибизди ээлемекчи. Түнкү кайгуулда жүргөн Эрмат менен Кошубак эмнегедир кечигип атышат. Алардын келишин күтүп атам. Жаңы кабар келсе ошого жараша багыттарыбызды, өңүттөрүбүздү тактайбыз, – деп кол башы сөзүн улаарда:

– Ана, келатышат, – деген үнгө удаа таң үрүлүнөн суурула чыккан эки атчандын бири катарынан озо, тизгин жыйып:

– Баатыр кол башы, билгенибизди баяндасам деймин, – деп ызаат көрсөтө уруксат күттү.

– Кулак сенде, жоокер Эрмат, – деп сабырлуу унчукту кол башы.

– Калмактардын калкына кайтчу түрү жок. Биз тарапты жесектеп жүрүшкөнүн байкадык, чабуулга аттанчудай кейипте турушат. Туюк-Төрдүн берки жыбытында ооруктагылары ойгонуп, тамактанып, жарадарларын артына жөнөтүүгө даярдашып, өзүлөрү ат токуп, жарак-куралын шайлап тургансышат, – деди Эрмат.

– Ыракмат силерге, катарыңарды ээлегиле. Баарыңар кулак салгыла, жагдайга жараша үч тараптан чабуулдайбыз. Орозой, Маматай жоокерлери менен күн жүрүш сол тарабынан, Бакберген, Эсентай жоокерлери менен оң тараптан тоо жакка барып душман чабуулга өткөнчө бугуп турушат. Мени менен Эркебек, Чомотой, Кушбектердин жоокерлери бетме-бет согушабыз. Алдыда болгон согуш күндөрү калмактардын жаа тартканга чабал, найза сунганга ыкчыл экендиктери баамдалды. Аларды бетме бет бутадан чукул келтирбей жаа, жебе менен тособуз. Жаа ургаал, таамай тартылса, алар туруштук бере албай чегинишет. Артынан түшө, аралык сактай сүрөбүз. Бир дагы жебе сая кетпесин, баатырлар, кайраттуу, сабырлуу, тыкан болгула, Аллаху Акбар, – деп алакан жайды кол башы.

Жоокерлердин жапырт коштоосунда Карадолу аталган аргымакты текиреӊ урдура кол башы алдыда баратты. Таң жарыгы толук жайылган маалда нойгут жоокерлери үчкө бөлүнүп, төрдү карай баратышты.

Бетме-бет салгылашууга бараткан жоокерлердин алдында ээрге кошо бүткөндөй келбети көзгө толумдуу кол башы алдыга кыраакы көз жиберип, тизгин жая жыйнактуу баратты. Чоктуу туулга кырынан кылайган жазы маңдайына ийилген кара каштары төп келе, кайрат

учкуну жанган сурмалуу курч бото көздөрүнүн тереңинен адамдык мээр, үзүрлүү үмүт туюлат; таноолуу кырдач муруну калыңыраак эриндерине жарашып, буудай өңдүү кара сур тарткан чырайлуу жүзүнөн майтарылбас эрк, кебелбес сабыр туюлат. Жаасы каруудa, эки санда жебелүү саадак, түпөктүү найза такымга кысылган, эли үчүн өмүрүн сая ажалга тике карап бараткан кол башы кыргыз кызы Жаңыл мырза эле. Туюк-Төрдүн берки жыбытына жете бербей жоокерлерди токтотуп:

– Баатырлар, жоону чогуу беттесек мээленбес бута болобуз. Мерчемдүү жерге чукул калдык. Алды-артыңардан, эки тарабыңардан көтөрмө бою аралык сактап, ирээттүү бириндеп жүргүлө. Эки тарабыбыз ыкчамдап, ортобуз тизгин тарта, жаадай ийиле жоону үч жагынан жебеге алып тособуз. Качышса артынан түшө сүрөбүз. Бетме-бетке келтирбей жаа тартабыз. Бетме-бетке тушуксак, калтаарыбай найзасын кагып, найза сунгула. Бири-бириңерге көз сала жүргүлө. Мен алдыңарда барамын, – деп күтүлгөн жагдайды тастыктап буйрук берди.

Кол башынын буйругун бири-бирине жеткире, жоокерлер айтылган ирээт, тартипти сактап, шайбыр жүрүштө жоону күтө баратышты. Көп узабай белес алдында ат койгон каптаган калмак түмөнү көрүндү. Жоо жаа бутасына келгенде:

– Жебе! – деген Жаңыл мырзанын кайраттуу үнүнө удаа жаанын догосундай ийиле бараткан нойгут жоокерлеринин ирээттүү таамай тарткан жебелери калмак түмөнүнүн катарын бузду. Жоготууга учураган жоо артка чегине түшүп, кайра жапырыла чабуулун улантууда. Жаадай ийилген кыргыз жоокерлеринин катарынан үч тараптуу себеленген жебелер калмакты алдыга жылдырбай жапырып турду. Калмактар өлгөндөрүнө карабай, көшөрүп алдыга жылып, найзалашуу аракетинде. Эт бышымча убакыт абал улам кайталанып жаа жебесине учкандарынын саны көбөйсө да, көптүгүнө салып өжөрлөнгөн калмактар бетме-бетке жакындап келди.

Жаңыл мырза кошуун алдында жаа тартып баратты. Ага туйдурбай арттараак эки тарабынан эки найзакер көзөмөлдөп, кол башын сактоого даяр жүрүшөт. Бетме-бетке келген тулгачан зор калмак Жаңыл мырзаны беттеп найза сунду. Анын найзасын калканга тосуп каккан Жаңыл мырза кайгып барып кайра кайрылган калмак кол башысын найза уруп, аттан кулатты. Жаңыл мырзаны капталынан качырып найза сунган калмак жоокерин, кол башысынын көз кырынан кетирбей сактап келаткан кыргыз жоокери ээрден кулатты. Туулгачан кол башысынын сулаганын көргөн калмак жоокерлери жапырыла артына дыргыганда, ак боз атчан тулгалуу калмак өз тилинде кыйкырып, кылыч булгалап, качкан жоокерлерди майданга тартууга аракеттенди. Бири-бирин сүрөгөн калмак жоокерлери, кайра кайрылып

кыргыз жебесинин учкандарына карабай бетме-бет найзалашууга өтүп, майдан кызып турганда жоонун эки тарабынан Орозой, Бакбергендин жоокерлери:

– Жаңыл мырза! Нойгут!

– Жаңыл мырза! Кыргыз! Кыргыз! – деген ураан менен жаа тартып кол салышты. Мындай күтүүсүз соккуга туруштук бере албай, кол башысынан башка өлүктөрүн алууга чамасы жетпей, калмактар жапырт качууга өтүштү.

Жаңыл мырза качкан жоонун артынан түшүүгө майданга жаңы кирген Орозой менен Бакбергендин жоокерлерин жиберди да, бетме-бет салгылашып, чаалыккан жоокерлерди эс алууга буйруду.

Качкан жоону артынан сүргөн Орозой, Бакберген жүз башыларга жоокерлерди алды-артынан эки тарабына аралык сактатып алып жүрүү буйрулган. Салгылашуунун атайын ыкмаларын сактаган жарым миңден ашуун жоокерлер бута атым аралыктан жаа тартып, калмактарды сүрүп баратышты. Артынан сая түшкөн кыргыз жоокерлеринин жебесинен кутулуу аракетинде көп жоготууга учураган калмак түмөнү чычая качып баратты.

Жоону бетме-бет тоскон Жаңыл мырзанын жарым миң ашуун жоокерлери он башы, жүз башыга бөлүнө эс алып жарадарларды, мерт болгондорду таап, айылдарга жөнөтүүгө даярдап, кам көрүүдө.

Жоокерлерден алыс эмес жерде жайылган көрпөчөдө отуруп, суусун кандырып эс алган Жаңыл мырза ордунан туруп, жүз башы, он башылардын тобуна барып, жарадар болгондорду көрүп, тануулары оңдоп, түзөп, ал-жайын сурады.

Жаңыл мырза кол башынын майданда түзүлүүчү жагдайды кыраакылык менен баамдап, жоокерлердин ирээтин бузбай, аралык сактап, жебени сая кетирбей жаа тартуусун камсыздаганынан улам жарадарлар аз, беш жоокер жарадар болгон, бирөөнүкү саал ооруraак, мерт болгондор жок. Жоокерлер эс алууда.

– Баатыр эже, бизге да келиңиз, – деп ар бир топтон кол башыны сүймөнчүк чакырып турушту. Эс алууда, өз ара адамдык мамиледе кичүүсү да, жашы илгериси да Жаңылды «баатыр эже» дешет.

Эт бышымча убакыт жоокерлер тыныгышып, жарадарларды айылга узатышкандан кийин, кол башы Жаңыл мырза жүз башыларды жыйып, акыл курады да, Орозой, Бакберген жүз башыларга демөөр болуп, жоону биротоло чегине сүрүп таштоо үчүн капталдан капшыруу ыкмасын колдонууну чечти. Жоокерлерди жапырт аттандырып, таскак урдура Орозой, Бакберген жүздүктөрүнүн артынан жүргөн Жаңыл мырза эки чай кайнам убакыт өтө майданга жакындап, калмактар сан үстөмдүгүнө салып, кыргыз жоокерлерин бетме-бет найзалашууга тартууга аракеттенип турганын баамдап, жоонун

оң ыпта аяк чейинен «кыргыздап» ураан салып, жаа тарта, каптап кирди. Ирээти менен ургаал тартылган жаа огу жоонун катарын суюлтуп, жоготуусун көбөйттү. Алдынан жана капталынан сокку жеген жоо өлгөндөрүн жыйнап алууга чамасы жетпей, тоо таяна ыкчам чегинип баратты.

Тизгин жыя кошуунду токтотуп, жүз башыларды жыйып, акыл калчап турду да:

– Жоо ушул тейинде токтобостон ашуу ашып, өз чегине өтүүсү ыктымал. Кайра кайрылбайт деп так кесер айтууга болбойт. Эсин жыйса, өзгөнүн жерине көз арткан өжөр калмактын оюна эмне келерин табышмактабайлы. Жаа тартканга мерген, найза сунганга да ыктуу жигиттерден өз эрки менен эки жүз жигит алдыга чыккыла, – деп өтүнүчтүү үн салды кол башы Жаңыл мырза. Жоокерлердин арасы бир паска тынчый түштү да, биринен сала бири алдыга чыгып, катарга тизилген жигиттер сөз күтүп турушту. Өз ыктыяры менен чыккандардын саны өтө эле көптөй көрүндү. Ыраазы болгон кол башы:

– Баатырлар, ыракмат, ыраазымын, Кудай Таала жар болсун, элиңер, ата-энеңер ыраазы болушсун. Каалагандар көп, Кудайдан ыракмат болсун. Эми чыкпагыла. Бул ыктыярлуу баатырларды жоого баштоо үчүн жүз башылардан ыктыяры менен экөө чыксын, – деди.

– Бул шумкарларды жоого баштаганга жалгыз өзүм эле татыймын, уруксат этиңиз, – деп омуроолуу зээри бийик илбирс чаар атчан, башын жашыл шалпар менен бууп, багалеги саймалуу кандагай шымга боз таар кемселин шымданган жашы жыйырманын ортосунан өткөн, кызыл жүздүү, бакыраң көз, денеси чымыр Чомотой жүз башы алдыга чыкты.

– Ыракмат, Чомотой баатыр, Кудай жол берсин! Жоонун артынан түшүп бута атымдан жаа тартып, жоону жебе менен сүргүлө, чогуу эмес, аралык сактай жүргүлө. Жаа бириндеп, ар кайдан учса, жоо силерди көп экен деп кайрылбай кача берет. Калган кошуун силерге таккоол болуп артыңардан барабыз. Жоо кайрылса бирге тособуз. Аллоху Акбар, – деп алакан жайган Жаңыл мырзага бүт кошула тоо арасында угулган Аллахи Тааланын аты менен Чомотойдун жоокерлери таскак урдура калмактын артынан түштү. Кайраттуу жүз башы жетектеген үч жүз чамалуу жоокер кол башы буйругандай аралык, катар сактап жүрө жоого бута атым жетип, жаа тартууга өттү. Оздук тоголоруна туурасынан чылбыр өткөрүлө кошоктолуп, куюшкандары да бириктирилген токулгалуу төрт аттын ээрлерине кош шырыкка таңылган кол башынын денесин арчындап бекитe, кошуун алдына салып, өр таяна узап бараткан калмак түмөнү артына кайрыла албай жабыла ашууга жармашууда. Нойгут жоокерлери жаа

тарта артынан сүрүп баратат. Жанталаша качкан калмактар кара таандай чачырап, тоо кырына үч чакырымдай созула жармашып, аркы бетке, жергесине ооду. Жоонун артынан сая түшө кубалаган кыргыз жоокерлери кырга чыга токтоп, өз чегине узап бараткан калмактарга көз жибере санаалары тынып турушту. Илбирс чаарды кош аяктата түйүлтүп, кылыч булгап турган жүз башы Чомотой ашуу кырынан:

– Кыргыз! Кыргыз! – деп үн салды.

Аркая көк тиреген аскалар да «кыргыз», «кыргыз» деп жаңырыктап, жергесин коргогон элди куттуктагансып заңкаят.

– Нойгут, нойгут!

– Жаңыл мырза, Жаңыл мырза! – деген кубанычтуу кыйкырыктар аска жаңырыгына коштолуп турду.

Чомотой баштаган жоокерлердин жоо сүрүүсү ашууда аяктарын болжогон Жаңыл мырза кошуун жүрүшүн ылдамдата баштап ашууга чыга келди. Кол башыны көргөн Чомотой баатыр алдына чыга келип:

– Баатыр кол башы, жоокерлериңиз калмакты жергесине сүрүп чыгарды. Кыргыз жергеси бошоду, – деп төшүн баса ат үстүндө ызаат көрсөтүп турду баатыр кызга.

– Ыракмат баатыр, Кудайдын, элдин ыракматы болсун, – деп жүз башыга ыраазылык билдирип, ашуунун кырында кыркар тарта катарлаша өз жерине качып бараткан калмактарга көз жибере кубанычтуу турган кыргыз жоокерлерине кайрылды:

– Оо, баатырлар, нойгуттун, кыргыздын баатыр уулдары, – деп бир аз буулугуп турду да, – ата конушуңарды жоодон бошоттуңар. Ыраазы болгон элиңер силерди күтөт. Ата-энелер, жубайларыңар, балдарыңар, ага-иниңер, эже-карындаштарыңар, кыз-келиндер, жеңе-желлпиңер күтүшөт силерди. Өзү катылган жоонун катыгын бердиңер. Эмне дейин, аман болгула, – деп сөз улады, – Ата Журтубузга, калайык-калкка ар дайым калканч болгула. Элиңерге, жериңерге ээ болгула! Соо болгула, бар болгула, боордошторум! Эми жыйылсак согушка эмес, тойго жыйылалы.

Жаңыл мырзанын сөзүнөн кийин жүз башылар, он башылар, жоокерлер кол башы баатыр кызга кол берип, коштошуп атышты. Баатыр кыздын колун кармоого миң ашуун жоокерлердин баары ынтызар эле. Бирден келип кол алышуу бир тууганча жылуу болду. Бир кыйлага созулду. Жүзү жаркыган Жаңыл мырза менен ат үстүндө кол алышкан жоокерлер да, Жаңыл мырза да бактылуу эле. Кол башы менен коштошкон жоокерлер уруу-уруу, айыл-айыл биригип узашты. Жаңыл мырза да өз уруу жоокерлери менен айылына кайтты.

## Кечигүү жана өктөлүү өкүнүч

Кошуундан тай чабымча аралык үзө союшка арналган субай үйүр айдалып баратат. Көлдүн аягына чыга Кең-Суу, Сары-Жон, Бөрүлүү өрөөндөрүн тепчип, Кумбелден ылдый капчыгай өрдөп, Тектир-Саздан түшүп, Кара-Үңкүр, Он-Арча, Нарын дарыяларын кечип, Кызыл-Бел, Торугарт аша Какшаал тоолорун этектей беш ара конгон кыргыз жоокерлери түш оой Туюк-Төрдүн четки жыбына жете келишти. Асман ачык, айлана ээн, негедир жерге жакын кузгун, жорулар каалгыйт. Коктунун таманынан түтүн булайт. Туура жакта беш-алты киши жер казып атышат. Үчүкө, Түлкү кокту таманына жигиттерин аттан түшүрүп, бел чечип эс алууга жайлаштырып, өзүлөрү четтерээк жайылган көрпөчөгө отурушту.

Туш-тарабына көз жиберип турган Үчүкө:

– Кыясы, ушул арада согуш болгону туюлат. Нойгут жоокерлери калмакты бул жерден сүргөн сымалдуу, жер казгандар калмак өлүктөрүн жашырууга калган жоокерлер окшойт. Көп алыс эмес ашуу алдында согуш жүрүп турушу ыктымал. Ушул жерде бир аз тыныгып аттансак нойгуттарга демөөр болуп, бир капталынан калмакты сүрөбүз. Аныгын азыр билебиз, – деп жигиттеринин бирин жер казгандардын тыңыраагын чакырып келүүгө жиберди.

Каалгый басып токтоо келген жаргак шым, таар кемсел, бүйүрмө кайыш чокойчон, кабелтең кара сур, келте мурун, сурмасыз көздөрү суз тиктеген жигит бир аз ийиле салам айта Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабактарга кол берип, сөз күтө отурду.

– Алейкум салам, кел, отур, биздин жаныбызга. Таанышалы, атың ким, бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр? – деп жай сурады Үчүкө баатыр.

– Нойгутмун, баатыр кол башынын жоокери болом. Ысымым Кoроoбай. Өлгөн калмактарды жашырып жүрөбүз, – деди жоокер.

– Баатыр кол башың ким? – деп сөз кыстарды Түлкү баатыр билмексен болуп.

– Баатыр кол башы – Жаңыл мырза. Баатыр эже эмеспи, – деп сыймыктана компойду жоокер жигит.

Аккочкор жылмая Түлкүнү карады.

– Дурус экен. Азыр Баатыр кол башы кайда жүрөт? – деди Үчүкө баатыр.

– Баатыр кол башы айылына кеткен. Согушту кечээ бүткөнбүз. Калмактарды ашуу ашыра кубаладык, – деген нойгут жигиттин үнүнөн өзүнө да, кол башысына да ыраазылык туюлду. Түлкү, Атакозу, Чабактар бири-бирин карап, таң кала отурушту.

– Жакшы болгон экен, калмактан элиңерди сактапсыңар. Калмак көп беле, канча күн болду согушканыңар? Силердин кол башынын канча жоокери бар эле? – деп тастыктады Түлкү баатыр.

– Оо, айтпаңыз, калмак өтө көп эле, түмөн дешти го. Биздин баатыр кол башыныкы миң жарымдан арбын эмес эле. Жоону чөлдөн тоону карай сүргөнүбүзгө он чакты күн болду. Кечөө бүтпөдүкпү, – деп көөкөрдөн сунулган чөйчөктү алып, кымыз гүлүн татып, мурут сылай топуктуу отурду жоокер Корообай.

– Түмөн калмакты миң жарым киши кантип сүрдүңөр, өлгөнүңөр көппү? – деп кызыгып сурады Түлкү баатыр.

– О, биздин баатыр кол башы амалдуу да. Жоонун жайын чалгын жиберип билип алат да, капталынан буктура, капшыра согуп, жоонун ажалын колуна берет. Бизди бириндетип, алардын артынан көтөрмө бою аралык сактатып алып жүрөт. Жоону бута атымдан жакын келтирбей жаа менен тостурат. Бетме-бетке келтирбейбиз. Чачырап, таамай жаа тартабыз. О, биздин жебелер себелегенде жаны кыйылган калмактар туруштук бере албайт. Бетме-бет келсе найзалашабыз.

– Кол башыңар айкашка көз салып артта жүрөт да, – деп кытмыр суроо салды Аккочкор.

– О, кайдан артта болсун, баатыр эже ар дайым алдыда бизди баштап жүрөт, жаа тартканда ыкчылдыгын, таамайлыгын айтпаңыз. Бетме-бет келсе найза сунганы кадиксиз. Кечөөкү согушта бетме-беттеп качыра калмактын кол башысын найза менен сулатпадыбы. Башчысы өлгөн соң калмактардын жүүнү бошоп, кача баштабадыбы. Баатыр эжеге, кол башыга таң калабыз, ыраазыбыз. Ал бетме-бетке киргенде жакын жүргөндөр баарыбыз ага көз салып, сактап жүрөбүз, – деп жоокер топусунун маңдайын көтөрө каадалуу отурду.

– Жоокерлерден жарадарлар, каза тапкандары арбындыр, – деп түшүнмөксөндү Аккочкор.

– Айтпадымбы, биз амал менен бириндеп, жаанын догосундай ийиле жүрөбүз. Душманды жаа бутасына жакын келтирбей тособуз. Баатыр кол башы бизди аяйт, ошол себеп калмакка караганда бизде чыгым аз, согуш башталгандан бери эки жигит найзадан өлдү, жыйырма беш жигит жарадар болуп айылдарына кетишти. Калмактын өлүгүнүн көптүгүнөн жыйнап, көмүп бүтө албай атабыз, – деди нойгут жигит.

– Бул жерде канча киши барсыңар, башчыңар ким? – деди Үчүкө жигитке олуттуу көз жибере.

– Отуз кишибиз, өлүктү ар кай жерден чогултуп көмүп жүрөбүз. Кечинде ушу жерден жолугушабыз, – деп түтүн булаган жердеги чатырды жаңсап, – менин атым Корообай, – деди жигит өз абалына ыраазы тейде.

– Корообай мырза, биз да жайыбызды айталы. Ала-Тоо, Ысык-Көл, Соң-Көлдү, Нарын, Чүйдү жердеген кыргыздарбыз. Нойгут тууган-дар калмак менен урушуп атат деген кабар угуп, жардамга жоону кошо сүрүшкөнү келгенбиз, – деп Үчүкө демин жыйып сөзүн улаганча:

– Кап, 2–3 күн эрте келгенде эмне!? Бизге да жеңил болот эле. Баатыр кол башы ала-тоолук туугандарга ыраазы болот эле, кап!? – деп өкүндү жоокер.

– Биз да өкүнүп турабыз. Сага Корообай баатыр, бир өтүнүч бар. Баатыр кол башы Жаңыл мырзанын атасы Арзыбай бийге, Жаңыл мырзанын өзүнө Ала-Тоодон Үчүкө, Түлкү баатырлар калмакты кошо сүрүшөлү деп келишиптир, кечигип калганына өкүнүп, нойгут элин калмакты жеринен сүрүп чыгарганына кубанып салам айтыш-ты деп кабар жеткирип бар. Биз атайын келгенден кийин силердин баатыр кол башынын калмакты сүргөн жерлерин көрөлү, бизге бил-гиликтүү бир жоокерди кошуп бер, жол көрсөтүп жүрсүн. Бир боор нойгут элинин жерин көрөлү. Узак жол жүрүп келдик, арып-азып кел-дик, боюбузду жыйып эс алган соң, Арзыбай бийге саламга барабыз, – деди Үчүкө.

– Алыскы туушкандардын жообузду кошо сүрүүгө келгенине биз, жоокерлер да ыраазыбыз. Анда эмесе, мен тобума барып жумушту жайгаштырып коюп, кол башы баатырдын айылына силердин каба-рыңарды жеткирейин. Силерге жол көрсөткөнгө Эшбердини жиберем, – деп ордунан туруп кош айтышып, тобуна кетти Корообай он башы.

Корообай кеткенден кийин Түлкү баатыр агасына кайрылып:

– Биз түнөп аттанган жер суусу тунук, токойлуу кашат алды ыктоо жай экен. Жигиттер ошол жерге барып бой жазып эс алышсын, союш-ка алып жүргөн жылкыдан союп, кенен тамактанышсын. Сууга түшүп сергишсин. Биз Жаңыл мырзанын калмак менен согушкан өңүттөрүн көрүп, кечинде аларга кошулуп тыныгалы, кандай дейсиз? – деп суроо-луу карады.

– Менин купулумда да ушул ой турду эле, – деди Үчүкө. Жигиттер-дин арасынан бөлүнө басып келген Эркиши:

– Баатыр, уруксат болсо жигиттердин бир тобу нойгут жеринде кийик уулайлы дешет, – деди Үчүкөгө кайрыла.

– Мейли ошентишсин, макулдашып тактап алышсын, качан, кайсы жерде болушарын, кечинде чогуу болушсун түнөчү жерде, – деген жооп менен Эркиши жигиттер тобуна кетти.

Жан азыктарынан тамактанып, көөкөрлөрүндө сактап келаткан кы-мыз гүлүнөн кыба кандыра ичип, алакүү болгон жоокерлер жабыла аттанып, бир тобу ууга, кээ бирлери түнөчү жерге барып бой сергитип, эс алууга жөнөштү. Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак, Аккочкорлор ат кошчулар менен согуш болгон жерлерди даана билген нойгут жигит

Эшбердини ээрчите Жаңыл Мырза калмакты алышы кандай болгонун баамдап, баалоого аттанышты.

Калмактар менен алгачкы салгылашуу башталган Чемен талаасынан тоо тарапка созулган жашыл адырларга жалгашкан дөңсөөлөрдөн баштап, жоо сүрүүсүнүн ар күнү өткөн өңүттөрүнөн тарта туу белге чейинки майдан орундарына сереп сала, көздөрү каньк жоокерлер ой калчашты. Нойгут жоокерлери калмакты жан кыя кармашып, эрдик менен сүргөнүн, кол башы баатыр кыз Жаңыл мырзанын майданда болуучу абалды, жоонун артыкчылыгын жана чабал жактарын кыраакы баалап, жагдайга жараша нойгут жоокерлерин атайын согуш ыгы менен алып жүрө алгандыгына, аз күч менен үч-төрт эсе арбын жоону сүрүп чыгарып, куралдаштарынын өмүрүн кыргындан сактаган жаангерлигине көздөрү жетти.

Калмак, нойгут чеги туу белге чыгып, эки тарапты боолголоп, калмакты сүрүүнүн акыркы күнү кандай болгонун көз алдыларына келтирүүгө акыл калчап турушту.

– Пай, пай түмөн калмакты түпкөрүсүнө чыгара кууп чыккан азгандай нойгут жоокерлеринин ата конушу үчүн жан кыя кармашкан эрдигине, ургаачы жолборс Жаңыл мырзага таң калса болот, – деди Аккочкор баатыр ашуунун калмак тарабына көз жиберип турган тейинде.

– Жолборс дейсиң, жолборсту жара тарткан азуулуу ургаачы тайган дебейсиңби, – деди ээрге ондонуп отурган Түлкү баатыр, эркек жаангердин колунан чанда келе турган эрдикти ургаачыга ыраа көрбөй.

– Андай дебеңиз, конок баатыр. Кол башы баатыр эжебиз жолборстон да абзел, сөзүңүз орунсуз, – деди Түлкү баатырдын кызды кордогон сөзүнө тырчып, ачуусу келген нойгут жоокери Эшберди.

– Аста, аста баатыр, Эшберди мырза туура айтат, элин сактаган баатыр кызды кандай мактаса жарашат, – деди сабыр күткөн Үчүкө баатыр. Өзүн колдогон сөзгө көтөрүлө түшкөн Эшберди:

– Баатыр кол башыны ошол күнү көрсөңүз болот эле, – деп Түлкүгө көз жибере сөзүн улады. – Кол башысына ыраазы болгон миңдеген жоокер бирден келип кол берип турбадыбы. Кечикпегенде силер да көрөт элеңер. Кандай ажайып болгонун, – деген жоокердик үнүнөн сыймыктануу жана ыраазылык туюлуп турду.

– Ошол миң жарым киши бардыгы кол берип бүткөнчө тажабай кол берип турдубу Жаңыл мырза? – деп таң кала сурады Чабак.

– Тажабай дейсиң!? Соот-чопкутчан, туулгачан, көздөрү бажырайып, жүзү жаркын, ар бир жоокерге ыракмат айтып, колдорун кысып турбадыбы баатыр эжебиз, көрсөңүз болмок, – деди Эшберди.

– Ыракмат, Эшберди баатыр, элиңе да, баатыр кызга да, өзүңө да Кудай ыраазы болсун. Бизге чоң кызмат көрсөттүң, ыракмат. Буйру-

са эртең түштө силердин айылда болобуз, – деп Түлкү баатыр Эшбердинин колун кысты. Баатыр кыз Жаңыл мырзанын адамдык жана жаангер кол башылык сыпатына ыраазы болгон Үчүкө, Түлкү, Аккочкор, Атакозу, Чабак баатырлар ашуудан артка тизгин бурушту.

Жаңыл мырзанын калмактар менен таймашып, жергесинен сүрүп чыгарган майдан өңүттөрүн чегине жете көрүп, көңүлдөрү толгон Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак, Аккочкор баатырлар айланага караңгы кире суу бойлогон, токойлуу кенен жайытка токтоп эс алып, андан ары түнөккө жайланышкан жоокерлерине бет алышты.

## Кыз намысы кыйыр бузат

Какшаал тоонун батыш кыркасына жашынган күн алоосунан үзүм ак булуттары кызгылтым саргыч нурга чайылган асман мухити аалам сырларын жашырып, чексиздикке төнө мелтирейт. Суу бою түзөңгө конгон айыл үстү тынч. Жайкы кечтеги тиричилик камы көзгө чалдыгат.

Арзыбай бийдин чоң боз үйүнөн бир аз обочороок көтөрүлгөн өргөөнүн эпчи капшытында бөрү тилинен жерге сайылган түпөктүү найза үй ээси жоокер ургаачы экенин айгинелеп турат. Өргөөнүн ички жасалгасы да ошого төп. Эпчи капшытка тартылган уз килемге жаа, саадак, туулга илинген. Эр жак капшыттагы килемде ылдый тикесинен илинген жолборс, илбирс, карышкыр терилери суналышат. Төрдө оймолуу шалча жабылган тактага адеми жууркандардан үч кертим жүк жыйылган. Илбээсинге жаа тартып турган такыялуу кыздын сөлөкөтү саймаланган жашыл манат жабуу ак жаздыктар тирелген жүккө көрк берип турат. Эпчи жакка жүк бурчунан төмөнүрөөк илинген кыз текчеси өргөө ичине өзүнчө жарашык берүүдө. Көк, кызыл манат айкалыша оюуланган ак кийиз текченин аяккы эки бурчтары кереге баштарына, өйдөкүлөрү уук билектерине байланган. Текче четинен кыз буюмдары темир комуз, самын, эндик үчүн өз-өзүнчө жасалган жарашыктуу жыгач кутулар кылаят. Кырына саймалуу ак сүлгү илинген. Текче алдына килем төшөлүп, секичеленген кыз оруну ээн турат.

Төргө төшөлгөн оймолуу көлдөлөң үстүндө четтерине кыдырата бермет чөгөрүлгөн көк такыячан, желең ак кемсел көкүрөк жарашыгын чыгарып, кымча белин кынаган, такыясына өңдөш көк жибек кош этек көйнөгү сыңар тизесин жаап, маасы учуна жете көйкөлгөн келбеттүү кыз ак кездемеге сайылган саймасын жеңесине көрсөтүп, жайдары отурат. Бештен-бештен өрүлгөн кара чачтары такыя ылдый эки жаагына, айдалысына төгүлө кыз сымбатын арттырат. Такыя кыры-

нан изги кылайган жазы маңдайына, ийилген кара каштарына сурмалуу бото көздөрү төп келе, таноолуу кырдач мурунy, калыңыраак эриндерине жарашып, буудай өңдүү, кара сур тарткан субагай жүзүнүн чырайын арттырып турат. Сайма купулуна толо кызга ыраазы караган жеңе:

– Ээ садага болоюн кызыке, найза сунуп, жаа тартып, жоо кайрып, жолборс, илбирс, кайберен уулап жүрөсүң. Мунун баарын сайганга кантип жетишесиң, – деп кайын сиңдисин ийининен сылап, суроолуу карады кашы калың, көздөрү бакырайган, мурду кетирекей, ак жуумал жеңеси Зуура.

– Кызык экенсиң, жеңе. Билбейсиңби, мен баарынан мурда кызмын да. Жаңыл мырза, кол башы, мергенчи деген сөздөр кызды жандап жүрүшөт, кыз экеним алардан өйдө турат да. Ал түбөлүк эмеспи анан дагы, – деп кыт-кыт күлө жеңесине эркелей карады келбеттүү кыз.

– Акылым жетпейт, айланайын кызыке. Калың эл кары-жашы дебей Жаңыл мырза, эл башы, кол башы деп урматташат. Сендей бактылуу кыз жок да. Анан эмне ошол кадыр-баркыңды жандоочу көрөсүң? – деп кайын сиңдисин биринчи көргөндөй таң кала карады Зуура жеңеси.

– Айткандарың ырас, жеңе. Ушунчалык урмат-сый, кадыр-барк берген Кудайга ыраазымын. Төрт тарабым түгөл турса да, жандүнүйөмдө орду толбогон ээндик бактымды кемитип турат, – деп тымызын улутунуп, ойго чөгө түштү Жаңыл мырза.

– Ал эмне дегениң, ботом, – таң кала түшүп кайын сиңдисин жылмая карап, – билдим, билдим, айтайынбы, – деп кыт-кыт күлдү Зуура.

–Айтчы, угайын, – деп кейиштүү жылмайды кайын сиңди.

– Күйөө! – Кыздын колун кармап каткырды жеңе.

– Ооба десем да болот, бирок менин далдаамда жүрө турган «Жаңыл мырзанын күйөөсү» эмес, – деп мостоё сөзүн улады.

– Анан кандайы керек? – деп таңданды жеңеси.

– Өзүнүн эркек баркын бийик тутуп, менин адамдык баркымды тең көрүп, ургаачылыгымды урматтап, өзүнүн алмашкыс түгөйү көргөн эр күйөө керек. Ал эр күйөө элдин калканчысы … боло алса, мен андай эрдин далдаасында эле болом, – деди Жаңыл мырза ойлуу тейде.

– Мунуң уга турган кеп болду, – деген жеңе бир паска кайын сиңдисин аяй ойлуу турду да, – кызыке дейм, келип жүрүшөт го мен эрмин дегендер. Сен аларды сүйлөшүүгө келтирбей мертинтип, кубалап жиберип аткандай көрүнөсүң го.

– Ай, жеңе ай, кайсынысын айтайын. Келгендин баары эле кыз көрүп, күйөөлөчү эркектей келбейт. Мени менен куралчан беттешип, туткундап, олжо катынга эр болууну көздөп келип атышпайбы?! Мени Кудайым олжо катын болууга жаратпаптыр. Менин бактым да, шорум

да ушундабы дейм, – деп ичинен улутунду жеңесине кейиштүү көз жиберип, Жаңыл мырза.

– Оозумдан сөзүм түшүп калды, кызыке, эмне дейин. Сени Кудайым калкыңа калканч кылып жараткан тура, өмүр берсин, – деп ыраазы боло карап турду да, – кызыке дейм, өзүбүздүн элде өзүң менен бирге чоңойгон жигиттердин арасында назарыңа илингени бардыр, – деп жылмайды.

– Кичинебизден чикит чабышып, азоо тай үйрөтүп, аркан тартышып чоңойгон курдаштарым бар эле. Жакшы жигит, мыкты жоокер болушту. Арийне, жакшы балдар, көңүлгө толумдуулары бар эле, – деп аянычтуу жылмая сөзүн улады. – Ошолордун бири да менин көзүмө эркекче эгилип тигиле карай албай калышпадыбы!? Улуусу да, кичүүсү да жортуулда кол башы дешет, демейде эже дешет. Өзүлөрүн менден төмөн кармашат. Менин өмүрүмдөгү ийгилигим да, кемтигим да ушундабы дейм. Ошолордун арасынан бирөө менден тизгин талашып, жол талашып, жоокерлерди ээрчите алар кайрат көрсөтүп, мага эркекче эгиле караса көңүлүм көшүп, санаам тынар эле. Акырындап кеңешкен болуп, бара-бара кол башылыкты да, эл башылыкты да, өзүмдү да өткөрүп бербейт белем. Ага батынчу эр көрө албай жүрөм. Жараткан Кудай мага эне болуу бактысынын ордуна эл жүгүн көтөрүү бактысын бергенби. Ошондой улук бакыт күтсөм да, өмүрүм кемтик өтөт го, – деген сөздөрүнөн Жаңыл мырза энелик бактыга ооп турганы туюлду.

– Кейибе, айланайын кызыке. Баса, биздин элге калмакты бирге сүрөлү – деп, жардамга тиги Какшаал тоонун ары жагындагы кыргыздар келиптир деген имиш угулду. Алар ким экен? Жоо сүргөнгө жардамга келишсе сага жолугушкандыр, – деди жеңе ойго чөмүп отурган кайын сиңдисине аянычтуу көз жибере.

– Ооба, биз калмакты сүрүп чыгарган күндүн эртеси түшкө чукул эки жүз чамалуу куралчан бейтааныш кыргыздар Жети-Төрдөгү жоо өлүктөрүн жашырганга калган биздин жоокерлерге жолугушуптур. Калмактар куулуп чыгарылганына сүйүнүп, кечиккендерине аябай өкүнүшүптүр. Баары бир кылка жаш жигиттер дейт. Он башы Кообай менен кенен сүйлөшүп, жайларын айтып: Ала-Тоо, Ысык-Көл, Соң-Көлдү, Чүй, Таласты, Нарын боюн жердеген кыргыздарбыз. Эрдене Коңтаажыны сүргөн айтылуу Манап баатырдын чөбүрөлөрү Үчүкө, Түлкү баатырлар нойгут элинин жоосун бирге сүрүшкөнү келишип, кечигип калышканына өкүнүшөт. Нойгут эли жоосун жеңгенине кубанышат. «Нойгут туугандардын жерин көрөлү. Кудай буйруса эртең бийге, кол башыга саламга барабыз» дешиптир. Бул салам дубаны он башы Кообай кечээ алып келди. Атам аларга атайын үй тиктирип атпайбы. Эртең түшкө чейин бейтааныш кыргыз баатырларын көрөбүз, – деди жүзүнө жылуулук кирген Жаңыл мырза.

– Ырас болгон экен. Кыргыздын кайда болсо бир эл экени ырас да. Кызыке, мен бир кеп айтайынбы? – деп жылмайды Зуура.

– Айтчы, угайын ал кандай кеп экен, – деп жеңесине билмексен карады, анын эмне айтарын туюп турган Жаңыл мырза.

– Айтты, айтпады дебегин ошол баатырлардын ана башы сага сөйкө салганы келди. Көрөсүң го. Мен жеңкетайга тунамын, – деп күлдү дилинде кубанып турган жеңе.

– Ашыкпачы жеңе, эмне болорун Кудай билет. Мүмкүн жөн эле бир эл катары жай сурап, жардам бергени келген кишилердир, – деди Жаңыл ички туюмун жеңесинен жашыра.

– Антпе, кызыке. Сен деле мендей… – деп жеңе сөз улаарда эшиктен кирген жигит иймене: – Баатыр эже, сизди бий акем чакырат, – деп көкүрөгүн баса ызаат кылып турду. Жүзүн жылмаюу чайып турган Жаңыл мостое түштү да:

– Беймаал чакырчу эмес эле атам, бир кооптуу иш күтүп турбаса экен. Азыр барам, – деди Жаңыл тиги жигит артынан жыла чыгып кеткенден кийин.

– Кудай сактасын, кеңешели деди го. Эртең түштөн кийин конокторду күтөбүз да, – деп жайгарган болду Зуура.

– Эмне болсо көрөбүз да. Сиз мени күтүп туруңуз, жеңе. Мен бат эле келемин, – деп Жаңыл ордунан тура боюн түзөп, чоң үйгө жөнөдү.

Бийдин кермесине токулгалуу аттар байланган. Үйдө күтүлбөгөн кишилер бар сыяктанат. Жай баса келген Жаңылга кызмат жигити ызааттап эшик ачты. Атасына, ага катар отурган салабаттуу сакалдуу кишилерге ийиле ызаат көрсөтө Жаңыл үйдүн эпчи бурчуна жакын орун алды.

– Кел, кызым, кеңешер иш чыгып калды. Бүгүн түш оой, күндүз эле беш-алты куралчан кыргыз жигиттери Көк-Өтөктөгү субайлардын үйүрүн көзөмөлдөгөн жылкычыны өзөртө чаап, жылкыны Ичке-Суу, Көк-Жар тарапка айдап кетишиптир. Күндүз жылкы тийген зордукчу уурулар ким? Нойгут уруулары ичинде мындай жорук жок эле деп түкшүмөлдөп отурабыз, – деди Арзыбай мостое ойлуу отурган кызына көз жибере. Жаңыл Эрназар карыядан, эл билермандарынан сөз күтүүдө.

– Ичке-Суунун аягындагы чардагай, чар урууларынын көпкөн жигиттери болбосун, – деп Арзыбайды карады көк ала сакал, кызыл чийкил ак топу, боз кемселчен карыя.

– Биздин элге окшобойт. Өзөртө чабылган жылкычынын айтымында баары окшош боз кемсел, кара кыюулуу ак калпакчан дейт. Жанагы жоо сүрүшөбүз деген алыскы туугандардын жоболоңубу дейм, – деп мандашын түзөп ондоно отурду улама Бакберген.

– Үчүкө, Түлкү баатырларбыз, айтылуу Манаптын урпактарыбыз дешкен тура. Андай болсо жамандыкка барбай турган тектүү эл. Сан

жылкысы Чүй, Нарын, Ат-Башы бооруна сыйбаган Сарысейит байдын балдары Үчүкө, Түлкү баатырлар, аларга жылкы, мал, дүнүйө таңсык эмес. Алар мындай жоболоңдуу жорукка барышпайт эле, – деп Эрназар карыя сакалын сылай, кандай дейсиң деген тейде Арзыбайды карады.

– Мен да туугансып жоо сүргөнгө көмөккө келген баатырлардын колунан мындай жексурлук келбейт эле деген ойдомун. Бир жоромол бар. Ал жакта кымыздын гүлүн кордоп, жоокермин дегендер көөкөргө байланып жүрүп ичишет. Үчүкө, Түлкү Жаңылдын майдан өңүтүн толук көрөбүз деп кетишкен тура. Алардан бөлүнгөн жигиттер көөкөрлөрүн бөксөртүп, мас болуп алып жылкы кубалап кетиши ыктымал. Үчүкө, Түлкү келип көрүшсө, жылкыны кайра айдатып, кечирим сураганга эстүү, баштуу киши жиберүүсүн күтүүгө болот, – деди Арзыбай бий. Жашоонун өйдө-төмөн, оош-кыйышын акылга чегерип, ар ишке жүйөө издеп, сабыр күтө билген эл кишиси бийдин көзү окуяга таасын жетип турду.

– Кандай болсо да тийилип кеткен жылкынын артынан куугунга баруу лаазым эмеспи, – деди айылдагы бардар кишилердин бири Маалатай.

– Жигиттерди жыйып дүрбөбөйлү. Көмөккө келген эл менен чабышат белек. Тынч сүйлөшөбүз, – деп кызын карады Арзыбай.

– Дүрбөбөйлү дегениңиз ак сөз, ата. Эки-үч жигит менен мен барайын. Акылга чегерип аракеттенебиз. Окуя тынч аяктайт деп ойлоймун, – деди алдыдагы жолугушууга ой жиберип турган Жаңыл мырза.

– Манаптын өз насилдерине бий өзүң, Бактыбай карыя экөөңөр Жаңыл мырзаны ээрчитип барганыңар оң болор. Мен деле барат элем. Түнкүсүн атта жүрө албайм да, карылыгың курусун деп, – кейиген болду Эрназар аксакал.

– «Сакалдуу киши жоого түшөбү» деген макал бар эмеспи. Бий менен Бактыбай карыянын барганы өөн болор бекен, – деп Эрназар карыяга карады Бакберген улама.

– Үчүкө, Түлкү баатырлар жоо эмес да. Нойгут элине калмакты сүргөнгө көмөккө атайын келишиптир. Эртең Арзыбай бийге саламга барабыз деп кабар жиберген тура. Бий аларга үй көтөртүп койбодубу, – деди Эрназар карыя.

– Карыянын сөзү ак, үй тигилүү турбайбы. Бул кокусунан болуп кеткен окуяны жайгарып, конокторду ээрчите келебиз. Жаңыл кийимин кийип, жигиттерди ээрчитип мында келсе аттаналы, – деди бий.

– Иш оңунан чыксын. Оомийин, Аллоху акбар, – деп Эрназар карыя алаканын жайгандан кийин бата тиленип, Жаңыл мырза аттанууга даярданып келүү үчүн өргөөсүнө кетти. Көз байланар маал чукул аттанган Арзыбай бий, Бактыяр карыялар Жаңыл мырзаны үч жиги-

ти менен ээрчите Ичке-Суунун боюндагы аскалуу бурчуктун үстүндөгү тектирчеге келип аттарынан түшө теребелге көз чаптыра турушту. Борчук алдындагы суу бойлогон түзөңгө жайлашкан кошуун топ-топ боло от тегеректей отурушат. Бакылдаган көтөрүңкү үндөр угулат. Ылдыйыраак караңгыга төнө караан дүпүйөт. Ийриле токтоткон жылкы үйүрүбү, таасын боолголонбойт. Аркы өйүздөгү кыя жолдон түшкөн беш атчан борчук алдындагы жайыкка келип түшүштү. Салам айта аттарын алып жайланыштырган жигит аларды көрпөчөлөр жайылып, от жагылган жайга баштады. Борчук таш далдаасында отургандарга алоолонгон от жарыгында келгендердин өңү-түсү даана көрүнүп, сөздөрү таасын угулуп турду.

– Сыягы Жаңылдын майдан өңүттөрүн көргөн үчүн Түлкү баатырлар келип түшүштү окшойт. Сөз угалы. Анан барып амандашалы. Кандай дейсиз, – деп Арзыбай бий Бактыяр карыяга кеңеш салды.

– Ооба, ошентели, биз аз аялдайлы. Саламдашуунун жөнүн боолголоп алалы, акыл калчайлы, – деди карыя борчук алдындагы кыймыл-аракетке көз жиберип турган тейде. Жаңыл мырза карыялардан обочороок кошуунга, Үчүкө, Түлкү тобуна көз жибере ойго чөмүп турду.

Үчүкө, Түлкү көрпөчөлөр үстүндө бел чече жайланышып отургандан кийин дасмал жайылып, жан азыктан тамак-аш коюлду, көөкөрлөрдөн тунма куюлуп, чөйчөктөр улуулата сунулду.

– Кандай, баарыңар түгөл чогулдуңарбы? Ала күү болуп адашкандар жокпу, – деп тейлеген жигитке кайрылды, даам татып топуктуу отурган Үчүкө баатыр.

– Баарыбыз түгөл чогулдук. Союшка алып жүргөн субайдан экини жыктык. Тамак даярдалып атат, – деди жигит. Жоокерлердин тобунан чыга келген Эркиши катар четине отуруп, даам сыза, мурутун сылап ыңгайсыздана:

– Баатыр, бир осол иш болуп кетиптир. «Эми айылга кетебиз» – деп көөкөрлөрүн бошотуп, тунмага ала күү болгон Кырчынбек баштаган беш жигит топтон бөлүнүп, аң уулайбыз деп кетишкен эле. Көздөрүнө илбээсин илинбегенден кийин кызуу немелер үйүргө жолугуп, жылкычыны өзөртө чаап, үйүрүн айдап келишиптир. «Шерменде болдук, кайра айдап жеткир!» – десем, «Атайы келип, куру кетет белек» – деп үңүрөндөйт.

Түзөлө отуруп санын таяна кумсарган Үчүкө:

– Атпай кыргызга шерменде болобузбу? Эркиши өзүң баш болуп жылкыны Арзыбай бийдин айылына айдап барып, кечирим сура. Союшка деген субайлардын бирин алдына тарт. Бизди кечирсин. Эртең биз баарыбыз барып, кечирим сурайбыз, – деди.

– Жоосун бирге сүрүшөбүз деп келип, жылкысын тийип, кыргызда болбогон зөөкүрлүккө кабылган экенбиз. Сиз айткандай болсун. Эсир-

ген эселектерди элге барганда жазалаңыз. Талаа-түздө жаң-жуңдашпайлы, – деп агасын карады Түлкү баатыр. Борчук алдынан угулган сөзгө кулак түргөн Арзыбай бий:

– Тектүү элдин уулдары да, ашкере эр жигиттер экен. Кокус окуяга капа болушту. Кайра айдап жеткирип, кечирим сурайбыз дешпедиби Үчүкө,Түлкү экөө тең, – деп Бактыяр карыяга кайрыла кызына көз жиберди Арзыбай бий. Жаңыл мырзанын көзү баатырлардын тобуна түшүп турду.

От жакалай отургандардын баары бир кылка жыйырманы арылаган кырчын курактагы жигиттер. Улуураагы Үчүкө жыйырма тогузда, олбурлуу, көкүрөгү кенен, субагай москоол жүздүү, кыр мурун, калыптанган сакал-муруту сыпаа серпилген, кабагы бийик, сурмалуу көздөрү ойлуу, соот-чопкуттарын чечип, эс ала сабырлуу отурат. Катарындагы он беш-он төрт жашында жоо кайрып баатыр атанып, жылдан жылга атагы чыгып, баралына жете келаткан жыйырма бирдеги гүлгүн курактагы тараз бойлуу, ийиндүү, көкүрөгү жайык, тулкусу чымыр, жазы маңдай иниси Түлкүнүн бүркүт кабагы туулга алдынан айбаттуу көрүнөт. Алагар көздөрүнөн чечкиндүүлүк, кайрат учкуну жанат, таноолору кенен кыр мурун, коюу кара мурут чыйрала серпилип, кулакка карай учтана жигитке курагынан озгон сүр берип турат. Кечке ат үстүндө талыкшыган денесин жазып, соот-чопкутун чече элкин отурат. Жигиттин сүрдүү чырайынан өмүр кумары жанып, кыялы эргип отурганы байкалат. Жигитке назары түшкөн Жаңыл мырзанын баатырлыктын далдаасындагы кыз туюму дүрт этип, жандүйнөсүндө лаззат сезими жанды. Эне болуу эрки баарынан үстөм болуп, Түлкү баатырга караган тейде: «Сомдогондой келбеттүү, зобололуу, дөөлөттүү, кабыландай кайраттуу, кармашка түшсө айбаттуу, адамдыгы болумдуу, ашык көзгө толумдуу, жакшына кызга жар болуучу жигит экен. Ушул эрге баш кошсом элибиз бирге болуп, эки тизгин бир чылбырды өткөрүп берип, сүйүктүү жар, сүйкүмдүү эне болсомбу» – деп кыз кыялы көкөлөп, келечекти көз алдына келтире көңүлү көшүп турду.

Түлкүгө курбалдаш Аккочкор, Атакозу, Чабак болуп баары бирдей баралына келип турган эр жигиттер Жаңыл мырзанын майдан өңүтүнөн алган таасирлерин бөлүшүп, маек үстүндө отурушат.

– Капырай, кыз башы менен ушунча колду баштап, жоокерлерин сактоо үчүн колдонгон жаангерлик айла-амалдарын карабайсыңбы, – деген Аккочкордун сөзүн угуп:

– Адамгерчиликти барктаган, ата-баба салтын бийик туткан эр уулдар экен. Үй тиктирип койгонуң ырас болгон экен. Эми барып учурашсак болот, – деп Бактыяр карыя Арзыбайга кайрылды Жаңыл мырзага көз жибере. Жүзүн жылмаюу чайыган Жаңыл мырза:

– Кандай дейсиздер, биздин кабарыбызды билдирип, жоокерлердин бирин жибергенибиз оң болор, – деп карыяларга бурулганда, ээрчий жүргөн алгыр тайганы шимшилеп от жарыгына карай жөнөдү. Караңгыдан суурулуп сунала чыккан, уурттары салаңдап, кулактары жаактарын жаба куйругу чагарактаган тайганды көргөн Эркиши:

– Алгыр тайган көрүнөт, караңгыда кайдан келди, – деп таң кала карады.

– Сырлуу тайган го. Кечиккенбиз го, жылкысын келер саат айдатып жибербей, каап! Эми эмне жооп айтабыз, уятыбызды кантип жабабыз, – деди капалыгы ташыган Үчүкө баатыр.

– Канчыктын канчыгы го! Куугунга келген тура, – деген Түлкү баатырдын бийик үнү караңгы ээндикте жаңырды.

Жаңыл мырзанын эргип турган кыз кыялы чагылган тийгендей чарт бөлүнүп, адамдык кадыр-баркы ыплас кордолуп, аялзатынын сөз тийгис аруу намысы өлүмдөн бийик көкөлөдү. Жаасын колуна ала: «Мен буга баш кошкон күндө да канчык аталып жүрөт экенмин да!!! Мен кордолууга жаралган эмесмин! Кош, текеберлүү баатыр!» – деп атууга камынганда:

– Ай, балам, атпачы, ачуу сөздүн кечирими болот эмеспи, – деп атасы сөзүн бүтө электе жаа тартылды.

– Олдо баатыр ай, опасыз сөз болду го, – деп инисин караган Үчүкө баатыр сөзүн бүтө электе караңгыны көзөгөн коркунучтуу жылан ышкырык үнгө удаа Түлкү баатыр чалкасынан жыгылды.

– Оо Кудай, сактай көр, – деп инисинин үстүнө өбөктөгөн Үчүкө баатыр көмкөрөсүнөн сулады.

Тура калышып, борчук үстүн карай жаа тарткан Атакозу, Чабак баатырлар үстөмөн жыгылышты. Кошуун үстүнөн удаа, удаа тартылган жаа жебелеринин жүрөктү титиреткен коркунучтуу добушуна аралаша:

– Мен Жаңыл мырзамын, жаныңардан үмүт кылсаңар ордуңардан козголбогула! – деген бийик үн угулду.

Бүткөн бою калтырап, өзүн кармоого аракеттенген Арзыбай бий:

– Олдо кызым ай, жалпы нойгутту бейпайга салдың! Өзүң да бейпайга түштүң!!! – деп келме келтирип турду.

– Сабыр этиңиз, ата. Жалпы нойгут бейпайга түшпөйт. Бул касыреттүү ишке менин өмүрүм сайылды… Жүргүлө баралы, – деп туулга соот, чопкутчан Жаңыл мырза аскалуу борчуктан ылдый жөнөдү. Арзыбай бий, Бактыяр карыялар андан озо алдыга түшүштү. Кошуун кыймылсыз. Аккочкор, Эркиши экөө Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырларды көрпөчөлөргө жаткырышып, келаткандарды күтүп турушту.

Алдыда келген Арзыбай бий, Бактыяр карыялар чөгөлөй отурушуп, келме келтире маркумдардын чекелерин сыйпап, көздөрүн сылап тун-

журашты. Алардан эки-үч кадам артта келген Жаңыл мырза туулгасын алып, төбөсүнө түйүлгөн беш өрүмдөрүн эки жаагына, айдалысына түшүрө башын ийип, маркумдарга астыртан көз жибере сабырдуу турду. Бүркүт кабак, эр мурун, коюу каштуу көздөрү жумулуу, мурут-тары кулакка карай чыйралган баатырлардын жүздөрү мостоюп сүрдүү эле. Булуттуу түн асманы адам тагдырынын мүчүлүшүнө муюшкансып бүркөө түнөрөт… Оо, өксүгү күч адам тагдыры … Жарык дүйнөдө өмүр улоо үмүтү жанып турган кырчын өмүрлөр текеберлүү сөз менен адам абийиринин катаал айкашынан кыйылды.

Оо сөз, баарын көркөмдөп жайгаштырууга да, жексендеп кыйратууга да себеп болгон сөз.

Чырайлуу жүзү катаалдана мостоюп, ичинен тынган сабырлуу Жаңыл мырза:

– Ата, бул иштин күнөөкөрү менмин, менин өмүрүм менен бүтөт. Алгач сөз меники болсун. Баатырларга топурак нойгут жеринен буюрган экен. Каза тапкан жерлеринен жай берели. Боз үй көчүрүп келип, ата-баба, мусулман шарты менен узаталы. Мындан аркы сөз силерде, – деп туулгасын кийип, ордунан тура айылына аттанууга жөнөдү.

Шейиттердин жүздөрү жабылып, таза орунга жайлангандан кийинки оозго сөз кирбеген кайгылуу караңгыга төнө отурушкан Арзыбай бий, Бактыяр карыялар бул кандуу окуя атпай кыргызды түйшөлтүп, азгантай нойгут элине бүлүк саларын көз алдыларына келтире, бири-бири менен үнсүз сүйлөшүп, санаа жетегинде отурушту.

Чагылгандай чарт жанган кандуу калаба дал кылып, ойлору адашкан Арка жоокерлери дымып турду. Бир тыным өтө:

– Оо элим! Жакшысы өлсө баары өлөт болобузбу?! – деп кыйкыра муштумун көтөрүп ордунан турган кермурут москоол жигиттин азалуу үнүнө удаа:

– Айтпаса төгүнбү, канга-кан!

– Өлбөгөн жерде калалы!

– Бир боорлордон айрылып! – деп намыска буулуккан үндөр түн караңгысында калабалуу жаңырды.

Борчук тарапка көз жиберип, карыялардын жанында ойлуу турган Аккочкор калабаны туя ылдамдай басып, жоокерлер тобуна келгенде:

– Оо хан уулу, ошол Жаңыл мырзага башта, журтун бузуп, кан төгөбүз, – деп кулачын кере колдорун булгалай, сабырдан таң үн салып турган жоокерге, удургуп турган көпчүлүккө токтоо көз жиберип сүйлөөрдө ага бет ала:

– Башта бизди, ошол Жаңыл мырзаны шейиттерге курман чалабыз, – деп обдулган кара сакал жоокердин демдүү үнүнө эргиген көпчүлүк ордунан тура хан уулуна тигилишти. Удургуган элди тынчытууга сөздүн күчү, кебелбес сабыр лаазым эле.

– Бир боорлорум, сабыр этели, Жаңыл мырза жалгыз басып келбейт да. Борчуктун ары жагында жаа тарткычтары, найзакерлери тизилип турбайбы? Бөөдө кыргынга баш салбайлы, – деген Аккочкордун угумдуу сөздөрүнө, сабырлуу токтоо турпатына муюган жоокерлер тынчый түштү. Сөзү эм болорун туйган хан уулу Аккочкор:

– Кудай Таала шейит баатырларга топуракты нойгут жеринен буйруптур. Бөтөн эл, бөтөн жерде баркыбызды түшүрбөйлү. Эртең менен Арзыбай бийди, Бактыяр карыяны чакырып, өзүбүз бата тилеп, баатырлардын кара ашына өзүбүздүн малдан мууздап, узатуу камын көрөлү. Нойгуттар өз салтын жолдошор. Биздин жөрөлгө алдыда болсун. Сөөк биздики эмеспи. Нойгуттар биздин салтты улашат. Шейиттерди жайына шарият жолу менен узаталы. Аман-эсен элге баралы, жана айтылгандай элибиз менен бирге бололу, – деп жоокерлерди жубата бир кыйлага ой бөлүшө отурду.

Караңгыны жаңырткан калаба кандай бүтөрүнө санаалары бөлүнүп турган Арзыбай, Бактыяр карыялар калабаны токтоо басып келген Аккочкорду көрө санаалары тынак отурушту. Мандаш түзөгөн Арзыбай бий:

– Жоокерлерге барып келгениңиз жөндүү болду. Алардын кайгыга буулугушканы жөндүү. Ошентсе да Кудай алдында сабыр күтүшкөнү оң, – деп Аккочкорго ыраазылык билдирди.

– Жоокерлер козголуп, дүрбөп турушуптур. Жай сүйлөштүк. Баатыр шейиттерди силер менен бирге узаталы. Андан аркы ишти элибиз менен бирге чечмек болдук, – деп Аккочкор бийден жүйөөлүү сөз күттү.

– Алла Тааланын жазуусу ушундай тура, баатыр. Күтүүсүз оор кайгы түштү нойгут элине. Кайгыны сабыр менен жеңип, баатыр маркумдарды мусулманчылык жолунда узаталы. Эрлер кунсуз калбайт да, элге барып кеңеш курарсыңар. Биз дагы эл менен сүйлөшүп, ата-баба салтына төп болууга аракеттенебиз, – деп сөзүн бүттү.

Эртеси Арзыбай кыргыз ата салтына ылайык боз үйлөрдү тиктирип, нойгуттун аттуу-баштууларын баш коштурду. Сөөк ээлери аркалыктар өз малдарына бата тилешип, баатырлардын кара ашына ээ болушту. Нойгуттар кошумча ирээтинде мал мууздашты. Маркумдар шарият жолуна ылайык жайына узатылды.

Кол башы баатырларынан айрылган Арка кошууну кара аш өткөргөндүн эртеси элине кайтты.

## Угузуу

Какшаал тоолорун күн батышты карай этектеп үч ара конгон кыргыз жоокерлери кече күүгүм кире Торугарт ашуусунун түбүнө келип түнөшкөн. Көңүлдөрү чөгөт келаткан эрлер таң ата ойгонуп, бел аша

айылдарына жөнөөгө азырланып турганда ортого чыккан Аккочкордун каргылданган үнү көңүлдөрүн бурду.

– Туугандар, Ала-Тоодон айдыңдуу аттандык эле, азалуу кайтып баратабыз. Арабызда Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар жок. Эсил кайран эрендер өзгө жерде түбөлүккө калышты. Бейиши болушсун, тагдырлары ушундай чийилген тура, – деп буулуга тыным жасап сөзүн уларда:

– Эсил кайран баатырлардын ажалына себеп болгон эселектерди кошо көмүп келбеген арман кайнап турат, – деп калпагын колуна ала мыкчый ызалуу үн салды кызыл чийкил олбурлуу жигит.

– Бир боорлордон айрылып, эсибиз эндиреп турганда «жылт коюшкан» тура. Ошол түнү Кырчынбекти баш кылып бешөөн тең «тындым» кылат элем, – деп өкүндү шыңга бойлуу кара сур жоокер.

– Сабыр күтөлү туугандар. «Элге барганда карыялардын алдында жазаланышсын» деген Түлкү баатырдын осуяты бар эмеспи, ошентели, – деп сөзүн улады Аккочкор. – Бейиши болгон баатырлардын арты кайырлуу болсун. Эми жоокерлик ирээтибизди бузбай эсил эрендерди салттуу жоктоп түшөлү айылга. Куттуу айыл Сарысейит бийдин айылынан узадык эле, журт атасы бийдин айылына чогуу түшөлү. Катарыбызды бузбай Атакозу, Чабак баатырлардын айылдарына ошол күнү жоктоп түшөлү. Ошентели. Кош атчан эки жигит Торугартты ашканда Чатыр-Көлдү жакалап, Ак-Сайды өрдөп, Жаңы-Жер, Уланды басып, ашуу аша көл башындагы Жамангул бийге кабар жөнөтсүн. Кош атчан бир шайдоот жигит бизден бир күн мурда жетип Саяк, Кайдуулат, Моңолдор, Бакы, Тынымсейит, Мортук бийлерге тымызын кабар жеткирсин. Ал кишилер салтты кандай күтүүнү билишет. Бүгүн күнгө дүйшөмбү, буйруса бейшемби күнү бийдин айылына түшөрүбүз айтылса азалуу сыяпатка даяр турушат. Бир боорлорубузду жоктоо салтында жоокер катарыбызды бузбайлы, убаданы бата менен бекители. Кудай жар болсун, Аллоху акбар, – деп алакан жайды Аккочкор, хан Тейиштин уулу. Ашуу алдында азалуу бата тиленди. Жер-суунун жайын билген кош атчан эки жоокер бугу билермандарына кабарга, кош атчан бир жоокер Соң-Көлгө алдын ала кабар жеткизүүгө аттанышты. Алардын артынан Аккочкор, Эркиши башында жоокерлер катарлаша ашууга бет алышты. Кошуун алдында көтөрмө бою аралык үзө төрт жоокердин жетегинде Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын токулгалуу аттары баратат. Ээр каштарына туулга, найзалары илинген, боз бызы чепкендери ат соорууларын камтый ээр үстүлөрүнө жабылган. Жаа, саадактары арта салынып, азалуу жүрүштөн кабар бере баратат…

Күнгө бейшемби… Бүркөө асмандан түс талашкансып бозомук тарта удургуган толкундарын жээкке чарпыган тоо көлү таңкы ээндикте кайдыгер мелтирейт.

Нойгуттан кабар кечигип, көңүлү чөгөт ойгонгон Сарысейит бий даарат алып, эртең менен намазды молдо Кыдырбай менен имамда окуп, чайлангандан соң санаасын алаксыта аттанды. Төр башындагы мал отунун жетилүүсүн көргүсү келип, тиричилик камы менен көңүлүн жубата баратат. Аяк оонаны ортологонго чейин журт жаңыртууга ылайык конуштарды баамдап, чоң шашке маал айылга кайтты. Конок өргөөсүнөн берирек тартылган кермеге токулгалуу аттар байланып турат. Чоң үйдө өзүн күткөн кишилер бар экенин боолголой бий кермеге келгенде тосуп турган жигит кол куушуруп салам айта ат алды.

– Үйгө кимдер келди? – деген бийдин кооптуу суроосуна:

– Көл башынан Жамангул бий келиптир. Ал кишиге учурашууга келген Бакы, Кайдуулат, Мортук аксакалдар отурушат, – деп жооп узаткан жигит оолагыраак басып, ызаат көрсөтө эшик ачты. Бай үйгө киргенде отургандардын баары ордунан тура, аянычтуу ызаат көрсөткөндөрүнөн касыреттүү окуя күтүп турганын туйган бай ичинен келме келтирип, сабыр тута баары менен кол алышып көрүшө, Жамангул бийден төмөн катар орун алып:

– Бий, кандай? Эл журтуңуз менен эсен жүрөсүзбү? – деп Жамангулга сыйлуу карады.

– Кудайга шүгүр, эсенчилик. Нойгуттан жоокерлер кайтып келатат деген кабар угуп, сиздин үстүңүздө баатырлар менен дидарлашып, алжай сурайлы деп атайы келген сапарым ушул, – деп Жамангул бий тыным жасап, оюн улоого санын таяна ойлуу отурган бийге көз кырын жиберди.

– Баатырлар айылына түшөөрүнө жакын калды деген кабарды угуп, биз да сизге салам берели, бир чети нойгут сапарынын жайын укканы келдик, – деп сакалын сылаган Бакы бийдин үнү каргылдана санаасы бүлүнүп турганы туюлду. Эшик ачыла үч-төрт салабаттуу байбичелер киришип, ыйбаа көрсөтө төрдүн эпчи жагында отурган байбиченин жанына өтүштү.

Оозго сөз кирбей үй ичин беймаза тынчтык ээледи. Оңдонуп отура бөйрөгүн таянган Жамангул бий:

– Кудай Тааланын буйругу ушундай экен, бир боорум бий. Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар нойгут жеринде шейит кетишиптир. Алла Тааланын барлык-бирлигине кулдук кылган эстүү журт атасысыз. Кайрат кылыңыз, – деп Сарысейит бийге аянычтуу көз жиберди. Санын таяна кабагын көтөрүп бир тынымга үнсүз отурган бий:

– Оо кудурети күчтүү Кудай Таала, буйругуңа моюн сунабыз, – деп чекесин сүйөп тизесине чыканактай ойлуу турду да: – Оо Кудай, жаратуучу да, өлтүрүүчү да, тирилтүүчү да өзүңсүң, артын бере көр. Кантебиз, алсыз кулуңбуз, – деп тунжурап:

Оо Үчүкө, Түлкү балам ай,
Арстан туулган,
Атакозу, Чабак ай.
Ажалына жаралган,
Жаңыл мырза аял ай.
Артын берчи, Кудай ай, – деп үн салды.

Бийдин үнүнөн өтөөсүз өксүк калың кайгы, кебелбес кайрат жана ишеним угулду.

– Бий, сизге кайрат айтуу оор вазыйпа. Биз айтчу кайратты өзүңүз күтүп турасыз. Өзүңүз айткандай Кудай Таала эми артын берсин. Үчүкөнүн үч уулу, Түлкүнүн Тынайы эми эле жетилип, аталарынын ордун басышат. Кудаян уулуңуз бар, – деген Кайдуулат бийдин сөзүнө удаа калың өкүрүк угулду. Энчи төрдө бийдин байбичесинин колун кармаган байбичелер кайрат айта жанында отурушту.

Бута атымдан алыста аба жара үн салган жоокерлердин калың катары көрүндү. Катар алдында туулга, найзалары ээр кашына илинген Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын аттары бош азалуу жетекте келатты. Айылга кире армандуу жоктоонун калың катары Үчүкө баатырдын каралуу үйүнө бет алды. Өкүрүк угула чоң үйдөн чыккан Жумагул, Бакы, Кайдуулат, Мортук бийлер кайгылуу карыя Сарысейитти ортого алып, боз үйдүн каралуу килем жабылган эр жак капшыттан аркан бою оолак ала кийиз үстүнө көлдөлөңдөр төшөлгөн жайдан орун алышты. Жоктоп келаткан жоокерлерди тосуп, ат алган жигиттердин кыймылы илбериңки. Шейит баатырлардын бош келген аттарын эшик алдынан эки аркан бою оолак ээн турган Үчүкө баатырдын кермесине байлашты. Үчүкө, Түлкү баатырлардын түпөктүү найзалары эр жак капшытка тартылган азалуу килемдин эки жагына бөрү тилдери жерге карай сайылды. Кермедеги ээр каштарына туулгалары илинип, баязы чепкендер ат соорусун камтый ээр үстүнө жабылып, жаа-саадактары арта салынган азалуу аттар баатырлардын күтүүсүз аянычтуу өлүмүнөн кабар бере ээн кейитип турду. Эки жүз чамалуу жоокерлердин «эсил кайран бир бооруму» айыл-апа, эл кайгысын бөлүшкөнсүп, бозомук тарта чайпалган көл үстүндө озолонгон жаңырык салып турду. Кара кемсел, ак калпакчан белдерин бууп, таяк таянган Үчүкөнүн үч уулунун «эсил кайран атакелеген» жетиле элек үндөрү көптөн бөлүнө аянычтуу угулду.

Уулдардын улуусу он эки жашар Маматкулдун:

Атакем көзү өтсөчү,
Мен эрезеге толгондо.
Мен азыр жетелеме тайлакмын,
Жете албай калдым болжолго, –

деген армандуу жоктоосу элдин назарына илинип ээн кейитип турду.

Эсил эрендерди жоктоп түшкөн жоокерлер өкүрүк басылып, куран окулгандан кийин карыяларга саламга өтүштү. Аккочкор, Эркиши, ар уруунун жигит башчылары кол бере учурашып, жамы жоокерлер катар туруп ийилип таазим этишип, карыялардан оолагыраак баштарын жерге салып отурушту.

Карыяларга катар четине отурган Аккочкорго көз жиберген Жамангул бий:

– Хан Тейиштин уулу, сен бизге окуянын жайын айтып берчи, угалы, – деп чакчасын алып нас жыттай оңдонуп отурду.

– Кайгылуу окуя болору ойдо жок, иш оңунда сыяктуу, көңүл жай эле. Биз жетерден бир күн илгери калмактар сүрүлүп чыгыптыр. Калмак өлүктөрүн жашырууга калган жоокерлерге жолугуп, толук кабардар болуп, жайыбызды: нойгут элине калмакты сүрүүгө көмөккө келгенибизди, бүгүн Жаңыл кол башынын майдан өңүтүн көрүп, эртең Арзыбай бийге саламга барарыбызды кабарлап, нойгут жоокерлеринин он башысын атайы жибергенбиз. Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак менен нойгут-калмак согушу өткөн жерлерди толук көрүп, Ичке-Суунун башындагы түнөөгө кеткен жоокерлерге көз байланаар маалда кирип келдик. Жоокерлер от жакалай эс ала отурушуптур. Алардан төмөнүрөөк имериле токтогон жылкы үйүрү тургансыйт. Көрсө, биз майдан өңүттөрүн көргөнү кеткенде аң улоого бөлүнгөн беш жигит тунмага мас болуп, Арзыбай бийдин субай үйүрүнө жолугуп, жылкычысын өзөртө чаап, жылкыны күндүз эле айдап кошуунга келишиптир. Муну уккан Үчүкө, Түлкү баатырлар экөө тең капа болуп, жылкыны кайра айдап жеткирип, Арзыбай бийден кечирим сурап кел деп Эркишиге табыштап атканда алгыр тайган чыга калды.

– Бул сырлуу тайган го. Кечиккен экенбиз. Жылкысын дароо кайра айдатпайсыңарбы?! – деп Үчүкө баатыр капаланды.

– Куугун келген тура, бул канчыктын канчыгы да. Сак бололу, – деп Түлкү баатыр жаасын алганда:

– Мен буга баш кошсом да канчык аталып өтөт экенмин да, – деген бийик үнгө удаа караңгыны көзөгөн жылан ышкырык чыга Түлкү баатыр чалкасынан жыгылды.

– Оо Кудай, сактай көр, – деп Түлкү баатырга өбөктөгөн Үчүкө баатыр көмкөрөсүнөн жыгылды. Биз Атакозу, Чабак, Эркиши борчук үстүн көздөй жаа тартып турдук. Атакозу, Чабак экөө да жыгылды. Удаа-удаа кошуун үстүнө тартылган жаадан кийин:

– Мен Жаңыл мырзамын, жаныңардан үмүт кылсаңар ордуңардан козголбогула! – деген бийик үн угулду. Бүтүндөй кошуун кыймылсыз турду. Биз Эркиши экөөбүз жыгылган баатырларды көрпөчөлөргө чалкасынан жаткызып, чеке, көздөрүн ушалап, көз ачар бекен деген үмүттө турганда Арзыбай, Бактыяр деген карыялар Жаңыл мырза

менен келип, чөгөлөй маркумдарга ыйман айтып отурушту, – деп Аккочкор тыным жасап сөзүн улады.

– Алар силерди аңдып, тыңшап турушкан экен да, – деди Кайдуулат бий.

– Аңдыбай эле алар да жакшы санаа менен айылга ээрчитип кетүүгө келишкен экен. Көптү көргөн кыраакы Арзыбай бул окуянын Үчүкө, Түлкүгө тиешеси жок экенин, алар майдан өңүтүнө кеткенде кымыз тунмасына мас болгон жигиттердин алаңгазарлыгынан чыкканын баамдап, иштин жайын көрүп, конокторду ээрчитип келели деп келген экен. Биз жиберген кабардан улам атайын үй тиктирип коюптур. Борчуктун үстүндө туруп Үчүкө, Түлкү баатырлардын капа болуп, жылкыны кайра айдап жеткирип, кечирим суроого киши дайындаганын угуп, эми барып саламдашалы деп козголгондо, Жаңыл мырзанын тайганы биздин отко шимшилеп жете келгени кырсыктын башы болбодубу? – деп өкүндү Аккочкор.

– Бирин-бирине дал келтирген Кудай Тааланын чийген тагдыры да. Кантели, аргабыз жок. Артын тилейли, – деп Сарысейит бийди карады көзүнө жаш ала үч ата өткөн тууганы, бугу билерманы Жамангул. Сарысейит бий окуяны көз алдынан өткөргөн таризде ойлуу, көзүн жумуп тизесин таяна бүркөө отурат.

– Жаңыл мырзаны эки чал менен кошо мууздап жиберсеңер болмок, – деп бөйрөгүн таяна чыкчырылган Кудаян мырза Аккочкорго наарazы боло карады.

– Мууздата койчу кыз Жаңыл мырза болобу, иним, – деп Кудаянды жактыра бербей үн катты Кайдуулат бий. Сарысейит бий уулуна көз кырын сала билинер-билинбес башын чайкап, оңдонуп отурду.

– Жайына узатуу кандай өттү? – деп Аккочкорго кайрылды Жамангул бий.

– Шейиттерге ыйман окуп бүткөн атасына, Бактыяр карыяга кайрылып: «Ата, бул кайгылуу окуяга менин өмүрүм сайылды, менин өмүрүм менен бүтөт. Баатырларга жайды нойгут жеринен буйруптур Кудай Таала. Кыргыздын ата-баба салты, шариат жолу менен узаталы. Мындан аркы сөз сизде» – деди өзүн сабырлуу туткан Жаңыл мырза, – деп Аккочкор сөзүн уларда:

– Аялдан артык туулган жан тура! Атаганат, Түлкү баатыр менен теңдеши жок жубайлар болмок экен… – деп оюнун аягына чыкпай өкүндү Мортук бий.

– Жаңыл мырза «бул кайгылуу окуяга менин өмүрүм сайылды. Менин өмүрүм менен бүтөт» дептир. Жашоом жок дегени да.

– Кудай Таала өзү калыс, ар кимге чийилген тагдыр бар. Сөзүңдү улачы, алаксытып койдук, – деп Аккочкорду карады Жамангул бий.

– Жаңыл мырза айткандай түнү менен боз үйлөрдү көчүрүп келип тиктирип, бүткүл нойгутка кабар салынды. Уруу билермандары баш-

таган калың эл чогулду. Ата-баба салты, шарият жолу менен эртеси шейит баатырлар жайына берилди. Эрендерден ажырап эңгиреп элге келип отурабыз, – деген Аккочкордун үнү бошой түштү.

– Тагдырга таарынабызбы… Кудай Таала ошондой буйруган тура, баш ийели… Эми Атакозу, Чабак баатырлардын айылы күтөт силерди, – деп сабырлуу турган Сарысейит бий Аккочкорду карады.

Аккочкор ордунан турганда карыялардан оолагыраак суусун ичип отурган жоокерлер бата тилеп, жапырт тура кермеге бет алышты. Жоокерлер катарын бузбай аттанышып, Атакозу, Чабактын азалуу аттарын алдыга сала шейиттерди өз айылдарында жоктоого жөнөштү.

Сарысейит бийдин айылында азалуу жоктоо уланууда. Биринен сала бири саяк бийи Талкан, кушчу Майтык, саруу Бекболот бийлер айыл билермандарын ээрчите Үчүкө, Түлкү баатырларды астейдил жоктоп, удаа-удаа түшүштү. Сарысейит бийдин өтөсүз кайгысын бөлүшө эгиле көңүл айтылууда. Калың калмак ыкыс берип каптаганы турганда жоо кайруучу эрендердин өлүмү ар биринин көңүлүн бөксөртүп турду. Азалуу өкүрүктүн ар бири басылып, куран окулгандан кийин оозго көңүл жубатарлык сөз кирбей тунжуроо өкүм сүрүүдө.

Калмак менен кагылыштарда көзгө көрүнүп, жайчылыкта элге кадыр-баркы өтүп, ишеним күттүргөн Үчүкө, Түлкү баатырлардын өлүмү азгантай кыргыз үчүн оор жоготуу эле.

Эртеси эртең мененки намазды Кадырбай молдонун имамдыгында уюп дөңдө окуган кыргыз эл башчылары бийдин чоң үйүндө чайлангандан кийин кымыз сунулуп, көңүл айтуу үзүр-мазары уланды. Төрдө Талкан бийге катар отурган Жамангул:

– Кайратыңызга Кудай кубат берсин бий. Баракелде, Кудайдын буйругуна кулу катары моюн сунган мусулманчылыгыңызга, кайгыны акылга багынтып сабыр туткан адамдык эркиңиздин бийиктигине ыраазы болдук. Өзүңүз айткандай артын берсин. «Мен сабырлуу менен биргемин» деген тура Алла Таала. Үчүкө, Түлкү баатырлардан калган урпактарыңыздын өркөнү өсүп, өрүштөрү кеңейсин. Журт атасысыз. Сиздин кайратыңыз элиңизге дем берет. Каадалуу сый кеңешиңизди улантып, элиңиздин бүгүнкүсүнө, келечегине сереп салып кеңеш берип туруңуз. Кеңеш башы Үчүкө баатырдын ордун Кудаян уулуңузга ыйгарсынбы деген ой бар, – деп уруу бийлери билермандарга көз жиберди.

– Ак сөз болду. Бий, сиздин кайратыңыз алыс-жакынды көрө билген, болочокко сереп салган кыраакы нускаңыз элиңизге керек. Калмактар баш-аягын жыйнаган өңдүү. Коңтаажы Сенгенин ордун агасы Галдан ээлептир. Эми алар күчүн жыйнап аткан шекилдүү. Алардын амалын тымызын билип, бизге жол көрсөткөн нускаңызды калтырбаңыз. Өткөн Кеңеште болот курал жаатында олуттуу сөз болуп, Үчүкө

баатыр ал үчүн Анжыян, Наманганга кайсы уруудан канча мал айдаларын тактап алды эле. Жыйналган каражатты тактап, Ташкен, Бухар, Кыйвадан болот курал алууну кеңешүү үчүн Тейиш хандын алдына бармак эле. Максатына жетпей кетпедиби эсил баатыр. Эми ошол ишти уулуңуз Кудаян жүзөгө ашырсын дейбиз. Баралына келип турат. Өзүңүздүн осуятыңыз менен бийлердин кеңеш башы бийлик озуйпасы Кудаянга ыйгарылса дейбиз, – деген Талкан бийдин салмактуу сөздөрүнө удаа:

– Төп сөз айтылды.

– Баш мээси менен, эл ээси менен.

– Жоо жакадан алганы турганда ой дечү эр керек, – деген колдоо кобур басыла.

– Туура айтылды. Жоо жакадан алганы турганда жоо кайруучу Үчүкө, Түлкү баатырлардын ордун толтуруп, элин жоодон сактап, ачына айланып, тогуна толгонгон эл башы болсун, Кудаян уулубузга бата берели, – деп алакан жайды журт улууларына көз жибере журт уюткусу моңолдор бийи Бакы. Отургандар жапырт алакан жайганда бийлердин баарысынан жашы улуу Жамангул бий Бакы карыянын сөзүн улай:

– Кудаян уул, элдин жүгүн көтөрө майышпаган лөк болгун. Элиңдин чачылганын жыйнаган, үзүлгөнүн улаган, ачына айланып, тогуна толгонгон, ынтымагына, ырыскысына камкор эл башы, каптаганы турган калың калмакты кайрыганга кыргыз жоокерлерин курал-жарак шайлап, кайгуул-чалгынды күчөтүп, аларды майданда баштаган жахангер кол башы бол, Оомийин, Аллоху акбар, – деп тилек айтты. Жапырт айтылып, жакшы тилекке Алла Тааланын аты жаңырды. Чымыр денелүү, кызыл чийкил, келтерек кыр мурун, ээрди калың, кер мурут жигит Кудаян ордунан тура:

– Кулунуңармын, кулдугум бар, – деп ийиле бийлерге сылык таазим этти.

– Кулдугуң кудайга болсун. Ак жолуң ачылсын, – деп Жамангул бий сакалын сылады.

Түшкү намаздан кийин куран окуу даамын сызып, артын тилеген бийлер айылдарына кайтышты.



*Новелла*

Абдымомун
КАЛБАЕВ

# ӨЛҮМ АЛДЫНДАГЫ ЧЕЧИМ

Сейде кемпир ооруканадан чыккандан бери санаасы тынчыбайт. Эстүү байбиче өзүнүн адам болбосун сезип калган. «Эми мейли, Алла берген өмүрдү жакшы эле жашадым, уул-кыздан гана кудай азыраак айтып калыптыр. Жалгыз уулду караан кылчу элек, орусча окутабыз деп андан да кол жууп олтурабыз, шаарынан келсе келет, келбесе жок, келсе да ишим калды деп шашылып кетет. Эсен-сообузда андан эч нерсе деле үмүт кылбайт элек. Оо, кудай, менин көзүм өтүп кетсе мына бул сакалы белине түшкөн байкушума эле кыйын болот го. Бу карт текени ким бакмак эле, желкесинен жогору кыркылган чачын бир жумада он жолу боёп, эрдин кызартып эндик коюп, эки сөзүнүн бири «папам, мамам» деп олтурган жез кемпирдей келин муну карап койбойт, байкушум кор болуп калат го... Кой, андан көрө көзүмдүн тирүүсүндө токол алып бербесем болбойт, көзүм өтүп кетсе бул кор болот». Мына ушул ойлор менен алпурушуп, көктү тиктеп төшөктө жаткан Сейде эненин бешенесинен чыбырчыктап чыккан терди кол жоолук менен аарчыган Кекебай чалын жакындан бери ой басып калганын байбичеси байкап калган.

– Ээ, абышка, мени угуп жатасыңбы? – деди Сейде онтолоп.

– Угуп жатам кемпир, угуп жатам.

– Балаңдан кабар жокпу?

---

**КАЛБАЕВ Абдымомун Ашыралы уулу** *1953-жылы Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Афлатун айылында туулган. «Ала-Тоонун жаңы жылдыздары», «Майлуу токоч», «Кылымга жүз ыр белегим», «Өмүр өтөлгөсү», «Тарыхта калган изи бар, Аксыда нарктуу киши бар» ж.б. китептердин автору. Кербен шаарында жашайт.*

– Келем деген экен, жок ко, жумушунан колу бошобой жаткан го...

– Ээ, атасы, анын жумуштан колу бошобой эмне, шаарда малына чөп чаап жатат дейсиңби, машинасын минип чапкылап жүргөндүр да жанагы түйдөк чачты багам деп. «Орусча билсин, чоң болот балам» – деп мектепке окутуп, андан Маскөөгө окутам деп... Мына, айылга келбей койду. Бир мекемеге чоң имиш. Мекеменин чоңу деген кайда барса өзү билет деп уккам, келип турса болбойт беле...

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, ал ишканасынын түйшүгү көп деп уккамын. Эки жүздөн ашык адам колунда иштесе, аларды багуу жөн иш эмес го. Эмнеси болсо да тынч болушсунчу...

– Ай, абышка менде бир сөз бар. Угуп жатасыңбы?

– Айта бер, угуп жатам.

– Угуп жатсаң мындай. Мен эми адам болбойт окшоймун.

– Ок, оозу жаман, кесир сүйлөбө, андан көрө кудай деп жакшы тилек кылып тур.

– Аның чын дечи. Бирок кудай алам деп калды окшойт го. Түшүм бузулуп калды. Эми мени уккун. Арал деген жерде менин бир сиңдилерим бар, жалгыз баласы менен бир үйдө турат, мени кошунага дайындап кой да, эртең барып ошону көчүрүп кел, мени карасын.

– Аның мал-жанын таштап сага келе коймок беле, бир тууган балаң келбеген, ошол келмек беле, аның деле элүүдөн ашып калды.

– Келет, мени айтсаң келет. Ал: «Мен сага өмүр бою карызмын эже, сенин кылган жакшылыгыңды кантип актаар экенмин» – деп жүрчү, ошол сөзү эсинде болсо келет. Барып көчүрүп кел, – деди.

Кемпирдин сөзүн туура көрүп турса да чал келеби, келбей коёбу деп эки анжы ойдо турду. Ооруп жаткан немени санаасын тынчытайын, келип калса, оокат-ашын даярдап берип турса жакшы болуп кетер деген бүтүмгө келди Кеке чал. Эртеси кошуна келинге Сейдени тапшырып, кемпиринин төркүнүнө кетти.

Абышкасы кеткенден кийин кемпир ары барып, бери келди. Кыязы, чалынын келишин күтүп калды.

Жолката Кекеге түркүн ой келсе да, жалгыз бир тууганы эсинен кетпей баратты. Иниси кырсыктан каза болуп, андан жалгыз уул калган. Эми ошол инисинен калган чунактын кылган жумушун карабайсыңбы, өзүнөн жети жаш улуу, экини төрөп, балдары токтобой, эринен ажырашып, айылда жүргөн бир келинди алам деп, тополоң салып жатканын. Сүйүп калган имиш. Илгери аксакалдар айтчу, сүйүүнүн көзү сокур деп. Эми сокур деп эле туш келгенди сүйүп кала береби десең. Аны Сейде уккан жок. Ой, айылда апасы өппөгөн, басса ак маралдай чайпалган, ак куу моюн не бир сулуу кыздар кылактап жүрсө, тапканын карабайсыңбы!.. Аны жанагы келин башын айландырып, молдого окутуп салганбы?.. Болбосо, кудай урбадыбы, ышкындай буралган

жаш жигит өзүнөн жети жаш улуу немени алам деп тополоң салганын, атасы тирүү болгондо balaңды тарбиялаганың ушулбу, деп сөкмөк. Эми келинге аны кантип айтат. Антейин десе өзүнүн баласычы? Аны ким айтат... Аты кыргыз болгону менен келин сөрөйү кичинесинен Маскөөдө окуп, кыргызча билбейт. Алып келгенде Сейде башына жоолукту араң салбадыбы чала-була, анда-санда билген орусчасын тантырап атып.

Кудай Кеке чалдын ишин чаташтырып жатабы, белгисиз. Кекенин атасы менен бир туугандын баласы да келинчеги менен жакшы болбой, туубайт деп ажырашат имиш. Аны да кечээ Кеке чалдын кулагы чалып калды. Атаңдын оозун гана урайын десе, тектүү жердин кызы деп, бой жетип, окуймун деп, гүлкайырдай буралып турган кызга куда түшүп, окууга жибербей, кадыр-баркымды салып жатып алып берсем, эми төрөбөйт деп, эмне болуптур, али жаш, кудай берем десе жыйырма бештен кийин деле төрөй берет. Ал келиндин адамга кылган мамилеси, үй тутканы, эмгек кылганынан, деги кынтык таппайсың. Сейдени эки жылдан бери ушул келин карады. Ырысы жок жаман, ушундай кемтиги жок келинди чанганды ким койду экен десең, дагы бирөөсүн сүйүп калганыбы ким билет. Ушул ойлордун кучагында жүрүп олтуруп, ал Аралга кандай барып калганын билбей калды.

* * *

Батыштын үйүндө бозо ичип олтурушуп, Чакай жөнүндө, ал аламын деген келин жөнүндө сөз кызуу жүрүп жатты. Аны Батыштын келинчеги баштап койбодубу:

– Чакай тигил ак маралдай керилген Бегим сулууну алат имиш, – деп.

Бул сөз Батышка жаккан жок. Анткени Чакай экөө жакшы мамиледе жүрчү.

– Ой, катын, оозуңду карап сүйлөчү, ошол өзүнөн улуу, анан да эрге тийип, экини төрөгөн немени Чакай башына урмак беле. Ал деген тээ, Кеке чалдын тукумунан, нарктуу, тектүү жердин бүлөсү, Чакай деген апасы өппөгөн кызды, чекесине чертип туруп алат. Экинчи андай сөзүңдү укпайын, – деди.

– Аяш туура айтып жатат. Ал Кеке чалдынбы, Беке чалдын тукумубу, аны ит билсинби, мен аны Чакайыңдын өз оозунан укпадымбы.

– Укпайсың, – деди бозого тойгон Батыш тигинин оозун жапмакка. Анын «ит билсинби» деген сөзү Батыштын жанына батып кетип ордунан ыргып турду.

– Эмнеге укпайт экенмин? – деп столду тарс эткизе бир чапты Тойгон.

– Ой, эмне, бозого тоюп алып, бул жерде столду муштап мага үстөмдүк кылганы жатасың. Жинди болдуңбу, – деп Батыш ордунан турду. Экөө жакалашып, сыртка жөнөштү, дасторконго бата да кылышкан жок. Тотой түрмө көргөн неме жанынан бычагын сууруп чыкты.

– Ой, силер эмне, жинди болдуңарбы? – деп Батыштын аялы чыңырып сыртка атып чыгып, кошуна-колоңдорго жар салып, бакырып-өкүрүп жардам чакырып жатты.

* * *

Кекебай аялынын алысыраак сиңдисин үч жашар баласы менен алып келди, аял ыймандуу неме экен, эжем чакыртып жатса кантип барбай коёюн деп үй-жайын инилерине тапшырып келе берди. Башы бош неме кайда барам десе өзү билет турбайбы.

Кекебайдын байбичеси алыс болсо да, бул сиңди тутунуп калган келиндин келгенине кыйла эле жандана түшүп, жүзүнө кан жүгүрүп калды. Жанында олтурган күйөөсүн:

– Сен сыртка чыгып короо-жайды айланып келчи, сиңдим менен жеке сүйлөшө турган сөзүм бар, – деди байбиче.

– Макул байбиче, макул, – деп Кекебай сыртка чыгып кетти.

– Мындай олтурчу Кадича, – деп сиңдисин жакын тартып, жанына чакырды.

– Кандай сөзүң болсо да аткарам дечү элең, убадаң эсиңдеби? – деди кемпир алсыз үн менен.

– Эсимде, сизге ошол үчүн келдим да, – деди кемпирдин көңүлүн көтөрүп.

– Анда угуп тур. Мен жездең менен он эки жашымда баш кошконмун, экөөбүз чогуу өскөн эгиз козудай эле болуп калдык. Элүү жыл ашык өмүр бирге туруппуз. Эми жездең ата сакалы ээгине бүтүп, карыган кезинде мен минтип айыкпас дартка чалдыгып олтурам. Мени доктурлар адам болбосумду билип, үйүндө өлсүн деп чыгарып берди, аны жездең деле сезип турат. Эгер менин көзүм өтүп кетсе, бул кор болот. Жанагы орус келин ушуну карамак беле, мен минтип аркы дүйнө менен берки дүйнөнүн ортосунда турганымда бир басып келбейт, кайнатасын карабайт! Андыктан, менин сенден бир өтүнүчүм бар, менин эки-үч күндүк өмүрүм калды.

– Коюңузчу, антип айтпай жакшы тилек кыла бериңиз, жакшы болуп кетесиз. Мындан ары айыгып, басып кеткениңизче сизди өзүм караймын, жууп тараймын, тамак-ашыңызды чыңдасам эле жакшы болуп каласыз, – деди сиңдиси эжесинин акыбалы оор экенин көрүп турса да.

– Андай асыл тилегиңе чоң ырахмат. Бирок менин айтайын дегеним башка. Эгер сен чындап мага күйгөн жан болсоң, менин айтканымды аткаргын. Эртең молдону чакырттырып жездеңе нике кыйдырамын. Аныма макул десең мен эки дүйнө сага ыраазы болом, – деди байбиче.

– Коюңузчу, эл эмне дейт, сиз турбайсызбы. Мындай кантип болсун, – деди келин шашкалактап.

– Болот, – деди кемпир чечкиндүү. Келин терең ойго батып олтуруп калды.

– Жездеңди чакыр, – деди кемпир. – Эми сен сыртка чыгып тур. Мен чалым менен жекеме-жеке сүйлөшүп алайын.

Келин эмне дешин билбей сыртка чыгып кетти.

– Эми жаныма жакын олтур, сага айтчу акыркы сөзүмдү ук, чалым, – деди кемпири. – Бул Кадичаны бекер алдырып келген жокмун. Менин көзүмдүн тирүүсүндө ушуга үйлөнөсүң.

– Ок, оозуңа кемпир, кайдагы жорукту баштап жатасың, эл эмине дейт? – деп чал чок баскандай ордунан секирип кетти.

– Эл айтса айта берсин. Эл жакшы кылыптыр дейт. Эмне демек эле... Менин көзүм өтүп кетсе сени ким карайт, кор болуп өлөсүң, ансыз деле үстүңдөгү кийимдериң жуулбаганына кыйла болду. Тырнактайда баш кошуп, элүү жылдан ашык бирге жашап, жаман сөзүңдү уккан жокмун. Эр болуп жонума камчы чаппадың, кор кылбадың. Анан кантип сени жалгыз таштап кетейин...

* * *

Батышты Тотой мас болуп бычак менен сайып таштаптыр деген сөз айыл ичине чагылгандан тез тарады.

– Ой, анын колунан келет, ал түрмөгө көнүп калган неме, ал жөн жүрө албайт, – десе, дагы бирөөлөр: – Ал арактын, бозонун күчү да, – дешти.

Кекебай чапанынын эки өңүрүн делбеңдетип Батыштыкына жетип барып, окуяны териштирип, баарын сөгүп-кагып, кейип келди. Доктурларга рахмат, кесилген ичегисин улап, жанын аман алып калыптыр. Тотойду милициялар алып кетиптир.

* * *

Бирөө өлгөнү жатса, бирөө тойлоп жатат деген ушул. Чакай ушул учурда өзү сүйгөн келинди алып, Россияга сапар тартууга камынып

жаткан. Күтүүсүздөн эле Кекебай авасы келип калды. Чакайдын бул окуяны авасы кайдан уксун деп көңүлү ток эле. Өтүктүн кончундагы камчыны сууруп алып, Чакайды башка-көзгө чаап кирди.

– Атаңдын оозун урайын ит урган десе! Эмне, катын ала турган болуп калдыңбы? Эмнеге бир ооз мага барып акылдашпайсың? Көзүң кашайып эмне иш кылып жатканыңды билбей калган экенсиң да!

Чакай сөз кайрый албады. Камчынын заары денесин ууктурса да чыдап, унчукпай олтуруп берди. Чал босогого чапанынын бир өңүрүн алдына салып олтуруп, заары бетине чыгып турду.

– Эмне кылганы жатасың, кана, мага айтчы? – деди Кекебай энтигип.

– Иш бүтүп калды ава, мен үйлөнүп, Россияга кетип жатам.

– Оо, атаңдын оозун урайын, силердей тууганым жок, бириң өлүп бириң кал! – деп чал чапанын кагып-силкип үйүн көздөй жөнөп берди. Чалга бир ооз айтып акылдашып койбогонуна чынында Чакай өкүнүп олтурду, назардан калдымбы деп да коркуп кетти. Алыс жолдо бир кырсыкка кабылбасам экен деди ичинде. Бирок жаңы алган аялына бул окуяны айткан жок. Анын үстүнө Россияга барчу каражаттын баарын аялы көтөрүп жаткан. Кайра кайтканга жол жок эле.

* * *

Кичинекей кыз Кекебайдын үйүнө жүгүрүп келди.

– Чоң ата, Садыр акем мас экен, аялын сабап жатат, тезирээк барыңыз! – деп. Эми Кекебай чал анысыныкына жүгүрүп кетти. Барса, келини таңылчагын таңып, кетүүгө чак болуп калыптыр. Төрт бөлмө үйдүн ичи аңгырап бош. Келин буркурап ыйласа, адам жанында тура албайт. Чалды көрүп, андан бетер буркурап ыйлады.

– Мен мындан ары Садырдын кордугуна чыдай албаймын! Балалуу болбой жатса ага мен күнөөлүү эмесмин. Ал болбогон эле шылтоосу. Баары арактын айынан болуп жатат, – деди келин.

– Келиним, сабыр кыл айланайын, бир ачууңду мага бер. Минтип энеңдин да акыбалы оор, сенден башка бизге каралаша турган адам жок. Сен кетип калсаң менин көргөн күнүм не болот? – деп Кекебай буркураганда көздөн аккан жашы сакал ылдый куюлуп кетти.

Аңгыча келиндин төркүндөрүнөн адам келип, келиндин жүктөрүн машинага жүктөй баштады. Чоң агасы келген экен, Кекебай авага: «Иниңизди кой деп койбойсузбу», – дегенде жети өмүрү жерге кирди. «Азыркы жаштар бирөөнүн сөзүн укпайт да» – деди жүк ташып жаткан сары келин. Ошентип, келини да жолго түштү. «Деги эмне болуп жатам? – деди Кекебай ичинде. – Биздин урукта мындай тескери жол-

го баскан кежирлер жок эле, кудай, өзүң сактайгөр. Астаапырла, астаапырла», – деп үйүн көздөй бара жатты.

* * *

Үйүнө барса айылдын молдосу чай ичип олтуруптур. Кекебай менен кучакташып, абдан жылуу саламдашты. Сейде байбиче молдону да бышыктап койгондой, Кекебайдын корккону эле эл, иниси ажырашып жатса, бир иниси өзүнөн улууну алып Россияга кетип жатса, мындай чырмалышкан окуялардан башы айланган Кекебай эмне кыларын билбей нес.

– Бу, Кеке, байбичең туура иш кылыптыр, жакшы болуп кетсе үчөөң бири-бириңе эриш-аркак болуп жашай бересиңер, жаман айтып жакшы жок, байбичеңдин көзү өтүп кетсе, мунун да санаасы тынч жатат. Мындай иш ата-бабада болуп эле келген. Нике кайып дейт шариятта. Олтургула, Сейденин өтүнүчүн аткарып коёюн, элге-журтка деле сөз кылбай эле койгула. Бара-бара эл деле көнүп, кайра Сейде кемпирдин бул ишине алкыш айтат, – деди молдо.

Сейденин сиңдиси деле ары ойлоп, бери ойлоп, акыры макул болуп калды. Антпеске чара жок эле, жаш кезинде сууга агып бара жаткан жеринен ушул Сейде боюн таштап куткарып калган. Эми Сейде кемпир сууга акканы олтурганда таштап кетип калууга чарасы жок эле, башы бош, айылында Кадичаны ала коё турган эле адам даяр туру дейсиңби, анын үстүнө карай турган малы, жага турган отуну болбогондон кийин...

Кекебай да өлгөнү жаткан кемпирдин көңүлүн кыя албай бир жагы мындай ойду тапкан кемпирине ыраазы болуп, көзүнөн жашы мончоктоп, күнөөлүү баладай башын ылдый салып унчукпай олтурду. Молдо никени кыйып: «Ашырбай уулу Кекебай, Датка кызы Кадичаны алганга никесин кабыл туттуңбу?» – дегенде чал араң башын ийкеди. Ошентип, кемпири өлбөй жатып Кеке чал үйлөндү. «Эми эртең эле айыл ичи дүң болот», – деди ичинде.

* * *

Кеке чалдын дагы деле эсинде. Апасы ыраматылык ырга, күүгө шыктуу, шайыр, мыкты ырдаган, жомок, санжыраларды мыкты айткан адам эле. Ошол апасы жомок айтып жатып: «Ошентип кесип үйрөнөм деп жолго чыккан Чонтой күндөп-түндөп жол жүрүп келе жатып, эки айрылыш жолго кез келет. Анда тактага жазып илип ко-

юптур: «Оңго жүрсөң өлүмгө барасың, солго жүрсөң көмүргө көмүлүп өлөсүң» – деп. Эмне кылуу керегин ойлоп Чонтой жол боюна олтуруп алып азыгын жеп олтурса, бир карыя кез келет, карыяны нан жеңиз деп жанына олтургузат да:

– Ава, айтыңызчы, кайсыл жолго жүрсөм оң: оңгобу же солгобу? – дейт.

Карыя:

– Сен кайда бара жаткан жолоочусуң? – деп сурайт

– Мен кесип үйрөнүп, жер көргөнү бараттым эле. Ушул жолго туш болуп кайда барарымды билбей турам, – дейт Чонтой.

– Акыбалың оор экен, максатымдан кайтпаймын деп бул жолго баргандардын эч бири кайтпаган. Эми сен мени менен кал. Мен өлөр чагым болду, ушу жашка жеткенче үйрөнгөндөрүмдү сага таштап кетейин, бирок бир шартым бар, аткарсаң үйрөтөм, аткара албасаң азыр ачыгыңды айтып жолго түш, – дейт.

– Шартыңызды айтыңыз, колдон келчү иш болсо аткарам, – дейт Чонтой.

– Шартым мындай: менин бети-башы чотур, колу чолок, буту баспаган, тили жок кызым бар, ошону алсаң сага баарын үйрөтөм, – дейт.

Анда Чонтой бир азга ой багып олтурат да, бекер өлгөнчө ушул тырнактай чалдын кызына үйлөнүп, кесибин үйрөнөйүн, бул да болсо кудайдын бешенеге жазганы дейт да макул болот.

Анын сыңары, Кекебай чалдын кеңешин укчу инилери терс аяк, ар кимиси өз алдынча болуп, мына ошол эч ким кайтпаган жолго айтканымдан кайтпаймын деп кетип, бир иниси жолдо кайтыш болуп кетсе, айылга телеграмма берип, алам деген келини дайынсыз ара жолго таштап кетип калыптыр. Он күн дегенде урук-тууганы барып араң алып келди. Ошол баланын жаназасы болор күнү Сейде кемпир да аркы дүйнөгө сапар алды. Кекебай чал боз үйдүн алдында ичинен муңканып ыйлап олтурду. Айылдагы бардык кары-картаңдар, замандаштары Сейде кемпирдин асыл сапаттарын, улуу адамгерчилигин сөз кылып олтурушту. Чыныгы адам деп ушул байбичени айт деп жатышты.

Инисине алып берген, кетип калган келини апасын ээрчитип батага келиптир. Кайнагасын кучактап алып өксүп-өксүп ыйлады. Мына эстүү жан, тектүү жердин кызы деп ушуну айт, бир жандык союп, кемпирдин зыйнатын кошо кылып келиптир. Башка болгондо балаң башында калсын деп келбей коймок.

Кекебайдын шаардагы баласы да апасына жаназа окулуп жатканда келди. Аялы келбептир. Эл ошону сөз кылып, кемпирди коюп келгенден кийин куран окуп, таркап кетишти. Баласы бир күн туруп эле жолго түшкөндө Кекебай чал Сейдеге эми чындап ыраазы болду, ал Калчага үйлөнтүп коюп кетпегенде, ээн үйдө эңгиреп жалгыз калмак экен.

Бир гана жаман жери – бир айылда эшиктеш кошунасы болуп туруп инисинин баласы батага келген жок. Ал бирөөнүн баласын мас болуп сабап салып, камакта болчу, катынынан ажырагандан кийин ичкиликке берилип кеткен. Ал батаны уккан деле жок.

Кекебай келинге ыраазы болуп калды. Айрылыш жолдо пайгамбар жашынан алда качан ашып калган бул чалдын акыл-кеңешин укпастан, ар кайсыл жакка баскан инилери сай-сөөгүн сыздатып турду.

Сейде коюлгандан эки күндөн кийин келини кайнагасынын алдына келип:

– Ата, жүрүңүз иниңизди милициядан чыгарып келели, – деди.

Мындай акылдуу жанга Кекебай алакан жайып, ак батасын берди. Бирок, бул иш кеч болуп калган эле. Кекебай чалдын иниси милицияда жатып арактан өлүп калыптыр, аны милициядан эмес, моргдон чыгарып алуу керек эле. Эки инисинен тең ажыраган чалга бул кабарды угуза албай жатышкан. Бул тууралуу инисинин кетип калган аялы да уккан эмес.

*Поэзия*



## Элмира АЖЫКАНОВА

# Бир кооло дайым жүрөктө турат

*Чаржайыт, майда ойлорго ыктай,*
*Келатам жолдо эч мөрөй утпай.*
*Көзүмө жакшы сүйлөгөндөрдөн*
*Көңүлүм калды үч көчкөн журттай.*

*Сөздөрдүн көбү жасалма, жалган,*
*Көздөрдүн көбү суз тартып калган.*
*Мээримсиз, мерес жашоодо ушул*
*Сызылып ооруйт өзөктө жарам.*

*Учугун таппай чаташкан жолдун,*
*Жүргөндөй болом ичинде тордун.*
*Башталдак аткан турмушта ушул*
*Баш-аягымды жыя албай койдум.*

---

**АЖЫКАНОВА Элмира** – *1966-жылы Талас районундагы Кум-Арык айылында төрөлгөн. 1984-жылы Таластагы Иоганн-Нездорф орто мектебин бүтүргөн. 1991-жылы КМУнун кыргыз филологиясы факультетин аяктаган. 1993-жылдан тартып, КТРдин радио-уктуруулар бөлүмүнүн адабий-драмалык редакциясында эмгектенип келет.*

*КТРдин, Кыргызпатенттин, КРнын маданияты жана маалымат министрлигинин бир нече сыйлыктарына арзыган. КТРдин отличниги төш белгиси менен сыйланган. Республикалык «Калемгер» адабий клубунун сынактарынын эки жолку жеңүүчүсү.*

*«Көгүш гүлдөр» аттуу ырлар жана аңгемелер жыйнагы жарык көргөн.*

*Көңүлсүз кечти айнектен карайм,*
*Көчөдө шамдар үлүңдөйт араң.*
*Уңулдап бороон учурат карды*
*Каркылдайт бакта каргалар жалаң.*

*Көчкүдөй күр-р – деп аскадан кулап,*
*Көңүлүм күндө көрүнбөй сынат.*
*Жай бербей жанга түпөйүл кылып*
*Бир коога дайым жүрөктө турат.*

## Кеч күздөгү ыр

*Терезеден тиктеп турам көчөнү,*
*Күн сууктап, сыртта күздүн этеги.*
*Машиналар суудай агат жолдордо*
*Басыла элек жааган жамгыр кечээги.*

*Бүркөк күндөй мен да үйдө камыгып,*
*Карайм жолдон өткөндөрдүн агымын.*
*Катаал кездин каарын тарткан адамдар*
*Шашып барат кечип күздүн жамгырын.*

*Санаа ээлеп ойлорунун жарымын,*
*Түйшүгү көп, арманы бар баарынын.*
*Сулуулукту карай турган көңүл жок*
*Туйбайт эч ким тунук жамгыр жагымын.*

*Кабак түйүп түнөрөт туш-тарабым,*
*Кайрымы жок мерес тартат заманым.*
*Мен да өзүмчө дос-тууганда алыстап,*
*Бир жанымдын тынч болушун самадым.*

*Мезгил, доор кексе кылып адамды*
*Санап, өлчөп таштап калдык кадамды.*
*Ниеттерге түшүп ала көлөкө,*
*Эсептешип айтып калдык саламды.*

*Жамгыр жаайт, күз абасы салкындайт,*
*Кыялдар да канат какпайт, талпынбайт.*

*Карап турам жамгыр жууган көчөнү*
*Кар бороондуу кыш күн санап жакындайт.*

## Убаралуу ушул турмушта...

*Мезгил менен бирге агылдык,*
*Желбиредик, күйдүк, жагылдык.*
*Көңүл өртү бастап аз-аздан*
*Каалгадай секин жабылдык.*
*Жүрө-жүрө эч кимге ишенбей*
*Жүрөктөргө кулпу салындык.*

*Чыга албайбыз алыс борбордон*
*Баскан жолдун баары тордолгон,*
*Кеч кирсе эле үйгө камалып,*
*Жан киши өтпөйт түнкү жолдордон.*
*Илкий басып чарчап келебиз*
*Ийин талып майда ойлордон.*

*Жаз да быйыл ойлуу көрүнөт,*
*Жамгыры да ыйлап төгүлөт.*
*Ашмалтайы чыккан калп сөздөр*
*Ак самындай ашып көбүрөт.*
*Убаралуу ушул турмушта*
*Кубанычтан өкүт көбүрөөк.*

*Ойлор келет, ойлор чубалып,*
*Ойдун түбү күүгүм, мунарык.*
*Кээде селт деп коркуп кетемин*
*Келаткандай асман куланып.*
*Уктай албай чыгам түнкүсүн*
*Көп санаадан көзүм тунарып.*

## Өкүт менен эстеп азыр турамын

*Көр оокаттан бошобогон колумду,*
*Көп түйшүктөр бөгөп турган жолумду,*
*Жыйыштырып салып баарын... кайдадыр*
*Качып чыккым келет сууруп боюмду.*

*Жылуусу жок жалган отко жылындым,*
*Сыртым калып маңызымдан сыгылдым.*
*Сыр билдирбей баскан менен көчөдө*
*Сындым канча  өз бутума жыгылдым.*

*Турмуш мени бурап-толгоп олтуруп,*
*Көкүрөккө көр-жер шилеп толтуруп,*
*Кичирейтти,  аздап-аздап жешилдим*
*Курап жүрүп жоктон барды болтуруп.*

*Өттү мезгил,  өттү жаштык курагым,*
*Өзүмдү эми аяп калган убагым.*
*Күнүмдүккө короп кеткен жылдарды*
*Өкүт менен эстеп азыр турамын.*

* * *

*Сага барчу жолдор улам узарып,*
*Кадамдарым калганга окшоп тушалып,*
*Карды жиреп, жол арбыбай келатам*
*Жүрөк толо кумар менен кусалык.*

*Күндөр күлүк, саат жебеси чимирик,*
*Шаар ичи кымгуут түшкөн тирилик.*
*Бар дүйнөмдү  көтөрүнүп  келатам*
*Бактагы кар ийиниме күбүлүп.*

*Кирип келем,  моюнуңа артылам,*
*Сен деңизге окшоп кенен чалкыган.*
*Башым жөлөйт  көкүрөгүң жыпжылуу*
*Жытыңды искеп, кумарыңа тартылам.*

*Бир далайга үн катышпай турабыз,*
*Дайрага окшоп мелмилдейбиз, тунабыз.*
*Жүрөктөрдүн тыңшап түрсүл какканын*
*Ак сүйүүнүн арман күүсүн угабыз.*

Башка-башка түшсө дагы көчөбүз,
Бакыт даамын бирге таттык экөөбүз.
Жүрөктөгү бир армандын жайы ушул –
Үйүбүзгө жалгыз, жалгыз кетебиз.

* * *

Олтурамын эл менен бир чоң тойдо,
Таткан шарап акырын тарап бойго
Дуулдаган шаттыктын арасынан
Уурданып келесиң улам ойго.

Кыз-келиндер үлпүлдөп кийинишип,
Сый көрсөтөт жигиттер ийилишип.
Сыбызгыган музыка, дүйүм тамак
Той ээлери жайдары сүйүнүшүп.

Көңүлүмдү ээледиң күнү кечке,
Көлдөй тунук көздөрүң түшүп эске.
Алыскы бир өлкөдөн кайтып бүгүн
Аба жиреп келмексиң бүгүн кечте.

Балким, азыр бийикте булут жиреп,
Жакшы ойлорду жаныңа кылып тирек
Келатасың көк мейкин жолу менен
Көрүнбөгөн периштең коштоп жүрөт.

Тойдо олтуруп ойлорум өзүң жакта
Уурданып көз таштайм дубал саатка.
Кызыл көйнөк ырчы кыз обон созот
Кызыгандар дуулдап шаңга баткан.

А сен мага гүлдөгөн чар-тарапсың –
Тойдон артык майрамсың, салтанатсың.
Сага барчу жолдо мен жөө-жалаңдап
Ак сүйүүнүн азабын аркалаптын.

# *Сенин барың...*

*Оюмда сен. Жалгыз жүрүп сүйлөнөм:*
*– Сен жолумдан калганыңда жолукпай*
*Кантип жашап өтөт элем дүйнөдөн!*

*Ойлойм дайым сен экөөбүз жөнүндө.*
*Ар тоскоолдон аман өтүп келатам*
*Сенин барың кандай жакшы өмүрдө!*

*Сени бар деп кайыл болдум баарына,*
*Көп түйшүктү көңүл менен бүткөрүп,*
*Махабатка көрдүм күндө камылга.*

*Жан отумду бердим арнап сүйүүмө,*
*Жаман көздөн аярладым, жашырдым,*
*Бапестедим, бактым жүрөк түбүнө.*

*Ай-жылдыздай сулуу кылган түн ичин,*
*Сен да жарык кылдың менин дүйнөмдү*
*Сенин барың кандай бакыт мен үчүн!*

*Жаштар үнү*



**Сымбат МАКСҮТОВА**

# АРМАНДУУ МАХАБАТ

Мухаммед Катар өлкөсүнөн эки жылдык мөөнөткө иштөө үчүн Кыргызстанга келген. Аны аэропорттон чогуу иштеше турган араб улутундагы адамдар тосуп алышканда эле ал өзүн абдан эркин сезди. Тилден, айлана-чөйрөдөн кысынып, бир топ кыйналам го деген Мухаммед ошол замат тигилер менен камыр-жумур аралашып кетти. Көрсө, араб туугандары Бишкекте өзү ойлогондон да көп экен. Үйлөнүп, бала-чакалуу болуп, үй алып, жарандуулукту каттатып, өз үйүндөй кенен-чонон жашап, бири-бири менен катташып, той-топурларга да барып турушаарын угуп, абдан таң калды. Ал тургай жергиликтүү элдин айрымдары араб тилин үйрөнүп, сүйлөшөт экен.

Тосуп алгандар Мухаммедди машинага салып, Бишкекти айландыра зуулдатып келишип, мурдатан даярдап койгон эки бөлмөлүү квартирага жайгаштырышты. Ал алгач жашай турган үйү, иштеген жери менен таанышып чыкты. Өзүнө абдан жакты. Андан соң кафеге алып барышты.

Ошондон кийин анын Бишкектеги жашоосу башталды. Долбоорлорду жазуу, фирмага түшкөн каттар боюнча жер-жерлерге чыгуу, жеринде таанышуу, эл менен кезигишүү, жардам берүү, акцияларды өткөрүү алардын негизги иштери болчу.  Ушундай иштер менен ал Таластагы, Ысык-Көлдөгү ыйык жайларда, көлдүн жээгинде, Оштогу Сулайман тоодо, Нарындагы Соң-Көлдө, Таш-Рабатта болду.

---

**МАКСҮТОВА Сымбат** – *1972-жылы Ысык-Көл районунун Чырпыкты айылында төрөлгөн. Кыргыз Улуттук университетин аяктаган. Учурда «Эркин Тоо» гезитинде иштейт.*

*Үй-бүлөлүү. Үч китептин автору.*

Мухаммедге Кыргызстандын таза абасы, тунук булак суулары, жомоктогудай көлдөрү, аска-зоолору, андагы кышы-жайы кетпеген мөңгүлөрү, эс алуучу жайлары, үрп-адаттары, маданияты, суу сурасаң кымыз сунган меймандостугу жүрөгүнөн орун алып, өлкөнү сүйдү да калды.

Кыргызстандын жери бейиш, кыздары сулуу деген кесиптештеринин сөздөрүнө бир жылдан кийин толук ишенди. Анткени ал кооз жаратылышка, элдин сыпайы меймандостугуна суктанып жүрүп, өзү байкабай сүйүүнүн чогун басып алды. Албетте, – деди ичинен, – табияты таза жерден таза адамдар чыгат эмеспи. Буларды кантип анан сүйбөй кое аласың?

Эртең менен үйүнөн чыгып баратып, машинасын ачып жаткан кыз менен көзү капыстан чагылышып кетти. Бир көз ирмем, бир эле секундалык көз караш анын бутун тушап, жүрөгүн өрөпкүтүп жиберди. Кыз антип жигиттин жүрөгүнө чок ыргытып жибергенин байкабай, текебердене рулга отурду да, машинасын зуулдата айдап кетип калды. Мухаммед жолдун чекесине бир аз токтой калды да кыздын жүзүн эстегенге аракет кылды. Бою узун, бийик така кийген, чачы да узун, көзү бакырайган, жүзү аппак, көйнөгү кыска, гүлдүү. Бир жылдан ашык ушул үйгө кирип-чыкканы менен эки жагын карап, токтоп койгон эмес экен эми ойлосо. Нараакта бирөө ит, бирөө бала жетелеп жүрөт. Өзү турган жер сонун, бактардын көлөкөлүү жери экен. Ошол жер дароо ага ыйык сезилип кетти. Эки жагын, машинанын жүрүп кеткен жолун, үйлөрдү карап жатып, балкондон бир аялдын турганын көрө уялып кетти да жолуна түштү.

Эми ал кызды кайра көрөмбү, көрбөймүнбү деген сарсанаага батты. Эртеси кыз көрүнгөн жок. «Биротоло жоготтумбу?» – деген ой күн сайын кайгыга сала баштады. Жумушундагылар муну байкабай коё алган жок. Дайыма шайыр, калың кашын көтөрүп сүйлөгөн, кара чачтуу, кара муруттуу, көзү жалжылдаган сулуу жигиттин ичинде эмне болуп атканы сыртына бажырайып чыгып турчу.

Бирок ал кыз сүйүп калганын айткан жок, үйдү сагындым, куса болдум деп жооп берип кутулуп жүрдү. Эми Мухаммед балкондон кетпей, эки жакты карап, короодон кимдир-бирөөнү издей берчү болгон.

Арадан он күн өткөндөн кийин баягы кыз капыстан көрүндү. Көрүнгөндө да баягыдан сулуу, баягыдан шайыр, так маңдайында жадырап туруп бербеспи. Маңдайындагы кызга жигиттин көзү кадалды да калды. Өзүн жалооруй караган сулуу жигитке кыз таңдана, бурула өтүп жөнөдү.

– Сулуу кыз! – Мухаммед кыздын аркасынан ээрчип алганын өзү сезген жок.

– Эмне болду? – Кыз таңдана бурулду.

– Таанышып алууга болобу? – Мухаммед уялганынан бети кызарып кетти.

– Аа, ошондойбу? Мейли. Менин атым – Айдана.

– Мухаммед. – Жигит колун сунуп жатып кашын серпип койду. – Мүмкүн болсо биздин үйгө кирип чай ичип олтурарбыз?

Айдана аны таңыркай карады. «Жинди неме го» деген ой кетти.

– Эмне себептен... мен иштерим менен баратам... – Айдана ыңгайсыздана жол четине чыга берди.

Мухаммед уялганынан туура эмес сүйлөп алганын сезип, оюн жеткире албай кенен сүйлөшүп отурууну каалап жатканын араң түшүндүрдү.

– Сиз өзү кайда жашайсыз? Ушул үйдөбү? – деди Айдана.

– Ооба, тээтиги балкон меники, – Мухаммед колун жаңсай үчүнчү кабатты көргөздү.

– Квартирантсызбы?

– Ооба, мен Катардан келип, Кыргызстанда иштеп жүрөм. Силердин жер мага абдан жагат. – Мухаммед сөз узартууну ойлоду.

– Кайсыл жерде иштейсиз?

– Кыргыз-араб биргелешкен ишканасында.

– Түшүнүктүү, мен Кыргыз-Славян университетиндемин. Экзамендеримди тапшырып жүрөм. Мен бул жерге таежемдикине келем. Өзүм «ак сөөктөр» айылында турам. Эмесе, жакшы калыңыз. – Кыз жадырап күлүп, кетүүгө кам урду.

Мухаммед ачык-айрым, тартынбаган кызды ого бетер жактырып, сүйкүм жылмайганынан кучак толо бакыт алгандай болду.

– Эми сиз качан келесиз? – Жалооруй кашын серпе сурады.

– Бир жумадан кийин келем.

Бир жума Мухаммедге бир кылымга тете эле.

– Мен сиз менен кенен сүйлөшүп олтурууну каалайм. Балким, эртең келээрсиз?

– Балким, эртең келээрмин. Ким билет...

Кыз шарт бурулду да, дагы бир жолу жылмайып, машинасына олтуруп айдап кетип калды.

Мухаммед бул жолугушууга кубанып, чексиз бакытка жуурулуп турду. Анын жумушу алыс эмес болчу. Жолду катар кыз баскан жер, ал жуткан аба, ал ичкен суу, ал жашаган шаар ыйыктын ыйыгындай сезилип, кыз кучагына баткан дүйнөнүн баары ага махабатындай көрүндү. Ал тургай буердин чаңы да жыттуу, кымбат сезилди.

Араб өлкөлөрү абдан ысык. Кышты, карды да Кыргызстандан биринчи жолу көрдү. Кышты адегенде кышында эмес, жай мезгилинде Соң-Көлдөн көргөн. Жапжашыл чөптүн үстүнө мөндүр аралашкан кар жааган. Таң калганын айтпа ошондо. Кайсы мезгил болсо да Кыргыз-

стандан кышты көрүүгө болот. Жай күнү күн катуу ысып жатканда алыскы мөңгү баскан тоону карасаң кышты көрөсүң.

Кардай аппак, кыштай таза жандүйнөсү табиятка жуурулуш адамдарда болот турбайбы деди бир ою. Бул жерде кыздар ачык-айрым, кысынып-тартынбай жүрүшөт. Мусулман өлкөсү болгону менен европалыктарга абдан окшош. Мухаммед кыздын тартынбаган мүнөзүн, сүйкүмдүү күлгөнүн эстеп келатып ушуларды ойлоду.

Жумушуна баратып да, келатып да таежеси кайсы квартирада жашайт болду экен, кыз алдынан чыга калабы деп акмалап, күтө берчү болду. Ошондон кийин кыз өзү айткандай чын эле бир жума өтүп кайра кезигишти. Кыз аны эң жакын таанышындай, аны да күтүп сагынып жүргөн адамдай күтүп туруптур. Мухаммед жумуштан келаткан.

– Мен сизди алыстан көрүп, күтүп турдум, – деди Айдана.

– Чын элеби? – мындайды күтпөгөн Мухаммед шашып калды.

– Саламатсызбы. Мен сизди сагындым.

– Эмнеге?

– Билбейм.

Экөө бирдей күлүп жиберишти.

– Мен сиздин үйгө кирип, бир аз отуруп маектешкенге убактым бар, – деди Айдана.

Мухаммед жол баштап, алдыга өтүп, үйгө киришти.

Экөө кысынбай, кенен-чонон сүйлөшүп олтурушту. Ошол сүйлөшүүдөн Айдананын жакында күйөөгө чыгаары билинди. Аны кыз күлүп-жайнап, маалымат катары айтып койду. Той болоор күн белгиленген, бир ай эле убакыт калган. Күйөөгө тиер менен ишке чыгып, андан соң чет өлкөлөрдү да кыдырмак.

Мухаммед биринчи жолу улуу махабатка кабылып, андан мына азыр көз алдында ажырап баратканына абдан өкүндү. Кыздын күйөөгө чыгаарын угаар менен аны көптөн бери күтүп, сыртынан сүйүп жүргөнүн Мухаммед да жашырбай айтып алды. Айдана анын сөзүнө анча маани бербеди. Ошондон кийин сүйлөшкөн сөздөрдүн бардыгы Мухаммедге кызыксыз болуп туруп алды.

Кыз чыгып кеткенден кийин Мухаммед эс тартканы биринчи жолу ыйлады. Бул ый махабат ыйы болчу. Анткени Айдананын бүткүл турпаты Мухаммеддин жүрөгүн ээлеп алган болчу. Бирок сүйдүм деп эле адам ага дароо жетип калбайт турбайбы. Ал адамды кыйнай турган да, асманга көкөлөтүп чыгара турган да бир укмуш сезим экен. Махабаты жандүйнөсүнө шерик боло албай, урап түшкөнү кандай? Мухаммед ойлоно берип кыйналып чыкты.

«Кетиш керек». Башына капилеттен ушул ой келди. Антпесе болбой калды. Эми күтө бергенден табаар пайда не? Аны күйөөсү менен көргөндөн, көрбөй жоголуп кеткен артык эмеспи.

Мухаммед жумуштагылардын кой-ай дегендерине болбой, келишимди токтотту да, бир жумадан кийин өз өлкөсү Катарга кетти. Мухаммеддин кирсиз баёо жүрөгүндө кооз жер, сулуу кыз, ардактуу да, армандуу да Кыргызстан ыйыктын ыйыгындай түбөлүккө сакталып калды. Мухаммед алгачкы махабатын ошол пакиза, аруу, таза калыбында сактап калгысы келди. Эми ал үй-бүлөсү менен кийин, балким, бир келээр. Аны өзү да билбейт.

# КЫЗГАНЫЧ

Анда ал экөөнөн өткөн бактылуу жан жок болчу. Кучакташып өбүшүп, биринин көзү менен бири тең айланып, үйүнө барган адамдын көзүнчө эркелешип, ушунчалык ысык да, сүйүүлөрү бекем болчу. Экөөнүн сыйкор жашоосун көргөн башкалар суктанышаар эле. Эмичи? Көз тийдиби? Шайтан азгырдыбы? Алардын жашоосунда акыркы жылдары жокчулук менен кызганыч башын көтөртпөй, жылуу сезимдерди алыс айдап бараткан. Кызганыч кара куурайдай бүрүн ачып алып, үйдөгү тынчтыкты буза баштаган болчу. Ошондой күндөрдүн биринде бул окуя Батманын жанчылган денесин ого бетер эзип, мээсин эңгиретип, катуу ыйлоого да дарманы келбей, делбетап болуп жин урган кишидей отургузду. Мындан үч-төрт эле күн мурда күйөөсү Батманы кызганычтан кийиздей тепкилеп, жүндөй сабаган эле. Көздөрү шишип, мурду сынып, беттери көгала болуп жумушуна бара албай үйүндө бөк түшүп олтуруп калган. Ичинен өрттөнгөн күйүт сыртка вулкан болуп атылып чыкчудай абалда эле. Ал жанында ыйлап турган беш жашар кызы менен үч жашар уулун уккан жок. Канча убакыт өткөнүн өзү да билбейт, карылуу колдор булкуп тургузганда гана жыгылып кете сактап, денесин араң кармап калды. Көздөрү кызарып, баягысынан да көөп чыгыптыр. Жерде буту кайрылып сынган күйөөсүнүн өлүгү жаткан.

* * *

Жумуштан кечигип келдиң деген шылтоо менен күйөөсүнөн катуу таяк жегенден кийин Батма башка салган тагдыр ушундай турбайбы деп үйүнөн чыкпай, эжелерине да даттанбай эки баласын бооруна кыса, ички арманын ый менен гана чыгарып жашап калды. Күйөөсүнүн колу акыркы жылдары көп тие баштагандан кийин көңүлү үч көчкөн журттай калып, эмне кылаар айласын таппай бараткан. Ушунусу өзгөчө болду. Мурду сынды, бети кара көк болуп чыкты. Журт которуп, жер

которуп кетип калган жагына да издеп келип ушуну жасап отурбайбы. Эми кантүү керек? Мындан ары минтип жашоого мүмкүн эмес.

Катуу таяк жеген Батма күйөөсү менен үч күн сүйлөшпөй коюп, акыры ажырашаарын билдирди. «Сен өз жолуңду тап, мен өз бактымды табайын», – деди. Сөздү уккандан кийин күйөөсү дугдуюп унчукпай сыртка чыгып кетти. Кечинде күйөөсү ичип, баягы кызганыч деген шайтанды ичине толтуруп келди.

– Сен мага өз жолуңду тап деп! А сен өз бактыңды ким менен тапканы жатасың аа? – Бакырып сүйлөгөн күйөөсү дагы жиндене баштады.

Эптеп эле ден соолугу кичине калыбына келсе, биротоло кетип калууну ойлонуп калган Батма эч үндөбөдү. Эмне десе да сүйлөшүүгө баары кеч болуп калган. Күйөөсү болсо кызганычтан чыккан бир топ ачуу сөздөрдү айтып, мээсинин жарымын жеп алды. Акыры аялы унчукпаган соң ал кайра кетип калды.

– Дагы ичкени кетти го, – ушуну ойлонгон Батма балдарына кечки тамагын жасап берип, оорлошкон денесин араң көтөрүп тирилигин кыла берди. Уктаар маал келгенде Батма балдарына, өздөрүнө төшөк салып жатып калды. «Эми качан келип дагы чатакты баштаар экен? Ажырашам деп айтылган сөздү мурда укпаган жаны кыйналып жатса керек», – деп ойлоп койду. Уктап кеткен балдарын кымтылап коюп, өзү да уйкуга бааратканда эшиктен күйөөсү кирди. Негедир унчуккан жок. Кыймыл-аракетинен соо экени билинди. Ичмек түгүл, мурунку ичкендери тарап кеткендей. Аялынын жанына жата кетти. Ошондо гана Батма жаны жай ала уйкуга көшүлдү. Ичинде баары бир кечире албайм деген ой турду.

Эртеси эртең менен кадимкисиндей эле ойгонду. Жанында күйөөсү жок экен. Менден эрте ойгончу эмес эле деген Батма кийинип алып сыртка жөнөдү. Оюнда эч нерсе жок эки эшиктен өтүп, үчүнчү сыртка чыгаар эшикти ачар замат илинип турган эки бутту көрдү. Башы өзүнөн өзү өйдө көтөрүлүп, өйдө, шып жакты караса күйөөсү арканды мойнуна салып, асылып калыптыр.

Восхищала продуманность и функциональность применяемых инструментов и оборудования. Ничего не делалось из подручных материалов. Под любой монтаж имелась масса крепежа: обжимов, зажимов; и всё к месту и по назначению. Требуется сделать отверстие в бетонной стене – никаких кувалд и зубил. Алмазный бур высверлит аккуратное отверстие установленного диаметра. Нужно подтесать лист гипсокартона – не хватайся за кухонный нож, возьми специальный скребок. Для любой деятельности – специализированный исчерпывающий набор инструментов и приспособлений. Ничего не нужно искать и мараковать – только работай... Инструменты дороги. Но если в твоих руках Makita, Hilti или Bosch, будешь грызть бетон любой твёрдости. И не только делать в нём дыры.

Однажды, при заливке бетона, выдавило опалубку, и на фасадной стене выступил «живот» в тринадцать сантиметров; площадью до тридцати квадратов. «Караул!»… Я думал, что придётся крушить армированную стену. Но, за неделю, два перфоратора с насадками стесали «пузо» и разровняли фасад… С таким инструментом мы давно коммунизм бы «отбухали»…

## 13

Приехал архитектор Брамбергер – автор проекта строящегося здания. Моложавый «дядечка», приятной наружности; спокойный и вежливый, чем выгодно отличался от остальной австрийской братвы. Я несколько раз натыкался на него, в одиночестве изучавшего материализованное творение своей мысли. Гаузер рассказывал, что это известный и признанный специалист. Впрочем, и у корифея, в чертежах, мы нашли с десяток «ляпсусо», типа открывающихся друг в друга дверей. Но, наверное, в таком большом проекте мелкие просчёты неизбежны. Большинство ошибок мы сами исправили. Но парочку архитектонических огрехов увековечили в «стали и бетоне».

Пригрело солнышко; загнездились птички… На подготовленный нами фронт работ стали слетаться множество новых исполнителей; и всё – «нерусские». Две польские фирмы «подписались» облицевать цоколь здания гранитом, смонтировать трубопроводы и сантехнику. Бос-

нийские мусульмане ловко «шагали» на раскладных стремянках, монтируя подвесные потолки. Боснийские сербы клали керамическую плитку. Столяры из Германии вставляли двери, строгали парадную лестницу и прочие «деревяшки». Швейцарская фирма по периметру здания устанавливала строительные «леса».

Швейцарцы сразу привлекли к себе всеобщее внимание. Даже на общем «неслабом» фоне они выделялись чёткой и энергичной работой. Громадная система стальных «лесов» собиралась у них всего шестью монтажниками. Бригадой руководили два друга: богатырского вида спокойный швейцарец и изящный, лёгкий на подъём серб Боки (полное имя: Божидар). Работали они бегом, в буквальном смысле. Носились по «лесам», как циркачи под куполом; на сорокаметровой высоте, с охапкой труб под мышкой. Причём, никаких криков и суеты. Выглядело даже весело. Интересные ребята. С Боки мы сошлись ближе, и он рассказал немножко про себя. Родился в Швейцарии, в семье эмигрантов из Югославии. Судя по его плохому немецкому, они так и остались славянами. Тем не менее, в Швейцарии Боки вполне вписался в германоязычное сообщество и не чувствовал себя чужим (видимо, там не Америка, где признаётся лишь второе поколение пришельцев). Боки производил впечатление гармоничного, довольного жизнью человека. Всё было при нём: хорошая работа, занятия спортом, альпинизмом, путешествия по миру (даже в Москву они с другом приехали на машине). Что ещё требуется для счастья? Это в нашем представлении постоянно нужно куда–то ломиться, расти, чтобы, сияя самолюбованием, плевать потом на ближних с «высоты» своего положения. И я сдуру спросил: не хочет ли он учиться – не лазить же всю жизнь обезьяной по «лесам»? В его глазах я прочёл лишь спокойное удивление: «Зачем»?!

Не сразу понял его реакцию. Слишком разная у нас мотивация. Для него всё видится просто: тянет в науку – учись; хочешь просто жить – работай. Работа строителем в Швейцарии означает: иметь своё комфортное жильё, достаток, спокойствие. Это у нас она: линялая «фуфайка», грязь, презрение и жалкая, скрюченная профессиональными болячками старость…

Но, вернёмся к нашим «баранам». Не забыла «Австрия-матушка» и своих сынов блудных, прислав, в подмогу Гаузеру двоих прорабов: Оскара – специалиста по облицовочной плитке, и «хера» Штерната (по кличке «Змий») – прораба «без портфеля».

«Змию» было за сорок. Чёрноволосый, высокий, худой, с короткими торчащими усиками. Энергичен; быстро перемещался; постоянно находился в состоянии лихорадочного возбуждения. Малосимпатичная фигура, своим напряжённым сверлящим взглядом вызывавшая антипатию. По его поведению можно было предположить – он заранее

знал, что все вокруг сволочи и ожидал от окружающих только гадостей (впрочем, ожидания его не обманули). Появившись на стройке, долго ничем не занимался, всё изучал, вынюхивал, высматривал, записывал. Фыркал носом – всё его раздражало. Например, допрашивал меня: каким это образом получилось, что у славян такие разные по звучанию имена, как Саша и Александр, есть одно и тоже?!.. Чем я мог его утешить?.. Ну… так, давным-давно, чья-то мама захотела…

Когда же он принялся за дело, стало совершенно непонятно, какие цели его бурная деятельность преследует: помогает Гаузеру? Подменяет Гаузера? Мешает Гаузеру?.. Всё это он умудрялся делать одновременно.

Оскар являл собою полную противоположность «Змию». Невысокий, белокурый и добродушный малый. Мы скоро нашли с ним общий язык, и на любую его просьбу я отвечал: «Для тебя дорогой – всегда, всё и везде!». Особенно успешно приручил Оскара наш «пожарный Педро», регулярно угощая того «огненной водой» тёщиного разлива. Оскар был в восторге от пойла и не переставал восхищаться талантливостью наших женщин, способных в домашних условиях заварить «такой чудесный бренди!»

Петя млел от похвал; делился секретами технологии самогоноварения. Но, видя, что «дегустационный зал» превращается в «стационар», запаниковал: «От гад, присосався – як теля до мамкы!» Угощаться ежедневно вошло у Оскара в привычку. Впрочем, педровская теща не дремала и оперативно пополняла запасы летучей жидкости.

Со временем, Оскар так сроднился с украинскими самодельными продуктами, что запросто закусывал «первак» салом с «цыбулыной», заедая супом, налитым в перевёрнутую крышку от чайника. Однажды он даже сознался, что его родная бабушка – славянка. Судя по краснеющему носу, то была чистая правда. Ещё немного и покойная бабуся наверняка конкретизировалась бы, в идентификации, до «щырой хохлушки»…

Однако, несмотря на лирические отступления, дело своё Оскар знал добре, и бригада сербов, которой он руководил, работала прекрасно.

А вот «заместитель» Шмидт был тёмен и загадочен. Он имел жуткую привычку пугать людей своим внезапным появлением. Нежданно возникал, молча, привидением проплывал по коридорам, одаривая встречных леденящим взглядом, и пропадал неизвестно куда. Что удивительно, все его явления оставались совершенно без последствий – ни плохих, ни хороших. Похоже, он обслуживал не наш мир. Единственный человек, зафиксировавший физический эффект от присутствия Шмидта, был Петро. Однажды, он рискнул завязать меркантильное знакомство с «заместителем», а потом божился, что от мрачного взгляда «нечистой силы»,

спиртовая сила из сумского первака бесследно выдохлась. Чем Шмидт занимался, осталось для меня тайной. Указаний от него почти не получал. Бывало, обращался с производственными вопросами, но только расстраивался. Ничего вразумительного, в ответ, не слышал. То ли, замбауляйтера витал на недосягаемых для меня высотах, то ли, являл собою обыкновенный «нуль». Хорошо «прикинутый» нуль!

## 14

С прилётом новой «стаи» начальничков Гаузер заметно «сдал». Внешне – такой же орёл, при той же должности, он всё чаще запирался на обед в вагончике и, в одиночестве, до помутнения наливался крепким пивом – переживал за свою карьеру Я жалел «дядьку», – основной груз ответственности тащил он. Но не только у нас «стряпают одни – кушают другие».

«Змий» же, наоборот, светился энергией. Покончив с разведкой, приступил к боевым действиям. Именно так можно характеризовать его кипучую деятельность. Почти бегом, таскал он меня по этажам, засыпая вопросами и приказами. Задергал рабочих, до конвульсий. Петю – «пожарника», за бардак на складе, обещал покусать. Всё бы ничего, только результатом «боёв» стала лишь возросшая суматоха и неразбериха. Я с удивлением находил в австрийских методах управления большое сходство с худшими «большевистскими» приёмчиками. Вместо вдумчивой взвешенной планомерной политики, преобладало волюнтаристское стремление: ускорить, надавить, подогнать! К тому, ещё и склонность «Змия» к истерии, которая «достала» даже меня, холоднокровного.

«Инцидент», о котором проболтаюсь, случился в мрачных подземельях. Мне требовалось срочно расчистить гараж от хранящихся там рулонов с гидроизоляцией и минеральной ватой. Послал туда людей, но они вернулись, ничего не сделав. Объяснили: в подвалах полная темень – «Змий» свет «вырубил». Пришлось бежать вниз – искать австрийца. Тот возился с оборудованием, в соседней с гаражом кухне. Был явно не в духе. Ночью воры подчистили склад керамической плитки.

**(Продолжение следует)**

*Даректүү баян*

Адил
ХИКМЕТ БЕЙ

# АЗИЯДА БЕШ ТҮРК

***Өткөн жылы Анкара шаарында өткөн түрк тилдүү элдердин калемгерлеринин симпозиумуна Евразия Жазуучулар союзунун чакыруусу менен барган элем. Ошондо Түркия, Борбордук Азия, Чыгыш Европа өлкөлөрүнөн сырткары Сибирь, Иран, Ирак, Афганистандагы миллиондогон түркий элдерден келишкен өкүлдөр менен да жакындан таанышып, чоң жыйын өткөрдүк. Анда чыгармачылык, демек, рухий, тилдик карым-катышты мындан ары өркүндөтүү, ааламдашуу мезгилиндеги келечектүү аракеттер сыяктуу заманбап көптөгөн маселелер боюнча сөздөр козголуп, иш багыттары аныкталды.***

***Жыйында кыргыз адабиятына да кызыгуу чоң болуп, мен мурдагы жана азыркы адабиятыбыздын ал-ахыбалы, түрк тилинде жазылган адабияттарды которуп, жайылтуунун учурдагы зарылдыктары, анын учурдагы өксүк абалы тууралуу кенен доклад жасадым.***

***Ошол жыйында Евразия Жазуучулар союзунун төрагасы, журналыбыздын редакциялык кеңешинин мүчөсү Якуп Делиөмероглу мага кийинки жылдары Түркияда чыккан бир топ китептерди белек кылып калды. Алардын арасынан «Азиядагы беш түрк» китеби дароо менин көңүлүмдү бурду. Ал, жоболоңдуу XX кылымдын башында Азиядагы тектеш элдерди кыдырып чыгууга чыгышкан түрк улутундагы патриот адамдар, алар баштан кечирген тарыхий окуялар, памирлик кыргыздар менен болгон***

---

**Адил ХИКМЕТ БЕЙ** *Ливиядагы түрк чиновниктин үй-бүлөсүндө туулган. Траблусгарптагы Италия мектебинде окуган. Арабча, французча, орусча жана италияча эркин сүйлөгөн. Түрк курулуш согушуна катышып, майор наамына чейин көтөрүлгөн. Орто Азияга аттанаарда үйлөнгөнүнө 15 күн гана болгон. «Азияда беш түрк» Адил бейдин жалгыз чыгармасы.*

***кызыктуу жолугушуулары тууралуу мурдатан кабардар элем. Ал, беш түрк жигитинин Үркүндө, Бедел ашуусунда кыргыздардын артынан куба түшүп, кырып келаткан орус аскерлерин аткылап, качып келаткан элди кыргындан сактап калганы жөнүндө белгилүү тилчибиз Х.Карасаев да кезинде учкай жазган болчу.***

***Бишкекке келгенимден кийин түрк тилин билишимче китепти окуп чыктым да, тарыхый, турмуштук ар кыл окуялардын тарыхчыларыбызга, жазуучуларыбызга, этнографтарыбызга сөзсүз кереги тиет деген ой менен котортууну максат кылгам. Ошол тилек эми ишке ашып, биздин, андан соң Түркиянын жогорку окуу жайында окуп, сабак берип келген жаш окумуштуу-тилчибиз Мезгил Исатовго «Азиядагы беш түрк» китебин которууга бердим. Анын кыргызча котормосу толук бүткөрүлгөндө Евразия Жазуучулар союзу менен «Жаңы Ала-Тоо» журналы биригип, өзүнчө китеп кылып чыгаруу маселеси да чечилди. Азырынча, ал китептин кыргыз элине байланышкан жерлери менен окурмандарыбызды тааныштырууну туура көрдүк.***

**Омор СУЛТАНОВ, Кыргыз Эл акыны**

*«Азияда беш түрк» китеби  Адил Хикмет бей аттуу түрк офицеринин төрт досу менен бирдикте чыгыш жана батыш Түркстандагы иш-аракеттери туурасында жызылган. Бул баян 1928-жылы «Жумурият» газетасына басылган. Орто Азия сапарына Адил Хикмет бей, Кушчу башы Селим Сами бей, Хусейин Емрулах бей, Хусейин бей жана Ибрахим бей болуп бирге аттанышкан. Бул беш түрк адамдарынын иш-аракеттеринен мурда ошол учурда Орто Азияда Түркстан көтөрүлүшү болуп жаткан эле. 1916-жылы падышалык орус аскерлерине кызмат кылбайбыз деген Азия калктарынын  көтөрүлүштөрү биринин артынан бири чыгып жатты. Ошентип, 16-июлда Кожентте башталган көтөрүлүштөр Ургутта, Самаркандда, Анжиянда уланып отуруп 2-августта Кыргызстанда Жети-Суу көтөрүлүшү менен уланган.*

*Адил бейдин баянында алар Азиядагы кандаш туугандарына куралдуу жардам берип, алардын улуттук намысын ойготуп, көтөрүлүштү өз көздөрү менен көрүп, жардам берүүгө аттанышкан. Бирок мындай ниеттерине карабастан укмуштуудай окуяларга кабылышат. Алар 1914-жылы сапарга чыгып Индия, Пакистан, Кашмир, Афганистан, Памир, андан Кашкарга жетишет. Орустарда туткунда калып өлүм жазасы өкүмү чыгарылып, андан качып кутулушат. Орустардан кутулуп, бир ай чыгыш Түркстандагы Кулжа шаарында изин жашырып, анан 1916-жылдагы кыргыздардын үркүн окуяларына күбө болушат. Бирок бул көтөрүлүш  Куропаткиндин жетекчилиги астында аёосуз басылат. Адил бей менен анын достору 1917-жылы тоолорго жашынып калышат. Бирок орус жандуу кытайлыктар издөө салгандан Кужарга качышат. Бир топ азап-тозоктон кийин Шанхайга качканга*

*мүмкүнчүлүк алышат. 1920-жылдары Кытайдагы япондордун жардамы менен Стамбулга кайтышат.*

*Бул чыгарма эскерүү баян катары жазылган. Өзөгүндө беш түрктү камтыган бул баяндагы чыныгы жандуу окуялар тарыхый да баага ээ. Алардын айрыкча Индиядан өтүп баратышып англис аскерлеринин куугунтугу, караңгы түндөрү кар баскан суукта тоо-таштарда калышы, орустардын туткунундагы азап-тозоктору, кыргыз көтөрүлүшүнө катышкандары, алардан куулуп, Шанхайга качышы жандуу окуялар менен сүрөттөлүп жазылган. Анын үстүнө бул чыгарма жалгыз гана эскерүү эмес, тарыхты да, саякатты да, бардыгын ичине камтыйт.*

**Котормочудан**

## Кыргыздар арасында

Жолдон бир кадам алыс жерди көрүүгө мүмкүн эмес. Бардык тарабыбызды кар басыптыр. Бүгүн кар менен муз үстүндө жол жүрүүгө туура келди. Күүгүм талаш ураганы калган эски тамга туш келдик. Эми мында түнөөгө туура келет. Башка арга жок. Бул, сыягы сарай окшойт. Алдына бир карыштай кык төшөлүптүр. Ичинде койлор бар экен. Каалайбызбы, же жокпу, түнөшүбүз керек. Кык жазданып, койлордун арасында жата кеттик. Малдардын деми сууктан кирген бизди бир азга жылыткандай болду. Мамык жаздыктарды, жумшак жууркanды ойлонуп, уктап кетиптирбиз. Таң атты. Эртең менен шылгый шорпо, бир куюмдан чай ичип, жолубузду уладык.

Жолдо Памир жайлоосунун муздарын кемирип бараттык. Максатыбыз тезирээк жетүү. Буттарыбыз карга көмүлөт. Кардын үстүңкү катмары көпкөк муз болуп тоңуп калыптыр. Бассаң качыр-кучур үн чыгат. Күүгүмгө чейин бир топ жолду арбыттык. Жерибиз Памир, уруубуз бир эмеспи… Кыргыздар арасына келдик. Кыргыздардын ханы бизди күлүмсүрөй тосуп алды. Түрк экенибизди түшүнгөндөн кийин сый-урматка бөлөдү. Ушунчалык чарчап-чаалыккандан кийин каны бир, жаны бир түрк тууганыңдын жанында отуруу бактылуулук экендигин сездик. Кыргыз ханы бизди көркөмдөлгөн кооз боз үйгө алып кирди. Боз үйдүн төр жагында уктоочу жайы, андан бул жакка меймандар отурчу жери болуп, өз-өзүнчө экен. Эшиги жыгачтан жасалыптыр. Үй ичине тегерете эчкинин териси салыныптыр. Ичи жылуу экен.

Памирде токой жок. Арийне, анда-мында от жакканга ылайык калың дүмүрлөр табылат. Дүмүрлөр өзгөчө чоң, жоон. Кээ бирлери он килограммга чейин жетет. Көмүр сыяктуу күйөт. Кыргыздар жайгашкан бул жерлерде кенен, бадалдар өсөт. Бул бадалдардын жаныбарларга пайдасы көп. Жаз жана жай мезгилдеринде бир метрден ашык бийиктикте өсүшүп, малдар чөп сыяктуу оттошуп, ири жана семиз бо-

лушат. Жаныбарлар бул жерлерге ыңгайлашып, көнүп калыптыр. Жазында ар тарабы чөптүү болгондуктан, кышында деле чөпсүз калышпайт. Канчалык кар жаабасын, мал карларды түрткүлөп, чөп таап алышат. Кыргыздардын койлору бир жаштагы торпок сыяктуу чоң, куйруктарын чоңойтуп койгондой, он килодой келет.

Кыргыз ханы бизге боз үйдө эс алууга мүмкүндүк түзүп берди. Боорсок дегени ысык майга кызартылып бышырылган кесим-кесим нан экен, аны менен чай ичип, курсагыбызды тойгуздук. Чай ичкенден кийин, бир аз эс алуубузду өтүнүштү эле, таттуу уйкуга баттык. Чарчаган экенбиз, күүгүмдө араң ойгондук. Бети-колубузду жуундук. Аңгыча торпоктой койду апкелишип, бата сураштьы. Ибрахим досубуз жаттап алган дубаларынын эң маанилүүсүн окуду. Баарыбыз «оомийин» кылдык. Бата берилгенден кийин гана кой союлуп, казанга асылды. Ибрахим абабыздын батасына бардыгы ыраазы болушту. Кой союлар алдында бата сурамак кыргыздын салты экен. Бата алаканын койдун моюнуна жакындатып «Аллакахбар» менен аяктайт. Биз бу дубаны билбегендиктен, башка бир узун дуба окудук. Бир эт бышымдан кийин, бышкан койдун эти табакка салынып, алдыбызга коюлду. Койдун башы тартылган менен, ылдыйкы жаагы жок эле. Койдун сорпосун ичесиңерби деп сураштьы. Аны каалагандар ичишти. Мында ээлки апаларды көрүү бизге кубаныч тартуулады. Койдун астыңкы жаагынын болбошу көңүлүмдү алаксытып жатты. Кызык, ар тарабы толук болгон койдун бул мүчөсүнө эмне болду? Кийинчерээк түшүнгөнүмө караганда, койдун алдыңкы жаагынын тынбаган кыймылынан улам адатка айландырышып, дасторконго тартышпайт экен. Эгер тартылса, мейманды көп сүйлөөк экен деп түшүнсө болот. Бизге сөз тийип калбасын дегендей алып коюшуптур. Ал эми баш тартуу меймандарга көрсөтүлгөн сый-урматтын белгиси.

## Бомбей ажысы деген ким ?

Бул бейгам чөлкөмдө кичинекей токой ичинде кар үстүндө түнөөгө мажбур болгон түнү Индиядан Түркстанга аттанган жана азыркыга чейин бизге сый-урмат көргөзгөн ажыдан биз шек санап, сырыбызды алдырган эмеспиз. Азыр болсо, кыргыз ханы өз боз үйүнүн төрүндө отуруп, Рамазан аттуу ажыдан минтип сурады.

– Сен кайсыл жердин ажысысың? Бомбей ажысы болуп жүрбө?

Улгайган адам жооп берди:

– Жок, мен Мекке жана Медина ажысымын.

Ошондо уккан кулагыма ишенбей, дендароо боло түштүм. Англичандар ээлеп алган Индиядан итапкан алыстасак да, тыңчылардан кутулбаганыбызды ойлодум. Кыргыз ханынын соболу акылымды ордуна кетирди. Бул жерлерде ажы, демек, жалгыз гана Мекке жана Ме-

динага зыяратка баргандарга тиешелүү даража эмес экен. Бомбей ажылары бул жерде да бар турбайбы. Мындай шек саноомдон кутулуш үчүн ал адамдан сурадым.

– Ажыга кандай бардыңыз? Кайсы кемеге түштүңүз?

Адам канчалык келесоо болсо да, өмүрүндө бир жолу ниет кылган саякатынын жок дегенде эки жерин эстеп калат го. Бирок улгайган адам алдастай:

– Урматтуум, – деди, – кайсыл өлкөнүн кемеси экендигин билбейм. Бирок аба ырайы ушунчалык шамалдуу болуп, бороон-чапкынга кабылдык. Кеме бизди түптүз эле Меккеге жеткирди.

Калпты дагы бир нерсеге илип, ишендирип айтыш керек. Кеме менен Меккеге жеткен бул ажынын канчалык деңгээлде ажы жана жалганчы экендигин түшүндүк. Курган адамды сурамжылаганыбызда, анын кашкардык эмес, кашмирлик киши экендиги далилденди.

Бирок анын андан аркы калптарын ашкерелегибиз келген жок. Адамдын ал-абалын түшүнгөндөн кийин, дагы да уят болушун каалаган жокпуз. Памир ханы бизге бул адамдын Ага Хандын талебелеринен экендигин айтты. Ага жакындан жолдош болуунун кооптуулугун билдирди.

– Эч нерсе эмес – дедик биз. – Бир байкуш турбайбы. Анын жамандыгынан өзүбүздү коргогонго күчүбүз жетет.

Кыргыз ханы менен коштошчу мезгил келди. Бирок хан жолдор жабык болгондуктан, Так Томбашбел тоосунан өтө албай тургандыгыбызды айтты. Кычыраган кыш кеткиче бул жерде калышыбызды өтүндү. Биз кала албайт элек. Анын меймандостугуна ыраазычылыгыбызды билдирип, бизге жол көрсөтүүчү кошуп берүүсүн өтүндүк.

– Жол көрсөтүүчүнүн жарасы жеңил, – деди ал, – эгерде калгыңар келбесе. Так Томбашбел тоосунан коркпосоңор! Ал жерден бир айдан бери кербен өтө электе жолго аттансаңар мейли анда! Силерге ушул жол көргөзөт. Сиздерге кандайдыр коркунуч туулса, уулум сиздерге курман болсун.

Кыргыз ханынын колунан улам-улам өптүк. Куралдарыбыздын бизге кереги тиерин жана шек туударарын ойлоп, аларды белек катары алганыбызды жана жол жүрүүгө уруксаат берүүсүн өтүндүк. Ал бизге беш топоз берди. Уулуна кеп-кеңешин улам-улам кайталап, жол-жобосун түшүндүрдү.

Мына эми жолго чыкканга даярбыз. Ар бирибизде бирден топоз бар. Топоз французддардын уакс деген жаныбары. Кебетеси өгүзгө окшош. Куйруктары аттыкындай. Кар баскан кырлардан тоскоолдуксуз өөдө чыгып, түшө алат. Тайып кетүү коркунучун сезгенде, башын карга батырып, каалаган учурларында токтоп калат. Сүтүн ичсе болот. Эти даамдуу.

Биз түз жолдордо күүгүмгө дейре жол жүрдүк. Рамазан ажы эчак эле көздөн кайым болгон. Балким, Памир тарабындагы орустарга өтүп, биз тууралуу аскерлерге маалымат бергени шашып кеткендир. Биз ал адам-

дын аппак сакалына, улгайган жашына урмат көргөзүп, арсыз алсыздыгына кол шилтедик. Ким билет, ал адам кыштын ызгаар суугуна чыдай албай, ойлогон тилегине жетпей, муздар арасында калаттыр.

Ойго батып, илгерилей бараттык. Так Томбашбелдин коркунучтуу бөлүгүнө келип жеттик. Хандын уулу алдыда, кар арасынан көрүнгөн боз үйдө мейман болоорубузду айтты. Боз үйдү ачып, ичкери кирдик. Учурашып салам бердик. Үйдүн бурчунда бир аял кыйкырып, бакырып ыйлап жатыптыр. Көрсө, аял бир жыл мурда өлгөн атасына аза күтүп, ыйлап отуруптур. Биздин келгенибизди жактырган жокпу, азасын шылтоо кылгандай, кошогун уланта берди. Биз мындай вазыйпа алдында салтын бузган жокпуз. Балким, бул жерде мейман болбошубуз керек беле. Бирок башка бараар жерибиз жок. Ибрахим абабыз жерге тизе бүгүп, болгон үнүн созуп, куран окуду.

Аялдын көздөрү ачылып, жүзүндөгү бырыштары өзгөрдү. Сый-урматы менен таазим этип, кулак төшөдү. Биз бул жерге түнөмөй болдук. Маркумдун арбагына курандын фатиха сүрөөсүн окуду. Аял кыраатымен окуган куранга тойбой калгандай сезилди. Жөндөн-жөн эле ордунан атырылып туруп, кар толтура казанын көтөрүп келди. Бир жагынан карды эритип, суу даярдап, бир жагынан этин алып келип, тамак жасаганга киришти. Бири-бирибизге ыраазы болуп, тамак жеп, ысык чай ичилди. Таң атканча кыргыздын жылуу боз үйүндө уктадык. Кыргыздар ашуудан өтүүнүн коркунучтуу экендигин айтышты. Биздин көрүп-билип туруп эле ажалга баратканыбызды каалабай жатышты. Бир канча күн мурун эле ошол ашуудан бир кербендин кырсыкка кабылгандыгын билдиришти. Булардын бардыгына карабай, сапарыбызды улоону чечтик.

## Кар баскан тоолордо

Аба ырайы бузук, күн көрүнөөр-көрүнбөс. Тоо башында карышкырлар, түлкүлөр, жапайы камандар аңдып турушат. Чокуларга өөдөлөй чыга баштадык. Калың кардан баса албай жаттык. Ызгаар, суук этек-жеңден кирет. Топоздорго минип, түшүүбүз тозок болду. Чокунун өтө бийик болгондугунан аба таза болгон менен жетишсиз эле. Эс алганда дем жетпей, кыйнала баштадык. Жөө-жалаң он кадам жасоо да кыйын болуп жатты. Эртең менен түш оогонго чейин жол жүргөнүбүзгө карабай, болгону бир чакырым басыптырбыз. Жолдо ката жаныбарлардын сөөктөрү, адамдардын өлүктөрү жатат. Каныбыз кайнап, токтоло албадык. Булардын рухсуз абалына жолугуу коркунучу баарыбызды терең ойго салды.

«Кайратман адам алдыга!» – буйругун бердик. Өлүмдөн качып бараткандай, бардык күчүбүздү жумшап, чечкиндүү кадам таштадык. Бири-бирибизге күч-кубат бердик. Каардуу кыш ызгаарына көнүп, аны

жеңем деген кербендер бизге кубат берди. Күүгүм талаш дагы бир боз үйгө туш болдук.

– Жаныбызды сактай көргүлө! – деп кыйкырып жибердик. Рафиза болом деп үйгө киргизбеди. Бирок биз болгон жокпуз. Ал кууган сайын биз көгөрүп, болбой жаттык. Акыры боз үйгө кирдик. Үйгө кирген соң, ар жагы жеңил эле. Кечки тамакты топоздун этинен жасадык. Биздин дайымкы муктаждыгыбыз эле болгону ысык шорпо жана сууктан кичине болсо дагы жылынып алуу. Тамактан соң эс алып жаттык. Уктаардын алдында үйдүн ээси бир канча эчкинин терисин берди. Аларды үстүбүзгө жамындык. Бирок уктай албадык. Терилерди жамынып жаткандан бир саат өтүп-өтпөй, катыр-кутур тырмана баштадык. Терилер кычыштырып, эч уйку бербеди. Эртең менен турганыбызда, денебизге бит толуп калыптыр, ары карап ыйлап, бери карап күлүп, биттен арылууга туура келди. Эмнеси болсо дагы так Томбашбелден өткөнүбүзгө сүйүндүк. Көмүлбөгөн өлүктөр арасынан өлбөй кутулганыбызга сүйүнүп жаттык. Эртеси күнү Ой деген жерге жеттик. Кадыйан менсебинин өкүлү ушул жерлерде жашайт эле. Эми бул жерден тынчыраак өтүү үчүн аргасыздан жалган айтууга мажбур болдук. Бомбейден келген Ага хандын мураскерлери катары зыярат этип, сый-урмат көрсөткөнү келгенибизди айттык. Мындай тилекте келгендердин кадыр-баркы бийик эле. Аны айтып, эч кимге билинбей жакшы кабыл алындык. Кийиктин даамдуу бышырылган эти менен курсагыбызды тойгузуп, эс алдык. Андан аркы багытыбыз ылдыйлап түшүү. Бийиктик деңиз деңгээлинен улам төмөндөп келатты. Кар баскан жерлерибиз артта калды. Ызгаардуу сууктан эми коркпой калдык. Биз келген жерлер күз мезгилиндегидей эле. Ага хандын мураскерлерине зияратка келген калпыбыздын пайдасы тийип, бизге беш төө беришти. Алар менен Табдар деген жерге чейин жетип алдык. Бирок Табдардагылар биздин суни экендигибизди билип алышыптыр. Анын айынан бардыгынын кабагына кар жаап калыптыр. Жол жүрүүгө унаа сурадык эле беришпеди. Сары-сары англис алтынын көргөзсөк алышпады. Канча аракеттендик, болбоду. Мине турган бир көлүк таба албадык. Табдардан Таш-Кыргынга кетишибиз зарыл эле. Ал жерге жетиш үчүн болжолу 120 чакырымдай басышыбыз керек. Баарыбыз жөөбүз. Эмнеси болсо дагы элүү күндөн бери жүдөп бүттүк окшойт, ушунчалык аралыкты көзгө илбестен, кетүүнү эңсеп, түн ортосунда жолго чыктык.

## Иттин үнүнүн булбулдун үнүнөн таттуулугу

Эс албай жол жүрдүк. Жолдо келатканыбызда күн көрүндү. Анан жолдо келатканыбызга карабай, батып кетти. Көзгө эч нерсе көрүнбөйт. Түн кирип, караңгылык басты. Кулактарыбызды ачып, тыңшай баштадык.

Иттин үнү болсо дагы угулуп калабы дедик. Иттин үнүн уксак, тегерегибизде адамдар же жандыктар бар экендигин түшүнөт элек. Бирок жымжырт. Ушул маалда иттин үнү бизге жапжашыл токойлор арасында сайраган булбулдун үнүнөн дагы ширин эле. Түнкү азан жакындады. Дагы эле жолдобуз. Алы-күчүбүз кете баштады. Мына ошондо иттин үргөнү угулду. Чоң ырахмат! Оо мубарек! Баарыбыз сүннөт болгон баладай уйкусурай баштадык. Таш-Кыргын жерине келип калыптырбыз. Бир үйгө кирдик. Тамактанбастан, бири-бирибизден кабарсыз уктадык. Жаткан жерибиз сыз топурак болчу. Бул жер, Таш-Кыргын, Памир менен чектеш. Консулдук жайгашкан. Кытай өкмөтүнө тиешелүү болсо да, Англия жана Орус консулдуктары деле кытай жергиликтүү өкүлү сыяктуу эле даражада жана таасирдүүлүккө эгедер. Жергиликтүү өкүлдү зыярат кылып, паспортторубузга виза бастырдык. Эми Кытай жерине дагы кирип калдык. Каймакам наша кумарчысы экен. Бардык иштерди бир эле киши чечип жатты. Ары-бери өткөндөрдү уруп, тоноп алышат экен. Бизди кудай жолундагы адам көрүп, пара алышпады. Таш кыргында бир канча дүкөндөр жана кичинекей базар бар экен. Ал дүкөндөр Индия жана Кашкардан келген соодагерлердики болуп чыкты. Индиядан келген соодагерлердин бири бизди мейманчылыкка чакырып, үйүнө ээрчитип барды. Ал жерден тамактанып, эс алуу бөлмөбүздү көрсөтүштү. Хусейин досубуздун бөйрөгү ооручу. Досубузду ушул жерден орус жана англис дарыгерлерине көрсөтүп алууга мүмкүнчүлүгүбүз бар болчу. Бирок биз муну ылайык көрбөдүк. Оорулуубуз көп кан жоготподу. Докторлорго барып суранып отурганча, аз да болсо эс алып алууну туура көрдүк.

Таш-Кыргын жаман жер эмес экен. Тегерете бийик тоолор менен курчалган. Түндүгүндө Муз-Тоо жана Чечек-Бел, чыгышында Рат-Бел, батышында Памир жайлоолору жайгашкан. Биз Памир жайлоосун басып өттүк. Жайлоо деңиз деңгээлинен өтө бийик болгондуктан, бороондуу ызгаар болуп турат. Аба басымы аз болгондуктан, эс алууга кыйын. Ага карабай, ошол жерде кыргыздар жашайт. Аларды кыргыз-кыпчак деп коюшат. Алардын төштөрү кенен, кең далылуу болушат. Тезек жана дүмүрлөр менен жылынышат. Тамактары эт менен чектелүү. Шекер, күрүч, ун, арпа сыяктуу азыктар аз экен. Өтө зарыл азыктарды Чатралдан же Кытайдан алып келишет. Көбүнчө эт жешет. Ат, кой, эчки, топоз багышат. Жегендери эт, көпчүлүк учурда жылкынын этин жешет. Андан казы-чучук, бээлердин сүтүнөн кымыз жасашат. Кымыз аларда эң белгилүү бир суусундук. Бээнин сүтүн саагандан кийин, атайы идишке куюшуп, токмок менен кечке чалышат. Сүт 2–3 күндөн кийин азыктуу айранга окшошуп, дагы көбүрөөк сактаса кымызга айланат. Кымызда бир аз алкогол бар. Жагымдуу мас кылат. Бирок медициналык пайдасы көбүрөөк. Керек болсо кургак учук оорусу үчүн эң сонун азык жана дары. Кургак учук болгондор бир канча ай бою үзгүлтүксүз кымыз ичишсе, ден соолуктарында эң чоң өзгөрүүлөр байкалат. Кымыздын бул

касиети өтө таанымал жана баалуу. Орустар дагы кымыз жасоону үйрөнүп алышыптыр. Антсе да, кыргыздарга окшоп мыкты жасай алышпайт. Орус Түркстандын бардык шаарларында кымыз жасоо үчүн бээлерди байлашат жана кымыз сатышат. Памирдеги кыргыз аялдарынын жасаган кымыздары укмуш. Кургак учук менен ооруган орустар бийиктикке келишип, кымыз ичүүгө ушул жерлерде жүрүшөт. Таш-Кыргында бир жума калдык. Биз жөнүндө ар кандай имиштер чыга баштагандыктан, кайрадан жолго даярдана баштадык. Досубуздун ден соолугу дагы эле жакшы эмес. Жок дегенде, анын саламаттыгы үчүн унаа таптык жана Кашкарга кете турган Ашыр аттуу бир түркстандык жигиттин кербенине кошулдук. Бул кербен бизди эки англис лира акысына көлүккө мингизип, курсактарыбызды тойгузуп алып бармакчы. Жолго чыгаарда бир аз эс алып алдык.Оорулуу досубуз көлүк үстүндө отура тургандай алы-күчү жок эле. Тегерегин жаздыктар менен курчап, отура алгыдай абалга келтирдик.

## Чечек-Белдеги бороон

Бүгүн Чечек-Белди ашабыз. Кербен башынын айтуусуна караганда, ал жерде ызгаарлуу бороон болуп жатыптыр. Жолго чыгаарда аба ырайы жакшы болчу. Маңдайга жазганга кубанып, өөдөлөп бараттык. Убакыт түштөн ооду. Аба ырайы заматта бузулуп, Чечек-Белдин үстүн кара булут каптай баштады. Айлананы алай-дүлөй караңгылык басты. Албууттанган бороон-чапкын башталды. Кар баскан чоку бул балээни ого бетер күчөткөнсүйт. Кербен башындагылар кайда, кайсыл аялдамада экендиги билинбейт. Досубуз Селим Сами тынбастан чоор чала берди. Биз жолдон адашпасак экен деп жаттык. Берекет берсин, көлүгүбүз жолду жакшы билет экен. Чылбыр, тизгиндерди эркин коё бердик. Бизди төөлөр өздөрү эле алып жөнөштү. Түн бир оокумга чейин кайсыл тарапка баратканыбыз белгисиз, төөлөр алып келген аялдамага токтодук. Ал жерге жатып эс алалы десек, байкуш жаныбарлар туруп турушту. Тизгин, бутка байлаган жиптери эч нерсеге жарабай калды. Жаныбарлар баса албай калышты. Балким, жаныбарлар өтө алгыс бир маанилүү жердин каршысында белек.

Жок! Карасак андай эмес экен. Эмнегедир жаныбарлар бизди эс алуучу жерге алып келгендей. Алдыбызда топурактан салынган там туруптур. Жерге түштүк. Жаныбарлардын түшүнүктүүлүгүнө ырахмат айттык. Бүт жерибиз үшүп, тоңуп калган. Колдорубузду кыймылдата албайбыз. Алдыбызда бороон чапкын.

Кусейин абабыз оорусун унутуп, жан сактоонун кайгысына түшүптүр. Баарыбыз бири-бирибизди түшүнүшүп жаттык. Жолугуп, сак-саламат экенибизди көрдүк. Алдыбыздагы үйгө кирдик. Бул үй

кыргыздыкы экен. Кудай коногу катары кабыл алышты. Бирок үйдө от жагып жылына турганга эч нерсе жок экен. Аны-муну дегиче Стамбул түрктөрү экенибизди түшүнгөндө аброюбуз артты. Бизге бир аз жылынмак үчүн отун издешип, таба алышпады. Тезек издешти, ал да жок. Ошондо минген атынын ээрин талкалап отко жагаарда таң калдык. Үй ээси насретке жеткен сыяктуу ыраазы болду. Отту жакты. Ун шорпосун бышырды. Аттын ээрин биз үчүн сындырганына сарсанаа болдук. Ал бизге: «Шерефли журттан келген кишилер улуг бургаб менче боладугой!» – деп жооп берди.

Бул «Намыстуу журттан келген кишилер улуу эмей эмне?» деген маанини түшүндүрөт. Түнү бул тууганыбыздын үйүндө калдык. Бизге кылган убарасына бир аз акча берсек албады. Эртеси күн ачык жерде (кампта) түнөгөн кербен бизди чакырды. Түркстан палоосу менен чай ичип, курсактарыбызды тойгузуп, жолго чыктык. Бүгүн жолдо тоодогу капчыгайды аралап өтөт элек. Капчыгайдын эки тарабында суунун буулары чыгып турду. Аны билгендер бул жерлерде ысык суу чыгаарын жана дайыма бууланып тураарын айтышты. Бир аз илгерилей ысык сууларга жеттик. Бир канча саат ысык суулардын башынан кете албай турдук. Жүзүбүздү, колу-бутубузду жуудук. Анан эле асманда калдайган чоң канаттуу учуп жүрдү. Алгач көргөнүбүздө учак санадык. Ал кара тоголок караан ылдыйлай баштады. Анан алдыбызга эки чакырымдай барып жерге түштү. Жакын барганыбызда, бадалдар арасында жаткан бир кыраан кушту көрдүк. Буттарында кыргыз капканы кептелген. Байкуш куш капкандан кутулуш үчүн ушунчалык күч жумшаптыр десеңиз, капканды казыгы, чынжыры менен асманга көтөрүп учуп чыгыптыр. Жанына жакындап, бүркүттүн буттарын капкандан бошотууга эң күчтүү деген адамды чакырууга аргасыз болдук. Байкуш кушту капкандан бошоткон соң, кучактап, кечинде тыныга турган аялдамабызга чейин алып жөнөдүк. Буттарына бир аз вазелин, йод сүйкөдүк. Бүркүт бизге каардамбай, сүйкүмдүү карап жатты. Түндөсү бүркүт биз менен калды. Эртең менен бир аз эт берип, учуруп жибердик. Байкуш жаныбар көпкө чейин бизди айланып учуп жүрдү. Анан канаттарын кенен жайып, ойногонсуп бийиктей баштады. Асмандын кенен эркиндигине улашты. Кашыкчы-Белди саксаламатта басып өттүк. Аны сурап отуруп, кашатка түштүк. Тегерегибизде бир топ кендин издерин көрдүк. Анда көмүр кенинин тамырлары чыгып туруптур. Эшектердин арасынан бир эшекти минип алдым. Эмруллах абабыз: «Эмне кылып жатасың? Кудай үчүн түш!» – деди.

**(Уландысы бар)**

Түрк тилинен которгон **Мезгил ИСАТОВ**

*Конкурска*

В.Ф.ОДОЕВСКИЙ

# БЕТХОВЕНДИН АКЫРКЫ КВАРТЕТИ

**(Аңгеме)**

1827-жылдын жазында Вена шаарынын чет-жакаларындагы үйлөрдүн биринде музыканын бир топ күйөрмандары чогулуп алышып, Бетховендин басмадан жаңы эле чыккан соңку квартетин ойноп жатышты. Алар алдан тайып калган генийдин бул чыгармасын беймаани бирдеме дешип, анын таланты ушунчалык өзгөрүп кеткенине таң калгансышып, бирөөлөрү кайгыргансып отурушту.

Поэтикалык ой-толгоолорго бай, жараткандан бүткөн Бетховендик ыргактын ажары өчкөн, талантсыз контрапунктчунун көшөкөр педанттыгына айланып калган, анын жандуу, шамдагай аллегросунда акырындап күчтөнүп, көтөрүлүп, анан жээк жайпап күр-шар түшкөн толкундай кубаттуу илеп, түшүнүксүз диссонанстарга жутулуп, билинбей жоголгон, ал эми оригиналдуу, көңүлдүү менуэттик шайыр темалар эч кандай инструментте болбой турган олдоксон, ойку-кайкы дабыштарга жана чарылдактарга айланган. Натыйжасы көрүнбөгөн балалык, өзүн өзү түшүнбөгөн караңгы, күңүрт сезим.

Бул чын эле Моцарт жана Гайдн менен бир катарда атын ар бир тевтондук сыймык менен атап жүргөн баягы эле Бетховендин өзүбү? Чыгарманын маанисиздигине жандары кашайып, ачууланган скрипачтар, кыякчылар улам-улам таякчаларын ыргытып жиберип, бул Бетховендин өлбөс чыгармаларынын үстүнөн атайылап чеккен шакабасы болбосун деп сурап жиберчүдөй тиктеше калышат. Кээ бирөөлөрү Бетховендин мындай начар чыгармаларды жаратышына кийинки учурда анын угумун начарлатып келаткан кулак оорусу себепкер болушу

ыктымал десе, экинчи бирөөлөрү – жок, анын мурдагы чыгармаларында да кээ-кээде акылдан адашкандыктын белгилери байкалчу, эми ошонусу күчөп кеткен дешти, дагы бирөө аны аягандай кеп айтып, өзүнчө шыпшынды, үчүнчү киши – өзүнүн акыркы симфониясын ойноп жаткан концертте, артында турган мыкты капельмейстерди байкабай, оркестрди башкарам деген ой менен Бетховен өзү колдорун ыксыз силкилдете бергендигин эскерди. Бирок, акырында, музыканттар улуу симфонисттин мурдагы даңкын урматташкандай көңүлдөрүнө туура келбесе да өздөрүн зордоп, аспаптарын кайрадан колдоруна алып, Бетховендин бул түшүнүксүз чыгармасын ойноого киришти.

Кокусунан эшик ачылып, кара сюртукчан, жагоосу жок, чачтары саксайган адам кирип келди. Көздөрү оттуу жайнайт. Бир кезде Моцарттын баш түзүлүшүн карап отуруп, Галль анын музыкалык органынын бөтөнчө өнүккөнүнө абдан таң калган экен. Бу кишинин маңдай түзүлүшү да так эле ошону эске салып турду.

– Кечириңиздер мырзалар, – деди күтүлбөгөн конок, – сиздердин бул үй ижарага берилет деп уктум. Карап көрүүгө уруксат этиңиздер.

Ал колдорун артына алып, ойноп жаткан музыканттардын жанына басып келди. Отургандар ага урмат көрсөтүп, орун бошотуп беришти. Башын бир быякка, бир тыякка буруп, ойнолуп жатканды угууга кулак төшөп, бир топ аракеттенди. Бирок аракетинен эчтеме чыкпады көрүнөт – бир маалда эмнегедир көздөрүнөн жаш кылгыра баштады. Ал отургандардан оолактап, бөлмөнүн бурчуна барып, кош колу менен жүзүн жашырып отуруп калды. Ушул учурда биринчи скрипач нотадан адашып, башка аккордду ала берди көрүнөт, башка инструменттердин коштоосунда ал өзүнчө эле бир жапайы үн чыгарып, анысы өтө эле көтөрүңкү угулуп кетти. Бурчтагы киши селт эте түшүп: «Мен уктум! Мен уга баштадым!» – деп таң каларлык кубанычта колдорун чапкылап, буттары менен жер тепкилеп, кыйкырып жиберди.

– Людвиг! – деди аны менен бирге келген жаш кыз. – Людвиг үйгө кетеликпи. Биз биерде тоскоолдук кылып жатабыз!

Ал кызга карап, анын айтканын түшүндү көрүнөт, жаш баладай үнчукпай соңунан ээрчип жөнөдү. Шаардын бүткөн жериндеги эски таш үйдүн төртүнчү кабатында бир кичинекей, тар, абасы үп бөлмө бар. Бир жыртык одеяло, бир-эки таңгак нота кагаздары жана тамтыгы чыккан эски фортепьянонун калдыгы – бөлмөдөгү болгон байлык ушу. Бул улуу Бетховендин жашаган жайы, анын бар болгон дүйнөсү эле. Ал жол бою бир да сөз сүйлөгөн жок, качан үйгө келишкенде керебетке отуруп, кыздын колун кармап, ага мына буларды айта баштады:

– Мээрманым Луиза! Сен гана мени түшүнөсүң. Сен гана менин түйшүгүмөн коркпой, ысык-суугума күйө аласың. Менин музыкамды ойногон мырзалардын баары түшүнөт деп ойлобо. Эч андай эмес. Биердеги

капельмейстер мырзалардын бири дагы менин музыкамды башкара албайт. Аларга оркестр гана нормалдуу ойноп турса болду, а музыка менен иштери жок. Алар мени начарлап калды деп ойлошот. Ал эмес кээ бирөөлөрүнүн менин квартетимди ойноп жатып күлүмүш болгонун да байкадым. Бул белгилердин баары алар мени эч качан түшүнбөгөндүктөрүн гана айгинелейт. А мен тескерисинче, эми гана чыныгы улуу музыканттын деңгээлине келип отурам, жана жолдо келатып өзүмдү өлбөс кыла турган симфония ойлодум. Ушуну жазып бүтөөрүм менен мурдагыларымдын баарын өрттөйм. Мында мен гармониянын бардык закондорун кайрадан жаратам. Аны жыйырма литавранын хроматикалык күүлөрүнөн карап, ушу кезге чейин эч кимдин оюна келбеген маанилерди табам, ага ар түрдүү камертондорго ылайыкталган жүздөгөн коңгуроолордун аккорддорун кийирем. Сага жашырын сыр катары айтып коёюн, – деп ал шыбырап кошумчалады, – бая күнү мени чиркөөгө ээрчитип барганыңда, аерден эч кимдин башына келбей турган нерсени таптым – коңгуроолорду чыныгы гармониялык инструмент катары жай адажиодо абдан ийгиликтүү колдонууга боло турганын билдим. Атылган октордун, даңкылдап кагылган барабандардын үндөрүн финалга кийирем. Мына, мен ал симфонияны азыр угуп жатам, Луиза! – деп ал толкунданып, өзүн унутуп калгандай кыйкырып жиберди. Анан бир аз ойлоно калып, кайра күлүмсүрөп: – Угаарыма ишенем, – деп кошумчулады. Венада жогорку чөйрөнүн бардык атактуу дөө-шаалары катышып отурган кечеде Ватерлоо баталиямды өзүң башкарганың эсиңдеби? Менин жаңсоомо он эки капельмейстер жана миңдеген музыканттар кыңк этпей баш ийишип... Айланада болсо баталиялык салгылаштын көрүнүшү, замбиректердин күрсүлдөгөн үндөрү. О, аны мен алиге өзүмдүн мыкты чыгармам катары эсептейм. Бирок менин азыркы жазчу симфониям муну да артка калтырат.

– Сага анча-мынча түшүнүк бербей тура албайт окшойм, – деп Бетховен бир да кылы жараксыз эски фортепьяного басып келди да, каадалуу түрдө бош клавишаларды ургулай баштады. Клавишалар чалдыбары чыккан инструменттин кургак тактайына бир гана үндө тыктык этип тийип жатты. Ошого карабастан беш-алты үндүү татаал фугалар контрапункттун жашырын сыйкыры аркылуу өтүп, «Эгмонтту» жараткан адамдын манжаларына өздөрүнөн өздөрү урунуп, анын каалаган музыкасына кандайдыр касиет берип жатты... Бетховен кокусунан колдору менен клавишаларды жаап, токтоп калды.

– Уктуңбу? – деди ал Луизага, – алигиче эч ким пайдалана элек аккорд ушул. Мен так ушинтип хроматикалык гамманын бардык тондорун үнгө бириктирем жана бул аккорддун туура экенин педанттарга далилдеп көрсөтөм.

Бирок бул жапайы үндөрдү чогултуп бир агымга бурганымда, алар менин кулагыма угулуп жаткандай туюлат. Көңүлүм кирдеген сайын

мага чейин чыныгы касиетин эч ким түшүнбөгөн септимаккордго дагы жаңы ноталарды кошо бергим келет. Болду го эми. Башкаларды зериктиргендей эле сени да зериктирип жиберишим мүмкүн. Бүгүнкү кызыктуу табылгам үчүн өзүмдү бир рюмка вино менен сыйлагым келет. Буга сен кандай дейсиң, Луиза?

Бетховендин окуучуларынын бири катары андан сабак алганына шылтоолоп, өз тапканы менен улуу композитордун турмушун улап келаткан байкуш кыздын көздөрүнөн жаш кылгыра түштү. Ал Бетховендин чыгармаларынан түшкөн анча-мынча кирешени өзүнүн тапкандары менен толуктап, ар кандай чыгымдарын, улам алмашыла берген квартира акыларын жымсалдап, өз окутуучусун талаада калтырбоого аракеттенчү. Вино жок эле. Азыр аларда вино эмес, нан алууга гана анча-мынча тыйын калган. Бирок, кыз, Бетховен билбесин үчүн тез бурулуп кетти да, стаканга муздак чайдан куюп окутуучусунун алдына алып келип койду.

– Кадимки рейнвейн! – деди Бетховен кичине ичип көрүп, винонун сапатын мыкты билген билерманча. – Королдор иччү рейнвейн! Атамдын жертөлөсүнөн жаңы эле алынгандай. Бул винону жакшы билем. Күн өткөн сайын күчүнө келчү вино!

Ушул сөздөр менен ал өзү музыкага салган Гетенин Мефистофелинин белгилүү ырын ырдап кирди: илгери бир падыша жашаптыр, анын доорунда бир бүргө жашаптыр... Луиза! – деди ал бир кезде, кызга стаканды берип жатып, – вино мени мас кылып койду. Сага эми мурда айтайын деп, бирок айткым келбей жүргөн нерсени туюнткум келет. Байкашымча эми мен аз эле жашайт окшоймун, деги менин турмушум өзү эмне? Бул мага бүтпөс азап сыяктуу сезилет. Кичинекей чагымдан тартып эле ойдун, маанинин жана аны чагылта билүүнүн ортосундагы түпсүздүктү байкагам. Өзүмдүн рухумду, бардык болгон сезим-туюмумду каалаганымдай кагазга түшүрө албай келе жатам. Жаза аламбы? Аны ойной алышабы?.. Жок, ушу кезге чейин сезген-туйганымдын баары чыныгы өзүм ойлогондой нерселер эмес. Тигинде бир мажес ремесленник артыкча бир клапанды коё коюуну ойлобогондуктан чыгармадагы мелодия жоголгон. Мында болсо бир айласыз фаготчу: – Нотадагы эки бас үндү менин фаготум бир эле учурда бөлүп чыгара албайт, деп бүтүндөй симфонияны кайрадан иштеп чыгууга мени мажбурлайт. Же бир скрипач аккорддо эки катар жазылган нотаны ала албаймын деп зарыл үндү түшүрүп коёт. Ал эми ырларчы, ораториянын репетициярычы, опералары? О, бул тозок алигиче кулагымда! Бирок ошентсе да мен анда бактылуу элем – кулагым таза эле. Кээде начар аткаруулардан да көңүлгө жакын нерселерди байкачумун. Кээде алардын үндөрүнөн эсимен чыккыс болуп калган сырдуу, күңүрт ойлорго окшогон маанилерди туйчумун, ошондо өзүм жараткан музыканын гармония-

сына жутулуп, өзүмдү жоготуп койгон учурлар да болгон. Ошентип мезгил да жетти. Кулагымдын мурдагыдай сергектиги жоголуп, үндөр бузулуп угула баштады. Анда музыканттардын каталыктарын гана сезе ала турган сезим калды, ал сулуулукту, кооздукту туюуга жараксыз – аны кара желе каптап калды, Луиза! Азыр менин сезим туюмумда ар түрдүү гармониялык үндөштүктөр кымгуут түшүп, оригиналдуу мелодиялар бири-бирине айкашып, сырдуу биримдикте турат. Мен аларды чагылтайын деймн, бирок дароо сезимден учат, качат, жоголот, кандайдыр бир каскак бир дагы үн карматпайт; орой, олдоксон сезим рухтун демин басат. Дух менен сезимдин ортосундагы ажырымдан коркунучтуу эмне бар! Башында чыгарма түзүлүп даяр, бирок аны ишке ашыруу процессинде азаптануудан, кыйналуудан дух чарчайт, өлөт. Духтун өлүмү! О, бул кандай коркунучтуу!

Өзүмө-өзүм түшүндүрө албай жатсам, жанагы Готфрид (*Вебер Готфрид – биздин доордун белгилүү контрапунктисти – Одоевскийдин эскерүүсү*) деген неме мени көңдөй музыкалык татаалдыктарга сүйрөп, эмне үчүн бул жерде мындай инструменттердин айкалышын, тиги жерде тигиндей инструменттердин айкалышын колдондуң, себебин түшүндүрүп бер, – деп баш оорутат. Бул адамдар музыканттын духу эмне, ал эми жөнөкөй адамдын духу эмне экенин биле тургандай түр көрсөтүшөт. Жок, искусствodo мындай абал көпкө созулбайт. Мен көңүлүм көтөрүлүп турган учурларда тамтыгы чыккан эски формалар жаңы, жандуу формаларга орун бошотооруна, азыркы инструменттер колдонуудан калып, алардын ордун генийлердин чыгармаларын өздөрү эңсегендей жеткиликтүү деңгээлде аткара ала турган аспаптар ээлерине, жазылган музыка менен ойнолуп жаткан музыканын ортосундагы айырмачылыктын жоюларына чын дилимен ишенем. Бул жөнүндө мен профессор мырзаларга да айттым; художниктик толкундануунун күчүн ошол толкундоо моментинде мен мезгил менен да эсептешпей жөнөкөй адамдар түгүл өзүңө да түшүнүксүз сезилген табияттын туюк, дүпөйүл ички мыйзамдары боюнча жарата турганыма ишенишпегендей эле алар буга да ишенишкен жок. Кеңкелестер! Сабактан бошонгон учурларында бир теманы алып алышып эрмектей беришет, анын бир жерине духовой инструментти же бир табышмактуу аккордду кошуп коюшат, анан ошонун үстүндө баш катырып ойлоно беришет, ойлонуп аер-биерин жонуп жылтыратып, эч өөн калтырбай жымсалдап чыгышат, ушинтип деги алар эмнени жаратууну каалайт? Мен эч качан минтип иштей албас элем. Алар мени Микеланджелого салыштырышат. Бирок Микеланджело «Моисейди» каары кайнап, жаалданып, жансыз мраморду балка менен койгулап, аны жандуу ой айтууга мажбурлап жатып жаратпады беле. Мен дагы ушинтем. Салкын, көңүлкош сезимде эч нерсе жарата албайм. Симфония жазып жатканымда бүткүл дүйнө мен үчүн өзүнчө эле бир гармонияга айланат, бардык сезим, бардык ой мага гана жыйылып, табияттын бар-

дык күч-кубаты менин гана колдоруман жаралып жаткандай кан тамырларым ысып, бүткүл денем чымырап, башымдагы чачтарым да силкилдеп кетет. Чыгармачылык моментте кыйналасың, ойлоносуң, ошону менен бирге жашайсың, чыгарма кагаз бетине түшөт. Албуут дух канааттанып, жеңишине сыймыктанат. Дүйнө менен мелдешке чыккан духтун кубаттуу күчаракети – адам колунун иши болуп калат. Анан эл келет, угат, талдайт. Ар кимиси ардемени айтат. Тааныш образды туюнткан ой-түгөнгүс ойлордун, азаптануулардын тизмегиндеги бир звено экендиги, художник жөнөкөй адамдын деңгээлине түшүп келген мүнөт – анын өлчөмсүз сезиминин оор, түшүнүктүү өмүрүнүн бир үзүндүсү экендиги, ошол сезимдердин ар бири – бир мүнөткө чыгармачылык эргүүнүн таза абасынан кере дем алуу үчүн өмүрүнүн жарымын берген адам кийиминдеги Серафимдин ачуу көз жаштарынан жаралгандыгы менен ал кишилердин эмне иши бар. Ушинтип жүрүп бир күнү ушу азыркыдай болуп саатың жетет – духуң чарчайт, кубатың кайтат, башыңдын ооруганын сезе баштайсың. Эмнени ойлобогун баары чаташып, туманданып кетет. Эх, Луиза! Көкүрөгүмдөгү болгон бардык кенчимди, ой-сезимдеримди бекерге кетирбей сага айтып калгым келет... Бирок... Токточу... Мен эмнени угуп жатам?

Бетховен ордунан ыргып туруп, терезени ачты. Жакынкы үйлөрдүн биринен кандайдыр гармониялык үндөр угулуп жатты.

– Мен угуп атам! – деп кыйкырды Бетховен, – бул «Эгмонт»! Мына салгылаштын жапайы дабыштары, шыктардын бороону! Кайнап, кызып жатат! Мына жеткен чеги! Эми баары тынчыды, мемиреди. Бир гана лампада өчүп бүтөлек... Өчүп баратат, бирок түбөлүккө эмес... Мына кайрадан кернейлердин үндөрү көтөрүлдү, бүткүл аалам толду ага... Эми аны эч ким баса албайт...

* * *

Веналык министрлердин биринин шаан-шөкөттүү тоюнда адамдар кыжы-кужу, күбүр-шыбыр түшүп ардемелерди сүйлөшүп жатты.

– Кандай аянычтуу, – деди кимдир бирөө, – театралдык капельмейстер Бетховен деген өлгөн имиш. Көмүүгө да эчтемеси жок дешет, байкуштун.

Бул үн топтун арасына житип жоголду. Ага көңүл бурган эч ким болгон жок. Элдин баары кайсы бир немец князынын сарайында болгон кандайдыр чатак жөнүндөгү эки дипломаттын сөзүнө кулак түрүштү.

Которгон **Туйгун.**

*Конкурска*

**Саида ЗУННУНОВА,**
**өзбек жазуучусу**

# БАЛА ЖЫТЫ

**(Аңгеме)**

Дем алыш күн болгону үчүнбү көчөлөр демейдегиден кымгуут. Тротуарлар бала жетелеген аялдар менен колтукташып жүргөн жаштарга жык толгон. Адамдар жайбаракат, шайыр-шаттык менен жай агылууда. Алар коляскаларда таттуу уктап жаткан наристелерге, маекке берилген кары энелерге кубанычтуу таазим кылып өтүшүүдө.

Кинотеатрдан дүрбөп чыккан адамдардын арасынан эки сырдаш бери карай бөлүнүп басышты. Алардын бири аппак жүз аарчысы менен желпинип, курбусунун билегин кыса кармап:

– Апам аябай кабатыр болуп жатса керек, – деди.

– Сен эмне, жаш бала белең?

– Кош бол, курбум. Ии, айтмакчы, күйөөң командировкадан келгиче биздин үйгө эле барып жатып келсеңчи. Аябай кусаланып жүрөмүн. Учурдан пайдаланып, моокум кангыча сүйлөшүп алат элек.

– Өзүң жүрү андан көрө, биздикине. Эч ким...

– Кокуй, карачы, күн батайын деп калыптыр. Анын үстүнө үйдөгүлөргө айткан жокмун. Кош. – Ал курбусунун колун кысып, жалгыз калтырып баратканына кечирим сураган таризде жалооруй карап койду да, адамдардын агымына сүңгүдү.

– Шахзада! Телефон чалып тур.

Шахзада артына кылчайды. Жалгызсырап турган курбусуна көзүн кысып коюп, болуптур дегендей башын ийкеди.

Шахзада эртең менен үйдөн чыгып баратып, апасына тез эле кайтып келем деген болучу. Бирок курбусу күйөөсүнүн командировкада

жүргөнү үчүн жалгызсырап, аны коё берген жок. Ошентип, алар шаар аралап, кечке жуук киришкен эле.

Шахзада адамдарды аралап, аялдаманы көздөй шашылып баратты. Улгайган апасынын көңүлүнө не ойлор келгенин ал билет. Эртеден бери каалганын түбүнө жүз жолу келип, жол караган чыгаар... Кеч күздүн муздак жели билектерин чыйрыктырды. Эртелей эле келем деп жылуу кийинген эмес. Трамвайга түшкөндө жылуу аба каптай берди. Кара атлас көйнөгүнүн жакасын түзөп, айланага көз чаптырды. Орто ченде бош турган орунга келип олтурду. Сумкасын тизесине коюп, жазылып кеткен бир өрүм чачын өрө баштады. Ушул учурда капысынан жаш баланын чырылдап ыйлаган аянычтуу үнү жолоочуларды чочутуп жиберди.

– Апа! Апакем! – Төрт-беш жашар кыз анын мойнун бек кучактап калды. Шахзада эч нерсеге түшүнбөй, таң калды. Тизесиндеги сумканын жерге түшүп кеткенин да байкаган жок. Мойнуна наристе кыздын апакай назик колдору оролуп калган болчу. – Мен сиздин келишиңизди сезген элем. Апам ооруканадан сөзсүз келет, айыгып келет дечүмүн. Үйгө баратасызбы? Апа, апаке!..

Кыздын жумшак чачы Шахзаданын толмоч жүзүнө жабышып, жанга жагымдуу жыты буркурап, каңылжарына уруп турду. Жолоочулардын бири да унчугушпайт. Кимдир бирөө эмнегедир оор дем алып, үшкүрүнөт. Кара костюм кийген орто бойлуу, ыраңы бозоруңку жигит кыздын билегинен тарткылап жатты:

– Дилбар, мага карачы, Дилбар!

Шахзада бул окуяга эми түшүндү окшойт, мээрим менен кыздын чачын сылады. Аны бооруна кысты. Жигит калтыраган колу менен сумканы Шахзадага узатты, сол колдоп улам кыздын жеңинен тарткылай каргылданган үн менен:

– Дилбар деп жатам сага! – деди өтө аянычтуу.

Трамвай кезектеги аялдамага келип токтоду. Жигит түшүүгө аракеттенди, бирок кыз Шахзаданын кучагынан чыкпай койду. Ага бек жабышып, мойнунан, солкулдаган көкүрөгүнөн ысык жыттап жатты. Ооба, ал адам баласы үчүн баарынан таттуу, баарынан ыйык көргөн эне жытын издеди. Шахзада кучагында балапандай туйлаган наристени бооруна баскан боюнча трамвайдан түштү. Оор абалда калган жигиттин ыраңы бирде бозорсо, бирде кызарат. Алар жолдун чет жакасына өтүштү. Жигиттин кирпиктери ным тартып, Шахзадага түз карооо кудурети жетпей турду.

– Кечиресиз, сизди апасына окшотуп жатат. Окшош экенсиз. – Ал, кыздын колунан тарткылады. – Дилбар, апаң кийин барат. Ооруканада бир аз жумушу бар экен. Мага кара! – Эми ал кызды ачуулана тартып алды. Кызы ага көнбөй жер тепкилеп, Шахзадага талпынат.

– Апам, апакеме барам! Дагы кетип калабы ал?

– Жок, кийин барат.

Заматтын ичинде айланага адамдар топтолду. Кыжалат болгон жигит кызын кучактап, токтоп турган трамвайды көздөй чуркады. Адамдардын арасынан кыздын аянычтуу үнү даана угулуп турду. Бул окуяга түшүнбөгөндөрдүн кээ бирлери эс-учун жоготуп турган Шахзадага тигилишсе, айрымдары аны жеп ийчүдөй жаман карап өтүшүүдө.

Трамвай жүрүп кетти. Тегерете турган адамдар да таркашты. Шахзада эмне деген окуяга туш келгенин эстей албайт. Көчөлөрдө чырактар жанды. Кечки муздак жел Шахзадага боор ачыгансып, жүзүнөн, чачынан сылагылады. Ошондо гана ал мойнуна оролгон наристенин назик колдорун эстеп, жүрөгү сыздай түштү. Көөдөнү ысып, денеси чымырады. Бул от анын жүрөгүнө чейин жайылганда, сезиминде кандайдыр бир үмүт сыяктуу таттуу ой балкып тургансыды. Кучагынан наристе баланын жыты аңкыйт... Бул жыт аны санаага батырып, мас кылып жибергенсиди.

Ал ушул калыбында канча турганын сезген жок.

Дарбазанын түбүндө жол карап олтурган апасы Шахзаданын жүзүнө карап, коркуп кетти.

– Эмне болду сага? Ооруп калдыңбы?

– Жок... Бир аз...

– Ошентип ойлодум эле.

Апасы канчалык кыстаса да, Шахзада тамак ичпеди. Башым ооруп жатат деп, кара күчкө эле жатып алды. Кызынын көңүлдөгүсүнөн кабары жок байкуш эне санаага батып, өзүн коёрго жер таппай жатты. Анткени  Шахзада өткөн жылы апасынын көңүлүнө карап турмушка чыккан болучу. Жолдошу экөөнүн оттору күйүшпөй ажырашып кетишкен. Ушундан улам байкуш эне кызынын жүзүндөгү бир аз эле өзгөрүүнү сезсе, өзүнөн көрөт. «Теңтуштарын жолуктуруп өксүгөндүр. Кайран гана жаштыгы ай, өтүп баратат!» – деп жүрөгү алеп-жалеп болот. Ооба, Шахзада чын эле күйөөсү менен көпкө жашаган жок, балалуу да болушпады. Турмуш куруу тууралуу апасы ага эми ооз да ача албайт. Кичине эле сөз баштады дегиче, Шахзаданын ачуусу келип, бир нече күн таарынып жүрөт.

Шахзада түнү бою ооналактап уктай албады. Көзү эми эле чырм эте түшкөндө наристенин апакелеп бакырганы кулагына кайра-кайра угулгансып, чочуп ойгонот. Дагы эле ошол назик колдор мойнуна ороло түшкөнсүйт, дагы эле ошол жагымдуу жыт буркурайт...

Ал апасын ойготуп жибербейин деген ойдо козголбостон, акырын үшкүрүнүп коёт. «Кыздын апасы өлгөн бекен? Же таштап кеткенби? Жок, өлгөн. Атасы байкуштун бала жандуулугун... Бардык кайгымуну көздөрүндө толуп турат.

Буларды канчалык ойлобоюн дегени менен такыр болчудай эмес. «Кыздын жүзү кандайча эле? Жакшылап таанып албаганын карачы! Ка-ап, аты эмне эле? А, айтмакчы, Дилбар деп чакырды беле атасы? Таптым, таптым, Дилбар».

Шахзада ушундай ойлор менен таңды атырды. Эрте менен апасы анын жүзүнө тигилип, кечээкиден бетер боору эзилди. Ал кызы тургача таттуу мастава жасап койгон эле. Шахзада маставаны чала ичип, жумушка кетти.

Арадан бир нече күндөр өттү. Бирок бул окуя Шахзаданын эсинен чыкпады. Ал күндөн-күнгө бул окуя жөнүндө көбүрөөк ойлончу болду. Ойлогон сайын ошол наристе кызды дагы бир жолу көрсөм экен деп ынтызар боло берди. Дагы ошол назик, кичинекей мойтойгон колдор мойнунда оролуп тургандай туюлат. Дагы ошол наристенин жанга жагымдуу жыты каңылжарын өрдөп тургансыйт. «Апам келбей жатат деп жүрсөчү? Албетте, ал ыйлайт. Кантип, кайдан издеп тапса болот?!» Шахзаданын басса-турса ойлогон ою эле ушул. Көчөдө баратып элеңдеп жүрө турган болуп калды. Анын кыялында Дилбар да аны издеп жүргөнсүйт. Кокус эле келип этегине жабыша калчудай, күткөнү-күткөн. Бир күнү ал өзүнөн өзү эле куурчак дүкөнүнө кирип барды. Кана, эми ылаажы болсо, ушул куурчактардын баарын сатып ала койсо. Дилбарды издеп тапса да, куурчактарды анын алдына жайса. Ошондогу Дилбардын жароокер көзүндөгү жылт дей түшкөн кубанычы Шахзаданы түбөлүк бактылуу кылчудай... Чынында эле адам үчүн бирөөнүн ыраазылык сезиминен кымбат нерсе барбы? Ооба, Шахзада жалгыз Дилбардын гана эмес, бүтүндөй бир үй-бүлөнүн ажарын ача ала турган мээрбан, боорукер кыз.

Чын эле Шахзада куурчак дүкөнүнөн куру чыгып кете албады. Бир сонун куурчак сатып алды. Куурчактын тим эле жаны бардай. Карачы, куурчактан Дилбардын жагымдуу жытына окшош кандайдыр бир жыт аңкып тургансыйт. Бул куурчак Шахзадага эң жакын медер болду.

Апасы кызынын куурчак сатып келгенине аябай таң калды. Ага көпкө чейин суроолуу тигилип турду.

– Бирөөгө алдым. – Кыска гана жооп берди ал.

Ошентип, ал түнү бою кирпик какпады. Дилбар жөнүндө ойлоп, кусаланды. Кандай болбосун аны издеп табам деген бүтүмгө келип toктоду анын кыялкеч ою. Бирок кандай кылып, кайдан табат? Чоң шаар болсо, эл көп. Айтмакчы, ошондо дем алыш күн беле? Балким, алар куурчак дүкөнүнөн чыгып келе жатышкан чыгар... Ооба, ооба, эми таптым. Ошондой болсо керек. Дем алыш күнү ал куурчак театрынын алдына барып, канча болсо да күтүп турат. Шахзаданын көңүлү күтпөгөн жерден түштү. «Дилбаржан... Кызгалдагым, иши кылып өксүбөгүн. Мен, албетте, барам, издейм сени».

Шахзада дем алыш күнүн куурчак театрынын айланасында өткөрдү. Көптөгөн жаш балдар келишти. Бирок Дилбар келген жок. А балким, ал ыйлай берип ооруп калган чыгар? Шахзаданын жүрөгү эзилип кетти. Ушул учурда ал үнүнүн жетишинче: «Дилбар» деп кыйкырып, бүткүл шаарды кезип чыгууга даяр эле. Бирок... Эртеден-кечке кара жанын карч уруп иштеген адамдан бетер жанчылып, куурчагын колтугуна кысып, араңдан зорго үйүнө келди. Эне байкуш эч нерсеге түшүнө албайт, же сурайын десе жүрөгү даабайт. Тобо, белекке алып кеткен куурчакты кайра алып келди.

Бир нече дем алыш күндөр мына ушинтип өттү. Куурчак жума сайын Шахзада менен бирге көчөнү кыдырып келет.

Мына, бүгүн да дем алыш күн. Шахзада адаттагыдай эле көчөгө камынып жатат. Тигине, ал куурчакты колуна алды. Бул жолу байкуш эне чыдап тура алган жок.

– Ай, кызым, каякка баратасың деги? Эмне үчүн минтип түнт болуп кеттиң? Айтчы, секет кетейиним, муну кимге сатып алгансың?

– Ушул куурчактын ээсин издеп жүрөм...

– Тобо десе, – деди эч нерсеге түшүнбөгөн кемпир.

Көчөдө эл көп. Бирок Шахзаданын эч ким менен иши жок. Ал адаттагыдай эле куурчак театрынын жанына шашылып баратты. Дилбар аны ошол жерде күтүп тургансыйт. Шахзада аптыгып жетип келди. Айланага жай көз жүгүрттү. Балдар театрга кирип жатышат. Дилбар жок. Үмүтсүздөнгөн Шахзада сумсайып отургучка көчүк басты. Жүрөгүнүн тээ түпкүрүндөгү үмүт оту кайрадан алоолонду. Көздөрүн театрга кирүүчүлөрдөн айырбайт. Театрдын алды бирде кымгуут, бирде бопбош болуп калат. Ал болсо, телмиргени телмирген. Мына, чочуп кетти ал. Өз көзүнө өзү ишенбегенсип, адамдарга жакшылап карады. Дилбар! Ошол! Атасы экөө келе жатышат. Ыраңы бир аз азып калганбы?.. Шахзада кантип ордунан туруп, аларга утурлай чуркаганын байкабай калды. Дагы ошол аянычтуу үн жаңырды. Эми Шахзаданын кучагында Дилбар эле эмес, Дилбардын койнунда Шахзада да мээримин төгүп, жашып кетти.

– Апа, апа, алтыным!..

– Кызым, акыры таптым сени. – Шахзада кызды бек кучактап, кайра-кайра анын жүзүнөн, чачынан, ууртгарынан жыттап жатты. Кубанычтын күчүнөн улам көздөрүнөн мончоктоп жаш кулады. Селейип калган жигит бирде жер тиктеп, бирде оор улутунуп коёт. Бул окуянын акыры эмне менен бүтөрүн билбейт.

– Апа, мен театр көрбөймүн, үйгө эле кетели. Болбосо дагы кетип каласыз.

– Болуптур кызым, эми мен эч кайда кетпеймин. Мына, сага куурчак сатып келдим.

Дилбардын көздөрүндө кубанычтын сансыз учкундары пайда болду. Куурчакты кучагына бек кысты. Оор жоготуусун кайра тапкан адамдай көпкө чейин туптунук ууртунан жан эргиткен күлкүсү төгүлүп турду.

– Ырахмат, апа.

Жигит да эми өзүн демейдегиден алда-канча эркин сезип калган эле. Ал:

– Дилбар, театрга киребизби? – деп сурады кызынан.

– Жок, үйгө кетебиз, апам менен. Эми коё бербейм. – Ал Шахзаданы бекем кучактап алды.

Үчөө артка кайтышты. Жигит Шахзадага улам-улам карап коёт. Ал эми Шахзада жигитке карабаса да, анын жүрөк сезимин, ыраазылыгын сезип баратты. Жигит такси токтотту. Машинада деле Дилбар Шахзаданын кучагында олтурду. Атасына болбой койду. Кыз менен алек болгон Шахзада таксинин кайда, качан келип токтогонун да сезбей калды. Алар жол боюндагы көк каалганын тушуна келип түштү.

– Чоң эне! Апам келди, апамды таптым. Апам...

Шахзада менен жигит каалгадан кире электе эле босогодо орто бойлуу, жашы элүү бештер чамасындагы ак чач аял пайда болду. Ал Шахзаданы көрүп, таң калды. Анан ал кучагын кең жазып, Шахзаданы кучактады. Өтө бир аянычтуу үн менен күбүрөндү:

– О, кудай, чын эле. Чын эле балам тирилип келген турбайбы! Жөлөгүм... Куду өзү, кудая шүгүр, өзүмдүн эле балам келген турбайбы!..

Которгон **М.Алишер.**

---



*Өмүрү өрнөк инсан*

**Мамбет МАМАКЕЕВ**

# ЭСИМДЕ БАТЫЙ ЭНЕКЕМ

**(Эскерүү)**

*Энемдин кайтыш болгонунан бери жыйырма жети жыл өттү. Аман болсо жүз он экиге чыкмак экен. Анын жаркын элеси азыр, өзүм сексен үч жашка келгенимде да дайыма, күнү-түнү дебей эсимде.*

---

**МАМАКЕЕВ Мамбет** – *1927-жылы 1-октябрда Ысык-Көл областындагы Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылында туулган. 1952-жылы КММИни бүтүрүп, дарылоочу-врач адистигине ээ болгон. 1958-жылы «Бөйрөктү алмаштырууну топографтык-анатомиялык жактан негиздөө» деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган.*

*1970-жылы «Катуу кармаган холециститти жана өтүшүп кеткен өттүн таш оорусун хирургиялык дарылоо» деген темадагы докторлук диссертациясын жактаган. Профессор. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы.*

*1987-жылы илим жана илимий изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн «Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наам ыйгарылган.*

*1989-жылы Кыргыз ССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланган. 1991-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. 1993-жылы Кыргыз Республикасынын илимдер Улуттук академиясынын анык мүчөсү. Кыргыз Республикасынын хирургдар коомдорунун Ассоциациясынын президенти. Казакстан Республикасынын Медицина илимдер академиясынын академиги.*

*1995-жылы Кыргыз Республикасынын Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты. 1998-жылы Кыргыз Республикасынын илим жана техника тармагындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон. 1999-жылы хирургдардын Бүткүл дүйнөлүк Женева Ассоциациясынын мүчөсү болуп шайланган.*

*2004-жылы Кыргыз Республикасынын Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылган. I–III даражадагы «Манас», «Эмгек Кызыл Туу», «Элдердин достугу» ордендеринин, И.К.Ахунбаев атындагы сыйлыктын ээси. Бир кыйла республикалык, эл аралык хирургдар уюмдарынын мүчөсү.*

*Энем ырамтылык кичине бойлуу, толук эмес, улуу-кичүүгө сыпайы, оозунан жаман сөз чыкпаган, мүнөзү бир калыптан жазбаган өтө токтоо, баарына чыдаган көтөрүмдүү укмуш адам эле. Он жети бала төрөгөн экен, ошолордон азыр үчөөбүз барбыз. Улуусу мен, карындашым Упаш жетимиш тогуз жашка чыкты, бала-чакалуу, неберечөбүрөлүү, иним Абдылда алтымыш жети жашта, төрт кыз, эки уулу бар, баары үйлүү-жайлуу.*

*Эне деген бала үчүн ал канча жашка чыкпасын, кандай акыбалда болбосун, ыйык, ЭНЕ бойдон кала берет түшүнгөн жан үчүн. Бизди бул кымбат жарыкчылыкка ким алып келди? Туулгандан чоңойгуча баланын азап-тозокторун түгөл тартып, күнүгө, саат-мүнөт сайын тарбиялап, уядан учуруп, ушул жашка, ушул даражага ата-эне жеткирбегенде ким жеткирди? Кийинки муундарга, эне-атасы бар адамдарга мен улуу катарында, врач катарында көргөн-билгендеримен азыноолак айтып берейин дедим. Мүмкүн, жаңылган да, акылэстүү да жаштарыбыз ойлонуп калаар. Мен деле асмандан түшө калбадым. Ким элем, ким болдум дегендей... Энемдин теңдешсиз эмгеги, тарбиясы менен 59 жыл врач-хирург болуп иштеп келатам. Ушул жашка келсем дагы, небак чоң ата болсом дагы, ушул күнгө чейин энем эч качан оюмдан кетпейт. Энемдин ак сүтүнөн кутулдумбу, аны актадымбы, толук актай алган жокмун го деп ой-санаа тарта берем. Кээ-кезде балалык парызымды алымдын келишинче актоого аракеттенбедимби деп өзүмдү өзүм жубатам. Эне жөнүндө эсте калгандар эч качан унутулбайт экен.*

## Биринчи «доктурлугум»

Энем байкуш төрөгөн он жети баланын көпчүлүгү эрте чарчап калышкан. Кай бирлери кийинчерээк, эс тартканда эле набыт болушкан. Ошол, оор мезгилдеги катаал шартта төрөлгөн балдар, менимче, көпкө жашамак эмес. Ошол каат шартка, турмушка көнүп кеткен чыдамкайлары гана аман калса керек. 1939-жылы карындашым Бейшекан төрөлдү. Айылдан ылдый төрт чакырымча болуш керек, күрпүлдөп аккан Жыргалаң суусунун боюнда Эсенбай деген чоң атабыздын жанына алачык тигип туруп калдык. Карындашым төрөлгөндөн тартып эмчек эмалбайт, оозун ачалбайт, кыңылдап ыйлап эле жатат. Ачка да. Энем байкуш эмизейин эле дейт, бала эме албайт. Үч-төрт күн өткөндө алысыраак, Жумабай деген киши чакырып, энем, чоң энем экөө кетти. Энем мени баланы карап отур деп таштап кетти. Жанында жалгыз олтурам. Карындашым тынымсыз эле акырын ыйлап жатты. Аны аяй карап отуруп, бир маалда чыпалагымды оозуна салып көрсөм,

ар жагынан соруп жатат. Кубанып кеттим! Ошол замат оозун, жаагын ушалап, күчкө салып чыпалагымды салсам, соро баштады. Тура калып бир чүпүрөк таап, аны сүткө чылап, ичине талкан салып сордуруп көрсөм, чопулдатып соро баштады! Чүпүрөктү тез-тез сүткө чылап сордура бердим, бир убакта ал уктап калды.

Бир күндөн кийин энем келди. Кызынын ыйлабай, дымы чыкпай калганынан улам аны өлдү деп ойлосо керек:

– Качантан бери үнү чыкпай, ыйлабай калды? – деп сурады суз.

Мен сөзгө келбей эле:

– Эне, тез эмиз, ээмп калды, – дедим.

Энем байкуш ишене албай, бирок не бар, не жок дедиби, шашыла отура калып, эмчегин берсе, наристе шакылдатып ээмп кирбедиби! Бир кезде курсагы тойду окшойт, дымы чыкпай мемиреп, көпкө чейин уктады. Кийин ойлосом, ошондо, он эки жашымда биринчи «доктурлугум» башталып, алгач өзүмдүн карындашымды аман алып калган экемин. Ошол карындашым кийин аман-эсен чоңоюп, мединститутту бүтүрүп, күйөөгө чыгып, төрт баланын энеси болгон кезде капыстан жаман ооруга чалдыгып, эрте өтүп кетти. Күйөөсү айыл чарба институтун бүтүрүп, Кочкордо, Таласта, Чолпон-Атада иштеди. Карындашым да күйөөсү кайда иштесе, ошол жакта инфекция оорусу боюнча жетекчи болуп, өлөр өлгүчө жакшы врач болуп иштеп жүрдү. Азыр балдары үйлүү-жайлуу дегендей, турмуш экен, күйөөсү башка аялга үйлөнгөн. Ар бири өз алдынча оокат кылып жүрүшөт. Өлгөн менен кошо өлбөйт деген ушул экен да, бирок аларда баягы, энеси бардай ынтымак жок. Эне – үйдүн куту, баарынын башын кошуп, ынтымакты алып жүргөн тура. Бейшекан өлгөндөн кийин муну турмуш көрсөттү.

## Зар заман

Биз өтө чоң үй-бүлөдөн элек: чоң атам, чоң энем, өзүмдүн ата-энем, карындаштарым – баары он кишиден кем эмес элек. Мен ар дайым айтып келем, негедир ошол убакта өрөөн боюнча кедейдин кедейи биз элек. Эмне үчүн экенин эмдигиче түшүнбөйм. Чоң атам Акун дени соо, өтө эмгекчил, эрки күчтүү адам эле. Атам Мамаке да ден соолугу жакшы, жоош-момун адам болучу. Колхоздун иши дегенде жанын таштап иштечү, анан эле эмне үчүн анчалык кедей болдук? Билбейм. Биздин үйдөн уй, жылкы, кой дегенди көргөн жокмун, үйдүн кейпи болсо, топурактан согулган бир кепе эле, терезе-эшик деген жок. Ошол тамды кийин тийгизбей эстелик кылып сактап койдум эле, жылдар өтүп атүгүл ага торпок, козулар да коркуп кирбей калышыптыр. 1970-жылдагы катуу жер титирөөдө ал кепе биротоло урап жоголду.

Бизди багууда айрыкча энем менен чоң атам Акундун эмгеги зор болду. Атам Мамаке болсо үйдөгү өз ишине жалкоо эле, кандай кыйынчылык болсо дагы «Кудай берет» дегенден башканы айтчу эмес.

Кийин чоңойгондо ойлоп калчумун, ушул, момун атам Мамакенин тилегин берди го деп. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып, атам армияга чакырылды. Биздин айылдан атам менен Бейшеке, Кожогелди, Байжума деген төртөө кетти. Алар айтылган күнү Караколго келишкенде жанында жалгыз мен эле ээрчип жүрдүм. Эч кимди колхоздун ишинен бошотушчу эмес. Тартип катуу. Кечке жуук военкоматка ээрчишип келсек, аскерге кетчү адамдарды тизип алып эсептеп, жөнөткөнү жатыптыр. Атамдар негедир кетенчиктеп, буларды алып кетсин, биз анан кирели деп, бир-эки саат көчөдө жүрүп барышты эле, эсимде, аларды бир солдат эч сөзгө келбей түз эле алпарып чоң тамга камап салды. Бул эмнеси деп мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун, кийин ойлосом, кечигип барган качкындар деп күнөөлөп камап салышкан тура. Ал убакта тартип ушундай укмуш эле. Атамдарды камактан бир ай чыгарган жок. Кийин, бир айдан соң таңга жуук айылыбызга бир киши келип:

– Мамакелерди чыгарыптыр, армияга алып кеткени жатышат, – деди.

Ошол замат мен Караколго (14 чакырым) айылдан жөө жетип бардым. Парктын ичинде чогулуш өткөрүшүптүр, кетчүлөрдүн баарын бир солдат кайтарып, кечке жуук он чакты чакырымдай алыс пристанга жөө айдап жөнөштү.

Үйдөн энем менен атамдын карындашы Уулкан эже экөө келишмек эле, жок. Түн кирип калды. Мен атам менен апам, эжем көрүшпөй калышабы деп катуу санааркап, түн кире чыдабай аларды шаштырмакка кайра айылга жөө чуркап жөнөдүм. Текиреңдеп Караколдун четине жеткенимде, энемдер далбалактап чуркап келатышкан экен. Кубанып кеттим. Мен кайрадан артка тартып, эми үчөөбүз пристанды көздөй чуркадык.

Бир топ жолго жеткенде алдыда атчан бир киши кетип баратыптыр. Ал кишиге:

– Аба, – деп кайрылдым, – атамды пристанга жөө алып кетишти, ага жетсеңиз үй-бүлөңүз келатат деп айтып койсоңуз?

– Ооба, кудай жалгагыр, ошентсеңиз? – Апам менен эжем да мени коштой удаа жалооруп жиберишти.

Жанагы бейтааныш киши атама жетип айткан экен, пристанга түнкү саат экилерде жеттик. Кетчүлөр топ-топ болуп отурушуптур, атамдарга кезигип чогуу жөнөдүк. Баарын башкарып жүргөн командири:

– Тааныштарыңар болсо, аларды таап, түнөп алып, эртең тогузда пристанда болгула! – деп катуу эскертип, топураган элди таркатып

жиберди. Эсенбай чоң атанын карындашы бар эле, ошону издеп жүрүп таап, эсимде, чөптүн арасында түнөп чыктык.

Эртеси кечикпей баары чогулушту. Киши көп, 100гө жакын, кечке чейин пароходго карагайдын чүркөсүн (жыгач отун) жүктөттү. Күүгүм кирип келди, ошол эле чүркөлөрдүн үстүнө баарын салып жөнөдү. Жөнөөргө аз калганда чоң атам, Мамакенин атасы Акун байкуш колхоздун бир жаман атын минип алып жетип келбеспи. Кайраттуу киши эле, кайратын ошондо көрдүм, аттан түшпөй туруп:

– Аман-эсен барып кел, – деп уулунун колун кармап коюп жөнөп кетти.

Атамды үй-бүлөсү ошондо ызы-чуу түшүп, боздоп узаттык. Пароходдун карааны үзүлгөндө түн бою үчөөбүз кайра жөө үйгө жөнөдүк. Пристандан айылга чейин 20 чакырым болуш керек эле, жол асфальт эмес, чаң. Жаңы-Арык айылына келгенде энем байкуш билгизбейт, бирок араң басып калды, буту шишип кетиптир, ошондо азыркы иним Абдылда боюнда бар экен.

Жаңы-Арыкта Искен деген эжебиз бар эле, аны издеп таап алдык. Байкуш эжебиз колунда болгон ысык суу менен талканын коюп, биз ошого каниет кылып ичип алдык да, түнөп калдык. Анда элдин баарынын эле турмушу начар, ачкачылык заман эле.

Эртеси таң заардан дагы жөө айылга жөнөдүк. Тамак жок, талкан менен картошка, ушул экөө да кенен болсо жыргадык эле го. Алар да жокко эсе, энем байкуш ысык жарма жасаганда ага картошка аралаштырат, картошканын кабыгын эч аарчычу эмес, кабык менен кошо күчү кетип калат деп.

Күз келип калды, энемдин төрөөр маалы жетип калгансыды. Сарсанаа болгонум эле толгоо кармап энем төрөп калса, аны ким, кантип төрөтөт? Мурдатан көрүп жүргөм, толгоо күчөгөндө, каканагы жарылып, суу кете баштаганда, убактысы жетти деген белги болсо керек. Бир жолкуда күчтүү киши артына отура калып, тизесине отургузуп төрөткөнүн эстейм. Азыр айылда андай адам жок, бүт армияда. Кечке жуук, энем байкуш жоош, көтөрүмдүү эмеспи, акырын кыңкыстай баштады. Дароо түшүндүм толгоосу башталганын. Көчөнүн четинде Мамакенин карындашы Аный эжекем турчу, ага чуркаган бойдон жетип барып:

– Эжеке, энемдин толгоосу башталды окшойт, – десем ал тез эле мени менен кошо далбалактап чуркап келди.

Энем бир аз кыңкыстап жатып тарттырбай, эч жардамы жок эле өзү төрөп салып жатпайбы! Сүйүнгөнүмдү айтпа! Эжекем баланы бир жаман чүпүрөккө ороп алды. Баланын дымы чыкпайт, ыйлабайт, мен катуу жүрөксүп жаттым. Мурда көрүп жүрчү элем, эгер дымы чыкпаса, чаканы калдыратып, же муздак сууну бетине чачып жиберсе ый-

лап, үнү чыкканын. Мен дагы ошентип жиберсем, анан үнү чыкты, аман экен деп аябай сүйүнүп калдым. Түнкү саат бир-экилер болсо керек, ал кезде электр жарыгы деген жок, эптеп майга жүндү салып, шам жасасак, жылтырап күйүмүш болчу.

Эртеси эртең менен баланын өңүн көрөйүнчү деп, жарыкта карай коюп эсим чыкты, адамга окшобойт, чымчыктын кызыл эт балапандарын көп көрчүмүн, кейпи ошонун эле өзү. Башы, курсагы чоң, колу чийдей, кабыргалары арсайып бир укмуш көрүндү. Ушул кантип адам болсун деп капага баттым. Кийин түшүндүм, мындай чабал төрөлүүнүн себебин, боюна болгону энем байкуш бир ырыстуу тамак ичкенин көргөн эмесмин. Баланын ичте өсүүсү эненин түзүк тамак ичишине байланыштуу болот турбайбы.

Огородубуз кырк сотых жер эле, ага толтура арпа айдаганбыз. Энемдин боюнда болуп ооруксунуп жүргүчө арпа бышып кетти. Мен ошого чейин орок оргонду жакшы үйрөнө элек экенмин, эки-үч күн оруп, колуман келген аракетимди кылдым. Колумду да орокко кестирип алдым. Анан кантем, оокат кылар жалгыз эркек мен болсом. Энем байкуш баарын көрүп туруп, төрөттөн кийинки төртүнчү күнү өзү туруп баарын эки күндө оруп койду. Ошогезде жок дегенде талканыбыз кенен болсочу. Энемди күчүнө келтирип ордурганымдын себеби мындай эле. Анын төрөөр алдында, биздин айыл чоң айыл болчу, мектептин комсомол уюмунда 82 мүчөсү бар эле. Бир күнү, райком комсомолдун катчысы, эсимен чыкпайт, Исмаилов деген, эки буту жамбашынан тубаса майып, чыгып кетсе керек, өрдөкчө баскан киши, ошон үчүн армияга барбай калса керек, тили сайраган өтө тың, ошол келип:

– Ар бир комсомол фронтко бирден тоок чогултасыңар, – деген тапшырма берди. Анда фронтко деген соң: – Жок, кайдан табам – деген сөз болчу эмес, ошол замат бала дебей, чоң дебей так аткарчу элек. Ким кайдан, кантип тапты билбейм, 82 тоокту бир эле күндө чогулттук. Аларды райборборго жеткирүү мага тапшырылды. Тоокторду бир өгүз арабага салдым, алдына кендирден калыңдап салып койдум. Качырып жибербейин деп тооктордун буттарын байлаштырып алып Ак-Сууга, райком комсомолго алып келдим. Мекемеге кирип Исмаиловго:

– Агай, айтканыңызды аткардым, тоокторду алып келдим, – дедим жайдары. Азаматсың деп айтат го десем, тигил тескерисинче:

– Эй, сен, акмак, тоокторуңду кукулуктатып эмне эрте алып келдиң, алып кел дегенде алып келбейсиңби! – деп бакырат. Мен:

– Агай, баягүнү өзүңүз алып кел дебедиңиз беле, – десем ал мени укпай:

– Алып кет кайра, алып кел дегенде анан алып кел! – деп кууп жиберди.

Тоокторду кайра үйгө алып келдим. Сарай жок, эми буларды качырып, жоготуп жиберсем кантип төлөйм деп катуу сарсанаа боло баштадым. Ойлонуп-ойлонуп, акыры, жаман тамдын оозун бекитип, уча качпасын деп тооктордун канатын кесип, эки күнү камап салдым. Кудай жалгап, алар жумуртка тууй баштаса болобу! Энеме күнүгө 3–4 жумурткадан бышырып берип жатып, тыңытып алдым.

## Инимдин азабы

Энем байкуш өмүр бою колхоздун жумушун аткарды, чөп чапмай, эгин ормой, айрыкча, апийим убагында иши өтө оор эле. Андан кийин күн-түн дебей үй оокатын жасачу. Ошол төрөлгөн Абдылда иним азыр айылда, алтымыш алты жашка келди. Алты баласы, бир топ неберелери бар. Ажалы жок болсо адам жашайт экен да. Ушунчалык оор, кедейчилик, согуш убагында араң жан төрөлгөн инимдин адам болуп, аман калганына таң калам! Энемдин ушул баласы кенжеси болуп, жакшы окуган жок. 7-классты бүтүп эле, андан ары окубай койду. Кичүү деп эркелетип коюшту.

Мен 1946-жылы Фрунзеге (азыркы Бишкек) окууга кетип калдым. Абдылда кийин чоңойгондо колхоздо шофёр болуп иштеди. Мен techинститутту, кийин ординатура, аспирантураны бүткөндөн кийин, ассистент, доцент болуп, оңоло баштаганда энемди кышкысын такай шаарга алып кыштатып, жайында айылга жиберип жүрдүк.

Абдылда энеси менен ар дайым чогуу болду. 18 жашка келгенде же окубаса, же иштебесе деп, армияга жөнөтөйүн десем военкоматка барып, медкароодон өтүп эле жарабай калдым деп кайра келет. Бир жарым жылда эки-үч чакырылып, жарабайт дегенден башка сөз жок. Бир күнү хирург Ерусалимский деген врач мени жакшы таанычу, бирге иштешип калганбыз, көчөдөн кезигип:

– Мамбет, сен мага 100 грамм карызсың, – деп тамашалап калды.

– Эмне болуп кетти? – десем:

– Сенин Абдылда иниңди мен армиядан алып калып жүрбөймүнбү, – дейт.

– Ой, аны алып кал деп сенден ким сурады, – десем:

– Сен өзүң сурап жатасың да, – дейт. Көрсө, иним комиссияга келгенде тигинин кулагына шыбырап койчу турбайбы, абам суранды деп. Ошого акылынын жеткенин карабайсыңбы, хирург болгондон кийин ал абамды таанийт го деп шыбыраса, тиги ишенип, болбогон шылтоо таап калтырып коюп жүрүптүр. Ошондон ачуум келип, үйдөн инимди айдап алып военкоматка барып, комиссияга кирип, менин көзүмчө текшергиле, эч оорусу, кемтиги жок деп армияга айдадым. Себеби ошол

убакта армия деген укмуш эле да, ким болсо да турмушка окутуп, тарбиялап, адам кылып жиберчү эле. Ошентип Сибирдин алыскы Уссурийск деген жерине армияга кетти. Үч-төрт ай өткөндөн кийин командиринен кат келди, иниңиз бөөдө шылтоо таап, эки жолу госпиталга жаткызып, текшерип чыктык деген. Мен дароо эле: «Инимдин эч оорусу жок, күч колдоносуңарбы, сабайсыңарбы, эмне кылсаңар да кызмат кылдыргыла» – деп, командирине кайра кат жаздым. Ошондон кийин инимден кат келди, эмне дедиңиз эле, мени сабап жатышат деп. Мен: «Сага сооп болот, дагы сабай түшсүн, сенин жаның башкалардан артыкпы, акмактанбай жакшы тил алып, кызматыңды өтөп кел» – деп кайрадан кат жаздым. Ошентип иним армияда эки жыл жүрүп келди, кызыгы, ал кеткенден үч-төрт ай өткөндөн кийин, энем байкуш мага:

– Абдылдама эмне болду, эмгиче келип калам деди эле? – деп жатпайбы.

Мен:

– Ай, эне, балаңдын кеткенине үч-төрт эле ай болбодубу, ал эки жылдан кийин келет да, – десем, ал ыйлап жиберди.

Иним кетерде энем ыйласа, ыйлаба, жибере берсин, үч-төрт айдан кийин келип калам деп сооротуп кеткен тура, барганда көрсөткөн баягы «номурлары» өтпөй калып эки жыл жүрбөдүбү. Бул инимди чоңойгуча, кийин аял алып бергенден кийин деле, тилдеп, сабап да койгон күндөрүм болгон. Жалкоорook, жалакай болучу. Энем байкуш аны тукум деп жакшы көрчү. Аяп, кээде мага: «Тим койчу, аман жүрсө болду» – деп калкалап турчу эле. Ошол баласынын чайын ичип, келинин, бала-чакасын көрүп кетти. Азыр иним айылда короо-жайдын ээси болуп, карылыктын жакшы башталышын көрүп жатат. Тамеки чекпейт, арак ичпейт, момураган жакшы адам болуп калды. Инимдин азабын энем экөөбүз жакшы эле көрдүк.

## Эскирбеген элестер

Жетимиш жылдай узак мезгил өтүп кетсе да ушул күнгө чейин унутулбаган окуялар бар. Эстеген сайын демим кыстыгып, жашып кетем. Уруш убагы, 1944-жыл болсо керек эле, энем байкуш күнүгө эртең менен эрте айылыбыздын батышындагы Ак-Суу айылынын үстү жагындагы тоо этегине кетет. Ал, кенен жайыт жер биздин айылга караштуу. Ошол жерде колхозубуздун саан уйлары бар эле, анда азыркыдай саан машинасы жок, уйларды кол менен саашчу. Кечке чейин ал жактагы иштер менен алпурушуп жүрүп, кечинде эки чаканы баканга илип алып жонуна көтөрүп, ага куюп алган суу сүттү (тартыл-

ган сүт) жөө көтөрүп келет. Аны бышырып, азыноолак талкан чалып, кечке кезээрип олтурган бизге берип бакчу.

Бир күнү кечке жуук укмуштай катуу бороон-чапкын болуп, күн катуу жаап кирди. Оюм эле энемде, эмне болду, кантти экен деп. Акыры чыдабадым, огороддо бир ат жүрүптүр, аны кармап алып белимдеги жипти чечип, ооздук жасап байлап, жайдак минип алып энемдин алдынан тосо чапкан бойдон жөнөдүм. Айылдан өтүп, таштак менен чаап бараткам, тааныш караан көрүнө калабы, кашайып көрбөй калып өтүп кетпейин деген ойдо жан-жагымды саксактай карайм. Капыстан көрө койдум, энем байкуш бир коктунун ичинде өпкөлөй ыйлап отуруптур, жаан тим эле чакалап төккөндөй куюп жатат. Көрсө, коктуга ичке жол менен шашыла түшүп келатып, ылайдан тайгаланып жыгылып, чакадагы сүтү төгүлүп калыптыр.

– Ыйлаба, эне, тур, – деп, жөлөп тургузсам ал:

– Эми бүгүн эмне ичесиңер, байкуштарым, ачка калбадыңарбы! – деп боздойт.

Чынында эле үйдө бир аз талкандан башка эчтеме жок болчу. Ага сүт катыктаганда кадимкидей курсакка жук болуп, тоюнуп калар элек. Бизди күтө жалдырап ачка олтурушкан кичинелерибизди эми алардын курсактары кулдурап ачка каларын эстеп экөөбүз тең ыйладык. Эркек эмесминби, энеме кайрат берип эптеп сооротуп:

– Эчтеке эмес эне, бүгүн сүтү жок эле жарма ичип жатып алабыз. Бир жолкуда эле өлүп калмак белек, – деп сыр бербей энемди атка учкаштырып алып, үйгө алып келдим.

Жокчулуктун бети курусун! Тартылган да сүтү жок, карандай сууга талкан чалып ичип оокат кылгандарды шишик алып, далайлар куруду го, ошондо! Канча жыл, не заман өттү андан бери, ошентсе дагы жыл сайын айылга баратканда машинадан ошол коктуну карайм, караган сайын ошол окуя, эчкирип ыйлаган энем эсиме түшүп, муунуп барып оңолом.

Дагы эле бир окуя. Ошол эле уруш убагы, кедейчилик унуттурбайт экен, колхоз бизге эптеп жардам болсун, ачкадан өлбөсүн деди го, үч саан эчки берди. Аларды күнүгө катыра саап ичип отуруп, бирөөнүн улагы өлүп калды. Жай, талаа-түздө чөп кенен эле, улагы өлгөндөн кийин энеси тез эле семирип кетти. Август айы, картошка тегиз гүлдөп, арпа сарала болуп калган. Үч эчки биз жаткан үйдүн ортосунда түнкүсүн улагы менен жатчу. Ууру албасын дегенибиз.

Бир күнү саат түнкү үчтөр болсо керек, энем мени жулкулдатып ойготту. Мен кечке колхоздун чөбүн чалгы менен чаап чарчап, ушундай катуу уктаптырмын, энем болбой жатып тургузду.

– Тур, бир эчки ордунда жок. Издейли! – дегенинен көзүм умачтай ачыла түштү. Бизди багып жаткан ошол эчкилер эмес беле. Карасам,

баягы, улагы өлгөн семиз эчки жок. Каякка кетти экен?! Же, түн ичинде мал сыртка чыкпаса? Аябай ажаан канчык итибиз бар эле, ал да үрбөптүр. Акылым жетпей эшикке чыксам, түн капкараңгы, анда электр жарыгы дегенди уккан да, көргөн да эмеспиз, караңгы короонун ичин, тегерегин, көчөнү түрө карадым, эч жерде жок. Эчки көрүнбөйт. Амалым түгөнүп, не кыларымды билбей жогорку көчө менен кайра үй тарапка чуркап келатам.

Эл тымтырс, терең уйкуда, эчтеке көрүнбөйт. Үйгө келип, энеме болгонду болгондой айттым. Анан энем экөөбүз сарысанаага батып эшикте отурдук. Эчкини уурдап кетти деген ой жок. Ошентип олтуруп оюма түшө калды, эки үйдөн наркы көчөдө Дөөлөтбай деген бир көзү сокур киши бар эле, ошон үчүн армияга албаса керек, ошол киши кол күрөк менен огородун эрте айдап алчу, картошкасы тегиз гүлдөп калган убак, аны огородунун четинде кайтарып жатканын билчү элем, ошол эсиме түшө калды.

Энеме Дөөлөтбайга барып келейин дедим. Ал мейлиң деди. Жете барып огородун тегерете чуркадым, тиги киши жок. Үйүн көздөй бастым, агезде үйдүн эшигин бекитүү деген болчу эмес, эшигине жакындадым. Эмчектеги баласы аябай бакырып ыйлап жатат, аны көтөрүп алган абышка бери, тышка чыгып келатыптыр, мени көрө коюп чочуп кетти.

– Ой, бала, түн ортосунда эмне кылып жүрөсүң?! – деп.

Мен:

– Таяке, менин бир эчким жок. Бошонуп кетти бекен, тышта жатчу элеңиз, көрө алган жоксузбу деп сурайын дедим эле, – десем, ал:

– Ай, бала, коюп тур, азыр мен эшикке чыгайын, – деп эшикке баласын көтөрүп чыкты.

– Баланы ыйлатпай энесине бербейсизби, – десем:

– Энеси, акмак, тээ аркы өйүзгө кетип жок, конуп калган окшойт, – деди.

Тышка чыгып өзүнчө катуу өкүнүп:

– Ой, бала, эчкиң бошонуп кеткендир, эми түн ичинде кайдан табасың, эртең күндүз эле табылаар, – деди.

Ошентип сүйлөп жатканда эң четки үйдөн жылт эткен жарык чыга калганын байкап калдым. Тиги кишиге:

– Болуптур, таяке, кеттим, – деп, көчөнүн баарын кыдырып чыктым, эчтеке жок. Эми гана эс алып, эртең карайын деген ой менен үйдү көздөй жөнөдүм. Огороддун башы менен барып, жанагы жарык жылт эткен үйдүн артынан айланып келип, жаман кепе үй эле, ага секирип чыгып мордун түтүгүнөн ичин карайын десем ысык түтүн бетиме уруна түштү. Алда неден шекшине түштүм. Жерге секирип түшүп короосуна кирип баратсам, үйдүн ээси аксак эле, ал тоок са-

райынын үстүндө көчө жакты кайтарып отурган экен, мени көрө коюп эле ары карай жерге түшө качты. Мен түз барып үйүнүн эшигин ача койсом, эттин жыты бур этти. Дөөлөтбайдын аялы Мөөркан дагы бир бутунан майрыңдап басчу, ал казандагы этти оодарып жатыптыр. Үй ээсинин энеси апенди чалыш кемпир эле, от жагып жатыптыр, мени көрө коюп:

– Ии, эки төкөр! – деп эле чалкасынан кетти.

Келини төрдө жерди сүрүп тазалап жатыптыр, сыягы кан болсо керек. Мен сөзгө келбей, казандагы бышып калган эттен колума тийген жиликти ысыгына карабай сууруп алып, эшикке карай чуркадым. Жаман оюмда: азыр куру чыксам, этти ката коюп, көргөн жокпуз, билбейбиз деп танып, жанталашабы – деп ойлодум.

Эшикке чыгып эле энеме келдим. Ал байкуш мени эмне болду, кайда жоголуп кетти десе керек, эшикте санааркап күтүп олтуруптур.

– Эне, эчкини таптым, мына, бышып калган казандан алып чыктым! – десем, ал этти ала коюп:

– Ой, балам, колуң күйгөн жокпу?! – деп чебелектеди.

– Күйгөн жок, – дедим эрдемсип.

Кийин эмне үчүн колум күйбөй калды десем, жалаң кара жумушта жүрүп жооруп, калың чор болуп калган, ошон үчүн күйбөсө керек. Энем экөөбүз акылдашып көрдүк, эмне кылалы деп. Армияга барбай калган оорукчан Акбай деген киши, согуштан колу майып болуп келген Жумадыл таякем бар эле жакынкы эркектерден, ошол экөөнү ойготуп, ал-жайды түшүндүрүп бердим, экөө тең азаматсың деп мени макташты.

Көчөдө туруп сүйлөшүп жатабыз, экөө эмне десе мен макул болуп, себеби мындай нерсе менин башымдан өткөн эмес эле. Түшүнүгүмдө да жок болучу. Акбай аксакал айтты, азыр барып этти казаны менен силердикине алып баралы деп. Мен макул, өзүңөр билгиле дедим. Барып отуруп калдык, баягы баласын ыйлатып Дөөлөтбай да келди. Эчкини уурдап барган анын аялы Мөөркан жеңе экен.

– Уурулар аркы бетке отургула, биз бул жакка олтурабыз, – деп эки бөлүндүк. Энем, Акбай, Жумадыл болуп отурдук. Тескеген, уяткарган, эми болору болду, баарына согуш күнөөлүү, ачтыктын азабы да, кечирип койгула деген сөздөр айтылды. Бир маалда улуулар:

– Эй, бала, эт бышып калыптыр, ушул жерден эле жеп коёлу, – дешти.

– Өзүңөр билгиле, – дедим. Улууларга сөз кайырмай кайда.

Этин чыгарып келгенде эчкинин туура жарымын салышыптыр, жарымы жок. Акбай айтты, калган чийки этин азыр барып алып келгиле деп. Терисине ороп сарайдын ичине көөмп коюшкан экен, аны алып келишти да, менин алдыма коюшту. Таякем:

– Муну алып кет, болору болду, башкасын чогуу-чаран жеп алалы, баш аман болсо мал табылат. Чекилик кылганыңар үчүн баш ордуна бир эчкиңерди бергиле, – деди.

Эч ким каршы болгон жок. Чогуу олтуруп жеп алдык. Себеби баары ачка, турмуш өтө оор эле да. Эртеси тигилердин бир эчкисин тандап кармап алдык. Тигилер ит болдук, куш болдук, шерменде болдук деп жалынып-жалбарып, ушул эле жерде калсын, эл-журтка айтпасаңар деп сураныышты. Убада кылдык, болуптур деп. Эртеси, жамандык жерге жатпайт деген, укмуш, мен тургуча бүт айыл угуп-билип алышыптыр. Кийин уксам, көрсө, талкан тарткан жаргылчагыбыз бар эле, ошого Мөөркан жеңе кез-кези менен келип, талкан тартып кетчү. Талкандын четиндеги улпактан кичинеден берип отуруп ажаан итибизди үргүс кылып өзүнө көндүрүп алган тура. Итибиздин үн катпаган сыры ошол экен.

## Дайынсыз кеткен эжем

Ошентип, эстен кеткис жокчулуктун, кедейчиликтин кордугун далай көрдүк. Айрыкча, энем байкуш көрүнгөндүн көзүн карап, болбогон жумуштун баарын жасап, кордукка чыдап, бизди багам деп, эмнелерди гана көрбөдү! Уруш убагынын азабы айтып болгус.

Менден эки жаш улуу Жумакан деген эжем бар эле. Күндөрдүн биринде энемдин сиңдиси Оңош күйөөсү менен отпускага келип калды. Күйөөсү Фрунзеде БКнын катчылыгына чейин иштеген чала сабаты бар киши көрүнгөн, ошолор эжемди алып кетишти. Окутабыз, киши кылабыз – деп сөз да беришти.

Ошентип, 1946-жылы мен онунчу классты бүтүп, Фрунзеге келдим. Эжем жок экен, таежем Оңош аны жакшылаган жок, тескерисинче, жамандады. Эч жерден деле окутушкан эмес экен. Үйүндө үй жумушчу болуп жүрсө керек, уксам, чоң театрда массовик деген элдин караанын көрсөткөн адамдар болот го, эжем ошондо иштептир, кайда кеткенин да билишпейт. Кийин өзүнөн кат келип калды, Алайдын бир мектебинде мугалим болуп иштеп жатам деп. Институтту деле бүткөн эмес, болгону 7-класс билими бар болуш керек эле. Ал убакта түштүктө билимдүү кадрлар жокко эсе эле, ошол оор убакта окуп, кийин чоң ишке өткөндөр, абийири барлар азыр да унутушпайт, чала сабаттуу мугалимдер окутса дагы ыраазычылыгын азырга чейин айтып жүрүшөт. Мамат Айбалаев деген белгилүү инсан менен чогуу депутат болуп жүрдүм. Түштүктүн көрүнүктүү ишмери, адамкерчиликтүү адамдарынын бири. Бир топ жыл мурун, Акаевдин убагында Караколдо бир чоң жыйын болду, ошондо облассттын драмтеатры-

нын залында Айбалаевдин сүйлөгөн сөзү эсимде. Анда ал Баткенде губернатор эле. Бизди, түштүктүн жигиттерин окутуп, билим берип, тарбиялап ушул даражага жеткизген көлдүн кыздары-уулдары деп айтты. Туура сөз.

Ошол, Жумакан эжем кийин Алайда эки жыл иштеп, отпускага келип кетти. Жакшы келди, чай-чамек, баарыбызга кийим алып келди, кубанып калдык. Бир аз күндөн кийин эле кетем деп калды. Мен, энем, баарыбыз каршы болдук, барбай эле койсоң, өтө эле алыс жер экен деп. Эжем байкуш жалдырап, мен партияга мүчөлүккө кандидат болуп өттүм, мөөнөтүм быйыл бүтөт, анан партияга өтүп алып эмдиги жылы келем деп кетип калды. Ошол бойдон байкуш эжемди көрбөй калдык. Болгону жыйырма үч жашка чыккан, кеткени эч кат-кабар келген жок. Ал убакта Чоң-Алай жакка кыштын күнү 3–4 айга жол жабылып, каттатшуу болбой калчу экен, ошентип, эмне болду деп санаа тартып жүрсөк, жазга жуук чогуу иштегендери кат жазышыптыр, Жумакан кырсык болуп өлүп калды, мындан үч ай мурда деп. Биз кайдан ал жакка бара алмакпыз?! Азыркыдай байма-бай каттаган унаалар жок. Көл башындагылар үчүн Алай жердин түбүндөй эле болчу. Ошентип, ошол эжемин эмне болуп өлгөнүн, кайда коюлганын билбей калдык.

Кийин, мен институтту бүткөн соң, 1954-жылы мединститутта окууга балдарды үгүттөп алыскы райондорго барганбыз. Атайы Алай районуна барып сураштырып, жок дегенде койгон жерин көрөйүн деп аракет кылдым. Анда баягы эле жокчулук, мугалимдердин баарысы Чүйдөн келген экен. Бир жерде отуруп, жанымдагы эски кишиден сурап калдым: ушундай аттуу көлдүк мугалим кыз ушул жакта иштеп жүрүп, кырсык болуп өлгөн эле, ошону билесизби, араңарда билген киши болсо айтып берсеңер деп. Тигил киши сурап калды, эмнеңиз болот эле деп. Мен эч арам оюм жок, менин бир тууган эжем эле десем, тиги киши адегенде: эсимде, бечара кыз... деп келатып, «эжем эле» дегенди угуп тык унчукпай калды да, жок, мен алмаштырып жатыптырмын, билбейм деп эч айтпай койду. Бир мандем бар да, болбосо неге жашырып койду. Ошентип, эжемдин чоо-жайын биле албай кайткам. Өзүм кийин ойлонуп көрүп, дени соо жыйырма үчтөгү кыз өз ажалынан өлбөсө керек го деп ойлойм. Энем байкуш кызынын күйүтүн эч билгизчү эмес. Бирок ичинен сыздаганын сезчүмүн. Таң калганым, эжемди алып кеткен таежем Оңош, жездем Ургазы, балдары бир ооз аны эскерип, энеме, өз эжесине көңүл айтып, куран окутуп да коюшкан жок. Ошончо жыл үйүндө жумшап, далай кызматын көрүшсө да неге антишти экен?

Энем байкуш алардыкына экинчи жологон жок, аттарын да уккусу келчү эмес. Мен билбеген, айтпай кеткен арманы көп болсо керек.

## Кайгылуу карындашым

Энемдин айылда дагы бир Окен деген сиңдиси бар эле. Кожобек деген таажезде созулган жакшы киши эле. Таежем Окен чапчаң тилдүү киши болчу. Энемдин эки сиңдиси тең оокаттары түзүк, жетишээрлик эле. Энем байкуш сиңдилерине эч жагынан окшош эмес болчу. Окен, Кожобек айылда турушат. Өмүр бою булар деле колхоздо иштеп жүрүшчү, эсимде калганы, таежемдер дагы колхоздун саан уюн багышчу. Бир кыз, бир уулу бар, уулу Мукамедий мени менен тең, азыр деле тирүү. Уруш убагы. Ошол таежем Окен менин дагы бир карындашым Урупайды 12 жашында болсо керек, багып алды. Ал карындашым да ошолордун оокатын кылып жүрүп окубай калды. Ал убакта бирөөгө баланды берсең: унут, балам дебе деп ачык айтып, баласы менен эч кезиктиришчү эмес.

Мен окууга кеткиче алардын чөп чапмай, тезек куймай, короо тазаламай – бүт жумушун жасачу элем. Мукамедий жумушка жок жалкоо, эрке бала, чогуу окуйбуз. Сары-Камыштан 8-классты окусак керек эле, мен окугум келбейт, колхоздун канторунун ичинен эсепчилик же башка иш берсе ошол замат окууну таштайт элем дечү. Ошол тилегине жетип, жетекчилер эсепчи кылып койду эле, ошол замат окууну таштады.

Жумуштан кийин ошолордукуна тез-тез конуп калчу элем. Бир жолу экөөбүз бирге жатканбыз, түн ортосунда эле Мукамедий бакырып ыргып туруп, менин эне-атамды калтырбай сөгүп, тилдеп кирди. Анын айгайын уккан эне-атасы чуркап келишти.

– Эмне болуп кетти? Ким?.. – дешип.

Эне-атасына Мукамедий арызданып:

– Мобу энеңди… уктап жатсам капталыма шырылдатып сийип жиберди, – десе болобу!

Чынында эле төшөк суу, ал убакта тамактын күчү жок, суюк жарма, ошондон болсо керек. Кедейчиликтин кедергиси да. Эне-атасы араң сооротту. Андан кийин аны менен жатпай койгом. Кийин институттан окуп жүрүп, экинчи курсту бүтсөм керек эле, барар замат колхоздун жумушуна киришчүмүн. Себеби кетээрде жол киреге өзүмдөн башка киши бир тыйын берип көргөн эмес.

Кызыл-Кыя Каркыранын жанында, ошол жерде биздин колхозго таандык жайлообуз бар эле. Жыл сайын чөп чаап, кышка даярданмай, анан уй, кой, жылкы – баары ошол жакта жайлачу. Колхоз чөп даярдаганы кишилерди жөнөтүп жатыптыр, мен да кеттим. Кожобек таажездем уй ферма. Эсимде, ошондо Урупай карындашымды көрбөгөнүмө 2–3 жыл болуп калган экен. Сагынып да калгам, карасам, эч жерден көрүнбөйт, сураганда болбойт. Балдар ойноп жүргөн экен, ошолордон

сурадым, Урупайды көрдүңөрбү деп. Алар тээ, тоонун ары жагында уй кайтарып жүрөт деп колдору менен көрсөттү. Акырын, эч кимге билгизбей ары-бери кокту менен жүрүп отуруп, тоону ашып барсам, 100дөй уй жайылып жүрөт, ошолорду эшек минип алып кенедей бир кыз кайтарып жүрүптүр. Карындашым экен, мени көрө сала чуркап келип, кучактап алып бакырып ыйлап кирди. Экөөбүз тең ыйлап, бир топтон кийин гана бугубуз жазылып эс алдык. Мен анын кейпин көрүп, күзүндө айылга барганда качып кел дедим, макул, аба, – деп ал сүйүнүп калды. Кайра билгизбей кетип калдым.

Кечинде уйларды айдап, карындашым келди, Окен таежемдин көзүнчө учурашымыш болуп бетинен өөп койдум. Уйларды саап киришти, ошол кенедей кыз 10 уйду сааганын көрдүм. Кийин мен 1952-жылы окууну бүтүп, үйлөнүп, айылга бардым, дагы эле кетиштин азабы. Жол кире табыш кыйын. Урупай карындашымды аялым Сокен экөөбүз кеңешип туруп алып кетмей болдук. Урупайдын сүйүнгөнүн айтпа! Экөөбүз башкармага барып келишим түзүп, апийим кестик. Карындашымдын жумушка каныкканын, апийим кескенин, айрыкча, таңга жуук апийимди кырганын сураба, мен бир кадам жасаганча бечара кыз солдун аягына жетет. Өтө шамдагай, таза иштеген эмгекчил кыз эле. Бир жолу белим бир аз ооруп калганда ал, аба, мен ушалап берейинчи деп калды. Ошондо көрдүм анын колунун күчүн. Мен ошондо анык ишендим 10 уйду сааганына. Бул кыз биз менен кеткенден кийин таежем Окендин сайраганын, каргаганын уккандар айтып беришти. Тимеле оозго албаган сөздөр менен каргаптыр. Туугандыгы кайсыл деп таң калдым.

Ошентип, мен, Сокен, Урупай үчөөбүз Фрунзеге келдик. Карындашымды күчкө салып медучилищага өткөздүм. Ал окуп кете алат эле, кышкы сууктан ооруп калды. Тишинин арасы шишип, кан чыгып, мурду да канай баштады. Тез эле арыктап, шалдырап калды. Көп өтпөй терапияга алып барсам, канына анализ жасашып, кан оорусу (лейкоз) экен, кандын рак оорусу деген жыйынтык чыгарышты. Кайгырганымды айтпа, ошол жерден эсим ооп, Урупайды үйгө алып келдим. Профессор Вольский кафедра башчысы, Миррахимов доцент эле, алар да эртеси көрүп терапияга жаткызышты. Миррахимов баш сөөгүнөн анализ алып, ошондой диагноз коюшту. Эмне кылышмак, дарыламыш болушту, бирок арга болбоду, айла жок.

Туулган жерин көрүп калсын, балким, даба болобу деп да үмүтөттүм. Кыштын күнү суук, Качкеев таякеден машина сурасам ачык грузовой машина берди, алдына чөп салып алып карындашымды айылга жеткирдим. Ушундай акылдуу, укмуштай кыз эле, баргандын эртеси:

– Аба, жакшы болуп калдым, мени ойлобой кете бер, – деп турбайбы. Мени аяганы да жүк болбоюн деп.

Эки күн турдум да, кете бердим. Иштен калууга болбойт. Уруксат да жок. Ошондон бир жума өтпөй Урупай карындашым он жети жашында каза тапты. Кийин, энем байкушка ыгы келгенде тамашага аралаштырып, сиңдилериңдин каргышы кыздарыңдын түбүнө жеттиби десем түк унчукчу эмес.

## Коога

Дагы бир эсимде калган унутулгус окуя бар. Ошондон бир-эки жыл мурда карындашым Бейшекан телефон чалып калды. Түптө иштечү, врач.

Кеч кирип калган:

– Аба, – деди ал капалуу, – энем ооруп калды, өтө кыйын, тез келбесең болбойт, – деди.

– Макул, эртең менен эрте чыгам, – дедим жүрөксүп.

Андайда артын, алдын чогуу ойлонуш керек экен, көзү өтүп кетсе жерге узатуу, ага даярдык деген болуш керек эмеспи. Мамилебиз жакшы Сабирдин Турсунов айыл чарба министри эле, ага түнкүсүн телефон чалдым.

– Сабике, энем катуу ооруп атыптыр, жөнөгөнү жатам, айылда деле даярдаган шартыбыз жок эле. Караколдо мал байлаган комбинат болсо керек эле, бир-эки мал айтып койсоң жакшы болот эле, – десем, ал:

– Маке, капа болбо, энең аман-эсен айыгып кетсин. Айтып калдың мен азыр эле телефон чалам, ал жагынан кам санабай бара бер, – деди.

Эртеси дары-дарымегимди алып, энеме жетип бардым. Барсам, ал чын эле кыйналып жатыптыр. Деми кыстыгып, дем алалбай, температурасы көтөрүлүп, чабалактап жатыптыр. Байкуш энем мени көрүп сүйүнүп, бетимен өөп, жакшы боло түштү. Тез эле алып барган дарыларымды куя да, ичире да баштадык. Кызы Бейшекан врач-инфекционист, жанынан чыкпай отурду. Туугандар чогулушуп, чочулап турушкан экен, мен не бар, не жок деп эт комбинатына барсам, директору жакшы адам экен, Турсунов телефон чалган, даярдап койдук деди. Мен: – Айланайын, ырахмат, энем оңолуп кетсе кереги жок, өзүңдө эле калат – дедим. Кечке жуук кайра үйгө келсем энем кичине түзүк, этинин ысыганы түшүп, дем алганы оңолуп калыптыр. Туугандар: – Баласын күтүп жаткан тура, көрүп боюн түзөп жатат – деп жоруй башташыптыр.

Мамакенин карындашы Уулкан деген эже ар дайым биз менен эле. Бир кыз төрөп алып, чогуу жашачубуз, күйөөгө чыккан эмес. Сүйлөгөнү, сөз тапканы укмуш киши эле, ошол эже, анан дагы бир жеңе ырсалаңдап эле күлүшөт. Энем эмне болуп кетет деп убай тартып жатсак, булардын күлгөнү не, алда кандай болуп кетти деп алардан:

– Ой, силерге эмне болду? Эмнеге кубанып жатасыңар? – дедим, ормоё.

Эже мага карап:

– Атаңдын чекесин карачы, – дейт сырдуу күлмүңдөй.

Эмне болуп кетти экен деп карасам, атамын чекеси томуюп калыптыр.

– Ой, ата, сага эмне болду, жыгылдыңбы? – десем ал жөн эле деп моюн толгоп койду.

Уулкан эже агасы менен ачык эле ажылдашып сүйлөшө берчү. Ал:

– Атаң айтпаса мен айтып берейин, – деп калды. – Сен Караколго кеткениңде бул кемпирине жакын барып отуруп, чакчадагы асмайынан берип, сен капа болбой, ойлонбой жата бергин, уулуң Мамбет эки жылкы даярдап коюптур, ошолорду көргөнү шаарга кетти деп кемпирине айтып берип жатпайбы. Кемпири аны уккандан кийин чакча менен чекеге коюп калыптыр, ошол жылкылар сага союлуп калсын деп.

Күлбөгөн киши жок. Мен: – Ой, аба, бул эмне кылганың, энем эсучун табалбай жатса, кантип айттың – десем, жөн эле оозуман чыгып кетти дебатпайбы.

Атам байкуш мурунтан эле эмнени көрсө, же укса эч качан ичине жашыра алчу эмес. Укканын айтып салса керек. Мен энемдин жанына барып алаксытып: «Атам тескери түшүнүп калыптыр, мен ооруканага бирөөнү көрүп бер деп чакырганынан барып келдим» – десем, унчуккан жок. Бирок абышкасынын сырын билчү.

Ошону менен энемди дарылап жатып айыгып кетти. Менимче, анын оорусуна себеп – ошол турмуштагы үйдүн сууктугу, кийим, тамак-аштын жетишпестиги. Кийин ойлойм, кичинесинде эки өпкөсүнө суук тийип, врач деген жок, дары-дармек деген жок, ошондон улам көпчүлүк наристелер өлө берет окшобойбу. Тандалып жаны бек, бышыктарыбыз аман калсак керек. Мен өзүм чоңойгону 10-классты бүтөр-бүткөнчө кийим дегенди көргөн эмесмин. Тон, тери шым, бутта кыштын күнү кийиз чокой, күн жылыгандан кыш түшкөнчө бут кийим дегенди билген эмесмин. Ал убакта түшүнүк ушундай эле, ар жак, бер жакты көрбөсөк, башка эл кандай жашап жатканын билбесек, ойлойсуң, ушундай турмуш болуш керек деп жашай бересиң. Таң калганым, жаныбыздагы үч-төрт чакырым эле жердеги Ак-Сууда орус эли жашайт, айылдагы эстүү-баштуу кишилер ошолорго барып, жашаганын көрүп оокат кылса деле болмок, оңолуп кетишмек орустардын үй-жайын, айдаган эгинин көрүп. Мен чоңоюп, Фрунзеге кеткиче, 1946-жылга чейин биздин айылдагы бир адамдын огородунан бир түп алма, өрүк көргөн жокмун. Бак тигип алса деле түзүк жашашка жардам болот эле да! Ошонун баары билбестик, билимдин жоктугунан.

## Шаарда

Институтту 1952-жылы бүтүп, Сокенге үйлөнүп, үч жыл хирургия кафедрасында ординатор, аспирант болуп, стипендия менен эптеп жашадык. Аспирантураны 1958-жылы бүткөрүп, илимдин кандидаты болуп, ошол эле хирургия кафедрасында окутуучу болуп калдым. Аспирантурада окуп жүргөнүмдө кайнагам Жумагул Алышбаев Москвадан жогорку партиялык мектептин аспирантурасын бүтүп, илимдин кандидаты болуп келди. Дароо Фрунзедеги Республикалык партиялык мектепке директор болуп калды. Анан тез эле академик, Жогорку Советке депутат болду. Ушундай таланттуу, боорукер, укмуш киши эле. Биздин кыйналып жүргөнүбүздү көрүп, депутаттык стипендиясын мага берип жүрдү. Эски-уску кийимдерин да берчү. Эки бөлмө үйүн биз окуубузду бүткөндө идиш-аягы, жууркан-төшөгү менен таштап кеткен. Ушул кишинин биз үчүн жасаган жакшылыгы, жардамы укмуш эле. Бул жакшылык эч качан унутулбайт.

Кийин мен чоңоюп, түзүк хирург болгондо да ушул кишинин жакшылыгын унутпай, актоого чоң аракет жасадым. Мага өтө ыраазы болуп, жакшы көрчү эле. Ыраматылык киши 49 жашында эле кайтыш болуп кетти.

Ошентип, 1960-жылга чейин энемди жакшы деле бага алган жокмун. Анча-мынча кийим-кечегине эле болбосо, ашык жардам көрсөтө албадым. 1960-жылдан баштап жардам кылууга, багууга чоң аракет кылдым. Биринчиден, айылга үй салып бердим. Мал-салдуу болушуна көмөктөшүп, атамды жылкылуу кылдым. Аркы-беркы жерге жөө барбай калды, уй, койлуу болуп дегендей, кийген кийимин, жууркан-төшөнчүсүн оңдоп, оңолуп эле калышты. Андан кийин экөөнү кышкысын Фрунзеге алып, жазга чейин, күн жылыганча бизде болушчу. Айылга көнгөн кишилер чыдай албай айылга кеткенче шашышчу. Адеп келгенде, аялым Сокен кайнатасынан уялбай-этпей эле аны баладай бакыртып, чечинтип, ваннага сууга салып, киринтип, тазалап, таза дамбал, көйнөк кийгизгенин билем. Атам бечара түшпөйм, жакында эле сууга түшкөм деп бакырып жатат. Мен андан сурап калдым:

– Эмне, айылда мончо салынып калдыбы, кайдан түшүп жүрөсүң? – деп. Билем да, айылда мончо эмес, ысык суусу жок экенин. Такып сурай бергенимен тажаган атам акыры чыдабады. Ичине эч нерсе жашырбаган момун неме айтып жатпайбы, бээмди талаада откозуп жүргөндө, арыктагы сууга жуунуп алгам деп. Сокендин оюн мен билип эле турам, кайнатасын тазалайын деп эмес, бит-ситин кетирейин, үйгө жайылып кетпесин деп сууга түшүрсө керек.

Энем байкуш, айтпадымбы, өтө көтөрүмдүү, оозунан жаман сөз чыкпаган киши эле деп. Сокенди жакшы көрчү, көзүмдү ачып биринчи көргөн келиним деп. Сокен деле жетим өскөн, жокчулукту, кыйынчылыкты бала чагында башынан көп өткөргөн. Артыкчылыгы – өтө таза, үйгө, кийим-кечеге чаң жолотпойт, тамак-аш жасаганга укмуш, менин жакын келиндеримдин баары ушул Сокенден сабак алчу эле. Пенде болгон соң кыялы да, тили да бар дечи. Таң калганым: ушул күнгө чейин 40–50 жыл мурда өткөн окуяларды жылы, айынан бери сайрап айтып отурат, мен аларды биринчи уккандай болом, бирок ал моюнга салып коёт. Канча сайраса дагы энем ага бир ооз ачып койбойт. Деги эле, жаман сүйлөп, ажылдаган кишилерге жооп да берип койчу эмес. Өзүнө айтчу элем: – Ай, эне, бир жооп берип койбойсуңбу – деп. Анда ал:

– Ай, балам ай, аны менен ажылдашып, нервимди коротуп жүрөмбү, андан көрө ошол кишиге карап туруп, сөз айтпай эле бир аз жылмайып күлүп койсоң, мээси болсо түшүнөт, – дечү.

Кийин тиши түшүп калганда тиш жасатып бердим эле, байкуш энем ошол тиши менен өлөөр-өлгүчө мактанып, бадыракты тарсылдатып чайнап койчу. Көзүнөн катаракта болуп операция жасаттым. Калың очки менен көрүп, түзүк эле жүрдү. Менин чоң ата, чоң энем менен чогуу жашап калганымдан болсо керек, аларды жакшы көрөөр элем. Фрунзеге кеткиче чоң энем мени өтө жакшы көрүп эркелете берээр эле. Түнкүсүн эшикке чыксам, артымдан кошо чыга турган. Атам менен да ачык сүйлөшчү элем.

## «Жаңы эне» издеп жаңылганда

Кийин менин ишим оң жагына жыла баштады, хирург кесибим ийгиликтүү уланды. Совминдин үйүнөн үч бөлмөлүү үй алдым. «Москвич» машиналуу болдум, курсагыбыз тоюнуп, үй ичибиз, оокатыбыз оңоло баштады. Кышында ата-энем экөө тең үйдө. Атама айтып калам, эмнелерди гана көрбөдүңөр деп, алдына арак, пивону коём, иче бергиле деп. Атам Мамаке жашы келген менен ден соолугу жакшы эле өлөөр-өлгөнчө, 93 жашка чыкканча дары ичип көргөн эмес. Бир күнү кантээр экен деп сынамакка атама кеңеш салдым. Чындыгында эле оюм ошондой эле. Кечинде экөөбүз отуруп, жүз грамм арак ичирип, ал таасирин бере баштаганда:

– Ата, менде ушундай бир ой бар, энемди биротоло быякка алайын, сен шаарда такай тура албайсың, сага айылдык башка аял алып берейин, келип-кетип турасың, – дедим.

Адегенде ал көңүлдөнгөн жок, карыганда мага ким тиймек эле, уят болот го деп. Мен:

– Ал жагын мага кой, аны таап алып бериш менин милдетим, – десем, бир аз күндөн кийин: «Өзүң бил» – деп турбаспы!

Мунун баарын энеме кеңешпей туруп жасап жатабыз да. Ичимен тапмын, неси бар экен, экөөнө тең жакшы болот эле да. Ошондон тарта мен «жаңы эне» издей баштадым. Көп эле эрсиз аялдар бар экен, аларды таап, барып, атама көрсөтпөй, өзүм сүйлөшүп жүрөм. Көпчүлүгү өзүн көрөлү дешет. Мен: чочубагыла, атамын дени сак, тың, күч-кубаттуу киши дейм. Болушпайт. Бир гана айыл жактан ылайыктуу аял таба албай койдум. Мени менен бирге институтту бүткөн жолдошум Муканбет Мамбетов, аялы Турдубүбү менен бир туугандай болуп жакшы элек (өткөн жылы Муканбет 80 жашка чыгып, кайтыш болуп кетти). Ал менин «эне» издеп жүргөнүмдү билчү. Бир күнү аяшым Турдубүбү телефон чалып калды:

– Ай, Мамбет, мен сага эне таптым, – деп. Ким экен, кайдан,– десем: Анын эне-атасы, төркүнү Кой-Ташта турат экен. Кошунабыз аял алды эле, ал аялы келген жерин жактырбай негедир кетем деп жатыптыр – деди.

– Анда барып көрөлү, – деп Муканбет, Турдубүбү үчөөбүз дароо Кой-Ташка жөнөдүк. Турдубүбүнүн атасына барып сүйлөштүк, ал макул болуп, бир жумадан кийин алып кеткиле деди. Бул аял ар жак, бер жагын сурабай эле кандай тез макул болуп калды деп ойлонуп, таң калдым. Көрүнүшү түзүк эле экен, анча кары эмес, орто жашта. Сүйүнүп, үйгө келип, атама: «Таптым» – деп, жасанта баштадым. Жуунтуп, сакал-мурутун оңдоп, таза кийинттим да:

– Ата, тапкан аял түзүк киши көрүнөт, сени жакында бир жумадан кийин күйөөлөтүп алпарам, – десем, баягы атам:

– Жок, балам, убара болбо, албайм, кереги жок, – дейт! Мен:

– Ай, ата, убара болуп жүрүп араң тапсам, бул эмне кылганың? – десем, ал ачык айтпайт, жок деп эле. Мен да көгөрүп:

– Жок, себебин айткын, эмне болуп кетти? – десем, ал:

– Энең уруксат бербей койду, – дейт.

Ошондон тык эле токтодум, ойлоно калып, өзүмдүн акмакчылыгымды сездим. Энем байкуш менен бир ооз да кеңешкен жок элем. «Күйөөлөө» жакындаганда атам ага өзү кеңешиптир: – Балам аял алып берем деп жатат, кандай дейсиң – деп. Энем байкуш бир эле сөз айтыптыр:

– Алып эле көр, – деп.

Катуу ойлонуп калдым: карыса да буларда «кеп бар экен» деп. Катачылык кетиргенимди өзүм да сезип, жаман болдум. Бир-эки күн өткөндөн кийин, энемдин көзүнчө, атама:

– Мен жөн эле тамаша кылгам, сени кантээр экен деп, сага кайдагы аял, карыган адамга аял табыш тозок, табылбайт, – десем, экөө тең унчугушкан жок. Андан кийин оозумду бастым, «жаңы эне» тууралуу экинчи сөз кылган жокмун.

## Акыркы күндөрү

Энем көпчүлүгү бул жакта жашап калды. 83 жашка келип калганда негедир тамакты жакшы ичпей арыктай баштады. Эне, эмне тамакты жакшы ичпей калдың десем айтат, негедир коюу тамак жутсам жакшы өтпөй калды деп. Тез эле билдим, чочудум, канча болду десем, мындай болгонума бир топ эле болуп калды, суюк тамак гана өтөт дейт. Эртеси эле өзүмдүн ооруканама жаткызып, текшерип карасак, кызыл өңгөчүнөн шишик (рак) болуп калыптыр, дарылай баштадык, дарынын күчү менен бир аз оңолуп калды. Андан кийин ашказанын операция жасап, ашказанга түтүк кийирип, ошол аркылуу тамак бере баштадык. Ошону менен кайтыш болгуча жашады. Алы кетип, арыктагандан арыктай берди, айлам кетти, начарлагандан начарлады. Мындай оору менен ооруган кары адамдарга эчтеке жасай албайбыз.

Бир күнү түнкүсүн хирургияда дежурный элем, Сокен телефон чалды: – Тез келчи, энем кыйналып, чыдабай жатат – деп. Чуркап барсам, деми кыстыгып, дем алалбай жатыптыр кыйналып, мени көрө сала:

– Балам, эшикке чыгарчы, аба жетишпей жатат, – деди.

Кийинки кездери энем кенедей болуп калган, көтөрүп алып, балконго чыгарып, алып отурдум. Кислород бар эле, аны менен дем алдырдым, кыйналып жатып:

– Балам, атаңды чакыртчы, – деди.

Атам айылга кеткен эле, түн боюнча сельсоветке телефон чалып кабар бердик. Атам байкуш эртеси эле жетип келди. Кемпиринин жанына отуруп, дем салды, энем кичине жакшы боло түштү. Биринен бири кубат алдыбы, же дуба таасир эттиби, билбейм. Ошентип жатып эртеси түнкү саат он экилерде кете берди.

Ошондо өзүмө, өзүмдүн врачтык кесибиме таарынып, колумдан эчтеке келалбай, энемди сактай албай калганыма капа болуп, ушунчалык катуу кейидим. Эртеси айылга алып жөнөдүк, айылда мусулманчылыктын ырым-жырымынын баарын жасап, жашоодогу эң кымбат адамым – энемди акыркы жайына коюп келдим. Ошентип, 1983-жылдан тарта энесиз жетим калдым.

Бир өкүнүчүм, ата-эненин тирүү кезинде кээ бирибиз көп барктабайбыз, кээде аларды укпай, орой жооп берип, көңүл буруп жакшы бакпай койгон учурлар болот. Качан гана алардын көзү өткөндөн кийин: – Ка-ап, акмакчылык кетирген экемин – деп армандап, катуу өкүнөсүң. Бирок канчалык жер тепкилеп, башыңды ташка койгуласаң да, өгүздөй өкүрсөң да ата-энең тирилип келбейт экен. Мына ушуну ата-энеси бар балдар унутпаса!

Ушул күнгө чейин өкүнөм, жыл сайын отпускага барганда карыган энем байкуш уулум келет деп, эшиктин алдында күтүп отурчу эле. Мен барып, машинадан түшөр замат, чыныга суу куюп алып бирдеме деп күбүрөп, башыман айлантып, түкүртүп, чынысын жерге, эшиктин алдына койчу. Каза болорунан мурдакы жылы барсам, дагы эле чыныдагы суусун алып келип түкүрүп койчу дегенинен: – Койчу, эне, болбогон нерсеңди – деп, моюн толгой бастым эле артымдан ээрчип алып болбой түкүрткөн.

Сакалдуу катары да, врач катары да айтаар элем: эсиңерде болсун, силер дагы карыйсыңар, силер дагы бала-чакалуу болосуңар, ошол балдарыңардан так ошондой, өзүңөр энеңе көрсөткөндөй азап, арманды көрүп калгыла деп. Турмушта көрө элекмин, энесинин каарына калган баланын оңолуп, балдарынан жакшылык көргөнүн. Энени жоготуу башыңа келгенде сөзсүз өкүнөсүң, бирок башыңды канчалык койгуласаң дагы кеч болуп калганы жаман.



*Күнкөйгөй*

Талантаалы
БАКЧИЕВ

# «МАНАСТЫН» МЕКЕНИ – КЫРГЫЗСТАН!

1992-жылдын 26-июнунда «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин сегиз пункттан турган Указы жана БУУнун жана 1994-жылдын 5-октябрында БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 49-сессиясынын Экинчи комитетинин күн тартибинин 12-пунктунда Кыргыз улуттук «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо боюнча төрт пункт кабыл алынган эле. Ал эми БУУнун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму – ЮНЕСКОнун конференциясынын 27 с. 10 22 резолюциясына таянып, 1995-жылды кыргыздын улуттук «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы майрамдалчу жыл деп жарыялайт. Дүйнөлүк алкакта өткөн бул маданий-саясий иш-чара аркылуу «Манас» дастаны Кыргызстандын жана Кыргызстан элине таандык руханий мурас экендиги тууралуу ой дүйнөлүк коомчулук алдында бекемделди деген ишеним бар эле. Бирок өткөн жылдын соңунда Кытай Эл Республикасы (КЭР) тарабынан «Манас» дастаны кытайлык кыргыздардын «дүйнөлүк адамзаттын оозеки жана руханий мурасынын баалуулугу (шедеври)» деп Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму – ЮНЕСКОго сунушталып жана ЮНЕСКО тарабынан кабыл алынгандыгы Кыргызстан элин аң-таң кылды. Бул маселе боюнча өлкөбүздүн массалык маалымат каражаттары аркылуу ар кандай ой-пикирлер айтылып келүүдө: 1. Дээрлик көпчүлүгү Кытайдын мындай кадамына кескин каршы экендигин билдирип, «Манас» бир гана Кыргызстан тарабынан сунушталышы керектигин айтса; 2. Кыргызстандын айрым бир жарандары болсо, КЭРдеги кыргыздардын ние-

тин жана аракетин эске алып, туура түшүнүп, ЮНЕСКОнун аты аталган номинациясына Кыргызстан менен КЭР – эки мамлекет тарабынан сунушталгандыгын туура көрсө; 3. Дагы кээ бирөөлөрү, маселенин Кыргызстандын тийиштүү органдары тарабынан мурда көтөрүлбөй келгендигин айыптоо менен айтып жатышат.

Маселе ачыкка чыгаары менен, көп өтпөй Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында атайын комиссия түзүлөт. Ал эми «Манаска» жана кыргыз элинин келечегине кайдыгер эмес бир катар мамлекеттик эмес уюмдар, көркөм адабият, көркөм искусство, илимдин өкүлдөрүнүн жана жеке адамдардын демилгеси менен «Манас Эл» элдик кыймылы түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңештин төрагасына кайрылуу жолдойт. Ал эми кечээ жакында эле, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын, Маданият агенттигинин, Интеллектуалдык менчик боюнча агенттигинин жетекчилиги, Жогорку Кеңештин айрым депутаттарынын, Президенттик Аппараттын өкүлүнүн, «Манас Эл» элдик кыймылынын катышуусу менен аталган маселе боюнча кызуу талкуу өттү.

«Манасты» дастан кылып оозго алып, айтып жана бүгүнкү күнгө чейин жеткирген кыргыз элинен чыккан манасчылар экендиги талашсыз. Ал эми манасчылардын мекени, уюткусу Кыргызстан экендиги айныксыз чындык болсо дагы, бүгүнкү күндө ал суроолуу маселеге айланып турат. Арийне, бул маселе жөнүндө кеп кылып жатып, биз Ала-Тоонун аркы-берки бетинде жайгашкан бир элди бөлүп-жаралы же ортого чок салалы деген ойдон таптакыр алыспыз. Ошондой эле кайсы бир тарапты төмөн же жогору коёлу деген ойдон да оолакпыз. Бар болгону иликтөө, салыштыруу жолу аркылуу маселенин чынтөгүнүн аныктап коёлу деген гана ак ниет.

Тарыхый жана саясий шарттарга байланыштуу Кыргызстандан сырткары кыргыз элинин чоң диаспорасы КЭРдин Чыгыш Түркстан өрөөнүндө жашап жаткандыгы белгилүү. Мына ошол себептүү, азыркы күндө «Манас» дастаны айтылып жана улам бир жаңы вариантта жаралып жаткан жерлер бул – Кыргызстан жана Кытайдын Чыгыш Түркстанында кыргыздар отурукташкан аймактары. Айтаарыбыз иреттүү болушу үчүн алгач ирет кытайлык кыргыздардын манасчыларына назар салалы.

КЭРдеги манасчылардын дээрлик бардыгы Кытайдын Чыгыш Түркстанындагы Шинжаң уйгур автоном районуна караштуу Кызыл-Суу кыргыз автоном областы менен Шинжаң уйгур автоном районундагы Иле казак автоном областындагы Көк-Терек кыргыз автоном айылы менен Шаты айылынан болот (Кытайдын административдик-аймактык тартиби боюнча област райондун карамагына кирет). Ал эми бул эки аймакта жашаган кыргыздардын саны 180 миңге жетет.

Кызыл-Суу кыргыз автоном областындагы эң көрүнүктүү манасчы – Жусуп Мамай (черик уруусунан) болсо, Иле казак автоном областындагы эң көрүнүктүү манасчы – Сатыбалды Аалы (бугу уруусунан).

Албетте, аты аталган бул эки манасчыга чейин деле кыргыздар отурукташкан Кытай жергесинде Жусупакун, Ыбырайым, Эшмат, Эшимбай, Темир сыяктуу манасчылар да өмүр сүргөн экен.

Азыркы КЭРдин Кызыл-Суу кыргыз автоном областына караштуу Ак-Чий ооданындагы Кара-Булак айылынын Ат-Жайлоо конушунда 1918-жылдын 4-майында жарык дүйнөгө келген Жусуп Мамайдын жазуусу (айтуусу эмес) боюнча азыркы күндө 8 муундан (бөлүмдөн) турган «Манас» дастаны кыргыз, кытай тилдеринде китеп болуп жарык көрдү – «Манас» – 50 миң сап ыр, «Семетей» – 37 миң сап ыр, «Сейтек» – 25 миң сап ыр, «Кененим» – 34 миң сап ыр, «Сейит» – 11 миң сап ыр, «Асылбача-Бекбача» – 30 миң сап ыр, «Сомбилек» – 11 миң сап ыр, «Чигитей» – 12 миң сап ыр. Ошентип, кытайлык манасчылардын ичинен эң көлөмдүү деп эсептелинген Жусуп Мамайдын толук варианты **210 000** сап ырдан турат (кээ бир маалыматтар боюнча 265 000 сап ырдан турат). Бул жагынан алганда, Жусуп Мамайдын варианты, бөлүмдөрү жагынан кыргызстандык жана кытайлык башка манасчылардын кагазга түшкөн варианттарына салыштырмалуу көбүрөөк болгону менен көлөмү жагынан кыргызстандык манасчылар – Мамбет Чокморовдун (1896–1973) вариантынан бир кыйла аз (Мамбет Чокморовдун варианты – **397 557** сап ырдан турат) жана Саякбай Каралаевдин (1894–1971) вариантынын жарымын гана түзөт (Саякбай Каралаевдин варианты – **500 553** сап ырдан турат).

Жусуп Мамайдын кантип жана кандай жолдор менен «Манас» дастанына кайрылып калгандыгы тууралуу кеп козгоп, сөзүбүз ишенимдүүрөөк болушу үчүн оболу анын өз оозунан жазылып алынган маалыматтарына көз чаптыралы:

«Биздин үчүнчү атабыздан мурункулары ушул эле Ала-Тоо боюн жандап, Наманган, үстү Боз-Бел, Кырк-Мойнокту жердеп жүргөн экен. Ошерден жылышып отуруп Ошко келип, аерден батыша албай, Ат-Башыга барып, бир теңи Ат-Башыда калыптыр, бир теңи андан ары ээн экен, Какшаал бети кара болот экен, мобу кадимки Кочкор тараптай. Ошоякка оошуп барып отуруп калыптыр. Ошоякка барган жылы анык, 1704-жылы барган экен.

Эми силер быякта атактуу Сагымбай, Саякбай чыкканын билесиңер. «Булардыкы үчтөн-төрттөн том болду эле, бу жүдөгөн абышка кайдан барып сегиз том таап алды, же башкалардыкын көчүрүп алып эле менин «Манасым» деп жүрөбү» деген ойго да кетээриңер мүмкүн. Эми угушубузча ал аталарыбыз түш көрдүк, түшүбүздө Манас жолукту, Бакай жо-

лукту, же буудай берди, же таруу берди, анан ошондон арбытып айтып калдык дешчү экен. Эртеден-кечке бирөөнү дегдеп жүрсөң ал кечинде түшүңө кирбей койбойт. А түштөкүнүн баары эле ошол ойдогудай чыга берсе анда дүнүйө так болуп кетпейби (Жусуп Мамай: «Бар бололу агайын журт!» «Ала-Тоо» журналы, №3 март, 1990. 138-б.).

«1934-жылы агам Балбай кара булгаары кайыш куржунду биздин үйгө алып кирди. Куржундун ичин ачып мындай деди: «Мына, сегиз урпак «Манас». Мындан мурун сага бирден китеп берип жүрдүм эле. Бүгүн баарын сага берейин. Анан бул китептерди жыйнаш чараларын мындай айтты:

«1916-жылкы чоң качкында (Улуу Үркүндү айтып жатат. – Т.Б.) келген элдерден угуп, ар кандай киши «Манасты» канча билем десе ошончо жазып алдым. Кээ биринде кол жазма бар экен, аны сатып алдым. Мен жазгандарым, ар кимден сатып алгандарым Чоюке, Шапак, Таабалды, Дыйканбай, Балык (Балык манасчы Үркүндө Кытайга барышы эч мүмкүн эмес эле, себеби ал 18–19-кылымдарда жашап өткөн. – Т.Б.), Найманбай ата-бала, сарбагыш Мамыркан молдо сыяктуу кишилер көп болгон. Айтылган сөздүн көбү бирдей окшош. Тыныбектин айтуусундагы «Семетей» басмадан чыккан экен. Семетейдин Үргөнчкө барып суу кечкен жери бар. Калганы жыртылып жок экен. Тыныбектин баласы Актандан алдым (Ал китеп «Семетейден бир бөлүм. Тыныбек жомокчунуку» деген ат менен 1925-жылы Москвадан «СССР элдеринин борбордук басмасынан» жарык көргөн. 184 беттен турган жөнөкөй боз мукабалуу бул китеп кара кыргыз илим комиссиясы тарабынан чыгарылып, араб ариби менен басылган, кийин бул китеп кириллица арибинде 1994-жылы «Ала-Тоо» басмасынан Бишкектен чыккан. – Т.Б.).

Сагымбайдын айтуусу боюнча Алмамбеттин Көкчөдөн чыгып Манаска келгиче болгон аралыгын ак молдо Ыбырай (фольклорист Ыбырайым Абдыракманов (1888–1967) жөнүндө сөз болуп жатат. – Т.Б.) жазган экен, Чалбай аркылуу Ат-Башыдан алдым.

Энесай боюндагы Кал Мамайдан тартып Семетейге, Сейтекке чейинкилерин Какшаалдагы кытай кыргыздарынын жомокчусу Жусупакун Апай уулунан өз колум менен алдым. Кириштирдим, курაштырдым. Көп аракет кылдым. Жер, эл, баатырлардын аттарын жомок боюнча алдым.

1917-жылы чоң энемдин иниси болгон Ыбырайым таганы көчүрүп келип, жайдын күнү киши жок жерде жаздым. Кыштын күнү айрым тамга кирип алып, сен он жашка чыкканда бүтүрдүм (Жусуп Мамайдын жашын айтып жатат, демек, 1928-жыл. – Т.Б.). Ыбырайым тагам болсо жарымын кеп, жарымын ыр менен айтты. Мен көбүн ырга айландырдым.

1917-жылы Арзыкан бийдин айылында Кара-Чийде бир топ кишилерди калыс коюп, Сагымбай менен Жусупакундун өткөн айтышында, көпчүлүктүн сөзү, көз карашы, өзүм да Жусупакунду жактырып, айтканын толук алдым.

Тыныбектин «Семетейинин» көбү жок. «Казактардын бузулушу», «Сыр коргондун камалы», «Байтайлактын өлүмү», «Коңурбайдын Семетейди өзү чакырып барып, өлтүрөм деп өзү өлүшү», «Күрпүлдөктөгү Кызылуюк дөө», «Жалгыз көздүү Мадыкан», «Жамгырчынын өлүмү», «Бууруулдун бутунун сынышы», «Гүлчоронун Жубатайды өлтүрүшү» буларды Жусупакундун айтуусу боюнча «Семетейге» коштум» – деген эле Балбай агам.

Улуу-Чаттагы чоң жомокчу Эшмат ага айтчу: «Жусупакун Апай, сарбагыш Сагымбай Орозбак (бул жерде туура эмес айтылган, Сагымбай Орозбаков саяк уруусунан болот. – Т.Б.), мен, Эшмат – үчөөбүз жомок үйрөнөбүз деп Жапыйдын уулу Тыныбектин балтасын чаап, жылкысын багып, калтасын кагып, төрт жыл жүрдүк. Сырт эли, черик эли Сагымбай менен Жусупакунду жомок айттырып жүрүп, жомокчу атандырды. Биздин чоңбагыш андай иш менен кери жок».

Мен Балбайдын жазган жазмасынан үйрөндүм. Толук эмес. Бешинчи урпак Сейитимдин тегин таштап айтыпмын, эми жазып толуктадым. Эшматтын айтуусунда: «Сагымбай молдо эле, жуптап шыбыргактатып айтуучу эле. Жусупакун айтканда сөздүн агымына карай аракетин өзгөртүп элди кызыктырчу экен».

Мен айткан бул «Манас», агам Балбайдын ар кайсы варианттарды улап жазганы. 1978-жылдан бери карай улам унуткан жеримди эстеп, толуктап олтуруп бүгүнкү күндө сегиз урпак «Манасты» алгачкы иретте кагаз бетине түшүрүп болдум» (Жусуп Мамай. «Мен «Манасты» кандай айтып калдым?» «Манас» эпосу жөнүндө: Илим. Иликтөөлөр ж-а макалалар. Жусуп Мамай, Сакен Өмүр, Ырысбек Абыкан ж.б. Түз. К.Кырбашев. – Б.: Шам, 1994. 5–12-бб.).

Эми Кыргыз Республикасынын «Эл артисти» деген бийик наамды жана 1-даражадагы «Манас» орденин алган Жусуп Мамайдын жогоруда айткандарын жокко чыгарбай, бир аз да болсо талдап өтөлү. Кыргыз элинде ар качандан бир качан «аян алмайын адам манасчы боло албайт» деген терең ишеним өкүм сүрүп келген. Бул ишеним ортодогу СССР доорундагы атеизмдин катаал саясатында да өзүнүн актуалдуулугун жоготкон эмес. Азыркы күндө болсо манасчылык өнөрүнүн келип чыгуу маселеси расмий илим тарабынан жаңыдан колго алынып жатат. Эгер элдик ишенимге таяна турган болсок, анда «Манас» дүйнөсү тарабынан аян алмайын, арбак даару процессинен өтмөйүн, адам «Манас» айта да албайт, нагыз манасчы да боло албайт. Ал эми Жусуп Мамайдын мисалында, ал «Манасты» агасы Бал-

бай Мамайдан (1893–1937), Жусупакун Апайдан (туулган-өлгөн жылдары белгисиз), Ыбырайымдан (туулган-өлгөн жылдары белгисиз, Ыбырайым Абдыракманов эмес), Тыныбек Жапый уулунан (1846–1902), Сагымбай Орозбаковдон (1867–1930), Сагымбай Орозбаковдун вариантын кагазга түшүргөн Ыбырайым Абдыракмановдон ар кандай жолдор менен алынган кол жазмалардан, китептерден окуп, анан «үйрөнгөнүн» айтып жатат. Эгер «үйрөнүү» деген сөздүн төркүнүнө үңүлө турган болсок, ал окуп, угуп же көрүп, эс-тутумуна сактап, анан ошол окуп, угуп, көргөнүн өзүнө сиңирип, алымча-кошумчасы менен кайрадан турмушка ашыруу дегенди билдирет? Бул жагынан алганда, Жусуп Мамайдын манасчылык өнөрканасы салттуу же классикалык түрдөгү манасчылык өнөрдөн кескин айырмаланып турат. 1916-жылкы Улуу Үркүнгө чейин Ала-Тоодон Кытайдын Чыгыш Түркстанына каттап турган же Улуу Үркүн маалында аргасыздан качып барган манасчылардын дээрлик бардыгы сабатсыз болгон (Сагымбай Орозбаковду эске албаганда). Алардын ичинен элдин зор кадыр-баркына ээ болгон: Акылбек (1840–?), Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүр уулу (1863–1925), Дыйканбай Тойчубек уулу (1873–1923) аян алып, салттуу түрдө айткан манасчылар эле. Ал эми Ыбырайым Абдыракмановдун Сагымбай манасчынын оозунан жазылып алынган «Манастын» айрым окуяларынын кол жазмаларын Чалбай аттуу киши аркылуу Жусуп Мамайга берип турганы (Сагымбай манасчынын уруксатын албай туруп), ачыгын айтканда түшүнүксүз.

1917-жылы Балбай Мамай Жусупакун Апайдын айткан «Манасын» жактырып, кагазга толук түшүрүп алганын иниси Жусуп Мамайга баяндап жатат. Ал эми Жусупакун Апайдын устаты Тыныбек Жапый уулу экендигин эске алсак, Тыныбек Жапый уулу ала-тоолук болуп келип чыгат. Анын жаштык кези Ысык-Көл менен Нарын өрөөнүндө өткөн жана ата-теги Ысык-Көлдүн тескейин, төрүн жердегендиги маалым. Ошол эле мезгилде Тыныбек Жапый уулу Ысык-Көлдүн төрүн жердеген, 18–19-кылымдардын залкар манасчысы Чоңбаштын (Нармантайдын) шакирти болгондугу да белгилүү.

20-кылымдын башында, тагыраак айтканда, 1916-жылкы Улуу Үркүнгө чейин манасчы Чоюке Өмүр уулу өз айылынан – Ысык-Көлдүн төрүнөн чыгып, Кытайдын Түркстанына барат, ал жерден Жусупакун Апай манасчы менен жакындан таанышып, эл кыдырып бирге «Манас» айткан. Чоюке Өмүр уулунун бир тууган иниси Азиздин (Азиз Өмүр уулу 1870–1970) уулу Шаабай Азизов манасчынын (1927 (1924)–2004) айтуусу боюнча: «Чоюке атам «Манас», «Семетей», «Сейтектен» тышкары Манастын кийинки урпактары «Эр Сарык», «Алымсарык, Кулансарык», «Кененим», «Акаяр», «Акжол» баатырларды да айтчу экен». Тилекке каршы, «Манастын» бул бөлүмдөрү

Чоюкеден жазылып алынбады. Чоюке атасы айткан «Манастын» бул кийинки бөлүмдөрүн Шаабай Азизов өзү да айтчу. Анын бир мисалы, ал өз колу менен 151 беттен турган Сейтектин уулу «Эр Сарык» бөлүмүн жазып, 1961-жылы Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусуна тапшырган.

Буга дагы бир мисал, Саякбай Каралаевдин варианты. Чоюке Өмүр уулунун шакирти катары эсептелинген Саякбай Каралаевдин айтуусунда «Манас», «Семетей», «Сейтектен» сырткары, 15 186 сап ырдан турган Сейтектин уулу «Кенен», Кенендин уулдары «Алымсарык, Кулансарык» бөлүмдөрү да Кыргыз илимдер Улуттук Академиясынын кызматкерлери тарабынан 1947-жылы жазылып алынган эле (СК, КФ, 960-инв., 146-инв.).

Ошентип, Жусуп Мамайдын жазып чыгарган сегиз муундан турган «Манас» дастаны Ала-Тоолук, башкача айтканда, азыркы Кыргызстандын Ысык-Көл, Нарын өрөөндөрүнүн чегинде туулуп, өмүр сүргөн жогоруда аты аталган манасчылардын оозунан агасы Балбай жазып калтырган кол жазмалардын негизинде түзүлүп жазылган вариант эмеспи?

Ооба, моюнга алышыбыз керек, «биздин «Манасыбызды» ким тартып кетмек эле?» деген энөө, камаарабас, ары коймаарек мүнөзгө салып келдик. Акыры ошол мүнөз кыргыз элинин кендирин кесип отурат. «Манастын» 8 муунун айткан ала-тоолук Чоюке манасчы деле болгон экен. Макул, ал манасчы өмүр сүргөн жылдары жалпы кыргыз эли сабатсыз, жазууга шарты, мүмкүнчүлүктөрү да өтө тар, төмөн экен. Бирок ошол эле жылдары кытайлык Балбай Мамай Кытайга Ала-Тоодон барган-кеткен манасчылардын оозунан чыпчыргасын калтырбай баарын жазып алып, куржун-куржун кылып сактап, иниси Жусупка табыштап жатпайбы. Бул Балбайдын күжүрмөндүк, өжөрлүк менен кылган эмгеги атан-төө көтөргүс. Балбай Мамай өзүнүн жеке аракети менен «Манас» эле эмес, кыргыз элинин башка да оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүнөн кол жазма фондусун түзүүгө үлгүргөн. Ал ал дейли, ал эми кийин Чоюкенин баласы (Чоюкенин инисинин баласы. – Т.Б.) Шаабай Азизов деле ошол атасындай 8 муунду айткан экен. Анын айткан «Эр Сарык» менен «Кененим» дастандарын эчен ирет мен өз кулагым менен эшиткен элем. Ал кечээ жакында эле 2004-жылы арабыздан кетти. Анын айтканын убагында толук жазып ала албагандыгыбыз (мүмкүн жазгыбыз келбей койгондур) кечирилгис иш. Ооба, ал манасчынын кырс кыялы бар эле. Зор руханий дөөлөттү өзүнө сиңирип алып жүргөн мындай адамдардын кыялына түтө албадык. Ал айткан «Манас», «Семетей», «Сейтек» («Эр Сарык» бөлүмү өзү тарабынан жазылып тапшырылган. – Т.Б.) бөлүмдөрү Кыргыз илимдер Улуттук Академиясынын кызматкери Ж.Орозобекова тарабынан

1995-жылы жазылып алынып, калган «Алымсарык, Кулансарык», «Кененим», «Акаяр», «Акжол» бөлүмдөрү өзү менен кошо кете берди. Бул маселеге эмне мынчалык терикти дээрсиңер. Кептин баары мына ушунда болуп жатпайбы. Кытайдын бүгүнкү бирден бир бетке кармаган көзүрү мына ушунда: «Биздеги (кытайлык кыргыздарда) 8 муундан турган «Манас», силерде жок! Ал эгер болсо, чыгарбайт белеңер эбак китеп кылып. Кыргызстандыктар «Манасты» жаш балача эркелетесиңер, бирок эч кимиңер аны бакпайсыңар» (КЭРдеги Шинжаң уйгур автоном районундагы «Тил жана котормо» журналынын башкы редактору Макелек Өмүрбай менен маектешкендегимдеги анын сөзү, 2009-жылдын ноябрь айы). «Чындын түбү чын чыгат, чыңырыгы бек чыгат» – дейт элибизде. Мунусунда чындык бар. Бирок дагы бир чындыкты унутпайлы – Жусуп Мамайдын 8 бөлүм кылып жазган «Манасы» түбү кайдан барды? Ошол эле Тыныбектин, Дыйканбайдын, Акылбектин, Сагымбайдын, Чоюкенин айткандары эмеспи? Кайдан, качан, ким аркылуу келгендиги тууралуу Жусуп Мамай өзү деле ачык айтып жатат. Андай болсо, ал жеке эле Жусуп Мамайдын варианты деп айтуу туурабы? Мүмкүн бул вариантты, бир канча манасчылардын оозунан жазылып алынган бириктирилген вариант катары эсептөө керектир?

Дагы бир чындыкты айтып кетүү парз. Манасчынын эң негизги белгиси жана өзгөчөлүгү – «Манасты» сааттап, күндөп-түндөп оозеки айткандыгында, ошону менен бирге жаратмандыгында. «Жаратмандыгы» дегеним, үйдө бекинип отуруп алып, кагаз тиктеп жазып эмес, эл алдына чыгып, оозеки айтып жараткандыгында (бир эле мезгилде эпикалык текстти аткаруу жана ошол эле мезгилде жаратуу-төгүү процесси). Манасчынын ар бир оозеки аткарышы кайталангыс, жаңы вариант. Фольклористика илими да ушул өзгөчөлүктү тастыктайт. Манасчы – бул «Манасты» айтуучу, демек, аткаруучу жана Манас жөнүндөгү дастанды жаратуучу. Ал эми Жусуп Мамайдын салттуу манасчыга ылайык мүнөздө оозеки айтылышындагы дастанды кыргызстандыктар али уга элек.

«Негизинен бугунун арыкмырза, белек тукумдары жердеп турган Кытай Эл Республикасындагы Шинжаңдын Текес ооданы жана ага караштуу Көк-Терек айылында 1933-жылы төрөлүп, ошол эле жерде 2006-жылы каза болгон кытайлык дагы бир белгилүү манасчы, бугунун белек тукумунан чыккан Сатыбалды Аалы тууралуу сөз козгой кетели. Жусуп Мамайдын көлөкөсүндө калган Сатыбалдынын вариантты көп жылдар бою колго, ал эми өзү татыктуу көңүлгө алынбай келген. Мына ошондуктан, анын вариантын жазып алуу иштери өтө жай жүргүзүлгөн. 1982–1992-жылдары 45 аудиотабакка жаздырылып алынган Сатыбалды манасчынын варианты 75 000 сап ырын түзгөн.

Анын варианты башка манасчылардын варианттарынан айырмаланып, Манастын ата-бабаларынын баянынан турат. «Түп атабыз Түмөн кан, Түмөндөн кыргыз тараган», – деп баштап, кыргыздын Эне-Сайдан келгенинен бери Манастын 15 ата-бабасын айтат (Түмөн, Түгөй, Көбөй, Жамгырчы, Чаян, Бөйөн, Чобун, Чынкожош, Көкөтөй, Бай, Баккожо, Ырчыкожо, Нуркожо, Каракан (Орозду), Жакып). Манасчынын айтуусундагы «Манас» эпосунун айрым бир окуялары кытай тилине которулуп жарык көргөн. Азыркы күндө Сатыбалдынын варианты толук чечмеленип, китеп түрүндө чыгуу алдында турат.

Сатыбалды «Манас» айтып калуусун түш көрүү менен байланыштырып жатып, мындай дейт: «1972-жылдын 11-айдын 17-күнү ушул Көк-Теректин күзгү жыйым-терим мезгили болуп, ошол күнү кызылданган кырманда уктам жатсам, бабабыз Бакай аян берди. Анан калса таятам Акылбектин үнү угула баштады. Ошондон улам, ээн жылга-жыбырларга барып, ар күнү өзүмчө айта баштадым».

Сатыбалды Аалынын аян алып, манасчылыкка келиши түздөн-түз Ысык-Көлдүн төрүнөн чыккан айтылуу Акылбекке байланыштуу. Акылбек манасчынын айткан «Манасынын» бир топ окуяларын уулу Эшимбай кагаз бетине түшүрүп, кийин ал кол жазманы Сатыбалдынын энеси Эшимбайдын кызы Гүлбарага тапшырат. Ал эми Гүлбара аны уулу Сатыбалдынын колуна өткөрөт» (КЭРдеги Шинжаң уйгур автоном районунун «Эл адабиятчылар» коомундагы «Манас» изилдөө борборунун башчысы Ысакбек Бейшенбек менен маектешкендегимдеги анын сөзү, 2007-жылдын октябрь айы). Демек, аты аталган манасчынын өнөрүнүн келип чыгышына негизги себеп катары таятасы Акылбек жана анын өнөрканасы болгондугу анык көрүнүп турат.

Кыргыз элинин эс тутумунда сакталып калган салттуу манасчылардын дээрлик бардыгы Ала-Тоо жергесинде (Кыргызстанда) туулуп-өсүп, Ала-Тоо жергесинде (Кыргызстанда) манасчылыкка келгендиги баарыбызга маалым.

Айталы, Манастын кырк чоросунун экөө – Үмөт уулу Жайсаң менен Ыраман уулу Ырчы баатыр Манастын көзүнүн тирүүсүндө, 7-кылымда эле «Манас» баянын жар салган эң алгачкы манасчылар катары элибиздин эсинде сакталып калган экен (Үмөт уулу Жайсаң. Айкөл Манас: Дастан. – Б.: Бийиктик, 2009).

Кыргыз элинин тарыхында манасчылардын орду обурактуу болгон. Өзгөчө жоокерчилик замандарда манасчылар күчүнө келип, кыргыз элин козгоп, дем, кубат берип, эл-жерин коргоого үндөп: «Манас!» – деп алгачкы ураан таштагандардан болгон.

Буга мисал катары 17–18-кылымдарда Жуңгар хандыгынын, Ойрот феодалдарынын, Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы күрөш жүргүзгөн учурларда, Нооруз, Чоңбаш сыяктуу манасчылар чыгып,

кийин алардын учугу үзүлбөй манасчылардын өзгөчө плеядасы пайда болгон: Чоодон (1835–1900), Балык (Бекмурат) Кумар уулу (18–19-кылымдарда), Акылбек, Келдибек Барыбоз уулу (1800–1880), Назар Болот уулу (1828–1893), Тыныбек Жапый уулу, Деңизбай, Байбагыш, Жандаке Байболот уулу (1853–1917). Андан улай эл башына мүшкүл түшүп, кара кийип, кан жутуп турган 1916-жылкы Улуу Үркүн учурунда, эч бир саясий куугунтуктарга, басмырлоолорго карабастан, ары карап ыйлап, бери карап күлүп, СССР доорунда: Чоюке Азиз уулу, Шапак Ырысменде уулу (1863–1956), Жүгөрү Назар уулу (1864–1941), Кайдуу Сопу уулу (1865–1950), Сагымбай Орозбак уулу, Жаңыбай Кожек уулу (1869–1942), Азиз Өмүр уулу, Дыйканбай Тойчубек уулу, Касымбай Бирназар уулу (1873–1943), Багыш Сазан уулу (1878–1958), Жакшылык Сарык уулу (1880–1934), Сейде Дейди кызы (1881–1946), Молдобасан Мусулманкулов (1883–1961), Дуңкана Кочукеев (1886–1981), Актан Тыныбеков (1888–1951), Алмабек Тойчубеков (1888–1962), Акмат Ырысмендеев (1891–1966), Саякбай Каралаев (1894–1971), Мамбет Чокморов (1896–1973), Мамбетаалы Ашымбаев (1897–1969), Сейдана Молдокеева (1920–2006), Турдумамбет Акматалиев (1922–?), Уркасым Бегалиев (1924–1990), Кааба Атабеков (1924–2008), Шаабай Азизов аттуу манасчылар чыккан.

Жогоруда аты аталган манасчылардын ичинен «Манастын» алты муунун айткан манасчы Саякбай Каралаев эсептелинет, анын айтуусу боюнча: «Манас» – 84 513 сап ыр, «Семетей» – 316 157 сап ыр, «Сейтек» – 84 697 сап ыр, «Кенен», «Алымсарык, Кулансарык» – 15 186 сап ыр. Баш-аягы бул вариант **500 553** сап ырдан турат. Дал ушул вариант дүйнөдөгү бардык элдердин эпосторунун ичинен эң көлөмдүүсү болуп эсептелинет (орунду үнөмдөө максатында фондудан алынган маалыматтардын инвентардык номурларын бергеним жок).

Көлөмү жагынан кийинки чоң вариант Мамбет Чокморовдуку эсептелинет, анын айтуусу боюнча: «Манас» – 302 608 сап ыр, «Семетей» – 71 609 сап ыр, «Сейтек» – 23 340 сап ыр. Бардыгы **397 557** сап ырдан турат.

Кийинки көлөмдүү вариант болуп Молдобасан Мусулманкуловдун үчилтиги эсептелинет, анын варианты: **203 000** сап ырдан турат.

Ал эми Сагымбай Орозбаковдун оозунан жазылып алынган «Манас» бөлүгү эле **180 000** сап ырды түзөт.

Жалпы жонунан бүгүнкү күндө Кыргыз илимдер Улуттук академиясынын Кол жазмалар фондусунда **84** манасчынын оозунан ар кандай көлөмдө жазылып алынган варианттар сакталып турат. Бул варианттардын бардыгы 20-кылымдын 70-жылдарына чейин, СССР доорунда кагазга түшүрүлгөн эле (Шаабай Азизовдун вариантын эске албаганда).

Кыргызстандагы манасчылык өнөрдүн салттуу түрү азыркы күндө да жашап келе жатат, анын өкүлдөрү: Сапарбек Касмамбетов (1934), Уркаш Мамбеталиев (1934), Асанкан Жуманалиев (1947), Кубанычбек Алмабеков (1955), Талантаалы Бакчиев (1971), Тилек Асанов (1982), Дөөлөтбек Сыдыков (1983), Улан Исмаилов (1984) ж.б. Бирок 19–20-кылымдарга салыштырмалуу азыркы тапта манасчылык өнөр сүзүлүп кетүү коркунучунда турат. Буга азыркы учурдагы ааламдаштыруу, массалык маданият сыяктуу Батыштын жашоо мыйзамченемдери да өз салымын кошуп, таасирин тийгизүүдө.

Мына ошол себептен 2003-жылы Кыргыз Республикасы тарабынан сунушталган кыргыздардын төкмө акындык, дастанчылык, манасчылык өнөрлөрү «Дүйнөлүк адамзаттын оозеки жана руханий мурасынын баалуулугу» деп Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму – ЮНЕСКО жарыялаган эле.

Эми азыркы тапта, тагыраак айтканда, 2009-жылы «Кытай Эл Республикасындагы кыргыздардын «Манас» эпосу» деп, дүйнөдөгү бардык кыргыздардын Ата Мекени болгон Кыргызстанды эске албай туруп, Кытай Эл Республикасы тарабынан «дүйнөлүк адамзаттын оозеки жана руханий мурасынын баалуулугу» деген тизмесине киргизүү боюнча ЮНЕСКОго сунушталгандыгы деги кандай кадам? Ал эми кечээ жакында эле – 2003-жылы, манасчылык өнөрдү Кыргызстандын сунуштоосу менен «дүйнөлүк адамзаттын оозеки жана руханий мурасынын баалуулугу» деп, тизмеге киргизип, кабыл алып, күбөлүгүн берип туруп, манасчы айткан «Манасты» Кытайдыкы деген сунушту кабыл алып жаткан ЮНЕСКОнун мындай иш аракетин кандай түшүнсө болот?

*Архивден*



Шайымбек
АПЫЛОВ

# КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНЫН КАРА БАРАКТАРЫ

## НКВД. Лоцманов: 30-жылдардагы «кызыл кыргын»

*Катаал тарых сабактары кыргыздын алгачкы чыккан мамлекеттик саясий ишмерлеринин кайгылуу тагдыры менен кара таштай ажырагыс болуп уюп калганын эми гана байкап отурган чагыбыз. Не дегенде, тээ, 1924-жылы Кара-Кыргыз автономия облусу болуп, 1925-жылы март айында партконференция менен катар биринчи кеңештер съезди болгондо эле, нукура кыргыз эр азаматтары, партиялык-советтик система менен чу деген жерден эле кармаша кеткен болчу. Тарыхта «отузчулдар» деген ат менен белгилүү болгон жоон топ кыргыз уулдары, ошо кездеги Киробкомдун биринчи катчысы Каменскийдин «мээсине чай кайнаткан» буржуазиялык-улутчулдук саясатты улантуучу катары РКП(б)нын Орто Азия бюросунун чечими менен катуу жазаланган эле. Ал эми 1937-жылы, совет бийлигине 20 жыл толуп, социализм орногон ченде, НКВДнын «чоң муштуму» Лоцмановдун «кабыргасын какшата кармаган» ошол эле буржуазиячыл-улутчулдар эми «эл душмандары» болуп чыга келишкен болчу. «Алач-ордочулар», «пантюркистчилер», «социал-туран партиясы», «милли-иттихат», «шура-исламия» деген уюмдар совет бийлигин кулата турган контрреволюция деп катуу чуу салды. Баягы эле Орозбеков, Абдырахманов, Арабаев, Айдарбеков, Исакеев, Кудайкулов, Бабаханов жана башка толуп жаткан мамлекеттик ишмерлерге кара көө жабылып, көз көрүнө күм-жам болушту.*

*1933-жылы «Кызыл Кыргызстан» гезитинин 6-октябрдагы «Кыргызстандын партия уюмундагы абал тууралуу» аттуу жарыясында*

*«БККнын төрагасы жана СССР ПКИ Комиссарынын орун басары жолдош Н.Антиповдун макаласы» жөнүндө айтылганы менен чынында «эл душманы» деп аталган Абдырахмановду каралоого багытталган. Ошого удаа толгон-токой партиялык жарыялар, токтомдор, резолюциялар, көрсөтмөлөр биринен сала бири элге жарыя боло берген. «Кызыл Кыргызстан» гезитинин 1933-жылдын 26-октябрында «ВКП(б) БК Орто Азия бүйрөсүнүн август пленумунун жыйынтыгы жана Кыргызстандын партия уюмунун милдеттери» деген билдирүүгө Киробкомдун биринчи катчысы Белоцкийдин докладынын тезистери басылган.*

*«Партия тазалоонун милдеттери тууралуу» (партия тазалоосу жөнүндөгү Орто Азия крайлык кемессийесинин төрагасы жол. Петерстин Ташкент шаар партия активинин чогулушундагы доклады) деген жарыя «Кызыл Кыргызстан» гезитинин 1934-жылы 29-майда басылып чыккан. Ал эми Дөгдүрөвдүн «Партия тазалоосу жана басма сөздөрдүн милдети» деген макаласы («КК», № 1 19, 26-май, 1934-ж) «эл душманы» аталган «буржуазиялык-улутчулдар» – Тыныстанов, Карачев ж.б. кыргыз интеллигенттерине каршы багытталган.*

*1934-жылы кыргыз жазуучуларынын «тунгуч сыязында» Токомбаевдин докладында ошол эле Тыныстанов, Карачев, Көкөнов, Сопиев, Шабданов, Курманов сыяктуу «контрреволюционерлер» жазуучуларды «эл душмандары» деп атап, таш-талканын чыгара талкалаган болчу.*

*Ал эми 1937-жылы бүт СССР аймагында саясы репрессия дуу-дуу болуп, катуу бүлгүн салып киргенде, Кыргызстандагы НКВДнын «чоң колу» полковник Лоцманов, жогоруда айтылган макаласын жылдын аяк ченинде жарыялаган экен. Себеби ал НКВДнын жашыруун циркуляры катары мурдатан эле кыргыз коомчулугунун арасына тымызын шумпайлык менен «программа» катары киргизилип, «кыларын кылып, кыл жип менен бууй» берген тура. Эми ошо 37-жылдагы архивдик материалдарды карап көрсөк, төбө чачыбыз тик турчудай. Өзгөчө, «Кызыл Кыргызстан» сыяктуу республикалык чоң гезитте «мен жазуучу, журналист, коомдук же мамлекеттик ишмер» деген ар бир бараандуу кыргыз интеллигенттери жапатырмак, «контрреволюциячыл-улутчулдарды» ашкере кылып, «эл душмандары» катары бетин ачып, үстөккө-босток «таш бараңга» ала беришкен. Ошол жазылмаларды бир-бирден көзүн таанып окуп чыгыштын өзү канчалык азап! Бу жөнүндө очойгон-очойгон мисалдарды атап айтууга болот.*

*«Кызыл Кыргызстан» гезитинин 1937-жылдагы №185, 186, 187 сандарында удаа-удаа үч макала басылган. Мисалы, ВКП(б)БКнын үчүнчү секретары М.Салиховдун «Контрреволюциячыл-улутчулдардын тамырын табуу – ар бирибиздин милдетибиз», ЛКСМ Кыргыз Обкомунун секретары К.Камбаровдун «Контрреволюциячыл-улутчулдарды аягына чыгара талкалайбыз», Э.Султанбековдун «Контррево-*

*люциячыл-улутчулдардын тамырын биротоло соолутуу керек» – деп калайыктын жүрөгүнүн үшүн ала жар чакырышкан. Ошо кыйчалыш катаал мезгилдин парадокс болгонун биз эми гана ачык-айкын түюнуп отурсак, ал кезде буркан-шаркан түшкөн уу-дуу саясы компанияга «өзүнө өзү көр казгандар» так ошо макалаларды жазган Салихов жана Камбаров сыяктуу өкмөт башчылары болгон.*

*Лоцмановдун «кызыл кыйкырыгы» кыргыз жазуучуларына катуу тийген. Алардын арасында «таз кейпин» билгизбей, НКВДнын тукуругу менен эл арасын «иритип-чиритип» жүргөн баканооздор чу деген эле жерден Абдырахманов, Орозбеков, Исакеев, Зулфибаев, Айдарбеков сыяктуу партиялык-советтик кызматкерлерди жамы журтка «эл душмандары» деп жаманаттап чуру-чуу түшүп, «терини сууга салып тепкилеген» сымал акаарат кылып, абийирин, «бу сыяктуу контрреволюциячыл-улутчулдар атылсын» деп кыйкыра беришкен.*

*«Кызыл Кыргызстан» гезитинин 1937-жылдын 2-октябрдагы санында дагы бир баканооз «балта менен башка» чапкан: «... Контрреволюциячыл-улутчулдардын зыянкечтик максатын ишке ашыруу үчүн тандап алган участкесинин бири – Эл агартуу майданы болгон. Жүзүкара Жолдошев, Тыныстанов, Алиевдер өздөрүнүн бети ачылганга чейин эл агартуу системасында улутчул душмандарды отургузуп келгендигин факты аныктап жатат. Мына ушунун бири Чүй райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Ногоев болуп отурат» – дейт.*

*Токобаев «Адабияттагы зыянкечтерди аягына дейре жоёлу» деген макаласында, Абдыракманов, Кудайкулов, Сыдыков, Тойчинов, Исакеев, Жээнбаев, Алиев, Тыныстанов ж.б. «эл душмандары» катары тезирек жоготулсун деген чакырык менен чуу салган («КК», №245, 1937-жыл). Ал эми Үмөталиев «Кетирилген каталарды большевиктерче жоёлу» деген макаласында: «...Кыргызстан партия уюмдарынын жетекчилигинде жана совет органдарында көп жылдардан бери отуруп келишкен эл душмандары – контрреволюциячыл-фашизмдин Исакеев, Жээнбаев, Орозбеков өңдүү тыңчылары бардык орчундуу орундарды, ошону менен бирге партиянын эң курч жана эң күчтүү куралы болгон гезиттердин иштеринде бүлдүргүч иштерин жүргүзүп келишкен» – дейт («КК», №241, 1937-жыл).*

*«Шаар советиндеги душмандардын изи табылды» деген дагы саясы кара жалаада Фрунзе шаар советинде троцкийчил Чистяков төрага болуп, анын орун басары меньшевик Зубовдор олтуруп алып, өздөрүнүн душмандык иштерин жүргүзүп келишти» – деп жазылса («КК», №228, 1937-жыл), «Эл душмандары атууга өкүм болду. Колчакчы Дригинкоп, полициянын баласы Припадко, колчакчы Коротков өз жазаларын алышты» – деп баса көрсөтүлгөн. («КК», №269, 26-ноябрь, 1937-жыл).*

*Кыргыздын алгачкы шам чырактай билимдүү ата уулдары 1918-жылы Түркестан жергесинде совет бийлиги орногондон тартып эле жан-дили менен иштеп, элибиз чын эле эркин заманга жетет экен деп аябай ишенишкен эле. Бирок алардын ак тилеги таш капты. Өзгөчө, СТП (социал-туран партиясы) партиясы шумурай шумдук жалаа менен бейкүнөө интеллигенттерибиз көз көрүнөө атылып кетишти. А деп ОГПУ-НКВДнын колуна түшкөн Эшеналы Арабаев 9-май 1933-жылы эле Ташкенттеги түрмөгө камалып, жыл айланып, тепкиден тепки жеп, азапка чыдай албай, жүрөгү жарылып же насбай жеп өлгөн экен. Ошого удаа СПТ боюнча кармалгандар – А.Сыдыков, Ж. Абдыракманов, А.Шабданов, Ж. Солтоноев, С.Курманов, Т.Сопиев, М.Камбаров, М.Акматов, Н.Кашымбеков, Х.Кашымбеков, К.Телтаев, З.Лепесов, (Курманов), К.Шабданов, К.Канатов, И.Курманов, Али-Аскар жана Али-Акбар Чолуков, Ч.Токтомышев, М.Майлыбаев сыяктуу жоон топ «социал-туран партиясынын» мүчөлөрү «кызыл койдой» союлган болчу.*

*Лоцмановдун макаласы Сталиндин сөзү менен «катуу сокку урган» бүтүм менен аяктаган экен: «Бизге бир гана нерсе жетишпейт: өзүбүздүн кенебестигибизди, өзүбүздүн көңүлчөөктүгүбүздү, өзүбүздүн саясы чала сокурлугубузду жоюуда даярдык жетишпейт... Ушул эсерлик ооруну качан курутсак, ошондо биз толук ишеним менен айта алабыз: бизге эч кандай душман, ички душман да, тышкы душман да коркунучтуу эмес, алардын чыгыштары да бизге коркунучтуу эмес, анткени биз аларды ушул кезде кандай талкалап жатсак, мурун кандай талкалап келген болсок, келечекте да так ошондой талкалайбыз!»*

*Тарыхтын сабактары, тилекке каршы, кызыл жошо канга боёлгон парадокс болгонун карачы! Лоцманов сымал желдет канкорлор да о дүйнө кетип, сөөгү сөпөт болсо да, бу күндө ОГПУ-НКВДнын мураскорлору дагы эле зордук-зомбулук менен кан төгүп, чаң салууда.*

**Ш. АПЫЛОВ,** кинорежиссер,
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер

**И.П. Лоцманов –**
**Кыргыз ССРнин ички иштер**
**Эл Комиссары**

# «КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОНТРРЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ-УЛУТЧУЛДАРДЫН ЖАНА БАШКА ДУШМАНДАРДЫН БУЛДУРГУЧТУК ИШТЕРИНИН КЭЭ БИР АМАЛДАРЫ ТУУРАЛУУ»

*«Кызыл Кыргызстан», 27, 30-декабрь 1937-жыл, 3-январь 1938-жыл. №296, 300 (1937-жыл), №2 (1938-жыл)*

Жыйырма жылдын ичинде, Лениндин-Сталиндин улуу партиясынын жетекчилиги астында тышкы жана ички душмандар менен болгон ырайымсыз күрөштөрдө биз социализмди курдук.

Сталиндик Конституцияга жазылып коюлган бүткүл дүйнөлүк тарыхый жеңиштерге ээ болдук. Биздин партиябыздын, улуу Сталиндин акылман жетекчилиги астында троцкистерди, бухаринчилерди, буржуазиячыл улутчулдарды, элдик жана башка душмандарды ырайымсыз түрдө кыйратуу менен илгери карай, коммунизмди көздөй ийгиликтүү түрдө бара жатабыз.

«...Канчалык илгери жылсак, ийгиликтерге канчалык ээ болсок, талкаланган эскплуататорлор таптардын калдыктары ошончулук каардanышат, алар ошончулук күрөштүн абдан курч формаларына ылдамдык менен өтүшөт, алар советтик мамлекетке ошончулук зыян келтиришет, алар бардык нерседен ажырагандардын эң акыркы куралдары сыяктуу, күрөштүн эң эле каардуу куралдарына барышат» – деп жолдош Сталин көп жолу көрсөткөн. Жолдош Сталин биздин партиябызды, партиябызга жана партияда жок большевиктерди революциялык кыраакылыкты көтөрүүгө, кенебестик менен көңүлчөөктүк менен күрөшүүгө талыкпастан чакырган жана чакырып жатат.

* * *

Кыргызстанда элдин душмандары советтик бийликке каршы күрөшүүнү кандайча жүргүзүшкөн? Буржуазиячыл-улутчулдарды ала коёлу. Кыргызстанда советтик бийликтин орногон биринчи жылдарында эле алар контрреволюциячыл уюмдарды түзүшкөн. Алач-ордочул уюмда – кудайкуловчулар, бабахановчулар да, пан-тюркисттик уюмда сыдыковчулар, абдыракмановчулар да, жана андан кийин бириккен жана Исакеев башында турган «Социал-туран партиясында» – ошолордун бардыгы өздөрүнүн башкы милдети кылып: куралдуу көтөрүлүш жасоо жолу менен Кыргызстанда советтик бийликти кулатууну, биздин республикабызды Советтер Союзунан бөлүүнү жана анын территориясында империалисттик мамлекеттердин биринин протекторатынын астында буржуазиялык мамлекеттик түзүлүштү орнотууну коюшкан.

Ушул жүзү каралар, биздин күндөрдү, гүлдөгөн советтик Кыргызстанды империализмдин колониясына айландырууга даярдашкан.

Алар чарбачылыктын жана маданияттын бардык тармактарында зыянкечтикти кең түрдө жүргүзүү менен советтик бийликти, наразылыкты туудуруу максатында кыргыз элине зыянды абдан көп келтирүүгө аракет кылышкан. Алар империалисттик мамлекеттердин разведкалары менен байланыш жасашкан жана көп жылдардан бери Мекенге жүзү каралык менен чыккынчылык кылып келишкен.

Советтик бийликтин биринчи жылдарында бүткүл Орто-Азияда басмачылык кыймыл контрреволюциячыл улутчулдар тарабынан: Кыргызстан территориясында жана башка республикалардын территориясында жашап келген алач-орточул, пан-тюркисттик, милли-иттихат, шора-ислам ж.б. уюмдар тарабынан уюштурулгандыгы эми ачык болуп турат. Алар ошондо эле советтик бийликти куралдуу түрдө кулатуу милдетин алдыларына коюшкан. Контрреволюциячыл-улутчулдардын үмүттөрү өз ордунан чыккан жок. Кызыл Армия эмгекчилдеринин, ошону менен бирге Кыргызстандын эмгекчилеринин активдүү түрдө жардам берүү аркасында басмачылык кыймылдарды кыйратты.

Андан кийин буржуазиялык-улутчулдар эмнелерди белгилешет? Алардын башчылары эми моюндарына алып жаткандай, алар ошол кезде төмөнкүдөй милдеттерди коюшкан: терең түрдө жашыруун болуу, чет элдердин разведкалык органдары менен байланыш жасоо, бөтөнчө ыңгайлуу мезгилде куралдуу көтөрүлүштү уюштуруу үчүн алар тарабынан тийиштүү жардамдарды алуу. Бул иштер жетекчи органдарга, бөтөнчө Наркоземге, юстиция органдарына, эл агартуу органдарына контрреволюциячыл элементтерди тандап отургузуу жолу менен жүргүзүлдү.

Улутчулдар өздөрүнүн бүлдүргүчтүк иштерин канчалык жашырып-жапкандыктарын ачык көрсөтүүчү төмөнкүдөй мүнөздүү мисалдарды келтирүүгө болот. Ошол кездерде кудайкуловчулар менен сыдыковчулардын ортосунда күрөш жүргүзүлгөн. Эми, контрреволюциячыл-улутчулдардын башчыларынын моюндарына алгандыгына караганда, бул күрөштөр «кабычкедеги» жалган күрөштөр болгон, бул күрөштөр партияны жана советтик бийликти алдоо максаты менен өздөрүнүн контрреволюциячылык иштерин жакшылап жашыруу максаты менен жүргүзүлгөн. Иш жүзүндө кудайкуловчулар менен сыдыковчулар бир гана максат – советтик бийликти кулатуу максатын көздөшкөн. Алар ошол кезде жаатчылык жана уруучулук күрөштөрдүн артына бекинишип, национал-фашисттик уюм болгон «ур токмокту» түзүшөт. Бул уюм кедейлерди жана батрактарды катуу террорго алат. Алар союз кошчуга кирип алышат жана бир катар жерлерде ошол уюмдарды – кедейлерди жактоочу уюмдан – кедейлерди жана батрактарды кордой турган бай-манаптардын уюмдарына айландырышат.

1924-жылы Түркстан республикасында улут чек араларын бөлүү иши жүргүзүлөт. Партиянын жана өкмөттүн ушул эң зарыл саясы чарасы буржуазиячыл-улутчулдар тарабынан кандайча каршы алынды? Буржуазиялык контрреволюциячыл улутчулдар Түркстан республикасынын улут чек араларына бөлүнүшүн өздөрүнчө баалашты жана өздөрүнчө түшүнүштү. Алар ар бир айрым улут республикаларынын жана облустардын ичинде улутчулдук бүлдүргүчтүк, контрреволюциячыл иштерди жүргүзүүгө оңой болот деп ойлошкон, ошондуктан, ошол кездерде жаңыдан түзүлгөн республикалардагы жана облустардагы бардык контрреволюциячыл улутчулдук уюмдар уруучулук жана жаатчылык топтоп, айыл-кыштактарга чейин советтик-партиялык аппараттардан командалык постторду ээлөө үчүн бөтөнчө активдүүлүгүн көрсөтүшөт.

Элди кыйноо тарыхта болуп көрбөгөндөй күч менен жүргүзүлөт, ар түрдүү законсуз чечимдер пайда болот, пара алуу өкүм сүрөт, национал-фашисттик уюм болгон «ур токмок» уюму активдүү түрдө иштейт, ал уюм өлтүрүүлөрдү уюштурат, кедейлерге штраф салынат, советтик активдерге сот уюштурулат.

Ошол уюмдун башчысы – Кудайкулов жана Бабаханов советтик соттун алдында сурак берген кездерде, ошол сотто коомдук каралоочу болуп, ушул күндө элдин душманы катары бети ачылган Алиев чыгып сүйлөгөн. Эми ал мындай дейт: «Мен ачыгын айтууга тийишмин, ушул жүзү кара душмандардын айыбын кылмыштуу айыпка алып келип такагам, Бабахановдун жана Кудайкуловдун контрреволюциячыл бетин жашырдым, аларды билип туруп эле беттерин ачканым жок».

1926-жылы партиянын 2-облусттук конференциясында партия катарынан бир канчалык активдүү буржуазиячыл-улутчулдар куулат. Советтик бийлик органдары чыңдалат, бир канчалык ири бай-манаптардан 25 киши Кыргызстандан айдалат, автономиялуу Кыргызстандын облустук эмгекчилеринин экономикалык турмуш абалдары өсөт. Биздин партиябыздын Борбордук Комитети аны автономиялуу республикага айландыруу маселесин коёт. Ошол доордо буржуазиялык-улутчулдар алач-ордочулар менен пан-тюркисттерди «социал-туран партиясына» бириктирүүгө чечим чыгарат. Аларды ушул биригүүгө жалпы улутчулдук тилек алар таянган, алар таламын сактаган, алар идеологиясын көрсөткөн жалпы бай-манаптык чөйрө түрттү.

Ушул контрреволюциячыл уюмдардын башчылары, алар капитализмди кайра орнотуу үчүн, партияны алдоо жана эки жүздүүлүк кылуу жолдору менен партияга жана советтик бийликке каршы тынымсыз күрөш жүргүзүп келгендиктерин, эң зарыл чарбалык-саясы чараларды үзүп келгендиктерин моюндарына алышат.

Партия менен өкмөттүн көчмөндөрдү отурукташтыруу өңдөнгөн чараларын ала коёлу. Көчмөндөрдү отурукташтыруу ишин эң зарыл милдеттеринин бири кылып партия аны 1927-жылы эле Кыргызстандын өкмөтүнүн алдына койгон. Ошол кезде Абдырахманов жана Исакеевдер ушул милдетти орундоого ар кандай жол менен саботаждык кылуу жана көчмөндөрдү отурукташтыруу ишинин маанисин кетирүү үчүн «установкаларды» беришкен. Ошентип, 1930-жылга чейин партия менен советтик бийликтин ушул зарыл чарасын, айыл чарбачылыгын коллективдештирүүнү бир канчалык ылдам темпине өбөлгө түзө турган, эмгекчилердин материалдык турмуш абалдарын көтөрүүгө бурулган чараларын буржуазиячыл-улутчулдар үзүп келишкен.

Элдин душмандары Абдырахманов, Исакеев ж.б. улутчулдар жаңы пасөлкөлөрдү курууну сезимдүү түрдө эле суудан, чоң чабындылардан алыс жерлерге уюштурушкан, курулган үйлөрдө жашап турууга мүмкүн болгон эмес. Мына ушулардын бардыгына эң эле көп мамлекеттик каражаттар коротулган. Алар ушинтип зыянкечтик жолу менен бөтөнчө Ысык-Көл өрөөнүндө жана Тянь-Шанда элдин массалык нааразылыктарын туудурууга аракет кылышкан.

Партия туташ коллективдештирүүнүн базасында кулактарды тап катарында жоюу ураанын көтөргөн кездеги доордо буржуазиячыл-улутчулдар кандай линияда турушту?

Кулактарды тап катарында жоюу, алардын таянган базаларын буза тургандыктарын душмандар түшүнүшкөн. Ошол кезде «социал-туран партиясынын» жашырын түрдө чакырылган чогулушунда куралдуу түрдө көтөрүлүш жасоого чечим чыгарылган, аны даярдоо үчүн коллективдештирүү жагынан партиянын саясатын ийменөө жолу менен

дыйкандардын нааразычылыктарын көтөрүүгө бардык чараларды колдонмок болушкан. Контрреволюциячыл уюмдун мүчөлөрүнө бардык дыйкандарды бийлөөчүлүк жолу менен колхоздорго айдап кирүү, колхоздорду ичтен бүлдүрүү үчүн аларды бай-манаптардын элементтери менен булгоого, малдарды 100% коомдоштурууга, жырткычтарча союуну уюштурууга жана сатып жок кылууга, колхоздук кыймылды ар кандай кылып баркын кетирүүгө сунуш кылынган.

Ак ниет колхозчуларды өлтүрүү, колхоздорго себүүнүн абдан жогорку пландарын берүү, аларды үрөн менен камсыз кылбоо, ошентип, себүү планын орундата албашына жетишүү, эгин даярдоо планын болсо пландалган аянттардын бардыгына түзүү тапшырылган. Бул эсептердин бардыгы колхозчуларды эгинсиз калтырууга бурулган.

Ошол мезгилде басмачылардын чыгышы контрреволюциячыл-улутчулдардын уюштурган иши болду, ал басмачылардын максаты советтик бийликти кулатуу эле. Кыргыз БАКнын төрагалык постунда отурган контрреволюционер Орозбеков басмачылар менен күрөшүмүш болуп, Кыргызстандын түштүк райондору боюнча кыдырып жүргөн жана иш жүзүндө ал өзү басмачылык кыймылды уюштурган жана ага жетекчилик кылган.

1931-жылы май айында Арашан курортунда болгон жашыруун чогулушта Абдыракманов, Исакеевдердин ж.б. жетекчилиги астында Аламүдүн районунун бир катар сельсоветтеринде кулактардын контрреволюциячыл чыгыштары даярдалган жана уюштурулган. Белгилүү ал чыгыштарда бир катар советтик жана партиялык активдер өлтүрүлгөн.

Коллективдештирүү доорунда, контрреволюциячыл-улутчулдар тарабынан жүргүзүлгөн бүлдүргүч иштерге карабастан, алардын үмүттөрү таш капты. Колхоз курулушундагы ийменөөлөрдү партия оңдоду, колхоздор өстү жана чыңдалды. Душмандар токтоосуз түрдө куралдуу көтөрүлүш жасоодон дагы баш тартууга аргасыз болушту жана кайтадан зыянкечтик, саботаждык кылуу, эки жүздүүлүк кылуу, «тымызын иш» менен Кыргызстанда социалисттик курулуштун жеңишчил кыймылына жолтоо кылуу, аны үзүү методдоруна өтүүгө аргасыз болушту.

Буржуазиячыл-улутчулдар бүлдүргүч иштерди чарбачылык жана маданий курулушунун бардык тармактарында жүргүзгөн. Алар туурадан-туура чет эл разведкаларынын тапшырмалары боюнча шпиондук кылышкан, баш көтөрүүчүлүктүн кадрларын даярдашкан, биздин коргоо иштерибизди бүлдүрүшкөн. Ушул банда республикабызда бир катар жетекчилик постуларды ээлеп алышып, троцкист Белоцкийдин активдүү колдоосу менен өздөрүнүн зыянкечтик установкаларын Кыргызстандын Совнаркомунун жана областтык партия Комитетинин

бүйрөсүнүн атайы токтомдору аркылуу жүргүзүү өңдөнгөн жүзү каралыкка чейин барышкан.

Троцкисттер, бухаринчилер, контрреволюциячыл-улутчулдар булардын бардыгы элдин эң бетпак душмандарынын бир бандасы. «Социал-туран партиясы» өзүнүн контрреволюциячыл ишинде троцкисттер жана бухариндер менен блок жасашкан.

Элдин душманы Шоруков, автономиялуу Кыргызстан республикасынан РСФСР өкмөтүнүн алдында өкүл болуп турган кезде республиканын эл чарбасынын планына «социал-туран партиясынын» зыянкечтик установкаларын сүйрөп киргизген.

Ал тараптан, совхоздордун курулушу боюнча жана мал чарбачылыгын өстүрүү боюнча контролдук цифралар кемитилген жана республикага таза кандуу төлдөткүчтөрдү алып келүү жөнүндөгү заявкалар кыскартылган.

Кыргызстандын түштүгүндөгү пахта райондорунда аларды өздөрүнүн азык-түлүк базаларынан ажыратуу үчүн жана туура алмаштырып айдоону жүргүзүүдө колхоздорго мүмкүндүк бербөө максатында пахта эгүүнүн жогорулатылган пландарын сүйрөп киришкен. Зыянкечтик максат менен Кыргызстандын түндүгүнө пахта эгүүнү пландашкан. Бул жерде пахта бышпаган, ошондой болсо да эге беришкен. Ошону менен колхоздорго жана мамлекетке эбегейсиз көп зыян келтиришкен. Бул жерлерде башка эгиндер себиле турган аянттарды пахта ээлеп турган, жазында жогорулатылган себүү пландарын берүү үчүн күздүк себүүлөрдүн пландарын сезимдүү түрдө төмөндөтүшкөн.

Кыргызстандын Наркоземинде контрреволюциячыл-улутчулдар: Юлдашев жана Эсенаманов зыянкечтик иштерди жүргүзүп турган. Айыл чарбаларында элдин душмандарынын зыянкечтик иштерин так ошолор башкарып турушкан. Буржуазиялык-улутчулдар колхоздордун үлгүлүү уставдарын контрреволюциячыл жол менен бузуу аркасында колхоздук курулуштарды башаламан кылууга, республикабызда улуттук өчөгүшүүлөрдүн отун жандырууга аракет кылышкан.

Жерге орноштуруу убагында жана жерден түбөлүккө пайдалануу үчүн аны колхоздорго бекитүү мезгилинде душмандар сезимдүү түрдө эле тилкелерди, мындайча айтканда, колхоздорго жер участкаларын кесип берген кезде алардын борбордук короо жерлерин ондогон километр алыс жактан кесип берүүнү уюштурушкан жана ошону менен колхоздорго чоң ыңгайсыздыкты жана материалдык зыяндарды туудурушкан.

Пландоочу органдарга отуруп калган троцкисттер аркалуу буржуазиялык улутчулдар зыянкечтүү пландарынын түзүлүшүнө жетишип турушкан. Айдоо аянттары аз райондор үчүн себүү планын көп беришкен жана анын тетирисинде айдоо аянты көп райондорго себүү планын аз беришкен. Бул болсо, жалпы пландын орундалбай калышына алып барган.

«Социал-туран партиясынын» борборунун директиви боюнча жер-жерлерде туура алмаштырып айдоолор кармалып турган, кыртыштар жана себүү материалдары отоо чөптөр жана зыяндуулар менен булганган. Үрөнчүлүк иши чаташтырылган.

Улутчул зыянкечтер мал чарбасына бөтөнчө зыян келтиришкен. Малды көпчүлүк түрдө союп жок кылууну туудурган провокациялык «преподавателдиктен» баштап, кийинки убактарга чейин душмандар Кыргызстандын айыл чарбасынын ушул эң зарыл тармагын ар кандай кылып үзүп келишкен.

1936-жылы Кыргызстандын Наркоземи мал чарбасынын төмөндөтүлгөн планын кабыл алган. Душмандар элди эң аз көрсөткүчтөргө ориентация кылышып, ошону менен төлдүн көпчүлүк түрдө жок кылынышына шарт түзүшкөн.

Мал чарбачылыгына зыянкечтик малга көпчүлүк ооруларды жайылтуу жолу менен да жүргүзүлгөн: чочколордун арасындагы чума, жылкыдагы маңка оорусу, ири малдардын жана койлордун арасындагы бруцеллез оорусу.

Практикада булар ишке кандайча ашырылган?

Башка республикаларда Кыргызстанга мал алып келишкен. Ал малдардын бир бөлүгү оорулуу болгон. Оорулуу малдар карантинге кармалбастан эле колхоздорго жана совхоздорго жөнөтүлгөн, алар жалпы мал туруучу короолордо турган жана ошентип жергиликтүү таза малдарга оорусун жугузушкан.

Короолордун арасында чума оорусу кеңири жайылган. Чума оорусун укол салуу жолу менен таркатышкан жана аны «ветеринардык персоналдардын тажрыйбасыздыгы» менен түшүндүрүлгөн.

Чындап эле эпизотиялык оорулар чыккан жерлерде карантин салууга бардык жагынан тоскоолдук кылышкан, аны үзүшкөн, карантин керек болбогон жерлерде аны белгилешкен. Ветеринардык кадрлар контрреволюциялык элементтер менен булганган. Наркоземдин ветеринардык башкармасында бүлдүргүчтүк иштерди жүргүзүп келген жана азыр бети ачылган зыянкечтердин бири мындай деп мойнуна алат:

«Чындыгында малдын арасында эч кандай оору жок болучу, ошого карабастан биз карантинди белгилегенбиз. Ошондой жол менен биз, биринчиден, куудуруу өнөктүгүн үзгөнбүз, мындайча айтканда, малдын өсүшүнө сезимдүү түрдө тоскоолдук кылганбыз, экинчиден, колхоздун экономикасын чаташтырганбыз, үчүнчүдөн, эт жана сүт азыктары менен соода кылууну үзгөнбүз, ошонун натыйжасында мамлекетке жана шаар менен айыл-кыштактардын эмгекчилерине зыян келтиргенбиз.

Белгилүү Фрунзе шаарында жана анын тегерегиндеги элдүү пункттарда чума оорусу боюнча 1935-жылы эле биз карантин белгилеген

болчубуз. Биз жогоруда көрсөтүлгөн зыянкечтик максатыбыз менен аны эки жылга чейин, мындайча айтканда, 1937-жылы августка чейин создук. Биз, так Сталиндик Конституция, андан кийин улуу советке шайлоолор тууралуу жобо жарыяланган учурда элдин наразычылыгын туудуруш үчүн Фрунзенин шаар базарында эт жана май жагынан эң оор абалды туудурууну каалаганбыз!»

Заготзернонун системасындагы эсерлер, буржуазиялык-улутчулдар, троцкисттер жана оңчулдар кылмыштуу иштерди жүргүзүп келишкен. Так ушул жерде шпион Гофер иш жүргүзүп турган. Алар эгинди зыяндуулар менен булгашкан, складдар куруу жумушун үзүшкөн жана ошону менен даярдалган эгиндерди чиритүүгө аракет кылышкан.

Өнөр жайлары жагынан зыянкечтик иштер баарынан мурда анын өзүн токтотуу жолу менен жүргүзүлгөн: ошонун аркасында буржуазиялык-улутчулдар жергиликтүү элден өнөр жайлык пролетариаттын өсүшүнө тоскоолдук кылууну каалашкан.

Союздук өкмөт тарабынан Кыргызстанга берилген эң көп каражаттарды аракетсиз тургузуу максатында, элдин душмандары сырьё запастары али чалгындалбаган жерлерге өнөр жайларынын курулушунун жогорулатылган пландарын сүйрөп киришкен. Контрреволюциячыл-улутчулдар зыянкечтик максаты менен Жалал-Абад шаарында эт комбинатынын курулушун пландоо жетишкендиги аныкталды. Бул эт комбинатына малдарды түндүк Кыргызстандан айдап барууга же болбосо темир жол менен жеткирүүгө туура келер эле жана коромжу эбегейсиз көп болор эле.

Бир катар объектилердин курулуштарынын үзүлүшү түздөн-туура зыянкечтиктин натыйжалары болду. Мисал катарында, эт комбинатынын курулушунун кечеңдетилгенин жана аны куруп жатканда кайра жасоону көрсөтүүгө болот. Троцкист Белоцкий жана Лордкипанидзенин көрсөтүүлөрү боюнча кант зоотторунда өндүрүштүк планды үзүүгө аракет кылышкан, диверсиялык топторду түзүшкөн.

Зыянкечтиктин дагы бир ири актиси – республиканын тоо байлыктарын чалгындоо ишин карасанатайлык менен четке кагуу болгон.

Көмүр казуу жумушу даярдык көрүлбөстөн эле жүргүзүлгөн, жер астындагы кадрлык жумушчулардын саны кыскартылган жана сырттагы жумушчулардын саны көбөйгөн.

Жумушчуларга тийиштүү маданий-турмуш шарттары түзүлгөн эмес, азыктар менен жабдуу иши, бөтөнчө. Эт жана май жабдуу иши үзүлүп келген – ушулардын бардыгы жумушчу күчтөрдүн акмакчылыгын көбөйтүү үчүн жана советтик бийликти каралап, баркын кетирүү үчүн иштелген.

Нан бышыруу жагына зыянкечтик кылуу максаты менен нан зоотунун курулушу эки жылга чейин бүтпөй калган. Сапатсыз нандар бы-

шырылган, бул бөтөнчө райондордо көп болгон. Кээ бир райондордо нан менен жабдуу ишин үзүү максатында берилген ундун нормасы сезимдүү түрдө эле бүт бойдон бышырылган эмес. 1936-жылы жайында Фрунзеде унга сезимдүү түрдө зыяндуу нерселер кошулуп, анын натыйжасында ич оорусу жайылып кеткен.

Зыянкечтер электр кубатын өндүрүү менен керек кылуунун ортосундагы үзгүлтүктү сезимдүү туудурушкан, өндүрүш орундарында бош турууларды туудуруш үчүн, өндүрүштүк программаларды үзүү үчүн (ФОГЕСТИН) иши үзгүлтүккө учураган. Буржуазиялык-улутчулдар кыргыз жумушчуларынын квалификациясын жогорулатууга жана жергиликтүү улуттардан техникалык кадрларды даярдоого бардык жагынан тоскоолдук кылып келишкен.

Соода жагынан болсо, биринчи кезекте айыл-кыштактарды жана бөтөнчө тоолуу жана чек ара райондорун жабдуу иши үзүлгөн. Ошол райондор көп убактарга чейин товарсыз калган, кала берсе эң эле зарыл болгон туз, ширеңке сыяктуу товарлар да барган эмес. Алардын ордуна өтпөй калган товарларды, эч ким албастан жылдан жылга дүкөндө жаткан товарларды жиберишкен.

Кыргызстандын системасындагы көпчүлүк түгөткүчтүк, жок кылуучулук иштери да улутчулдардын жана троцкисттердин зыянкечтердин иштеринин натыйжасы болгон. Ошолордун айыбы менен 1937-жыл үчүн Кыргызстандын өзүнө белгиленген товарлардан он миллиондогон сомдук товарлар кем алынган. Ошону менен бирге толуп жаткан товарлар сезимдүү түрдө базаларда кармалып турган. Соода тармактары атайы кеңитилген эмес жана алар жат, ууру элементтер менен булганган.

Байланыш органдарында барып турган бухаринчил Прохоров баш болгон шайка иштеп турган. Зыянкечтик натыйжасында так ушул күнгө чейин Кыргызстандын түштүгү менен жана Москва менен байланыш жок. Бир катар райондордо телефон жана телеграф байланыштары таптакыр жок.

Коммуналдык курулуштары жагынан болсо, контрреволюциячыл - улутчул Темирбеков иштеген. Наркомхоздун каражаттары райондорго сметасыз, долбоорсуз, керектигине карабастан эле бериле берген.

Курулуштар сезимдүү түрдө эле бекитилген пландар боюнча жүргүзүлбөгөн, ал курулуштар бир нече жылдарга созулган, кымбаттаган жана ошентип мамлекетке эң эле көп зыян келтирилген.

Исакеевдин тапшырмасы боюнча Фрунзе шаарын пландоо жана оңдоо боюнча бир катар эң зарыл чаралар үзүлгөн.

Буржуазиялык-улутчулдар бөтөнчө чоң зыянкечтик иштерди маданият майданында жүргүзүшкөн. Эл Агартуу Комиссариатын көп убакыттарга чейин элдин душмандары Алиев, Жолдошев, Бабашалин ж.б.

башкарып келишкен. Мугалимдердин составын жат элементтер менен булгоого, кадрларды даярдоону үзүүгө, эл агартуу майданында партиянын саясатынын баркын кетирүүгө бөтөнчө күч жумшашкан.

Эл Агартуу Комиссариатында кылмыштуу түрдө иштеп келген контрреволюциячыл -улутчулдар сабатсыздыкты жоюу боюнча чараларды ар кандай кылып үзүшкөн, баштооч мектептердин тармактары сезимдүү түрдө эле өөрчүтүлбөй келген, мектептер ылайыксыз жерлерге курулган, бир катар учурларда эл турган пункиттерден алыс жерлерге курулган. Мектептерди ремонт кылуу, аларды отун менен жабдуу иштери үзүлгөн, кыргыз тилинде окуу китептерин чыгаруу иши да үзүлүп келген. Ал окуу китептери басылып чыкса да, контрреволюциячыл духта каталар менен чыккан.

Жергиликтүү улуттардан преподавателдик кадрларды даярдоо ишине душмандар ар кандай жолдор менен жолтоо кылып келишкен. Кыргызстандын ж.б. республикалардын жогорку даражалуу мектептери келген развёрсткалар толук пайдаланылбаган. Жогорку даражалуу окуу жайларына көбүнчө улутчул, бай-манаптардын элементтери жиберилген. Бети ачыла жаздап калган буржуазиялык-улутчулдар тезирээк окууга жиберилип турган. Контрреволюциячыл -улутчулдар кадрларды сактоонун ушул методун кең түрдө пайдаланышкан.

Эл душманы Тыныстановдун жетекчилиги астында кыргыз адабий тилин түзүү жагынан зыянкечтик иштер турмушка ашырылып келген. Адабиятта, элдин эпосу «Манаска» контрреволюциячыл-улутчул пропагандалар сүйрөлүп кирилген.

Театр контрреволюциячыл -улутчулдардын элементтери менен булганган жана анын сахнасы көп убактарда улутчулдук идеологияларды контрреволюциячылдык менен пропаганда кылуу үчүн пайдаланышкан.

Марксизм-Ленинизм классиктеринин эмгектеринин котормолору бузулуп басылган. Кыргызстандын партия уюмунун тарыхы сезимдүү түрдө эле жазылган эмес, себеби аны жазган убакта буржуазиялык улутчулдар жөнүндө да жазыш керек эле.

Газеталарда, журналдарда жана китептерде «кокусунан ката», «жаңылыштар» демиш болуп, контрреволюциячыл сөздөрдү, ураандарды сүйрөп кийрүү контрреволюциячыл иштердин методдорунун бири болгон.

Ден соолукту сактоо Комиссариатында бир нече жыл бою элдин душманы Шоруков кылмыштуу түрдө иштеп келген. Ал зыянкечтик максаты менен саламаттыкты сактоо органдарына жат элементтерди таркаткан, пландоо убагында саламаттыкты сактоо иштеринде жумшала турган каражаттарды кескен, ошол азайтылган каражаттар да зыянкечтик менен пайдаланылган. Ооруканалардын курулуштарына тоскоолдук кылган жана дарылоочу мекемелерди дары-дармектер

менен жабдууну үзгөн. Ал «социал-туран партиясынын» борборунун тапшырмасы боюнча абортту тыюу тууралуу өкмөттүн законун ар кандай кылып үзүп келген; ошол декрет боюнча каралган балдар яслисинин курулуштары үзүлгөн ж.б. ушул зыянкечтик иштерди элдин ортосунда нааразылыкты туудуруу үчүн жүргүзүлгөндүгүн Совнарком мойнуна алып отурат. Контрреволюциячыл -улутчулдардын зыянкечтик иштери менен сот-кարателдик органдар булганган. Юстиция Комиссариатында жана республиканын прокуратурасында отуруп келген активдүү контрреволюциячыл -улутчулдар Кудайбергенов, Жоломанов, Молдогазиев ж.б. элдин нааразылыгын туудуруу үчүн Юстиция кызматкерлерине райондордо отурган улутчулдарга өзүнүн соттук иштеринин практикасында элдин кедей-орто катмарына негизги соккуну буруу жөнүндө установка беришкен. Кичинекей гана иштер үчүн колхозчуларды сотко тарткан жана ошону менен соккуну бай-манаптык элементтерден алыстаткан учурлары болгон. Азыр беттери ачылган душмандар контрреволюциячыл уюмга катышкандардын кылмыштуу иштеринин бетин ачуучу кишилерди камакка алышып, алар жөнүндө жалган материалдарды түзүшкөн жана аны жазалашкан. Алар контрреволюциячыл улутчулдар, сот-тергөө аппараттарын бузуу үчүн паракорлукту, коркутууну, террорду кең түрдө колдонгондуктарын элдин душманы Исакеев мойнуна алып отурат. Соттук практикада зыянкечтиктерди жашыруу үчүн душмандар көп убактарда Кыргыз ССР БАКнын төрагалыгына отуруп калган бандит Орозбековду пайдаланышкан. Ал «социал-туран партиясынын» борборунун тапшырмасын орундап, бай-манаптарды амнистия кылып, ак ниеттүү советтик кишилер жөнүндөгү натуура өкүмдөрдү күчүндө калтыра берген.

Улутчулдар, аппараттарды жергиликтештирүү жөнүндөгү партиянын эң зарыл чараларынын баркын кетиришкен. 1931–32-жылдарда партия Наркоматтарга ж.б. жетекчи органдарга төмөнкү кыргыз мамлекеттеринен 300 кишини көтөрмөлөгөн. Ошол Наркоматтарда жана органдарда отурган улутчулдар ушул кызматкерлерге карасанатайлык менен эле шарт түзүшпөдү, алардын иштерине жардам беришпеди. Натыйжада ошол көтөрмөлөгөн кишилерден биринdegен кишилер гана калды. Душмандар бошогон орундарга буржуазиячыл-улутчулдарды, бай-манаптарды жана башкаларды жайгаштырышкан, аларга шарттарды түзгөн, аларды үйрөтүшкөн жана партиялык, советтик жана чарбалык аппараттарга бекем орундатышкан.

1933-жылы өткөрүлгөн партия катарынан тазалоо, партия документтерин текшерүү жана алмаштыруу ишин улутчулдар Кыргызстандын коммунисттик партиясынын санын сезимдүү түрдө эле кыскартууга пайдаланышкан. Пассивдүүлүк шылтоо кылынып жана буржуазиячыл

-улутчулдардын өздөрүнүн берген узак жана жалган материалдары боюнча бир нече миң коммунисттер партия катарынан чыгарылган. Ошону менен бирге контрреволюциячыл-улутчулдарды партия катарында сактап калуу үчүн андан күчтүү аракет кылышкан. Төмөнкү партия уюмдарынын чогулуштарында кайта партия катарында калууга жетише албаган душмандарга буржуазиячыл-улутчулдар мактоо мүнөздөмөлөрүн беришкен, ошонун негизинде жогоруда турган партия органдары аны партия катарында калтырып келишкен. Жетекчиликке кирип алган улутчул-фашисттик агенттер душмандардын иштерин божомолдошкон, алардын иштерин кокусунан кеткен жаңылыштык дешкен.

Душмандар өздөрүнүн жүзү каралык колдорун Кыргызстандын Ленин комсомолуна да салышкан. Исакеевдин, Жээнбековдун тапшырмалары боюнча комсомолго бүлдүргүчтүк иштерди жек көрүндү салпайык Камбаров баштап келген. Буржуазиялык-улутчулдарды кыргыз элинин жалгыз гана душмандары деп саноо эң одоно саясы жаңылыштык болор эле. Алар өздөрүнүн жүзү каралык контрреволюциялык иштерин оңчулдар жана троцкисттер менен, шахрайлар, белоцкийлер, аммосовдор менен жана родинанын башка бетпак кыянатчылары жана чыккынчылары менен блок болуп жүргүзүшкөн.

Ошолор менен бирге биздин республикабызда, советке каршы, кулак элементтеринин, сектанттардын активдүүлүктөрү да аз болбоду. Чет эл разведкалары Кыргызстанга абдан кызыгат. Алар бизге шпиондорду, диверсанттарды жана террористтерди жиберип келишкен жана мындан ары ар айда жиберишкен.

Кыргызстандын КП (б) БКнын III пленуму зыянкечтердин кесепеттерин жоюу жана бардык душмандардын биротоло тамырына чейин соолтуу милдетин койду. Туурасын айтыш керек, бул чечим тийиштүү даражада орундалбай келе жатат, бул жерде зыянкечтиктин кесепеттерин жоюуда саботаждык кылуу иши көзгө көрүнүп отурат. Бул да болсо, душмандар али иштеп жаткандыгын жана аларды кыйратуу эми гана башталгандыгын көрсөтөт. Биздин милдетибиз: ушул душмандардын каршылыктарын сындыруу, бир минут да тынчып калбастан, душмандар кандай жол менен жашырынбасын, алардын бардыгын аягына чейин курутуу болуп саналат. Мында капиталисттик курчоо жөнүндө жолдош Сталиндин көрсөтмөсүн бекем эске тутуп, аны эч убакта унутпоо керек.

Биз ушул милдетти аткара алабызбы? Сөзсүз, аткара алабыз!

Бизге бир гана нерсе жетишпейт: «Өзүбүздүн кенебестигибизди, өзүбүздүн көңүлчөөктүгүбүздү, өзүбүздүн саясы чала сокурлугубузду жоюуда даярдык жетишпейт».

Иштин түйүнү ушунда.

Биз, капитализмди кулаткан, негизинен, социализмди курган жана бүткүл дүйнөлүк коммунизмдин улуу туусун көтөргөн биз, бул күлкү жана эсерлик ооруну кантип эле жогото албайбыз?

Эгерде ушуну кылгыбыз келе турган болсо, ал ооруну курутарыбызга күмөн кылууга эч кандай негиз жок. Аны жөн эле курутуп койбойбуз, большевикче, чындап курутабыз. Ушул эсерлик ооруну качан курутсак, ошондо биз толук ишеним менен айта алабыз: «Бизге эч кандай душман, ички душман да, тышкы душман да коркунучтуу эмес, алардын чыгыштары да бизге коркунучтуу эмес, анткени биз аларды ушул кезде кандай талкалап жатсак, мурун кандай талкалап келген болсок, келечекте да ошондой талкалайбыз» (Сталин).

Латынча транскрипциядан азыркы тамгага көчүргөн
**Шайымбек АПЫЛОВ.**



Рецензия

Жамила
БОКОЕВА

# ОМОР СУЛТАНОВДУН КОТОРМО ЧЕБЕРЧИЛИГИ

Окурман катары да, сереп салып изилдеп жүргөн адам катары да акын Омор Султановдун котормо жаатындагы эмгеги жана анын айсбергдей агарып көрүнгөн үстүрт жыйынтыгы тууралуу азыноолак оюбузду ортого салгыбыз келет. Алдын ала айтып коёлу – бул иш келечекте өтө тыкаттыкты, өзгөчө табитти, таланттуу билимди талап кыла турган иш.

Котормо адабияты профессионалдык адабият менен бирге башталып, улуттук адабияттын бир бөлүгү болуп келатат. Алгачкылардан болуп жазуучуларыбыз С.Карачев, К.Тыныстанов, А.Токомбаев, К.Баялинов, М.Токобаевдердин саамалык котормолору «Эркин Тоо» газетасына басылып чыккан. Алсак, 1925-жылы жарык көргөн Э.Потьенин «Интернационал», И.Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» тамсили К.Тыныстанов тарабынан которулса, 1926-жылы К.Баялинов тарабынан М.Лермонтовдун «Үч курма» котормосу ушул эле гезит-

---

**БОКОЕВА Жамила Токтоналиевна** – *1985-жылы 29-августта Нарын облусуна караштуу Ат-Башы районунун Ача-Кайыңды айылында туулган. 1991-жылы Ой-Терскен орто мектебинин босогосун аттап, 2002-жылы артыкчылык аттестаты менен аяктаган. 2002-жылы К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз филологиясы факультетине тапшырып, аны 2007-жылы артыкчылык диплому менен ийгиликтүү бүтүргөн. Ушул эле жылы БГУнун аспирантурасына сунушталып, учурда кыргыз адабияты кесиптик тармагында аспирант жана 2007-жылдан баштап Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин кызматкери.*

тин сандарында басылып чыккан. 1920–30-жылдары которулган чыгармаларда стилдик өзгөчөлүккө көңүл бурулбай, чыгармага субъективдүү гана мамиле жасалган, тактап айтканда, чыгарманын негизги мазмунун гана берүүгө далалат жасалган. Бирок бул, азыркы көз караш менен алганда кемчилик деп эсептелбеш керек, анткени чыгарманы которуу менен эң негизгиси классикалык үлгүдөгү чыгармаларды, дүйнөлүк классиктерди кыргыз окурмандарына жеткирүү – төө көтөргүс иш болгон. Экинчиден, мындай чыгармаларды которуу аркылуу кыргыз профессионал жазуучулары жаңы жанрларды өздөштүрүп, жазуучулук диапазонун кеңейтүүгө далалат кылгандары – караңгыда таяк менен жол издеп тапкандай эле болгон.

Буга чейинкилерди чечмелеп айтсак узун сабак сөз болору бышык. Ошондуктан, биз мезгилдин бир кертимин алып сөз улайлы. 1970-жылдар кыргыз адабиятында чет элдик классикалык чыгармаларды которууда жемиштүү мезгил болуп эсептелет. Профессионалдык деңгээлде көркөм которуунун теориялык, практикалык принциптерин мыкты өздөштүргөн котормочулардын жаңы генерациясы пайда болду. Бул жылдары поэзия жанрында У.Шекспирдин «Сонеттери» (которгон А.Ашыров), Г.Мистралдын «Ырлар жыйнагы», П.Неруданын «Чилинин таштары» (которгон О.Султанов) ж.б. которулган. Бул жылдары которулган чыгармаларга сын-пикирлерди айтуу да кыйла активдүү болгон. Бул да болсо көркөм адабияттын сапаттуу деңгээлде жазылышын айгинелейт.

«Котормо – акындын ой-кырларынын мейкиндигин кеңейтет» – деп айтылгандай, Омор Султанов да акындык талантын котормо аркылуу өркүндөтүүгө далалат жасайт.

«Мен Лермонтовдон жана башка акындардын чыгармаларын которуп жүрүп, сабак алдым деп ойлойм. Азыркы жаштар көп которушпайт. Которуш керек. Котормонун акын-жазуучуга пайдасы чоң»[1]. Дал ушундан улам болсо керек, акындын ырларынын тематикасы өтө бай жана оригиналдуу берилет. Поэзиясында турмуштун ар бир көрүнүшүн, жер-суудан баштап, космоско чейинки нерсени (бытье), адам турмушундагы кубаныч-кайгы, сүйүү-жек көрүү, т. а., философиялык карама-каршылыктардын бардыгы ички уйгу-туйгу сезиминде бышып-жетилип, сюжет болуп иштелип чыгышы да кандайдыр бир деңгээлде чили акыны Пабло Нерудадан, түрк акыны Назым Хикметтен көбүрөөк таасир алгандай туюлат. О.Султанов ар дайым изденүүнүн, окуп-үйрөнүүнүн жолунда болгон. Түрк улуу акыны Н.Хикмет айткандай: «Новатор акын-ырдын кеби, ритмдин кеби, сүйлөөнүн кеби деп бөлөк-бөлөк кептерди айырмалабайт... Ал бир гана кепте жазат: ойдон чыга-

[1] О.Султанов. «Азаттык» радиосуна берген интервьюдан.

рылган, жасалмалуу эмес, жандуу, горизонту кенен, көркөм, терең жана жөнөкөй тилде. Мындай кептин ичинде жашоонун бардык элементтери камтылат...» (Babayef, Nazim Hikmet, s. 141). Түркия адабиятында эркин ыр формасын түптөгөн жана өзүнөн кийинки бир топ акындарды таасирленткен Н.Хикметтин «Улудаг», «Автобиография» ж.б. ырларын кыргызча сүйлөткөн акын О.Султанов, ал өзү айткандай, которуу аркылуу бир топ сабак алган. Акын маанилик жактан гана которбостон, ырдын өзүнө тийиштүү жазылыш формасын да сактаганга аракет кылган. Алсак:

1902-жылы туулгам.
Туулган жерге кайтып барган жокмун.
Барууну каалабайм да.
Үч жашымда Алепподо пашанын небереси,
он тогузда Москвада
комуниверситеттин студенти,
кырк тогузга чыкканда
кайрадан Москвада БКда мейман болдум.
Он төрт жаштан
поэзияда турамын акын болуп.

**1902'de doğdum**
**doğduğum şehre dönmedim bir daha**
**geriye dönmeyi sevmem**
**üç yaşımda Halep'te paşa torunluğu ettim**
**on dokuzumda Moskova'da komünist Üniversite öğrenciliği**
**kırk dokuzumda yine Moskova'da Tseka-Parti konukluğu**
**ve on dördümden beri şairlik ederim.**

Мында түркчөдө кандай болсо мааниси да, формасы да дал өзүндөгүдөй берилген. Бул метод аркылуу акын кыргыз окурмандарына Н.Хикметтин ырларынын оригиналдуулугун жоготпой, дал өзүндөй берүүгө далалат жасаса, ошол эле учурда эркин ыр формасында ыр жазууга машыгат. Акын котормосунда чыгарманын идеясын, бериле турган оюн, керек болсо формасын түп нускасындай түрдө бериши – чоң талантты, бийик интуицияны талап кылары белгилүү. Бул ыр Азербайжан тилинде басылып чыккан 2-томдуктан алып которулган.

«Ыр системалары ар бир улуттук тилдин фонетикалык өзгөчөлүгүнө карай курулары белгилүү. Бул жөнүндө орус ырларынын көрүнүктүү теоретиги, профессор Б.В. Томашевский мындайча жазган: «Ар бир тилдин өзүнө гана таандык ритмдештирилүүчү материалы болот, ушул себептен ар бир тилде өзүнчө метрикалык система түзүлөт. Адабият-

тык традиция боюнча эл аралык алмашуу фактысы бул системалардын өз ара жакындашы үчүн кызмат кылат, бирок алардын ортосундагы тилдин материалына байланыштуу келип чыккан олуттуу айырмачылыктарды жоё албайт». Жогоруда белгиленгендей ар бир тилдин өзүнө гана таандык ритмдештирилүүчү материалы болору бышык, бирок О.Султановдун дал ошол ритмди, ошол поэтикалык уйкаштыкты кыргыз тилине салып, кыргыз адабиятына өзгөчөлөнгөн форманы киргизүүгө аракет жасашы: Кээде атайылап кыргыз окурмандарына дүйнөлүк классиктердин чыгармаларынын өңү-түсүн, жытын, күүсүн сездирүү максатында болсо, кээде: «...азыркы кездеги поэзиянын күтүлбөгөн кайруулары, жыш ассоциацияларына толгон салыштыруулары поэтикалык образдардын башкача системага эгедер касиеттери кыргызчалатууга бирде ойдогудай келсе, бирде өтө эле кыйынчылык менен келип, а кээде такыр эле коошпой калат экен» – деп айтканы аргасыздан экендигин байкайбыз.

О.Султановдун чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүк – ал, талыкпай изденгич акын. Анын ырларындагы уйкаштык, ритм, рифма, эркин ыр формасында жазуусу жана эң негизгиси, ырларынын аталышын кыргыз адабиятындагы салттуулуктан оолак болуу максатында жаңыча тема, жаңы ой жана жаңыча стилде жазууга далалат кылат. Орус тилин мыкты билгендиги акындын орус классиктеринин гана эмес, дүйнөлүк адабияттан, батыштан Шекспирди, Гётени, Гейнени, Байронду, Бернсти, Петрарканы, Апполинер, Уитмендерди чыгыш адабиятынан Низами, Насими, А.Фирдоуси, Саади, Хафиз, Навои, Омар Хаям ж.б. чыгармаларынан таалим алуусуна жол ачат. О.Султановдун акын классиктерге арнап жазган ырлары да аз эмес:

Акындардын жанга өлчөлүү жолу бар
Сенин жолуң эч бузулбас «Темир Жол».
Акындарга ар бир доордун шору бар
Сенин дооруң толкуп жаткан деңиз шор…

*«Карабихадагы толгонуу». (Н.Некрасовго)*

Ал эми Түркиянын революционер, коммунист акыны Назым Хикметке болсо:

Быйыл Назым
Ушул айда
Ушул күнү
Ушул кечте
Алтымыш бешке толмок эле.
65 деген эсеп –
дагы толук,
дагы көркөм,
дагы арбын,

дагы жарык
көгүшүрөөк
дагы…дагы…көп…көп нерсе болмок эле.
Ал жазбаган ырларды эч ким жазбайт.
Туурасын айтсам жаза албайт.

Мындан башка А.С.Пушкинге, С.А.Есенинге, алтай акыны Борис Укачинге, Е.Евтушенкого, өзбек эл акыны Миртемирге арналган ырлары акындык тагдырдын канчалык деңгээлде окшоштугу бар экендигин айгинелейт.

Акын дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын изилдеп окуп, аларды кыргыз тилине которуу менен да көркөм-поэтикалык чеберчилигин өстүргөндүгүн, терең байкоого алганда даана көрүнөт. Ал дүйнөлүк аялдардын эң атактуу өкүлү, Нобель сыйыгынын алгачкы лауреаты, чили акыны Габриэла Мистралдын жана анын шакирти Нобель сыйлыгынын андан кийинки лауреаты Пабло Неруданын, орус поэзиясынын генийлери Александр Пушкиндин, Михаил Лермонтовдун, Владимир Маяковскийдин, немец элинин улуу акыны, прозаик, драматург, реформатор, эл аралык Сталиндик сыйлыктын лауреаты Бертольд Брехттин, боордош казак элинин залкар акыны Абайдын, кытай элинин көрүнүктүү акындары Ай Циндин, Ван Цзин-Чжинин, Ли Цзинин, Лоу Шинин, Цзинь Цзиндин, Цзян Гуан-Цынын, Шао Янь-Сяндын, Шотландиялык Роберт Бернстун, түрк элинин улуу акыны Назым Хикметтин, калмак элинин улуу акыны Давид Кугультиновдун, балкар элинин улуу акыны Кайсын Кулиевдин, ингуш элинен акын, прозаик Ажы-Бекир Муталиевдин, карачай элинин акыны Халимат Байрамукованын жана авар элинин улуу акыны Расул Гамзатовдун поэзиясын бийик чеберчилик менен которгон. Акындын котормолору жогору бааланып, Лермонтовдун «Демон» деген поэмасын кыргызчага «Азреил» деген ат менен мыкты которгондугу үчүн 2009-жылдын 20-июлунда Москвадагы Измайлово гүлбагынын концерттик залында Лермонтов сыйлыгынын 12-лауреаты болду. Белгилей кетүүчү нерсе Кайсын Кулиев, Расул Гамзатов, Давид Кугультинов, Мустай Карим, Владимир Соколов өңдүү поэзия жанрынын белгилүү өкүлдөрү да бул сыйлыктын лауреаттары болуп саналат.

Кыргыз окурмандарын дүйнөлүк поэзиянын корифейлери менен тааныштырып, алардын татаал жана терең поэзиясын бере алгандыгы менен сыймыктанса, ошол эле мезгилде акындын жүрөгүндө ар дайым коопсуздануу сезими болгон. Анткени мындай генийлердин чыгармаларын которуу өтө жоопкерчиликтүү жүк экенин сезген. Ар бир акындын өзүнө тийиштүү кеби, стили, ойду берүүдөгү тактикасы, ыр түзүлүшү болот эмеспи. Мына дал ушундай личносттук өзгөчөлүктү дал өзүндөй кылып берүү мүмкүн болбой турган нерсе. Ал эми колу-

нан келишинче жазылыш формасына болобу, же берейин деген ой, темасы болобу, айтор, түп нускасына жакындатуу бийик талант менен терең философияны талап кылат. Белгилей кетүүчү нерсе, акын бул чыгармалардын дээрлик бардыгын орус тилиндеги котормосу аркылуу кыргызчалаган. Демек, кандай гана чыгарма болбосун котормого көз каранды деген тыянакка келебиз. Ар бир чыгарманын өзүнө таандык философиясы болот, ошону менен бирге ар бир элдин өзүнө таандык менталитети болору да анык. О.Султановдун негизги жетишкендиги да которгон чыгармаларына жоопкерчилик менен мамиле жасап, ырдын философиясын аңдап билип, аны кыргыз окурмандарына жеткире алгандыгында. Бул тууралуу акын Габриела Мистралдын чыгармасын кыргызчага которууда сөз кылат: «Колуңуздардагы чакан жыйнакты окуур алдында котормочу катары белгилеп айта кете турган эки ооз сөзүм бар, мен ушу акындын укмуштай терең жана ошону менен бирге жөнөкөйлүктүн бийик татаалдыгына асмандан көтөрүлгөн поэтикасын кыргызчалатууга дит баккандыгым үчүн бир туруп, жүрөк опкоолжуткан коомайсынууга дуушар болом; бир туруп чексиз кубанычтын сыймыгына батам». Акынды тынчсыздандырган бул – которуп жаткан чыгарманын идеясынын, философиясынын чагылдырылыш деңгээли эле. Эң кооптуу жана өкүнүчтүүсү дүйнөлүк адабияттын бийик өкүлдөрүнүн чыгармалары төмөнкү деңгээлдеги чабал котормо болуп кала турган болсо, окурмандар тарабынан түрдүү пикирлерди, керек болсо: «Ой, Пушкин, Пушкин эле дейсиңер, Пушкиниңдин деле чыгармасында андай колго илинээрлик эч нерсе көрүнбөйт го... Андай чыгарманы керек болсо мен деле жазып коём» – деген ойлорду туудура турган болсо, ал эң биринчи ошол чыгарманы которгон котормочунун кечирилгис катасы болору шексиз. Ошондуктан, ары жоопкерчиликти, ары бийик философияны жана такшалган эмгекти талап кылган чыгарманы которуу оңойго турчу иш эмес. Акын чыгарманы түп нускасынан да ашырып которо турган болсо, (конгениальность) бул чыныгы талант деп айтмакчымын. О.Султанов да котормо жанрында бийик таланты менен акындык деңгээлин көргөзө алды.

# Ыраазыбыз окурман!

«Жаңы Ала-Тоо» журналы жарык көрө баштагандан бери жыл таяп калды. Ушул мезгил аралыгында бизди кубандырганы – окурмандарыбыздын саны күндөн күнгө көбөйүп бараткандыгы. Ал, «Жаңы Ала-Тоо» журналынын элдик журналга айланып бараткандыгын ырастайт. Чынында эле биз журналды элдики, баарыбыздыкы болсун дейбиз. Журналыбызды күтүп окуганыңыз, сүйүп окуганыңыз – кыргыз адабиятын колдогонуңуз, улут адабиятынын өнүгүүсү үчүн кошкон жалпы салымыбыз деп түшүнсөк болот. Учурда ал – таңкыстык, зарылдык болууда.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, «Жаңы Ала-Тоо» журналына жазылган бардык окурмандарыбызга колдоо көрсөткөнү үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Айрыкча, Аксы, Ала-Бука, Лейлек, Баткен райондору мыкты жазылышып, чоң дем-кубат берип, кубандырып койду.

Айтарыбыз, эң башкысы, журналга жазылып гана окубай, бизге өз сунуш-пикириңиздерди айтууңуздарды да күтөбүз. Журнал өзүнүн чыныгы окурманын тапканда гана, ал нукура элдик басылмага айланат. Биздин көздөгөн максатыбыз дал ошол.

Оо-уу, биздин колубуз жетпей, кабарлаша албай жаткан айылдык акын-жазуучулар, өз чыгармаңыздарды тезинен журналга жөнөтүүнү унутпаңыздар. Жакшыларын сөзсүз жарыялайбыз.

Ата-энелерге кайрылып айтарыбыз: балдарыңыздар чыгармачылыкка ынтызар болсо, уялбай, тартынбай эле бизге жөнөтүшсүн. Ылайыктуусун журнал бетине жарыялап, кеп-кеңешибизди бергенге аракет кылабыз. Анткени, окурмандарыбыз менен тыгыз байланышта болууну жана алар каалаган авторлордун чыгармаларын журнал бетине жарыялоону биз милдетибиз деп түшүнөбүз!

Урматтуу окурмандар! «Жаңы Ала-Тоо» журналына дагы да жазылыңыздар, биз менен бирге болуңуздар!